**2021-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы**

# МАЗМУНУ


Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси……………………………………………………......3

Киришүү...……………………………………………………………………………...5

1-БӨЛҮК. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

1.1. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменге) келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү ................................................. 7

1.2. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «115 Шыр байланыш” кызматына кайрылуулар тууралуу маалымат ........................................................................................... 17

1.3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) эл аралык кызматташтык боюнча 2021-жылдагы ишмердүүлүгү .................................... 19

1.4. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү........................................................ 21

1.5. КР Акыйкатчысынын 2021-жылдагы Көңүл буруу актылары.................... 40

1.6. Кыргыз Республикасында адам укуктарынын сакталышынын индекси .. 54

1.7. Акыйкатчынын «Укук кербени» долбоорунун алкагындагы ишмердүүлүгү КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун укуктук жана маалыматтык долбоору «Укук кербени»: жыйынтыктары.................................................... 55

2-БӨЛҮК. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

2.1. Адам укуктары жана бизнес ......................................................................... 62

2.2. Улгайгандар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар жана балдар мекемелери үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелерге мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары.................................... 68

2.3. ВИЧ менен жашаган адамдардын жана калктын негизги топторунун басмырлоого жана ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алуу коркунучуна көбүрөөк дуушар болгон укуктарын сактоо ................................................................... 78

3-БӨЛҮК. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

3.1. Никеге туруу максатында кыздарды ала качуу. Эрте курактагы нике..... 81

3.2. Эмгек мигранттарынын балдарынын укуктарынын сакталышы .............. 84

3.3. Үй-бүлөлүк зомбулук ...................................................................................... 91

4-БӨЛҮК. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР
4.1. Эмгек мигранттарынын укуктары ........................................................... 96
4.2. Шайлоо процесстериндеги жарандардын шайлоо укуктары ................. 103
4.3. Баткен облусундагы чек арага жакын жашаган жарандардын укуктарынын сакталышы ........................................................................... 112
4.4. КР аскер кызматчыларынын укуктарын сактоо ..................................... 115

5-БӨЛҮК. АКЫЙКАТ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ УКУК ....................................... 123
5.1. Соттук териштирүүнүн жөндүү мөөнөттөрүн бузуу ................................ 125
5.2. КР Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) ишине тоскоолдук кылуу........... 132
5.3. Аудио жана видеофиксация соттун ишенимин жогорулатуу куралы катары ........................................................................................................ 135

6-БӨЛҮК. ЭРКИНДИГИН ЧЕКТЕГЕН ЖАНА АЖЫРАТКАН ЖЕРЛЕРДЕ КАРМАЛГАН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ
6.1. Укук коргоо органдарынын мыйзамсыз аракеттерине жарандардын даттануулары ............................................................................................ 140
6.2. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын тергөө изоляторлорунун техникалык абалы ........................................................ 145

7-БӨЛҮМ. ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ......................................................................................................... 153
7.1. Татыктуу кармоо шарттарына укук......................................................... 154
7.2. Ыктыярдуу дарылanууга укук ................................................................. 165

**1-тиркеме.** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамалары менен 2021-жылы эсептешпеген, адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси..........................................172

**2-тиркеме**. 2021-жылдагы бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет...............................................................179

# КОЛДОНУЛГАН КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| АВФ | Аудио-видео фиксация |
| АЖжК | Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодекс |
| АМС | Автоматтык маалыматтык система |
| АПССМ | Ак-Суу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси |
| АУЖД | Адам укуктарынын жалпы декларациясы |
| АЧЖМФ | Айыл чарба жана жайыт мамлекеттик фонду |
| БДСУ | Бүткүл дүйнөлүк саламаттык уюму |
| БМЖККК | Баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү кызматы |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУУӨП | БУУнун өнүктүрүү программасы |
| БҮБ | Балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрү |
| БШС | Бишкек шаардык соту |
| ДИМК | Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия |
| ДМЧА | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар |
| ЕККУ | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ЖАК | Жазаларды аткаруу кызматы |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖСУЭП | Жарандык, саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| ЖТК | Жеке турак жай |
| ЖЧАК | Жоопкерчилиги чектелген акционердик коому |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| ИИО | Ички иштер органдары |
| ИУП | Иш-аракеттердин улуттук планы |
| КБ | Коомдук бирикме |
| ККДД | Кургак учукка каршы дары-дармектер |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КР ЖС | Кыргыз Республикасынын жогорку соту |
| КР ЖАК | Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодекси |
| КР ЖПК | КР Жазык процесстик кодекси |
| КР КЖК | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси |
| КР КМ | Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги |
| КР КК | Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрү |
| КР СФ | Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду |

| | |
|---|---|
| КР ЭСӨМ | КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги |
| КФ | Коомдук фонд |
| Мамэкотехинспекция | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| МИК | Мамлекеттик ипотекалык компаниясы |
| ММБ | Муниципалдык менчик башкармалыгы |
| ММК | Массалык маалымат каражаттары |
| ММКФ | Медициналык милдеттүү камсыздандыруу фонду |
| МСБ | Медициналык санитардык бөлүк |
| МСЭК | Медико-социалдык эксперттик комиссия |
| МСЭК | Мамлекеттик соттук-эксперттик комиссия |
| ОМ | Орто мектеп |
| ӨКМ | Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| ӨЭА | Өмүр бою эркинен ажыратылган |
| ӨЭУ | Өкмөттүк эмес уюм |
| РИИБ | Райондук ички иштер бөлүмү/Райондук ички иштер башкармалыгы |
| РПСБ | Республикалык психиатриялык саламаттык борбору |
| САКБ | Сот аткаруучулар кызматынын бөлүмү |
| СКА | Социалдык кызмат алуучулар |
| СМЭ | Соттук-медициналык экспертиза |
| ССМ | Социалдык стационардык мекеме |
| ТИЗО | Тергөө изолятору |
| ТК | Түзөтүү колониясы |
| ТМ | Түзөтүү мекемеси |
| УКМК | Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети |
| УКЖ | Убактылуу кармоочу жай |
| УМС | Универсалдуу мезгилдүү сереп |
| УУКМ | Улуттук укук коргоо мекемелери |
| ҮДТ | Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу |
| ҮКБ | Үй-бүлөнү коргоо бөлүмү |
| ҮМБ | Үй-бүлөлүк медицина борбору |
| ЧЖУКБ | Чет элдик жарандарды убактылуу кармоо борбору |
| ЭКӨУ | Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму |
| ЭЭУ | Эл аралык эмгек уюму |
| ЭСМУЭП | Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| ЮНИСЕФ | БУУнун балдар фонду |

# КИРИШҮҮ

КР Конституциясынын 109-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) туруктуу негизде республиканын аймагында жана анын юрисдикциясынын чегинде адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду жүзөгө ашырат.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмениnин) ушул «2021-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө» баяндамасы «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык даярдалган жана Акыйкатчынын 2021-жылдын ичиндеги ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелерди камтыйт. Баяндамада мамлекеттик органдар тарабынан жарандардын укуктарынын сакталышына жүргүзүлгөн анализдин жана мониторингдин негизинде Кыргыз Республикасындагы адам укуктары боюнча иштердин абалына жалпы баа берилген. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын сакталышына контролду жүзөгө ашыруу боюнча Акыйкатчынын практикалык иш-аракеттери белгиленип, турмуштун ар түрдүү чөйрөлөрүндөгү укуктук мамилелердин көйгөйлүү жактары көрсөтүлгөн.

Баяндама укук коргоо жагдайларына мониторинг жүргүзүү иш-чараларынын негизинде төмөнкүлөрдү жалпылаштыруу жолу менен түзүлгөн:

– жарандардын жазуу жана оозеки жүзүндөгү кайрылууларын;

– Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) (мындан ары-КР Акыйкатчысы) тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөлөрдү жана анын мамлекеттик органдар менен кызматтык кат алышууларын;

– ички иштер бөлүмдөрүн, эркиндигинен ажыратуу жайларын, жабык аймактык түзүмдөрдү жана башка мекемелерди текшерүү мезгилинде даярдалган материалдарды;

– мамлекеттик органдардан жана өкмөттүк эмес укук коргоо уюмдарынан келип түшкөн маалыматтарды;

– жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-сайттардын басылмаларын;

– адам укуктары боюнча улуттук мыйзамдарга жана эл аралык документтерге жүргүзүлгөн мониторингди;

– конференциялардын, семинарлардын, тегерек столдордун жана башка коомдук иш-чаралардын материалдарын;

– эл аралык уюмдардын материалдарын жана илимий борборлор менен эксперттик коомчулуктун изилдөөлөрүн.

Ушул баяндаманын негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

– 2021-жылдагы Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери боюнча абалга баа берүү жана адам укуктарына байланыштуу эң маанилүү көйгөйлөрдүн абалына жана динамикасына анализ;

– КР Акыйкатчысынын укук коргоо ишмердүүлүгү жөнүндө республиканын мамлекеттик бийлик органдарына жана калкына маалымдоо;

– мамлекеттик бийлик органдарын, алардын кызмат адамдарын, коомчулукту адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо көйгөйлөрүн чечүүгө тартуу, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана

кызмат адамдарынын КР Акыйкатчысынын ишине карата болгон мамилесин көрсөтүү;

– Кыргызстандын калкын мамлекеттик укуктук жактан коргоо кепилдиктерин күчөтүү боюнча андан ары көмөк көрсөтүү.

Жарандарды кабыл алуу, консультациялык жардам көрсөтүү, ар кандай маселелер боюнча келип түшкөн даттанууларды жана арыздарды кароо сыяктуу КР Акыйкатчысынын ишмердүүлүгү системалуу түрдө жүзөгө ашырылып келет.

Ошол эле учурда Акыйкатчынын иш чөйрөсүнө адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин кеңири чөйрөсүн ишке ашырууда келип чыккан мамилелер кирет. КР Акыйкатчысынын аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү жыл сайын адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жаатында терең изилдөөнү жана анализ жүргүзүүнү талап кылган артыкчылыктуу багыттарды аныктайт. Бул – жабык мекемелерге жана уюмдарга баруу, жазык-аткаруу системасынын мекемелерине, убактылуу кармоочу жайларга, СИЗОлорго, балдар үйлөрүнө, интернаттарга жана башкаларга максаттуу баруунун жана аларды текшерүүнүн натыйжасында алынган маалыматтарды изилдөө, ошондой эле жарандарды кабыл алуу жана калк менен жолугушуу.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ушул баяндамасы кыскартуулардын тизмесинен, 2021-жылдагы Кыргыз Республикасындагы адам укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы чагылдырылган жети бөлүмдөн жана жана эки тиркемеден турат.

Айрым иликтөөлөрдүн материалдары көлөмдүү болгондуктан, бул жылдын Баяндамасына QR-коддор коюлду, кененирээк маалымат алуу үчүн ар бир бөлүктүн аягында коюлган QR-коддорду сканерлеп таанышууга болот.

**КР Акыйкатчысынын 2019-2020-жылдар үчүн жылдык баяндамаларында чагылдырылган сунуштамаларынын аткарылышы жөнүндө маалымат.**

КР Акыйкатчысынын 2019-2020-жылдарга карата баяндамалары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралган эмес. Ушул себептен улам, КР Акыйкатчысынын аталган жылдар үчүн жылдык баяндамаларында баяндалган сунуштамалар бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу бойдон калууда жана аларды эске алыш керек. Айтылып кеткен сунуштарды ишке ашыруу ар кандай кырдаалда артыкчылыктуу болуп кала берген адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жаатындагы көйгөйлөрдү жоюу жолдорунун бири болуп саналат.

2019 жана 2020-жылдар үчүн жылдык баяндамаларда өлкөбүздө жана андан тышкары жерлерде укуктарды жана эркиндиктерди коргоо боюнча сунуштамалар камтылган жана алар төмөнкү багыттар боюнча мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына даректелген:

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү;

– экономикалык, социалдык жана маданий укуктар;

– жарандык жана саясий укуктар;

– аскер кызматчыларына тиешеси бар адамдардын укуктары;

– эмгек мигранттарынын укуктары;

– аялдардын жана балдардын укуктары;

– эркиндиги ажыратылган жана чектелген жайларда адамдардын укуктары;

– адилеттүү соттук териштирүү укугу;

– психиатриялык стационарлардагы адамдардын укуктары.

# 1-БӨЛҮК.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2021-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

## 1.1. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменге) келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, *«Омбудсмен (Акыйкатчы) Кыргыз Республикасынын жарандарынын, Кыргыз Республикасында жүрүшкөн чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын же болбосо алардын өкүлдөрүнүн, өкмөттүк эмес уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, кызмат адамдарынын, мамлекеттик кызматчылардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар менен белгиленген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуп жатышкан чечимдерине же аракеттерине (аракетсиздигине) тиешелүү болгон арыздарды жана даттанууларды карайт».*

2021-жылы КР Акыйкатчысынын атына жарандардын жазуу жүзүндө жана оозеки кайрылууларынын жалпы саны бардыгы **13 048**ди түздү. Алардын ичинен **4 301** жазуу жүзүндөгү кайрылуу республиканын жарандарынан жана чет өлкөнүн жарандарынан келип түшкөн. Алардын ичинен **2 409**у, же **56%** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын борбордук аппаратына келип түшкөн. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бул көрсөткүч **1 046** кайрылууга көбөйгөн. КР Акыйкатчысынын аймактык өкүлчүлүктөрүнө жарандардын укуктарын калыбына келтирүү боюнча **1 892** жазуу жүзүндөгү кайрылуу келип түшкөн.

Жамааттык кайрылуулардын саны **177**ни **(4,11%)** түзгөн, бул **3 177** арызданууучу тарабынан кол коюлган жамааттык кайрылуу, алардын ичинен **2 232 адам** Бишкек шаарынын жашоочулары болуп саналат (832 аял жана 1400 эркек). Жалпы кайрылгандардан **5 570** адамга маселени чечүү үчүн кайсы органга кайрылуу керектиги тууралуу оозеки түшүндүрүүлөр, юридикалык консультациялар жана сунуштамалар берилди.




**1.1.1-диаграмма**

**Мисалы, областтар боюнча кайрылуулардын саны төмөнкүдөй түзүлдү:**

| | |
|---|---|
| - Чүй областы боюнча | – 519 (12%); |
| - Ош областы жана Ош ш. боюнча | – 361 (8,3%); |
| - Ысык-Көл областы | – 270 (6,2%); |
| - Нарын областы | – 154 (3,5%); |
| - Жалал-Абад областы | – 251 (5,8%); |
| - Баткен областы | – 212 (4,9%); |
| - Талас областы | – 125 (2,9%). |




**1.1.2-диаграмма**




**1.1.3-диаграмма**

2021-жылы келип түшкөн **4 301** жазуу жүзүндөгү кайрылуунун **3 961**и (92%) аткарылган жана көзөмөлдөн алынган, алардын **427**си (9,9%) арызданууучунун пайдасына оң натыйжа менен чечилген. Алардын ичинде майыптардын, пенсионерлердин, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн, мыйзамсыз жумуштан бошотулган жарандардын, камактагылардын арыздары, ошондой эле турак-жай көйгөйлөрү ж.б. ушул сыяктуу кайрылуулар болгон. Кароонун жыйынтыгында

бардык арызданууучулар өз убагында жазуу жүзүндөгү жоопторду алышты.

31.12.2021-ж. карата абал боюнча КР Акыйкатчысынын борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана аймактык өкүлчүлүктөрдүн кароосуна **340** жазуу жүзүндөгү кайрылуу болгон. Анткени бул кайрылуулар 2021-жылдын декабрынын акыркы күндөрү келип түшкөндүктөн, алар 2022-жылдын кароосуна өттү. Бул арыздарды кароонун мөөнөтү өткөн жок же КР Акыйкатчысынын аппаратынын тескеген жетекчилери тарабынан узартылды.

Жардам сурап кайрылган жарандардын категориясын карасак, анда отчеттук мезгил үчүн КР Акыйкатчысынын аппаратына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү кайрылуу **2 409** төмөнкүдөй көрүнөт:

- 1 266 (52,05%) – шаар тургундары;
- 815 (33,8%) – айыл жергесинин тургундары;
- 107 (2,4%) – эркиндикти ажыраткан жайлардан;
- 46 (1,9%) – чет өлкөлүк жарандар;
- 41 (1,7%) – «115 Шыр байланыш» аркылуу;
- 134 (5,5%) – жашаган жеринин дарегин көрсөтпөгөн жарандар.




**1.1.4-диаграмма**

Келип түшкөн кайрылууларды талдоо, КР Акыйкатчысынын аппаратына көбүнчө жумушсуз жарандар жана пенсионерлер кайрыла турганын көрсөттү. Мисалы, 2021-жылы КР Акыйкатчысына жазуу жүзүндөгү арыздар менен кайрылгандардын социалдык статусун талдоо, алардын көпчүлүгүн жумушсуздар, пенсионерлер, бюджеттик уюмдардын кызматкерлери түзөрүн көрсөтөт. Кайрылгандардын эң төмөнкү санын бул студенттер жана мектеп окуучулары түзөт.

***1.1.1-таблица. 2021-жылдагы кайрылуулардын социалдык топтор боюнча бөлүнүшү боюнча маалыматтар***

| № | 2021-жылы Акыйкатчыга кайрылган жарандардын социалдык статусу | Кайрылуулардын саны | % менен |
|---|---|---|---|
| 1. | Жумушсуздар | **1 530** | 35,5 |
| 2. | Пенсионерлер | **654** | 15,2 |
| 3. | Бюджеттик уюмдардын кызматкерлери | **216** | 5 |
| 4. | ДМЧАлар | **211** | 4,9 |
| 5. | Камактагылар, соттолгондор, айыпталуучулар | **294** | 6,8 |
| 6. | Адвокаттар | **146** | 3,3 |
| 7. | Саясий партиянын мүчөлөрү жана ӨЭУ | **115** | 2,7 |
| 8. | Бизнесмендер, ишкерлер | **115** | 2,7 |
| 9. | Фермерлер | **159** | 3,6 |
| 10. | Студенттер жана мектеп окуучулары | **16** | 0,3 |
| 11. | Эл аралык уюмдар | **17** | 0,3 |
| 12. | Чет өлкөлүк жана КМШ жарандары | **46** | 1,6 |
| 13. | Башка | **463** | 1,01 |
| 14. | Социалдык абалын көрсөтпөгөндөр | **319** | 7,4 |
| | **Бардыгы** | **4 301** | **100%** |

2021-жылы КР Акыйкатчысына кайрылгандардын курактык статусу 51 жаштан 60 жашка чейинки жарандар – 679 адам, же 15,7% кайрылгандыгын көрсөтөт. Баарынан азыраак 91 жаштан жогору жарандар – 10 адам кайрылган, же кайрылгандардын жалпы санынын 0,2%. 18 жашка чейинки жашы жетпеген жарандардын саны 11 же жалпы санынын 0,2% түздү.

***1.1.2-таблица. 2021-жылы КР Акыйкатчысына арыз менен кайрылган жарандардын жаш курагы***

| № | Курагы | Келип түшкөн кайрылуулардын саны | % менен |
|---|---|---|---|
| 1 | 18 жашка чейин | 11 | 0,2 |
| 2 | 18-25 | 86 | 1,9 |
| 3 | 26-30 | 203 | 4,7 |
| 4 | 31-40 | 577 | 13,4 |
| 5 | 41-50 | 611 | 14,2 |
| 6 | 51-60 | 679 | 15,7 |
| 7 | 61-65 | 301 | 6,9 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | 66-70 | 186 | 4,3 |
| 9 | 71-80 | 97 | 2,2 |
| 10 | 81-90 | 29 | 0,6 |
| 11 | 91 жана жогору | 10 | 0,2 |
| 12 | Курагын көрсөткөн эмес | 1 511 | 35,1 |
| | **Бардыгы** | **4 301** | **100%** |

Жазуу жүзүндөгү кайрылуулар КР Акыйкатчысынын дарегине ар түрдүү ыкмалар менен келип түшөт.

Мисалы, 2021-жылы **4 301** жазуу жүзүндөгү кайрылуунун ичинен:

- **2 846** (66%) борбордук аппараттын коомдук кабылдамасына жана аймактык өкүлчүлүктөргө түздөн-түз келип түшкөн, Акыйкатчынын жана анын аппаратынын кызматкерлеринин облустардагы жашоочулар менен жолугушуу учурунда, ошондой эле ар түрдүү мекемелерге барганда кабыл алынган;
- 1 133 (26,3 %) тапшырык каттары почта менен түшкөн;
- 273 (6,3 %) – электрондук почта менен;
- 8 (0,02 %) – факсимилдик байланыш боюнча;
- 41 (0,03 %) – «115 Шыр байланыш» боюнча.




**1.1.5-диаграмма**

- Негизинен өлкөнүн ичинде жарандар КР Акыйкатчысынын аппаратына өздөрү келип, юридикалык консультация алууну жана жеринде арыз жазууну туура көрүшөт. Бирок 2021-жылы өткөн жылга салыштырмалуу КР Акыйкатчысынын дарегине электрондук почта менен жөнөтүлгөн кайрылуулардын саны көбөйгөн. Бул мындай кайрылуу каналынын талаптуулугу, өзгөчө коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылышы менен келип чыккан чектөөлөрдү киргизүү мезгилинде болгондугун көрсөтөт.

- Ошондой эле, өткөн жылдагыдай эле 2021-жылы «115 Шыр байланыш» кызматынын күнүмкү иши улантылды, мында 10 миңден ашык адам кайрылышты жана тиешелүү юридикалык консультацияларды алышты. Андан тышкары, **иштин ыкчамдыгы үчүн КР Акыйкатчысынын аппаратынын атайын Telegram чат-боту уюштурулду.**

Ошондой эле 2021-жылы КР Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери тарабынан ар түрдүү маселелер боюнча **5 570** оозеки юридикалык консультациялар берилди, бул жалпы кайрылуунун 42,6% түздү. Эгерде оозеки баяндалган кайрылуудагы фактылар жана жагдайлар белгилүү болсо жана кошумча текшерүүлөрдү талап кылбаса, анда Акыйкатчынын аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери кайрылуунун жоопторун оозеки түрдө беришти. Акыйкатчынын аппаратында жарандардын оозеки кайрылуулары менен иштөө КР мыйзамдарына жана КР Акыйкатчы аппараты жөнүндө Жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

- КР Акыйкатчысы, анын орун басарлары жана аппараттын кызматкерлери мониторинг жүргүзүү максатында жазык, жарандык жана административдик иштер боюнча **1 460 сот процесстерине** катышышты. Мониторинг процессинде айрым укук бузуулар боюнча Акыйкатчы жана анын орун басарлары аталган укук бузууларды жоюу жөнүндө каттар менен кайрылышты.

***1.1.3-таблица. 2021-жыл үчүн укук коргоо органдарынын жана сот органдарынын кызматкерлерине карата даттануулларды камтыган кайрылуулар***

| № | Кайрылуулардын тематикасы | 2021 | Жалпы санынын % |
|---|---|---|---|
| **1** | **Сот органдарынын маселелери боюнча кайрылуулар: *1 922*** | | |
| | Сот органдарынын кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата | **358** | **18,6** |
| | Сот чечимдери менен макул эместигине карата | **75** | **3,9** |
| | Сот  чечимдерин аткарбоого карата | **29** | **1,5** |
| | Сотко катышуу жөнүндө өтүнүч | **1 460** | **76** |
| **2** | **Укук коргоо органдарына даттануулар: *676*** | | |
| | Милиция кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата | **410** | **60** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Кыйноолорду жана катаал мамиленин башка түрлөрүн колдонууга карата | **16** | **2,5** |
| | Прокуратура кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата | **119** | **17,7** |
| | УКМК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата | **112** | **16,8** |
| | ЖАК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата | **19** | **3,0** |

***1.1.4-таблица. КР Акыйкатчысынын дарегине 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча келип түшкөн жарандардын жазуу жүзүндөгү кайрылууларынын мүнөзү***

| № п/п | Жеке жана юридикалык жактардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелердин тизмеги | Саны | % |
|---|---|---|---|
| 1. | Сот процессине өкүл жөнөтүү жөнүндө | **1 460** | **34** |
| 2. | Милиция кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата даттануулар | **410** | **9,5** |
| 3. | Сот органдарынын аракетине жана аракетсиздигине карата даттануулар | **358** | **8,3** |
| 4. | Областтык, райондук, шаардык администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракетине жана аракетсиздигине карата даттануулар | **67** | **1,55** |
| 5. | Жер участокторун, турак-жайларды бөлүү жөнүндө | **95** | **2,2** |
| 6. | Соттун чечимдерине макул эместигине жөнүндө | **75** | **1,74** |
| 7. | Прокуратура кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата даттануулар | **199** | **2,77** |
| 8. | Социалдык камсыздоо маселелери | **116** | **2,7** |
| 9. | Саламаттык сактоо кызматкерлерине карата даттануулар | **25** | **0,58** |
| 10. | Эмгек укуктарын бузуу жөнүндө | **74** | **1,72** |
| 11. | Билим берүү маселелери | **37** | **0,86** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12. | Кыйноолорду колдонууга карата даттануулар | **16** | **0,37** |
| 13. | КР ПА, КР МК, КР ЖК иштөө маселелери | **17** | **0,39** |
| 14. | Кызмат адамдарынын кызматтык абалын кыянаттык менен пайдалангандыгы жөнүндө | **12** | **0,28** |
| 15. | Чет өлкөдөгү жарандардын укуктарынын бузулуулары жөнүндө | **11** | **0,25** |
| 16. | Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө | **24** | **0,56** |
| 17. | Балдардын укуктарынын бузулуулары жөнүндө | **37** | **0,86** |
| 18. | КР УКМК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата даттануулар | **112** | **2,60** |
| 19. | Ички иштер органдарынын компетенциясындагы маселелер | **21** | **0,48** |
| 20. | Соттун чечимдерин аткарбоо жөнүндө | **29** | **0,67** |
| 21. | Саламаттык сактоо органдарынын компетенциясындагы маселелер | **25** | **0,58** |
| 22. | Аялдардын укуктарын бузуу жөнүндө | **10** | **0,23** |
| 23. | Паспорт берүү маселелери | **70** | **1,62** |
| 24. | Прокуратуранын компетенциясындагы маселелер | **20** | **0,46** |
| 25. | ЖАК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине карата даттануулар | **19** | **0,44** |
| 26. | КР БШКга карата, шайлоо маселелери боюнча | **7** | **0,16** |
| 27. | Аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулуулары жөнүндө | **6** | **0,13** |
| 28. | ЖАК компетенциясындагы маселелер | **8** | **0,18** |
| 29. | Үй-бүлөлүк укук (алименттер жана башкалар) | **10** | **0,23** |
| 30. | Башка маселелер | **1 011** | **23,0** |
| | Баары | **4 301** | **100** |

- 2021-жыл үчүн кайрылууларды талдоо, **биринчи орунду**, өткөн жылдагыдай эле Сот процесстерине Акыйкатчы өкүлүнүн мониторинг жүргүзүүсүн тиешелүү кайрылуулар ээлейт. **Экинчи орунда жазык-процесстик мыйзамдарын** бузууга же укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан бузууларга карата даттануулар. Андан кийин саламаттык сактоо жөнүндө, эмгек, үй-бүлө жана балдар, аскер кызматкерлери, миграция маселелери, жеке менчик жана жерлерди пайдалануу жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен **байланышкан даттануулар.**

Отчеттук мезгил үчүн мамлекеттик жана эл аралык уюмдардан, чет өлкөлүк укук коргоо мекемелеринен, ошондой эле КР Акыйкатчы аппаратынын аймактык өкүлчүлүктөрүнөн келип түшкөн **6 073** кириш кат катталган.

2021-жыл үчүн Акыйкатчынын борбордук аппаратынын уюмдарында жана мекемелеринде жарандардын иликтенүүчү кайрылуулары боюнча **4 840** чыгыш корреспонденция жөнөтүлгөн.

| | |
|---|---|
| - **арызданууучунун дарегине** | **- 3 292** |
| - КР Прокуратура органдарына | - 564 |
| - КР Президентинин Аппаратына | - 135 |
| - КР Министрлер Кабинетине | - 128 |
| - КР Жогорку Кеңешине | - 66 |
| - КР Жогорку сотуна жана жеригиликтүү сотторуна | - 144 |
| - КМШ өлкөлөрүнүн улуттук укук коргоо мекемелерине | - 45 |
| - мамлекеттик бийликтин башка органдарына | - 2 210 |

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренесинин 14-пунктуна жана 8-2 беренесине ылайык, 2021-жылы КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына 47 көңүл буруу актысын жөнөткөн, атап айтканда:

| | |
|---|---|
| - прокуратура органдарына | -18 |
| - КР Президентинин Аппаратына | - 2 |
| - КР сот органдарына | - 7 |
| - КР ИИМне | - 5 |
| - КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине | - 2 |
| - КР Саламаттык сактоо министрлигине | - 3 |
| - КР Юстиция министрлигине | - 1 |
| - Бишкек ш. мэриясына | - 2 |
| - КР Билим берүү министрлигине | - 1 |
| - КР УКМКга | - 1 |
| - КР Министрлер Кабинетине (Өкмөткө) | - 2 |
| - КР адвокаттардын этикасы боюнча тартиптик комиссиясына | - 2 |

Ошондой эле КР Акыйкатчысынын областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына **68 Көңүл буруу актысы** жөнөтүлгөн. 2021-жылы бардыгы **115 Көңүл буруу актысы** жөнөтүлгөн.




# 1.2. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «115 Шыр байланыш” кызматына кайрылуулар тууралуу маалымат

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «115 Шыр байланыш» телефону иштеп баштагандан бери ишеним телефонуна түшкөн жарандардын кайрылуулары, даттануулары менен иштөөнүн белгилүү бир системасы калыптанды.

Отчеттук мезгилде «115 Шыр байланыш» телефонуна кайрылган жарандарга аларды кызыктырган маселелер боюнча толук жана ар тараптуу маалымат, ошондой эле консультациялар, сунуштар жана түшүндүрмөлөр берилди. Бардык келип түшкөн кайрылуулар купуялуулук жана анонимдүүлүктү сактоо менен кызматтын адистери тарабынан кабыл алынып, иштелип чыккан. Зарыл болгон учурда даттанууларды кароо, жарандардын укуктарынын бузулушуна көңүл буруу боюнча ыкчам чараларды көрүү, кайрылуулар кызматтык кат түрүндө таризделип, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына берилип келген.

Алсак, 2021-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейинки мезгилде «115 Шыр байланыш» телефонуна **10 046** чалуу келип түшкөн, анын ичинен үн билдирүүсүнө **1 827** билдирүү келген *(эскертүү: ишеним телефонуна кокустан, адашкан жана кыска чалуулар келип түшүүсү мүмкүн)*.

Кырдаалды көзөмөлдөө үчүн чыгуу чалуулары жүргүзүлүп, **284** үн билдирүүсүнө жооп катары телефон аркылуу укук коргоо тематикасынын бардык маселелери боюнча күн сайын консультациялар берилди. Укуктарды жана эркиндиктерди коргоонун каражаттарына жана жолдоруна байланыштуу **8 219** түшүндүрмө берилген, алардын көбү – кызыккан маселелер боюнча консультацияларды берүү, мыйзамдарды жана укуктарды түшүндүрүү, Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдары жана КР Акыйкатчы аппараты тарабынан кайрылуулардагы маселелерди кароого байланышкан сунуштар. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратында жарандардын кайрылууларын ыкчам кароо үчүн атайын баарлашуу (чат-бот) уюштурулду. Анда «115 Шыр байланыш» телефонунун адистери ошондой эле консультацияларды, түшүндүрмөлөрдү жана сунуштарды беришкен.

КР Акыйкатчы аппаратында жарандардын **41** кайрылуусу каралууда. Алардын ар бири боюнча жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү үчүн аппараттын кызматкерлери бир топ иштерди жүргүзүштү.

Калктын укуктук сабаттуулугун, аны коргоо формаларын жана ыкмаларын жогорулатуу – КР Акыйкатчысынын ишинин негизги багыттарынын бири болуп саналат. Бул иштин актуалдуулугу жарымынан көбү тактоону жана тиешелүү юридикалык консультацияларды талап кылуу боюнча келип түшкөн арыздардын статистикасы менен тастыкталат.

Адам укуктарын коргоону илгерилетүүдө КР Акыйкатчы аппараты тарабынан жүргүзүлгөн маалыматтык саясаттын алкагында 2021-жылы «115 Шыр байланыш» телефонунун адистери тарабынан Facebook баракчасында жарандардын **45** кайрылуусу боюнча консультациялар, түшүндүрмөлөр жана сунуштар берилген.

**1.2.1-диаграмма**



# 1.3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) эл аралык кызматташтык боюнча 2021-жылдагы ишмердүүлүгү

2021-жылы адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча эл аралык жана аймактык уюмдар менен кызматташуу мындан ары да өнүктү. КР Акыйкатчысы институтунун Евразиялык омбудсмендер альянсы, Европалык омбудсмендер институту жана Азиялык омбудсмендер ассоциациясы сыяктуу аймактык бирикмелер менен диалогун жана өз ара аракеттенүүсүн улантуу Кыргыз Республикасынын адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо институтун эл аралык укук коргоо коомчулугуна интеграциялоонун эң натыйжалуу жолдорунун бири болуп саналат. Мындай кызматташтык келечекте анын алга илгерилешине жана өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Эл аралык институттар менен диалог адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы мыкты инновацияларды жергиликтүү деңгээлде изилдөөгө жана сыноого эң сонун мүмкүнчүлүк берет. Адам укугу боюнча улуттук мекеменин эл аралык интеграциясы менен байланышкан маселелерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы жана анын кеңсесинин өкүлдөрү түздөн-түз байланышты калыптандырып, алдыңкы тажрыйбаны өздөштүрүү жана эл аралык кызматташтыкты мындан ары жакшыртууга жана өнүктүрүүгө умтулуу менен бир катар эл аралык конференциялардын, тегерек столдордун жана кеңешмелердин ишине жигердүү катышып келүүдө.

Алсак, КР Акыйкатчысы Европалык омбудсмендер институтунун Башкы ассамблеясынын Жалпы жыйынына (Сербия, 2021-жылдын сентябры) катышып, ошол эле жерде Россия Федерациясындагы Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу Т. Москалькова, Өзбекстан Республикасынын Олий Мажилисинин Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ф. Эшматова, Свердлов облусундагы Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу Т. Мерзлякова, Европалык омбудсмендер институтунун (ЕОИ) вице-президенти Нина Карпачева, ошондой эле Венгриядагы Негизги укуктар боюнча комиссар Акош Козма мырза менен жолугушуулар болуп өттү. Кесиптештер менен болгон жолугушууда адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы маселелердин кеңири чөйрөсү жана өз ара кызматташуу маселелери талкууланды.

Жыйында сөз сүйлөгөн КР Акыйкатчысы Европалык омбудсмендер институтунун башкармалыгынын курамына Борбордук Азия омбудсмен институттарынын өкүлдөрүн киргизүү зарылчылыгы тууралуу сунуш киргизди.

Адамдын жана жарандын өз мамлекетинин аймагында гана эмес, ошондой эле чет мамлекеттердин аймактарында да адам укуктарын коргоо жаатында жалпы таанылган принциптер алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоону камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү Евразиялык омбудсмендер альянсына мүчөлүк өзгөчө мааниге ээ.

Мисалы, майып адамдардын укуктарын жана адамдын экологиялык укуктарын коргоого арналган «Евразиялык мейкиндикте адам укуктарын коргоо көйгөйлөрү: омбудсмендердин алдыңкы тажрыйбалары менен алмашуу» аттуу V Эл аралык илимий-практикалык конференциянын алкагында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын коомго катышуусуна тоскоолдуктарды жоюу, ошондой эле айлана-чөйрөнү натыйжалуу коргоону камсыз кылуу

максатында мыйзамдык базаны жана укук колдонуу практикасын өркүндөтүү жолдору каралды.

Ошондой эле БУУнун Аялдарга карата басмырлоо боюнча жумушчу тобу менен «Аялдардын жана кыздардын кризистик шартта сексуалдык жана репродуктивдүү ден-соолукка укуктары» улуттук укук коргоо мекемелеринин Азия-Тынч океан форумунун мүчөлөрүнүн ортосунда видеоконференция форматындагы интерактивдүү диалогдун түзүлүшү маанилүү окуя болуп калды. Катышуучулар аялдардын жана кыздардын кризистик шартта сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукка укуктары боюнча БУУнун Жумушчу тобунун тематикалык отчёту боюнча сунуштары менен алмашышты, ошондой эле УУФга мүчө-мекемелер бул укуктарды илгерилетүүгө колдоо көрсөтүү боюнча каалоолорун билдиришти. Мындан тышкары, Азия-Тынч океан аймагындагы улуттук укук коргоо мекемелери тарабынан, өзгөчө COVID-19 пандемиясынын контекстинде колдонулуп жаткан тиешелүү тажрыйбалар менен алмашуу болду. Улуттук укук коргоо мекемелери үчүн жалпы кызыкчылык туудурган маселелер жана мындан аркы кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү талкууланды.

Европа биримдиги менен кызматташуу КР Акыйкатчы институту үчүн зор мааниге ээ. Мисалы, 2021-жылдын сентябрында «Кыргыз Республикасы – Европа биримдиги» адам укуктары боюнча диалогунун 11-раунду болуп өттү. Отурумдун күн тартиби укук коргоо тематикасы боюнча маселелердин кеңири чөйрөсүн камтыды: Кыргыз Республикасында жана Европа биримдигинде, анын ичинде COVID-19 пандемиясынын мезгилиндеги адам укуктарынын абалы; укук колдонуу жана шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөр; ой-пикир билдирүү эркиндиги; чогулуу эркиндиги; жарандык коом; аялдардын жана балдардын укуктары; антидискриминация; сергек айлана-чөйрөгө укук жана ар тараптуу форумдардын алкагында кызматташуу.

Тараптар адам укуктарын коргоо жаатындагы улуттук программаларды жана мыйзамдарды иштеп чыгуу боюнча пикирлер, сунуштамалар жана сунуштар менен алмашышты. Евробиримдик эгемендүүлүктүн 30 жылынын ичиндеги адам укуктарын илгерилетүү жаатындагы өлкөбүздүн жетишкендиктерин кубаттады. Адам укуктарын коргоо жана өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын ички жана эл аралык саясатынын артыкчылыктуу багыттарынын бири экендиги белгиленди. Белгилүү болгондой, адам укуктары боюнча Кыргыз Республикасы – Евробиримдик диалогунун кезектеги раунду 2022-жылы Бишкекте өтөт.

КР Акыйкатчы аппаратынын стратегиялык өнөктөштүгүн чыңдоодо алдыңкы ролду эки тараптуу форматтагы үзгүлтүксүз жолугушуулар жана сүйлөшүүлөр ойнойт. Алсак, 2021-жылдын январь айында КР Акыйкатчысы Европа Бирлигинин LEICA программасынын директору Жером Рибот-Гейлард, терроризмге каршы күрөшүү жана коопсуздук боюнча аймактык эксперт, Европа биримдигинин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн кеңешчиси Эммануэль Гравиер мырза, БУУнун Терроризмге каршы башкармалыгынын (ТКБ) Борбордук Азиядагы аймактык координатору Мурад Тангиев, Европа биримдигинин Борбордук Азия боюнча атайын өкүлү, элчи Терхи Хакала, БУУнун Качкындар боюнча комиссарлыгынын өкүлдөрү – Борбордук Азия боюнча өкүл Ханс Фридрих Шоддер, БУУӨПтүн Кыргызстандагы өкүлдөрү жана башкалар менен жолугушту.

КР Акыйкатчысынын Аппараты адамдын жана жарандын негизги укуктары менен эркиндиктери жаатында эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин толук камсыз кылуу максатында өзүнүн өнөктөштөрү менен эки тараптуу байланыштарды мындан ары да чыңдоого ниеттенүүдө.

# 1.4. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү

2021-жылдын ичинде КР Акыйкатчысы өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкагында, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына талдоо жүргүзгөн.

Аларды коргоо механизмдерин өнүктүрүү жана айрым ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык келтирүү ж. б. изилденген.

Атап айтканда, мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү боюнча иш-чараларды өткөрүүнүн алкагында:

- мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жарандардан турак жайды алып коюу боюнча улуттук жана чет өлкөлүк мыйзамдарды изилдөөнүн негизинде, Акыйкатчы тарабынан коомдук муктаждыктар үчүн кыймылсыз мүлктү алып коюулардын (сатып алуунун) тартиби жөнүндө жобонун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүгө тийиштүү долбоору иштелип чыккан, ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берилген мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн турак жай жана жер участокторун мажбурлап алып коюунун тартибин жөнгө салат;

- “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын жаңы редакциясынын долбоору иштелип чыкты;

- Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №26 “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-мартындагы №55-б буйругун ишке ашыруунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2021-жылдын 15-апрелиндеги №57 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык эксперттик жумушчу топтун ишине катышкан;

- адам укуктарына жана эркиндиктерине кандайдыр бир жол менен таасир эткен карама-каршылыктарды жана кемчиликтерди жоюу жолу менен мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгууга катышкан.

Бир жагынан, КР Акыйкатчысынын сунуштары Конституцияда жана башка ченемдик укуктук актыларда кепилденген укуктарды жана эркиндиктерди жарандардын ишке ашыруусуна тоскоол болгон мыйзамдардагы кандайдыр бир карама-каршылыктарды жоюуга багытталган. Экинчи жагынан алганда, мыйзамдык сунуштар КР Акыйкатчысынын жана анын аппаратынын кызматтык ыйгарым укуктарын толук кандуу ишке ашырууну камсыз кылуу зарылдыгы менен байланышкан, анткени азыркы учурда мыйзам системасында буга

тоскоолдук кылган бир катар карама-каршылыктар жана келишпестиктер бар.

Төмөндө 2021-жылы иштелип чыккан ушул мыйзам чыгаруу сунуштарынын айрымдарына кененирээк түшүндүрмө берилет.

“Кыргыз Республикасынын Жазык, Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстеринин жаңы редакциясы жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексинин, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоорлору менен таанышкандан кийин  төмөнкүдөй сунуштар киргизилген.

**<u>КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишин камсыз кылууга байланыштуу сунуштарга карата:</u>**

* КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин ишине тоскоолдук кылуу же кийлигишүү үчүн жоопкерчиликти аныктоо боюнча.

<u>Негиздеме.</u>

КР Жазык кодексинин 2018-жылга чейин колдонулган мурунку редакциясында, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине тоскоолдук кылуу үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган. Ошондой эле КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинде адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын  контролдоону ишке ашырууга байланыштуу КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине мыйзамсыз кийлигишүү үчүн административдик жоопкерчилик каралган.

Бирок кийинчерээк бул ченемдер бизге түшүнүксүз себептер менен алынып салынган жана 2019-жылдан баштап киргизилген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, КР Жоруктар жөнүндө кодексине ж.б. маалымкатта бул ченемдерди алып салуу жөнүндө эч кандай так түшүндүрмөлөр берилген эмес.

Жогоруда айтылган (2019-жылы) КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине тоскоолдук кылгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигин алып салуу негизсиз болгон жана КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтунун ишинин натыйжалуулугунун төмөндөшүнө таасирин тийгизген. Буга байланыштуу, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине тоскоолдук кылган айрым адамдар мурда жазасыз калышкан жана акыркы жылдары КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылуу учурлары көбөйгөн.

Мисалы, эгерде 2016-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылуу фактыларынын жалпы саны 33 болсо, андан кийин бул көрсөткүч акырындык менен өсүп, 2019-жылга карата 79 фактыны түзгөн.

Буга байланыштуу, жогоруда айтылган жазык жоопкерчилигин кайра калыбына келтирүү сунушталды. Муну менен катар ушул эле беренеде КР Акыйкатчысынын гана эмес, ошондой эле анын орун басарларынын, КР Акыйкатчысынын аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин ишине мыйзамсыз кийлигишүү жана/же тоскоолдук кылуу үчүн да кылмыш жоопкерчилигин карoo сунушталган. Тажрыйба көрсөткөндөй, КР Акыйкатчысы бүткүл өлкө боюнча адам укуктарынын бузулушунун ар бир фактысы боюнча жеке өзү чара көрө албайт, ошондуктан КР Акыйкатчысынын ишине анын орун басарлары жана ыйгарым укуктуу компетенттүү кызматкерлер түздөн-түз катышат, аларга КР Акыйкатчысы тиешелүү функцияларды аткарууга ыйгарым

укук берет.

Демек, анын орун басарларынын, ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин, мисалы, жаза аткаруучу мекемелерге инспекция жүргүзүү боюнча ишине мыйзамсыз кийлигишүү жана/же тоскоолдук кылуу КР Акыйкатчысынын ишине каршы багытталган иш-аракеттер катары эсептелүүгө тийиш. Аппараттын кызматкерлери өз аракеттери менен КР Акыйкатчысынын ыйгарым укуктарын түздөн-түз ишке ашыраарын так түшүнүү керек, анткени КР Акыйкатчысынын аппараты бир адамдын, башкача айтканда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишин камсыз кылуучу мамлекеттик орган болуп саналат. КР Акыйкатчысынын, анын орун басарларынын жана КР Акыйкатчысынын аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин ишине тоскоолдук кылуу же кийлигишүү үчүн жоопкерчиликти этап-этабы менен белгилөөнү камсыз кылуу үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

- биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликти белгилөө;
- ушул эле жосунду бир жылдын ичинде кайталап жасаган учурда Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайык жоопкерчилик жана чара көрүүнү кароо.

Буга байланыштуу:

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 17-главасын (Коомдук тартипти камсыз кылуу, курал-жаракты, башка кооптуу предметтерди жана заттарды жүгүртүү, ошондой эле коомдук жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар) төмөнкүдөй мазмундагы өзүнчө берене менен толуктоо сунушталган: *“Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын жана Акыйкатчынын (Омбудсмендин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин ишине тоскоолдук кылуу же кийлигишүү*

* КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларында каралган ыйгарым укуктарын ишке ашырууга кандай гана формада болбосун тоскоолдук кылуу, ошого тете КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын контролдоону жүзөгө ашыруусуна байланыштуу мыйзамсыз бул иш **биринчи жолу** бир жылдын ичинде жасалган болсо,

а) жеке адамдарга эсептик көрсөткүчтүн 100 өлчөмүндө айып салууга алып келет.

Адам өзүнүн кызматтык абалын пайдалануу менен жасаган ошол эле жосун,

б) жеке адамдарга 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салууга алып келет”.

КР Жазык кодексинин долбоорунда 25-главаны (жарандык жана башка адам укуктарына каршы кылмыштар) төмөндөгү мазмундагы өзүнчө берене менен толуктоо сунушталган:

*“КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын ыйгарым укуктуу*

*кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларында каралган ыйгарым укуктарын ишке ашырууга кандай гана формада болбосун тоскоолдук кылуу, ошого тете КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), анын орун басарларынын жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын контролдоону жүзөгө ашыруусуна байланыштуу алардын ишине мыйзамсыз кийлигишүү, эгерде бул иш-аракет бир жылдын ичинде кайталанып жасалган болсо:*

- коомдук жумуштар жүз сааттан үч жүз саатка чейин, же бир жылдан үч жылга чейинки түзөтүү жумуштары менен, же эсептик көрсөткүчтүн 500дөн 1000ге чейинки айып менен жазаланат".

***** КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин долбоорунда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн кароо, аны төмөнкүдөй мазмундагы өзүнчө берене менен толуктоо сунушталды: **Укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктары**

Кызматтык ишинин алкагында, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча ыйгарым укуктуу органдын, прокурордун же соттун өндүрүшүндө турган бардык материалдар менен тоскоолдуксуз таанышып, андан кийин алардын көчүрмөсүн алууга же аларды фотофиксациялоого укуктуу.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу аныкталганда, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тиешелүү мамлекеттик органдарга жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына чара көрүү актыларын киргизүүгө укуктуу:

- адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун четтетүү жөнүндө;

- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол берген кызмат адамдарына жана кызматчыларга тартиптик же административдик өндүрүштү козгоо же жазык жоопкерчилигине тартуу жөнүндө;

- прокуратура органдарына прокурордук чара көрүү актыларын киргизүү жөнүндө сунуш.

<u>Негиздеме.</u>

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде кароо зарылдыгы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине, эреже катары, ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамдарынын аракеттерине/аракетсиздигине жарандардын даттануулары келип түшкөндүгүнө байланыштуу болууда. Алардын иш-аракеттеринин мыйзамдуулугун текшерүү үчүн КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин алкагында каралып жаткан өндүрүштүк материалдарга жол берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарыл.

Бирок тажрыйба көрсөткөндөй, ыйгарым укуктуу органдардын айрым кызмат

адамдары ар кандай шылтоолор менен КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жана/же анын өкүлдөрүнүн бул материалдар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн болтурбоого аракет кылып жатышат. Алар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) адам укуктарын коргоо боюнча контролдоо функциялары анын ишин жөнгө салуучу мыйзамда гана эмес, Конституцияда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларында да каралгандыктан, Кодексте каралган эмес деп шилтеме беришүүдө.

Мындай жагдайлар КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) адам укуктарын бузуу фактысынын болушу же жоктугу боюнча жана күнөөлүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартууну контролдоо функцияларын ишке ашырууга тоскоолдук кылат.

Ошентип, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн караган беренени КР Укук бузуулар жөнүндө кодексине киргизүү, КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин чегинде анын ролу жана функциялары жөнүндө конкреттүүлүктү орнотууга мүмкүндүк берет.

*****КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин долбоорунда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн төмөнкүдөй мазмундагы өзүнчө берене менен толуктап, карап чыгуу сунушталды:

*“КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жазык сот өндүрүшүндөгү ыйгарым укуктары”*

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кызматтык иш-аракетинин алкагында, анын орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери сот органдарында жана тергөө бөлүктөрүндө ал боюнча соттун актысы мыйзамдуу күчүнө кирген кылмыш иши менен, же болбосо ал боюнча өндүрүш токтотулган, ошондой эле кылмыш ишин козгоодон баш тартылган кылмыш ишинин материалдары менен, алардын көчүрмөлөрүн алуу, же болбосо аларды фотофиксациялоо жүргүзүү менен тоскоолдуксуз таанышууга укуктуу.

Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу аныкталган учурда, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тийиштүү мамлекеттик органдарга жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Көңүл буруу актысын киргизүүгө укуктуу:

- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууну жоюу тууралуу;
- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол берген кызматтык адамдарга карата тартиптик же административдик өндүрүштүк, же болбосо жазык жоопкерчилигине тартуу жөнүндө;
- прокуратура органдарына прокурордук чара көрүү актыларын киргизүү жөнүндө сунуш.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары, ошондой эле КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери мыйзам менен корголуучу сырды түзгөн белгилүү маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн ушул Кодексте белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

<u>Негиздеме.</u>

КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктарын кароо зарылдыгы мамлекеттик бийлик органдарынын айрым кызмат адамдары КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине көңүл бурбай койгондугу жана өтө үстүртөн жана жоопкерчиликсиз мамиле жасагандыгы менен байланыштуу. Мында алар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде ченемдердин жоктугуна шилтеме беришет, бирок Акыйкатчы жөнүндө тиешелүү мыйзамдарда гана эмес, ошондой эле адамдын негизги укуктары жана эркиндиктери бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциясында да, анын ичинде жазык сот өндүрүшүн ишке ашыруунун алкагында да түздөн-түз айтылган.

* КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин долбоорунун 290-беренесинин 7-бөлүгүнө төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толуктоо сунушталган:

“Бардык инстанциялардын жабык сот отурумдарына жарандардын кабыл алынган кайрылуусу боюнча тергөө жүргүзүүдө, соттук териштирүү анын кызыкчылыгы үчүн жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу менен КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери катышууга укуктуу.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), анын орун басарлары, ошондой эле КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ал ыйгарым укук берген кызматкерлери алардын жабык сот отурумуна катышуусуна байланыштуу белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарбоого милдеттүү”.

Негиздеме.

Бул сунуш "КР Омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндө" Мыйзамдын 8-беренесинин 11-пунктунун талаптарын ишке ашырууга багытталган, ага ылайык Омбудсмен соттук териштирүү анын кызыкчылыгы үчүн жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу менен жабык сот отурумдарына катышууга укуктуу;

* КР Жазык-аткаруу кодексинин долбоору боюнча сунуш.

43-берененин 2-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)” деген сөздөрдөн кийин “анын орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери” деген сөздөр менен толуктоо сунушталган.

Негиздеме.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) өзү (же анын орун басарлары) КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАМКнын жаза аткаруу тутумунун бардык мекемелерин түздөн-түз кыдырып чыгууга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан (бул өлкөнүн башкы укук коргоо органынын ишмердүүлүгүнүн көптөгөн тармактарынын бири гана болгондуктан), бул функцияны аткаруу көбүнчө КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине жана анын орун басарларына жүктөлөт.

Жаза аткаруу жайларына барууну фиксациялоо максатында, ошондой эле алар чогулткан материалдар боюнча далилдүү базаны камсыз кылуу үчүн (б.а. курулай убаракерчиликке жол бербөө үчүн жана белгиленген фактылардын аныктыгын тастыктоо үчүн) КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басарлары жана КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын ыйгарым

укуктуу кызматкерлери кызматтык максаттар үчүн аудио жана видеофиксация каражаттарын өздөрү менен кошо КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАМКнын жабык мекемелерине алып барууга укуктуу болушу керек.

**Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан КР Жазык кодексинин ченемдерин өркүндөтүү боюнча сунуштар**

“Коомдук тартипке каршы кылмыштар” деп аталган 33-главанын 279-беренесине төмөнкү мазмундагы эскертүү менен толуктоо сунушталат:

*“279-беренеде каралган кылмыш жасаган, баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун өз ыктыяры менен берген адам ушул беренеде каралган жосун үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат.*

*Адамды кармаганда, ошондой эле аларды табуу жана алып коюу боюнча тергөө амалдары жасалганда баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун өткөрүп берүү ыктыярдуу деп таанылбайт”.*

<u>Негиздеме</u>.

КР Жазык кодексинин 279-беренесин жогоруда айтылган эскертүү менен толуктоо сунушу калк арасында баңгизаттардын таралышынын деңгээлин төмөндөтүүгө жана түзөтүү жолуна түшүүнү чечкен жарандар үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жана мыйзамсыз болгон баңгизаттардан мыйзамдуу жол менен арылууга багытталган.

КР Жазык кодексинин 279-беренесинде каралган кылмышка салыштырмалуу, мыйзам чыгаруучу КР Жазык кодексинин 278-беренесинде баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө байланыштуу коомдук коркунучтуу кылмыш жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти караган ушуга окшош “эскертүүнү” караган.

Демек, эгерде КР ЖКнын 279-беренесине (анда коомго коркунучу азыраак кылмыш каралат) жогоруда аталган эскертүү да киргизилсе, логикалык жактан негиздүү болот.

Ошол эле учурда, адам колунда болгон баңгизаттарды ыктыярдуу берүү ниети болгондо жана кылмышкер кармалганда, тергөө аракеттерин жүргүзүүдө жана кылмыш жоопкерчилигинин жана жазасынын келип чыгышына жол бербөө үчүн баңги каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун ыктыярдуу тапшырууга аракет кылганда так айырмалоо керек.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин долбооруна жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине соттолгондор үчүн жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын чечимине даттануу мүмкүнчүлүгүн жана тартибин белгилөө боюнча** төмөнкүлөр сунушталды:

<u>**а)**</u> КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 49-главасын (өкүмдү, аныктаманы жана токтомду аткаруу) төмөнкүдөй мазмундагы өзүнчө берене менен толуктоо сунушталды:

*"435-1-берене. Соттолгон адамга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөчү жерди аныктоо боюнча жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын чечимин жокко чыгаруу же өзгөртүү*

*1. Соттолгонго эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөчү жерди*

*аныктоо боюнча жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын чечимин жокко чыгаруу же өзгөртүү соттун же прокурордун токтомуна ылайык соттолгондун, анын адвокатынын же соттолгондун жакын туугандарынын даттануусунун негизинде жүргүзүлөт.*

*2. Соттолгон адамга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөчү жерди аныктоо боюнча жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын аракеттерине (чечимдерине) карата соттолгон адамдын, анын адвокатынын же башка адамдардын даттануусу соттолгон адамдын жаза өтөгөн жери боюнча, же чечимине даттанылып жаткан орган жайгашкан жер боюнча сот тарабынан каралат.*

*3. Соттолгон адамдын, анын адвокатынын же башка адамдардын даттануусу соттолгон адамга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөчү жерди аныктоо боюнча прокурордун милдеттүү катышуусу менен сот отурумунда каралат.*

*4. Сот отурумуна соттолгон же анын адвокаты же башка адамдар, ошондой эле жаза аткаруу тутумунун органынын өкүлү чакырылат.*

*5. Сот отурумуна катышуусу милдеттүү болгон адамдарды кошпогондо, сот отурумунун орду, датасы жана убактысы жөнүндө тиешелүү түрдө кабарланган адамдардын келбей калышы ишти кароого тоскоолдук кылбайт.»*

**б)** КР Жазык-аткаруу кодексинин 36-беренесинин 3-бөлүгү “кылмыш-жаза укуктук таасир көрсөтүүнүн” деген сөздөрдөн кийин “ошондой эле жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын соттолгон адамга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөчү жерди аныктоо боюнча чечимдери” деген сөздөр менен толуктоону сунуш кылышкан.

Негиздеме.

Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу жана Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде сунуш кылынган өзгөртүүлөрдө жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын аракеттерине (чечимдерине) даттанууларды кароонун тартиби каралган эмес.

Бул жагдай соттолгондордун соттук коргоого болгон конституциялык укуктарынан ажыратылышына алып келет, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61 - беренесинин 1 - бөлүгүнө ылайык, ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет.

Ошондой эле, жарандардын соттук коргоого болгон укугу адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 8-беренесинде, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган ЖСУЭПтин 14-беренесинде бекитилген.

Конституцияда белгиленген адамдын укуктары жана эркиндиктери эч кандай чектелүүгө жатпайт (КР Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгү).

Тыюу салуулар боюнча Конституцияда белгиленген кепилдиктер эч кандай чектөөгө жатпайт (КР Конституциясы 23-беренесинин 6-бөлүгү).

Ошентип, жогоруда белгиленген учурда жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын чечимине сот тартибинде даттануу

мүмкүнчүлүгүн пайдаланууга соттолгон адамдардын конституциялык укуктарын бузууга жол берилет. Укуктук мамлекетте конституциялык укуктарды мындай чектөөгө жол берилбейт.

ЖАМКка 2020-жылдын 8-декабрындагы чыг. №100/02-3112 расмий жоопко ылайык, жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын комиссиясы (мындан ары - атайын комиссия) аракеттерине/аракетсиздигине сот тартибинде даттануу мүмкүн болгон орган болуп саналбайт (КР УШКнын 36 - беренесинин 3 - бөлүгү).

Ошондой эле, КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде атайын комиссиянын чечимине даттануу жана сот тарабынан кайра кароо тартиби каралган эмес.

Мисалы, укук колдонуу практикасында адвокаттардын атайын комиссиянын чечимдерине макул болбогон даттанууларын кароодон баш тартуу жөнүндө соттук чечимдер бар (Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2020-жылдын 29-июлундагы токтому, судья А. Айдыралиева).

### Соттолгондорду өздөрү же алардын жакын туугандары жашаган жерине жакын жерде жазасын андан ары өтөө үчүн которуу боюнча КР Жазык-аткаруу кодексине сунуштар

КР Жазык-аткаруу кодексинин 72-беренесинин 2-бөлүгү “бул түзөтүү мекемесинде” деген сөздөрдөн кийин “же соттолгон адамдын жазаны өтөө үчүн жиберилген жазуу жүзүндөгү арызы боюнча, же анын макулдугу менен анын жакын туугандарынын биринин жазуу жүзүндөгү арызы боюнча соттолгон адам жазаны андан ары өтөө үчүн анын жашаган жерине же жакын туугандарына жакын жайгашкан мекемеге которулат” деген сөздөр менен толуктоо сунушталган.

Негиздеме.

Азыркы учурда КР Жазык-аткаруу кодекси соттолгонду жазаны андан ары өтөө үчүн башка аймакка которуунун төрт гана негизин карайт: 1) коопсуздук, 2) катуу оору, 3) түзөтүү мекемесин жоюу жана 4) соттолгондун ошол түзөтүү мекемесинде андан ары болушуна тоскоол болгон башка өзгөчө жагдайлар” (КР Жазык-аткаруу кодексинин 72-беренесинин 2-бөлүгү).

Сунуш кылынган ченемдин максаты - адам жазасын үйүнөн алыс жерде өтөп жатканда үй-бүлөлүк, социалдык жана башка байланыштарды колдоо. Бирок, эгерде адам жазаны өтөөчү жерге этап менен келген болсо, анда аны жалпы эреже боюнча сунушталган ченем боюнча которуу мүмкүн эмес (КР Жазык-аткаруу кодексинин 72-бер. 2-бөлүгү) жана ага жол берилбейт, анткени ушул ченемге ылайык соттолгон адам жазасын бүткүл мөөнөт ичинде бир мекемеде өтөөгө милдеттүү.

Бирок соттолгонго туугандарынын келүүсү, түзөтүү мекемесинин алыстыгына байланыштуу, анын ичинде каржылык жактан да татаал иш болушу мүмкүн.

Мисалы, соттолгон адамды негизсиз түрдө Жалал-Абад облусунун №10 мекемесине этап менен жөнөтүшкөн, бирок ал жакта анын туугандары жок, ал эч качан бул аймакта жашаган эмес жана соттолгондун жакын туугандарынын бардыгы Чүй облусунда болгон. Ушул жагдайларды эске алуу менен атайын комиссия соттолгонду Чүй облусундагы түзөтүү мекемелеринин бирине аныктай алмак. Ошентип, соттолгонго баруу үчүн туугандары убакытты жана каржылык ресурстарды сарптап, узак аралыкты басып өтүүгө аргасыз болушкан.

Соттолгон адамга жазаны өтөө ордун аныктоодо жаза аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын комиссиялары варианттардын кеңири диапазонуна ээ болот жана алардын бирин тандоо көбүнчө объективдүү гана эмес, субъективдүү факторлор менен да шартталат, анын ичинде соттолгонго карата администрациянын жеке жактырбаган мамилелери, коррупциялык тобокелдиктер.

Алсак, жарандардын арыздарына ылайык, соттолгонду жазасын өтөгөн жерин аныктоодо анын туугандарынын жашаган жеринен алыс жайгашкан түзөтүү абагына атайлап аныктаган учурлар болгон, андан кийин ал өзү же туугандары “материалдык сый акы” сунуштап, аны туугандарына жакын жайгашкан түзөтүү мекемесине которууну суранышкан.

КР Жазык-аткаруу кодексинин 72-беренесинин 2-бөлүгүнө сунушталган өзгөртүүлөр жогоруда белгиленген коррупциялык тобокелдиктерди жоюуга мүмкүндүк берет.

Жогоруда аталган ченем жаратуу сунуштарын турмушка ашыруу мамлекет тарабынан кошумча финансылык милдеттенмелерди жана республикалык бюджеттен чыгымдарды талап кылбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, жогоруда аталган ченем жаратуу сунуштарын карап чыгуу жана “Кыргыз Республикасынын Жазык, Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстеринин жана Кыргыз Республикасынын Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексинин жаңы редакциясы жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлоруна жогоруда аталган ченем жаратуу сунуштарын киргизүү сунушталган.

### "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна сунуштар

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин орун басары Б. Зулпиевдин кайрылуусунун негизинде (2021-ж. 4-июнундагы чыг. №12-1525) жана “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору менен таанышкандан кийин, КР Юстиция министрлигинин дарегине төмөнкү сунуштар жөнөтүлгөн.

Бул мыйзам долбоорунун ушул сыяктуу мыйзамдын колдонуудагы редакциясынан айырмалоочу өзгөчөлүгү, ченемдик-укуктук актылардын түрлөрүнүн (КР Конституциясынан тышкары) алардын юридикалык күчүнө жана укуктук статусуна жараша так түзүлгөн иерархиясынын жоктугу болуп саналат.

Мыйзам долбоорунун 9-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ченемдик-укуктук актылар жөнгө салуу алардын предметине кирген чөйрөлөрдө колдонулат.

Ал эми ушул эле берененин 3-бөлүгүнө ылайык, ЧУА өзүнүн жөнгө салуу предметинин чегинен чыгып, башка ченемдик-укуктук актынын жөнгө салуу предметине таандык маселелерди жөнгө салган учурда, алардын ортосунда чыр-чатак келип чыгат жана жөнгө салуу предметине ушул ченемдик-укуктук актылардын деңгээлине карабастан, маселеге анын жөнгө салуу предмети болгон ЧУА колдонулат.

Башкача айтканда, мыйзам долбооруна ылайык, чыр-чатак чыккан учурда ченемдик-укуктук актылардын кайсынысы жогорку укуктук статуска ээ экендиги

эске алынбайт, тиешелүү маселени жөнгө сала турган бирөөсү колдонулат.

Ошону менен бирге, суроо ачык бойдон калууда, биринчиден, эгерде, мисалы, эки ченемдик-укуктук акт, алардын ортосунда карама-каршылыктар болгон учурда, укуктук мамилелердин бир эле тармагын жөнгө салса, башкача айтканда жөнгө салуунун жалпы предмети болсо жана ошол эле учурда тиешелүү маселени чечүүнүн жолдору таптакыр башка болсо кандай кылуу керек?

Биздин оюбузча, мыйзам долбоору тарабынан сунушталган жогорудагы идея укук колдонуу практикасында талаштуу жана карама-каршылыктуу кырдаалдардын пайда болушуна алып келет.

Экинчиден, мындай учурда укуктук ЧУАларды (Конституциядан тышкары) Конституциялык мыйзам, кодекс жана мыйзам сыяктуу түрлөргө бөлүү маанисин жоготот, анткени алардын ортосунда карама-каршылыктар пайда болгон учурда ЧУАнын тигил же бул түргө таандыктыгы жана анын укуктук статусу эч кандай роль ойнобойт.

Юридикалык күч даражасы боюнча ЧУАнын градациясынын жоктугу аларды аталышы жана түрлөрү боюнча бөлүүнүн маанисин жоготууга алып келет, ошондой эле укук колдонуу практикасында белгилүү бир башаламандыкка жана пикир келишпестиктерге алып келиши мүмкүн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын азыркы иштеп жаткан системасында камтылган ченемдик-укуктук актылардын артыкчылык принцибин сактоону сунуш кылуу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз жана ар кандай деңгээлдеги ченемдик укуктук актылардын ченемдеринде карама-каршылыктар болгондо кыйла жогорку деңгээлдеги актынын ченемдери колдонулууга тийиш. Ушундай эле принцип Россиянын, Казакстандын, ошондой эле укуктук системасы өнүккөн башка өлкөлөрдүн мыйзам системасында колдонулат.

Ушуга байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорунун 9-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүндө камтылган ченемди алып салуу жана анын ордуна төмөнкү мазмундагы ченемди кароо сунуш кылынат:

“Юридикалык коллизиялар пайда болгон учурда, анын артыкчылыгы төмөнкүдөй ырааттуулукта аныктала турган ченемдик-укуктук акт колдонулууга тийиш:

1) жогорку юридикалык күчкө ээ ченемдик-укуктук акт азыраак юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыдан артыкчылыкка ээ;

2) атайын ченемдик укуктук акт жалпы ченемдик-укуктук актыга караганда артыкчылыкка ээ;

3) кийинки ченемдик укуктук акт мурунку ченемдик актылардан артыкчылыкка ээ".

Негиздеме-маалымкаттын 1-пунктунда, мыйзам долбоору менен Кыргыз Республикасында кабыл алынуучу ченемдик-укуктук актылардын түшүнүгүн, түрлөрүн жана формаларын аныктоо сунушталып жатканы айтылат.

Бирок мыйзам долбоорунун тексти боюнча Кыргыз Республикасында кабыл алынуучу ченемдик-укуктук актылардын түшүнүктөрүнүн, түрлөрүнүн жана формаларынын аныктамаларын кандайдыр бир жол менен ачууга байкоо жүргүзүлбөйт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорунун текстине, жогоруда аталган сунуштарды эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

## “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору боюнча сунуштар

Коомдук талкууга чыгарылган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын расмий сайтында жарыяланган "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоору менен таанышкандан кийин төмөнкү сунуштар киргизилди.

Жогоруда аталган Мыйзамдын 20-беренесинде ушул конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 1 - бөлүгүнүн 2,3,5,6-пункттарында көрсөтүлгөн субъекттерге (башкача айтканда, президентке, КР ЖК, КР МК, КР ЖС) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин чечмелөө жөнүндө кайрылуу укугун кароо сунуш кылынат, алар Конституциялык сотко сунуш түрүндө кайрылууларды беришет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 109-беренесине ылайык Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жүзөгө ашырат.

Бул конституциялык ченемден көрүнүп тургандай, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) өлкөнүн аймагында адамдын конституциялык укуктарын коргоого ыйгарым укуктуу башкы мамлекеттик орган болуп саналат.

Өз кезегинде КР Конституциясында адам укуктарына алты бөлүмдөн турган бүтүндөй бөлүм (№2) арналган.

Ушуга байланыштуу, адам укуктарын коргоо боюнча укук колдонуу практикасын ишке ашыруунун жүрүшүндө КР Акыйкатчысында (Омбудсменде) КР Конституциясынын ченемдерин чечмелөөнү талап кылган маселелер келип чыгышы мүмкүн экендигине жол беребиз.

Муну менен катар, сунушталган мыйзам долбооруна ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын адам укуктары менен байланышкан ченемдери чечмелениши үчүн, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 3, 5, 6-пункттарында көрсөтүлгөн башка мамлекеттик органдардын дарегине кайрылууга жана алардан Конституциянын ченемдерин чечмелөө жөнүндө тиешелүү сунуштаманы КР Конституциялык сотуна киргизүүнү өтүнүүгө аргасыз болот.

Буга байланыштуу, башка мамлекеттик органдарга кошумча кайрылууларга убакытты жана күч-аракетти ашыкча коротууну болтурбоо жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин колдонууда пайда болгон талаш маселелерди тез арада жоюу, ошондой эле үзгүлтүксүз ишмердикти камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кызмат ордун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө баяндалган ченемдерди чечмелөө үчүн КР Конституциялык сотуна кайрылууга укуктуу субъекттердин катарына киргизүүнү сунуштайбыз.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын долбоорунун 20-беренесиндеги текст “6” цифрасынан кийин “, 9” цифрасы менен толукталсын жана андан ары текст боюнча.

Бирок КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) киргизген сунуштар эске алынбай калган.

**Эркиндигинен ажыратылган адамдардын майыптыкты белгилөөгө жана алууга укуктарын чектөө боюнча**

Мыйзамдардын ченемдеринин иерархиясын шайкеш келтирүүнү жана сактоону камсыз кылуу максатында, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Башкы прокуратурасынын дарегине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, КР Конституциясынын жоболоруна жана юридикалык күчү кыйла жогору болгон башка ченемдик-укуктук актыларга карама-каршы келгендиктен, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктун алып салуу зарылдыгы жөнүндө талабы менен, КР Өкмөтүнүн дарегине прокурордук Көңүл буруу актысын киргизүүсүн өтүнгөн.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктуна ылайык, медициналык-социалдык эксперттик комиссия (МСЭК) жаза өтөгөн жерлерде жүргөн жарандарга экспертиза жүргүзбөйт.

Муну менен бирге, “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, *ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жашаган жерине, категорияларына жана майыптыктын топторуна карабастан мамлекет кепилдеген социалдык жөлөк пулдарды, компенсацияларды жана кызматтарды алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ экендигин эске алуу зарыл.*

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык коргоого укугу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан майыптык тобу белгиленген учурдан тартып пайда болот.

Акыйкатчынын пикири боюнча, жазасын өтөгөн жерлерде соттолгондор мамлекет кепилдеген социалдык жөлөк пулдарды, компенсацияларды жана кызматтарды алууга мыйзамдуу укугунан ажыратылды, бул жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга каршы келет жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесине ылайык басмырлоочу көрүнүштөргө алып келет.

Андан кийин КР Башкы прокуратурасы КР Акыйкатчысынын укуктук позициясын колдоду жана 2021-жылдын 16-апрелинде аталган кырдаалды чечүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктун жокко чыгаруу зарылдыгы жөнүндө талабы менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине ченемдик-укуктук актынын бузулушун жоюу жөнүндө сунуш киргизди.

Белгилей кетсек, 2021-жылдын 1-июлунан тартып “Кыргыз Республикасынын көз

карандысыздыгынын 30 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө" мыйзам долбоору коомдук талкууга чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесине ылайык адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз иштейт, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин маанисин жана мазмунун аныктайт.

КР "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жашаган жерине, майыптыгынын категорияларына жана топторуна карабастан мамлекет кепилдеген социалдык жөлөк пулдарды, компенсацияларды жана кызматтарды алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык коргоого укугу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан майыптык тобу белгиленген учурдан тартып пайда болот.

Эгерде соттолгондорго майыптык категориясы берилбесе, анда мунапыс жөнүндө жогоруда айтылган мыйзам аларга жайылтылбай калуу коркунучу бар, бул адам укуктарын системалуу бузуу болуп саналат.

Буга байланыштуу, КР Акыйкатчы Институту тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын дарегине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктун жокко чыгаруу жана аталган чөйрөнү жөнгө салуучу жобонун талаптарын өзгөртүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү зарылдыгы жөнүндө Көңүл буруу актысын киргиздик. Маселе көзөмөлдө турат.

**Кызматтык ишмердигин ишке ашыруунун алкагында КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институту тарабынан "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын долбоору менен таанышуу жүргүзүлүп**, анын жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөр аныкталды.

"Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 2-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, прокуратура органдарына төмөнкүлөр жүктөлөт: мыйзамдардын, башка ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик бийлик органдары (КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын контролдоо чөйрөсүндөгү ишмердигинен тышкары), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары, ошондой эле иши мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган мекемелер жана уюмдар, же болбосо иши мамлекеттик каражаттарды пайдалануу менен байланышкан башка юридикалык жактар тарабынан так жана бир түрдүү аткарылышын көзөмөлдөө.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемден прокуратура (адам укуктарын коргоо боюнча иштен тышкары) КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) жана анын аппаратына карата кандай гана болбосун текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу экендиги көрүнүп турат.

Мыйзам долбоорунун жогоруда көрсөтүлгөн ченеми 2018-жылдын экинчи жарымынан тартып күчүнө кирген "КР Конституциясында белгиленген

прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” азыркы иштеп жаткан конституциялык Мыйзамдын ченемдеринен “өткөн”.

Ушул конституциялык Мыйзамды ишке ашыруу боюнча акыркы жылдардагы тажрыйба көрсөткөндөй, прокуратура органдарынын ыйгарым укуктарынын жогорулашы Омбудсмен менен прокуратуранын ортосундагы укуктук тең салмактуулуктун жоголушуна, ошондой эле кысым көрсөтүү үчүн кошумча каражат катары "жаңы алынган" бийлик ыйгарым укуктарын пайдалануунун жардамы менен акыркылардын үстөмдүк кылууга аракет кылышына алып келген.

Мисалы, жарандардын келип түшкөн даттанууларынын негизинде (арызда баяндалган конкреттүү фактылар боюнча) КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты прокуратура кызматкерлеринин аракеттеринин мыйзамдуулугун текшерди.

Бирок тилекке каршы, прокуратура органдарынын жетекчилиги кырдаалга объективдүү баа берүүнүн, болуп өткөн окуялардын чыныгы көрүнүшүн калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүүнүн ордуна, үзгүлтүксүз мүнөздөгү (башкача айтканда кандайдыр бир конкреттүү даттануу боюнча текшерүү менен байланышпаган бардык документтер катары менен текшерилет) жана иш жүзүндө зарыл болбогон ар кандай “жооп” текшерүүлөрдү демилгелөөгө аракет кылып жатат. Прокуратура ал тургай айрым анча-мынча же формалдуу кемчиликтерди да аныктап, аларга жол берген адамдарды жоопко тартууну талап кылып жатат.

Прокуратура органдарынын мындай “жооп аракеттеринде” (конкреттүү реалдуу даттануулар жок болгон учурда), биздин оюбузча, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын өкүлдөрүн моралдык жактан басынтууга, муну менен алардын прокуратура аракеттерине жарандардын даттануулары болушуна карабастан прокурордук кызматкерлердин аракеттеринин мыйзамдуулугун текшерүү каалоосун жокко чыгарууга умтулуусу байкалууда.

Мындай бир тараптуу кырдаал, биздин оюбузча, терс мүнөзгө ээ жана Кыргыз Республикасынын Омбудсмен институтун жасалма алсыратууга алып келет.

Буга байланыштуу, бирдей укуктук балансты камсыз кылуу максатында, прокуратура органдары конкреттүү даттануу жок болгон учурда үзгүлтүксүз пландуу текшерүүлөрдү жүргүзбөшү керек деп эсептейбиз, анткени мындай жагдайлар тең салмаксыздыкка жана КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) институтунун көз карандысыздыгына кол салууга алып келет.

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Мыйзамдын 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына ылайык, КРнын Акыйкатчысы кандайдыр бир мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына көз каранды эмес. Анын ишине кийлигишүүгө, ага ар кандай формада таасир этүүгө (анын ичинде Омбудсмендин иши ага түздөн-түз байланыштуу болгондуктан, анын аппаратына карата) тыюу салынат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

Прокуратура органдарынын мындай текшерүү иш чаралары прокуратура органдарынын мамлекеттик укук коргоо институтунун ишмердигине таасир этүү аракети катары эл аралык уюмдар тарабынан терс кабыл алынат. Бул Акыйкатчынын институттарынын көз карандысыздыгын камсыз кылуу кепилдигин камсыз кылуу боюнча адам укуктары жана эркиндиги жаатындагы эл аралык стандарттарга, Париж жана Белград принциптерине ылайык келбейт жана анын адам укуктарын жана эркиндигин коргоо боюнча ишмердигине белгилүү бир таасир этиши катары түшүнүлөт.

Республиканын прокуратура органдары тарабынан текшерүүлөр улантылган учурда жана Париж принциптери бузулган учурда эл аралык уюмдар бул фактыларды БУУнун Жылдык баяндамасына киргизүүнү пландашууда.

Ушуга байланыштуу мамлекеттик органдардын укуктук институттарынын балансынын тең салмактуулугун камсыз кылуу максатында КР Президентине "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Конституциялык мыйзам долбоордун 2-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун текстинде "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен)" сөздөрүнөн кийин "адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын көзөмөлдөө чөйрөсүндө" деген сөздөрдү алып салуу сунушталган.

Ушул эле берененин аягында КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) карата тийиштүү текшерүүнү мыйзамдарды бузуунун белгилүү абалы/факты боюнча гана жана ошол эле абал/факты боюнча прокуратура органдарына КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жасаган мыйзамды бузуусунун белгилүү факты жөнүндө маалыматты камтыган жарандын алдын ала кайрылуусунун (же болбосо тийиштүү мамлекеттик органдын актысынын) негизинде гана жүргүзүү жөнүндө прокуратура органдарынын укугун караган ченемди өзүнчө пункт менен толуктоо сунушталган.

Муну менен бирге "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Конституциялык мыйзамынын текстинде "КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) институтуна карата прокуратура органдарынын пландык, системалык жана укук бузуунун белгилүү бир фактына байланышпаган башка түрдөгү текшерүүлөрдү жүргүзүшүнө тыюу салынат" деп көрсөтүү сунуш кылынган.

КР Конституциясынын 105, 109 жана 110-беренелерин, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Мыйзамдын 8-беренесинин 19-пунктун, 8-2-беренесин, 13-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруунун алкагында "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Конституциялык мыйзамдын 20-беренесин төмөнкүдөй мазмундагы 8-бөлүк менен толуктоо сунушталган:

*«8. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамаларынын негизинде укук бузуулар жөнүндө билдирүүлөр боюнча прокуратура органдары тийиштүү текшерүүлөрдү жүргүзүшөт жана тастыкталган учурда аларды жоюу боюнча тийиштүү прокурордук чараларды көрүшөт".*

КР Президентинин Администрациясынын чыг. № 11-1315 12.07.2021-ж. расмий жообуна ылайык, "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" КР Конституциялык Мыйзам долбооруна карата Акыйкатчынын сунушу КР Президентинин Администрациясы тарабынан эске алынган жана жогоруда аталган сунуштун көчүрмөсү эске алуу жана иш жүргүзүүдө колдонуу үчүн КР Президентинин Жогорку Кеңештеги ыйгарым укуктуу өкүлүнө жөнөтүлгөн. Бирок

жогоруда аталган Акыйкатчынын сунуштары ишке ашырылбаган бойдон калууда.

**«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (КР Жазык кодексине, КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзам долбоорун талдоонун жүрүшүндө** мыйзам долбоордо «саясий кастык» түшүнүгүнүн укуктук аныктамасынын жок экендиги жана муну менен бирге сунуш кылган жаңылыктын тактык, түшүнүктүүлүк жана болжолдуулук талаптарына жооп бербегени аныкталды. Мындан тышкары, аталган жаңылык (ченем) социалдык жактан маанилүү маселелер боюнча бардык курч саясий талкууларды бардык кесепеттери менен кылмыш катары квалификациялоо мүмкүнчүлүгүнө жол берет.

Тажрыйба көрсөткөндөй, укук коргоо органдары «саясий кастыкка» байланыштуу иш-аракеттерди баалап жатып, бул сөз айкашынын эркин жана негизделбеген кеңири маанисин колдонушу мүмкүн.

Ошондуктан, бул сөз айкашынын мазмуну так, логикалуу, укук колдонуучу жана башка жактар үчүн түшүнүктүү болуш керек. Муну менен бирге киргизилген өзгөртүүлөрдүн максатка ылайыктуулугу объективдүү зарылчылык жана социалдык адилеттүүлүк принциптерине ылайык келиши керек жана аны колдонууда карама-каршылыкка алып келбеши керек.

Себеби мыйзамда белгиленген так түшүнүктүү аныктама жок болгон учурда укук колдонуу тажрыйбасында укук коргоо органдары «саясий кастык» терминин ар бири өз көз карашы боюнча, кеңири жана башкалардан бөтөнчө түшүнүшү мүмкүн.

Укук коргоо органдарынын мындай аракеттери тажрыйбада адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндигинин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Жогоруда аталган мыйзам долбоордун маалымкат-негиздемесине ылайык максаттары жана милдеттери катары экстремиссттик ишмердикке каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү кылмыш-жаза мыйзамдарын Шанхай кызматташтык уюмунун Экстремисттик ишмердикке каршы күрөшүү боюнча конвенциясына шайкеш келтирүү зарылчылыгы белгиленген.

Бирок жогоруда аталган Конвенцияга ылайык Кыргызстан үчүн кылмыш-жаза мыйзамдарына жана криминализацияга «саясий кастык» сыяктуу терминди киргизүү боюнча милдеттенме каралган эмес.

Ушуга байланыштуу, ШКУнун жогоруда аталган Конвенциясына шилтеме берүү менен кылмыш-жаза мыйзамдарына жана криминализацияга «саясий кастык» түшүнүгү сыяктуу өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө демилгени максатка ылайыксыз жана негизсиз деп эсептейбиз.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде КР Жогорку Кеңешине жогоруда эске алынган мыйзам долбоордон баш тартуу жана аны жеткире иштөө үчүн демилгечиге кайтарып берүү жөнүндө маселени карап чыгуу өтүнүчү менен кайрылуу жөнөтүлгөн.

КР Жогорку Кеңешинин комитетинин төрагасы Н. Никитенконун чыг. № 12-295/21 06.06.2021-ж. расмий жообуна ылайык, жогоруда аталган сунуш эске алынган, б.а. «саясий кастык» сөздөрү алып салынган жана мыйзам долбоору КР Жогорку Кеңеши тарабынан 2021-жылдын 27-майында комитет тарабынан сунуш кылынган редакцияда экинчи окууда кабыл алынган.

## Жоопкерлердин айрым категорияларын сотко кайрылган учурда мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотуунун максатка ылайыктуулугу боюнча

КР Акыйкатчынын (Омбудсменинин) наамына жаран П.Н. укуктарынын КР Жогорку соту жана КР Энергетика жана өнөр жай министрлиги тарабынан бузулушу боюнча абалды чечип берүү өтүнүчү менен кайрылган. Жогоруда аталган даттанууну кароонун жүрүшүндө төмөнкүдөй абалдар аныкталды:

БШСнын 15.01.2020-ж. чечими менен Бишкек жылуулук тармагынын доо арызы канааттандырылган жана жаран П.Н.дан 18 503 сом суммада дебитордук карызды жана 925 сом суммада мамлекеттик алымды өндүрүү чечими чыгарылган.

Жаран П.Н. 10.04.2021-ж. мамлекеттик алымды төлөбөгөнгө байланыштуу кассациялык даттанууну кайтарган БШСнын жогоруда аталган чечимин КР Жогорку сотуна даттанган.

«Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" КР Кодексинин 141-бер. 1-бөл. 22-п. ылайык жаран П.Н. мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушу керек. Себеби бул ченемге ылайык мамлекеттик алымды төлөөдөн керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого байланыштуу доолор боюнча доогерлер бошотулат.

Бирок КР Жогорку соту башка көз караштı карманат жана КР ЖПК 102-бер. 2-п.7-пунктчасына ылайык жаран П.Н. мамлекеттик алымдын суммасын төлөөгө милдеттүү, себеби бул иш боюнча ал доогер эмес, жоопкер болуп саналат.

Биздин оюбузча, жогоруда көрсөтүлгөн учурда КР Жогорку сотунун аракеттеринде мыйзам бузуулар болгон эмес, себеби, формалдуу түрдө П.Н. доогер эмес, жоопкер катары саналат, ал эми КР «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодексинин 141-беренесинин, 1-бөлүгүнүн 22-пунктунда көрсөтүлгөн ченем доогерлерге гана тиешелүү.

Ошол эле учурда, П.Н.нын билдирүүсүндө келтирилген далилдер логикалык негиздүүлүккө жана объективдүү максаттуулукка ээ. Анткени, чындыгында сотко арыз бергенде мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотуу объективдүү чындыктан жана жарандардын аярлуу категориясы үчүн колдоо жана белгилүү бир преференцияларды түзүү зарылчылыгынын негизинде мыйзамдарда каралат.

Ушул логикага таянып, мыйзам чыгаруучу керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого байланыштуу доолор боюнча мамлекеттик алымды төлөөдөн доогерлерди гана бошотту. Бирок, мыйзам чыгаруучу калкка жылуулук энергиясын берүү боюнча мамлекеттик монополиялык кызмат көрсөтүүдө айрым учурларда монополисттер береселерди төлөтүүнү талап кылуу аркылуу сотко берген керектөөчүлөр доогер катары эле эмес, жоопкер катары аярлуу абалда калышы мүмкүн экенин эске алган эмес, бирок ошону менен бирге алар тийиштүү сапатта жылуулук энергиясын берүү боюнча мурда кабыл алынган келишимдик милдеттенмелерди аткарган жок.

Мындай абалдарда керектөөчүлөр соттун чечимине макул болбогон учурларда сот актыларына даттанууларда мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулбайт, бул биздин оюбузча адилетсиздик болуп көрүнөт, анткени, мыйзам чыгаруучу тарабынан керектөөчү негизсиз түрдө калктын аярлуу катмарынын категориясына киргендигин жана ошондуктан доогер катары эмес, жоопкер катары да мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулууга муктаж экендигин талашсыз белгилеген.

Биздин көз караш боюнча ушул абал керектөөчүлөрдүн жоопкер катары же доогер катары таанылганына карабастан, алардын укуктарын коргоо боюнча ишке тиешелүү керектөөчүлөрдү мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотуу үчүн (калктын аярлуу катмары катарында) КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды демилгелөө үчүн негиз болуп кызмат кылат. Анткени КР Конституциясынын 104-беренесинде мыйзамдарда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүлөрдө катышкан жактар аны жүргүзүү үчүн жетишерлик каражатка ээ эместигин далилдеген бардык учурларда сот адилеттигин акысыз жүзөгө ашырууга кепилдик берилген.
КР Конституциясынын 61-беренесинин 1-пунктунда ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет деп айтылат.

Жетиштүү каражатынын жоктугунан калктын социалдык жактан аярлуу катмарынын категориясына кирген керектөөчү болуп саналган П.Н. мамлекеттик алымды төлөй албай, муну менен мурда чыгарылган соттук актыга даттануу жолу менен соттук тартипке өзүнүн укуктарын коргоо укугунан ажыратылган. Ошентип, мамлекеттик алымды төлөбөгөндүгүнө байланыштуу кассациялык даттанууну кайтарып берүүдө Жогорку сот КР мыйзамдарынын талаптарын бузган жок жана ошого жараша КР ЖС дарегине жооп берүү актысын багыттоо жөнүндө өтүнмө ээсинин өтүнүчү четке кагылышы керек.

Ошол эле убакта, өтүнмө ээсинин далилдеринде доогер катары эле эмес, жоопкер катары да чыккан керектөөчүлөрдү мамлекеттик алым төлөөдөн бошотууну караган КР мыйзамдарында өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тиешелүү сунуштарды киргизүүнүн логикалык жактан негизделген объективдүү максатка ылайыктуулугун камтыйт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Акыйкатчы мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекттерине доогер катары эле эмес, жоопкер катары да кайрылган керектөөчүлөрдү мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотууну караган КР мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгесин сунуштоо менен кайрылган.

## Жеңилдетилген насыяларды берүүдө айкындуулукту, адилеттүүлүктү жана тартипти камсыздоо зарылдыгы жөнүндө

Айылдын калкы менен жолугушууларды жүргүзүүдө жарандар тарабынан жеңилдетилген он пайыздык насыяларды берүү шарттары жөнүндө наразычылыктар айтылды, алардын оюу боюнча насыялар социалдык мүнөздү алып жүрүшү керек жана чындап муктаждарга берилиши керек, ал эми аларды берүү боюнча маалыматтар жашыруун болбошу керек.

Жеңилдетилген насыяларды абдан муктаж жана калктын социалдык жактан аярлуу катмары алышса туура болмок. Албетте, ошол эле учурда карыз милдеттенмесин кайтаруу кепилдиги камсыздалышы жана текшерилиши керек.

Ушул насыялар мамлекет тарабынан банктарга КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-февралындагы № 34 «“Айыл чарбасын каржылоо – 9” долбоорун бекитүү жөнүндө» токтомунун негизинде айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн арасында бул насыялар бөлүштүрүлүшү үчүн берилет.

КР Өкмөтүнүн жогоруда аталган токтомуна талдоо жүргүзүү учурунда кредиторлор арасында насыяларды бөлүштүрүүнүн тартиби жана шарттары

белгиленбегендиги ачыкталды, ошондой эле, жеңилдетилген 10 пайыздык насыяларды алуу үчүн талапкерлерге тандоо өткөрүүнүн негизинде конкреттүү критерийлер жок. Ошондой эле, ушул жеңилдетилген насыялар канча адамга, кимге жана канча көлөмдө берилиши керектиги тууралуу маселелер жөнгө салынбаган. Анын ичинде насыяларды алууга талапкерлердин кезегинин кыймыл тартиби каралган эмес.

Ушул маалымат жашыруун мүнөзгө ээ, насыя алуу үчүн кезекте турган талапкерлер кезек кыймылдап жатабы жана насыя алууга алардын кандайдыр бир мүмкүнчүлүгү барбы, эч нерсе билбестен кала беришет.

Жеңилдетилген насыя алуу талапкерлер үчүн ушул мааалыматтарды түшүндүрүү аларды алууга кызыкдар болгон дыйкандардын талаптары болуп саналат. Себеби, мындай жабыктык ушул сыяктуу жеңилдетилген насыялар адилеттүүлүк принциби боюнча эмес, банктын каалаганы боюнча жер-жерлерде туугандарынын, досторунун жана банк кызматкерлеринин жакындарынын арасында же кандайдыр-бир коррупциялык жолдор менен берилип жатат деген негизсиз кооптонууларды туудурат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Акыйкатчы (Омбудсмен) КР Министрлер Кабинетине мындан ары айыл чарбаны каржылоо боюнча долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн адилеттүүлүк, ачыктык, айкындуулук жана муктаждар арасында бирдей бөлүштүрүү жана ошондой эле насыя алуучулардын кезектешүү тартибинин ачык кыймылы принцибине негизделген жеңилдетилген насыяларды бөлүштүрүүнүн так механизмин иштеп чыгуу сунушу менен кайрылды.

## 1.5. КР Акыйкатчысынын 2021-жылдагы Көңүл буруу актылары

2021-жылы Акыйкатчы (Омбудсмен) институту адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна байланыштуу укук бузууларды жоюу же кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу зарылдыгы жөнүндө **115** Көңүл буруу актысын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жолдогон. 2021-жылдагы көңүл буруу актыларына болгон талдоолор төмөндөгүдөй жыйынтыктарды көрсөттү.

Акыйкатчынын Көңүл буруу актыларынын жалпы санынын жарымына жакыны боюнча оң чечимдер чыккан, жана аларда камтылган талаптар канааттандырылган (бузулган укуктар калыбына келтирилген жана/же тиешелүү адамдар жоопкерчиликке тартылышты). Көңүл буруу актылары ар кандай укуктук мамилелерге тиешелүү болду:

- тергөө баскычында кылмыш ишин негизсиз токтотуу;

- сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө сот органдары жана жактоочулар тарабынан жарандардын процесстик укуктарынын бузулушу;

- камакта жаткан адамдарды кармоо тартибин бузуу;

- эмгек талаш-тартыштары, алимент өндүрүү жана башка маселелер боюнча сот актыларын аткарбоо;

- Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы

тарабынан Акыйкатчынын кайрылууларынын жоопсуз калтырылышы;

- сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө сот органдары, прокурорлор жана жактоочулар тарабынан жол берилген процесстик бузуулар;

- жумушчуга карата эмгек мамилелерин ишке ашырууда жумуш берүүчү тарабынан кызматтык ыйгарым укуктардын кыянаттык менен пайдаланылуусу;

- COVID-19 менен ооруган медициналык кызматкерлерге акчалай компенсацияларды төлөөдөн мыйзамсыз баш тартуу;

- эркиндигинен ажыратуу жайларында статусун жана майыптыгынын тобун белгилөөдөн негизсиз баш тартуу;

- мамлекеттик органдар тарабынан аларга мурда жиберилген Акыйкатчынын кайрылууларына жооп бербөө же болбосо өз учурунда жооп бербөө;

- КР мыйзамдарын бузуу менен соттор тарабынан чыгарылган актылар;

- соттордун чечимдерин аткарбоого байланышкан жарандардын укуктарынын бузулушу;

- тергөө стадиясында кылмыш ишин кароонун мөөнөтүн негизсиз создуктуруу;

- соттор тарабынан соттук отурумдардын тартибинин бузулуусу;

- кызматтык ишмердигин жүзөгө ашыруунун алкагында тактоону талап кылган маалыматтарды алууда Акыйкатчынын өкүлүнө тоскоолдук келтирүү;

- жумушун калыбына келтирүү боюнча соттук чечимдерди аткарбоо;

- мектеп администрациялары тарабынан коопсуздук шарттарын жана окуучулардын саламаттыгын коргоону камсыз кылуу боюнча талаптардын сакталбагандыгы.

2021-жылы жөнөтүлгөн Акыйкатчынын көңүл буруу актыларынын айрымдары боюнча төмөндө кененирээк баяндалат.

### Жерге байланыштуу коррупциялык укук бузуулар жөнүндө

Акыйкатчынын дарегине Ленин айыл аймагынын жашоочулары жерлерди жеке турак жай куруу үчүн башка адамдарга мыйзамсыз (өзгөчө мамлекеттик жерди) сатып жаткан жер коррупциясына байланыштуу фактылар менен кайрылышкан, ошол эле учурда Ленин айыл аймагында жалпысынан үй-жайы жок жана жеке турак жай (ЖТК) куруу үчүн жер тилкелерин алууга кезекте турган адамдардын саны 1 200 адамдан ашык болгон,  аларга жеке турак жай курууга жер жок болгондугуна байланыштуу жер тилкелерин берүү мүмкүн эместиги айтылган.

Акыйкатчынын тиешелүү кайрылуусунан соң (19.06.2020-жыл. № 19-22691), Кыргыз Республикасынын Премьер-министри К. Бороновдун тапшырмасынын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экология жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын (мындан ары - ЭТКМИ) 21.09.2020-жылдагы №02-7/220 буйругу менен Аламүдүн районунун Ленин айыл өкмөтүндөгү жерге байланыштуу коррупциялык фактыларды текшерүү боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн (мындан ары - комиссия).

Комиссиянын курамына ЭТКМИ, КР Акыйкатчысы, ИИМ, ЖӨБ жана Этностор агенттиги, Мамкурулуш агенттиги, Жер агенттигинин («Кадастр» МИ) өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү кирген. Иштин жүрүшүндө комиссия тарабынан төмөндөгүдөй мыйзам бузуулар аныкталган.

Алсак, мисалы, аянты 15,27 гектар болгон 1382-контурдагы жер (Ленин айыл аймагында жайгашкан) коррупциялык схемалардын натыйжасында, 2016-жылдан баштап Аламүдүн айыл өкмөтүнүн кызматкерлери (башкача айтканда, башка айыл өкмөтүнүн аймагында!) өз алдынча же ар кандай шылуундар аркылуу мамлекеттик айыл чарба жерлерин 4 сотыхтан бөлүп жана алардын ар бирин жасалма документтер аркылуу 4 000 АКШ долларынын тегерегинде сатышкан. Жалпысынан 260 жер участкасы сатылган, ал эми жогорудагыдай корупциялык алдоо жолу менен алынган финансылык каражаттар бир миллиондон ашык АКШ долларын түзөт.

Мамлекеттик жерлерди мыйзамсыз сатууга Аламүдүн айыл өкмөтүнүн администрациясынын катыштыгы бар экендигин Аламүдүн айыл өкмөтүнүн мөөрү басылган жасалма токтомдордун болушу эле эмес, бул айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Көлбаевдин өзү дагы мамлекеттик айыл чарба жерлерин төмөнкүдөй жолдор менен мыйзамсыз электрлештирүүгө түздөн-түз катышкан факты дагы тастыктап турат:

- жогорку чыңалуудагы электр өткөргүчтөрүн тартуу, ТП-2025 трансформаторду көмөк чордонун орнотуу жана өз балансына кабыл алуу;
- Аламүдүн районунун РЭТинин жана электр энергиясын сатуу кызматынын жетекчилери менен электрлештирүү боюнча тиешелүү келишимдерди түзүү.

Ошондой эле комиссия мамлекеттик айыл чарба жерлерин мыйзамсыз электрлештирүүдө Мамэкотехинспекциянын кызмат адамдарынын катыштыгы бар экендиги боюнча фактыны дагы аныктады.

Алсак, мисалы, 2017-жылдын 11-октябрында КРнын Өкмөтүнө караштуу Экология жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын Аламүдүн жана Ысык-Ата райондору боюнча аймактар аралык башкармалыгынын инспектору Максат Турдукожоев мыйзамсыз сатылган жана аянты 15,27 гектар 1382-контурдун үйлөр курулган бөлүгүнө ТП-2025 трансформатордук көмөк чордонун кошуу боюнча буйрукка кол койгон.

Мындан тышкары, мамлекеттик жерлерди мыйзамсыз сатуу жана үйлөрдү куруу турак үйлөрдү куруудагы коопсуздук шарттарын сактоо боюнча мыйзамдардын талаптарын бузуу менен болгон. Тактап айтканда, мыйзамсыз сатылган жана аянты 15,27 гектар 1382-контурдун үйлөр курулган бөлүгүндө, жердин алды менен, жумушчу басымы 1,2ден 2,5 Мпа чейинки, экинчи класстагы, Ду 530 мм жогорку басымдуу Бишкек-Кант-Токмок магистралдык газ түтүгү өтөт.

02.05.06-85 сандуу КНжЭнин 3.16-пунктундагы талаптарга ылайык (4-таблица, 1-бөлүмчө), жер алдындагы газ түтүктөрүнүн нугу калктуу пункттардан 125 метрден кем эмес алыстыкта болушу керек. Бирок мыйзамсыз үйлөр курулган көп тилкелер (Н. Көлбаев тарабынан ийгиликтүү жайгаштырылган) 02.05.06-85 сандуу КНжЭнин 3.16 -пунктундагы (4-таблица 1-бөлүмчө) талаптарды бузуу менен газ түтүгүнүн үстүндө жайгашкан.

Бул жагдайда Аламүдүн айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Көлбаев жана Ленин айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы К. Бекова, Аламүдүн районунун РЭТинин жана

электр энергиясын сатуу кызматынын кызмат адамдары, ошондой эле Мамэкотехинспекциянын кызматкерлеринин өз ара биргелешкен аракеттери мыйзамдардын талаптарын бузуп, мамлекеттик айыл чарба жерлерин жараксыздыкка алып келүү жана мыйзамсыз сатуу үчүн шарт түзгөндүгү коррупциялык байланыштардын бар экендиги жөнүндөгү пикирге алып келет.

Жогоруда белгиленген жер коррупциясына байланыштуу кылмыш жасалгандыгы тууралуу бардык фактылар боюнча 2020-жылдын май айында жергиликтүү тургундар Аламүдүн районунун акими М. Саккараевге кайрылышып, райондук деңгээлдеги ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн. Бирок бул комиссия өз милдеттерине формалдуу түрдө гана мамиле жасаган жана аянты 15,27 гектар 1382-контурдун бөлүгүндөгү мамлекеттик жерлерге байланыштуу болуп жаткан мыйзам бузууларды таптакыр караган эмес, ал тургай кайрылуу ээлерин чакырбастан, кайрылуу ээлерине берилген кат жүзүндөгү жоопто аларды чакыргандыгын, ал эми алар болсо келбегендигин айтып, жалган билдирүү берген.

Өз кезегинде Аламүдүн райондук прокуратурасынын кызматкерлери 2020-жылдын июнь айында жеринде текшерүү жүргүзүшкөндө мыйзамсыз курулган үй ээлеринин колунда Аламүдүн айыл өкмөтүнүн жасалма токтомдору болгондугу аныкталып, Ленин айыл өкмөтүнүн жетекчилигине карата козголгон кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүш дайындалган жана материалдар Аламүдүн РИИБне өткөрүлүп, КР ЖК (кызматтык коррупциялык кылмыштарды жасоо фактылары болгонуна карабастан) 331-беренесинде каралган (шалаакылык) кылмыш белгилери боюнча №03-158-2020-000019 жамааттык арыз КЖБРине катталган. Аламүдүн РИИБи бул кылмыш ишинин алкагында алты ай бою эч кандай иш жүргүзгөн эмес.

Жарандардын КР Башкы прокуратурасына бир канча жолку даттанууларынын натыйжасында, 2021-жылдын январь айында жогорудагы кылмыш иши Чүй ИИБнин тергөө кызматынын тергөө тобуна берилген, алар дагы коррупциялык кылмыштарды жасоо фактылары ачык көрүнүп тургандыгына карабастан, азыркы күнгө чейин тиешелүү иликтөө иштерин жүргүзбөй келет.

Мындай жагдайлар Чүй ИИБнин тергөө тобунун тергөөчүлөрүнүн же кесипкөйлүк жөндөмсүздүгүн, же болбосо жасалма тоскоолдук жаратуу, создуктуруу жана кылмыш ишин тиешелүү түрдө карабоо жагдайларын жаратуу аракеттери, алардын коррупциялашкан кызыкчылыктарын көрсөтүп турат. Тилекке каршы, Чүй облустук прокуратурасы жогорудагы кылмыш иши боюнча иликтөөнүн жүрүшүнө тиешелүү көзөмөлдү камсыздай албай келет.

Жогоруда келтирилген жагдайда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү райондук мамлекеттик администрациясынын, энергетикалык сектордун, Мамэкотехинспекциянын жана укук коргоо органдарынын коррупциялык өз ара байланыштарынын фактылары боюнча толук жана абсолюттук макулдашуу жана аракетсиздик бар.

Жасалма документтер менен мамлекеттик жерлерди мыйзамсыз сатууга байланышкан жогорудагы бардык кылмыштарды жана башка мыйзам бузууларды жашыруу максатында Ленин айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы К. Бекова Ленин айылдык кеңешине жогорудагы көрсөтүлгөн бардык жерлердин контурларын (Аламүдүн айыл өкмөтүнүн жасалма токтому боюнча сатылган мамлекеттик жерлер, ошондой эле башка мыйзам бузуулар) Аламүдүн айыл өкмөтүнүн пайдасына өткөрүп берүү жөнүндө сунуш киргизген.

Ушуга байланыштуу 12.02.2018-жылы Ленин айылдык кеңеши № 1382, 1410, 1416, 1418, 1384, 1386, 1388, 1389-контурлардагы жер тилкелерин Аламүдүн айыл өкмөтүнүн  пайдасына өкөрүп берүү жөнүндө №51 жана №52 токтомдорду кабыл алат.

Ошондой эле өзгөчө баалуу сугат жерлерге мыйзамсыз үй куруу үчүн 15.04.2019-жылы Ленин айылдык кеңеши  № 1354, 1352-контурлардын бир бөлүгүнүн жер участкаларын Аламүдүн айыл аймагына өткөрүп берүү жөнүндөгү №13 токтомду кабыл алган.

Жогорудагы токтомдорду аткаруунун алкагында, 2018-жылдын апрель айында Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы К.Бекова аталган жерлердин контурларын Аламүдүн айыл аймагына өткөрүп берүү жөнүндөгү №36 токтомун чыгарган. Ошондой эле Аламүдүн айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Көлбаев жогоруда белгиленген жерлердин контурларын кабыл алуу жөнүндөгү №44 токтомду 07.05.2018-жылы чыгарган.

Жалпысынан мыйзамсыз берүү, сатуу жана үй куруу менен байланышкан коррупциялык фактылардан улам 300 гектардан ашык жер, анын ичинде АЧЖМФнын 57 гектардан ашык мамлекеттик жерлери жок болгон.

Ошону менен бирге эле Ленин айылдык кеңешинин жана Ленин айыл өкмөтүнүн жогоруда белгиленген чек араны өзгөртүүнү караган бардык токтомдору КРнын мыйзамдарынын талаптарын одоно түрдө бузуу менен чыгарылган.

***Биринчиден,*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин кароонун тартиби жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Административдик-аймактык түзүлүштөрдүн маселелерин жана географиялык аталыштарды кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишмердиги жөнүндө Жобонун 3-пункту төмөнкүлөрдү карайт:

- тиешелүү аймактагы айылдардын жашоочуларынын жыйынында административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин кароону жана жергиликтүү жамааттын кабыл алган чечимдерин протоколдук тариздөөнү;
- жергиликтүү жамааттын кабыл алган чечими тиешелүү жергиликтүү кеңештин сессиясында токтом кабыл алуу менен каралууга жатат.

Бирок жогоруда айтылган чектерди өзгөртүү жөнүндөгү жана Ленин айыл аймагынын 300 гектардан ашык жерин Аламүдүн айыл аймагынын пайдасына өткөрүп берүү жөнүндө токтомдор тиешелүү аймактагы айылдардын жашоочуларынын жыйынында таптакыр талкууланган эмес, жана ошол себептен жергиликтүү жамааттын кабыл алган чечимдерин протоколдук тариздештирүү болгон эмес.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтомунун талабына ылайык, чектерди өзгөртүүнү демилгелөөнүн жол-жобосу башынан эле бузулган жана жергиликтүү жамаат менен макулдашылган эмес.

***Экинчиден,*** КРнын Юстиция министрлигинин 26.05.2021-жылдагы чыг. №М-3057 болгон жазуу түрүндөгү расмий жообуна ылайык, Ленин айылдык кеңешинин 2018 жана 2019-жылдардагы Аламүдүн айыл аймагына 300 гектар жерди (анын ичинде 57 гектар АЧЖМФнын жерлери) өткөрүп берүү жөнүндөгү токтому  КР

Ченемдик-укуктук актылардын бирдиктүү реестрине катталган эмес.

Ал эми 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, Ченемдик-укуктук актылардын мамлекеттик реестрине кирбеген ченемдик-укуктук акт (башкача айтканда, Ленин айылдык кеңешинин токтому) юридикалык күчкө ээ эмес. Ошентип, Ленин айылдык кеңешинин 2018 жана 2019-жылдардагы Аламүдүн айыл аймагына 300 гектар жерди (анын ичинде 57 гектар АЧЖМФнын жерлери) өткөрүп берүү жөнүндөгү токтому юридикалык күчкө ээ эмес.

***Үчүнчүдөн,*** 1352, 1354-контурлардагы жерлерди берүү контурду бир канча бөлүккө бөлүүнү карайт, ал белгилүү бир деңгээлде шахмат тактасын эске салат жана чачыранды мүнөзгө ээ.

Контурларды мыйзамсыз үй куруу үчүн иш жүзүндө ушундай жол менен, абсолюттук түрдө ойлонуштурулбаган абалда бөлүштүрүү сугаруунун ирригациялык тутумунун бузулушуна алып келет, натыйжада айыл чарба жерлерин максаттуу багыт боюнча пайдалангысы келген башка жер ээлери жабыр тартат. Бул абал көп сандагы чыр-чатактарга жана айыл чарба өндүрүшүндөгү жоготууларга алып келет.

***Төртүнчүдөн,*** айрым жер үлүштөрү жер ээлеринин макулдугусуз жана алардын эркине каршы өткөрүлүп берилүүдө. Бирок, буга карабастан, жерлерди өткөрүп берүү жөнүндөгү документтерде жерлердин бардык ээлери жерди башка айыл аймагынын карамагына өткөрүүнү суранып жаткандыгы боюнча жалган маалымат берилет.

***Бешинчиден,*** мурдагы башчы Бекова, Ленин айылдык кеңешинин мурдагы курамы, Аламүдүн айыл өкмөтүнүн башчысы жана Аламүдүн айылдык кеңеши Өкмөттү (азыр Министрлер кабинетин) алдап, өздөрүнүн токтомдорунда жер максаттуу багытын жана менчик формасын өзгөртпөстөн берилип жаткандыгын көрсөтүп жатат.

Ал эми чындыгында, ал тургай Өкмөттүн (азыркы Министрлер кабинети) жана Жогорку Кеңештин жогоруда белгиленген жерлерди өткөрүп берүү жөнүндө тиешелүү чечимди качан кабыл аларын күтпөстөн эле, Аламүдүн айыл өкмөтүнүн администрациясы үлүш ээлеринин жерлери сыяктуу эле, АЧЖМФнын жерлеринде дагы интенсивдүү түрдө иштерди жүргүзүүдө.

Ошентип, Аламүдүн айыл өкмөтүнүн жетекчилиги жерди өткөрүп берүүнү демилгелөө боюнча эки кеңештин эки тараптуу макулдашуусунун негизги шарттарын бузуп, бул алардын максаттуу багытын жана менчик формасын өзгөрткөн.

Мамлекеттик айыл чарба жерлеринин (башында айтылгандай) максаттуу багытынын жана менчик формасынын бузулушуна башчы Найзабек Көлбаевдин катыштыгы бар экендигин анын «Түндүкэлектро» ААКы менен түзгөн электрлештирүү, трансформатордук көмөк чордонду (ТП-2025) орнотуу жана аларды өз балансына алуу боюнча келишимдер тастыктайт.

***Алтынчыдан,*** АЧЖМФнын мамлекеттик жериндеги мыйзамсыз сатылган жана бир бөлүгүнө үйлөр курулган аянты 15,27 гектар 1382 контурунда жердин алды менен, жумушчу басымы 1,2ден 2,5 Мпа чейинки, экинчи класстагы, Ду 530 мм жогорку басымдуу Бишкек-Кант-Токмок магистралдык газ түтүгү өтөт. 02.05.06-85 сандуу КНжЭнин 3.16 пунктундагы талаптарга ылайык (4-таблица, 1-бөлүмчө), жер алдындагы газ түтүктөрүнүн нугу эки тарабынан тең калктуу пункттардан 125

метрден кем эмес алыстыкта болушу керек.

Бирок мыйзамсыз курулуштарды жүргүзгөндөрдүн көбү (Н. Көлбаев ийгиликтүү жайгаштырган) 02.05.06-85 сандуу КНжЭнин 3.16 пунктундагы талаптарды бузуу менен дал газ түтүгү кеткен жерде жайгашышкан.

Ошентип, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана укук коргоо органдарынын макулдугу менен жасалган, бийликтин жергиликтүү органдарынын катышуусунда сугат, айдоо жерлерди мыйзамсыз бөлүү, сатуу жана үй куруу боюнча көп сандаган коррупциялык схема көрүнүп турат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде сунуш кылабыз:

**а) Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:**

- Ленин айыл аймагындагы 1418, 1416, 1410, 1382, 1384, 1386, 1388, 1389, 1354, 1352, жана башка контурларда жайгашкан өзгөчө баалуу айдоо сугат жерлерин Аламүдүн айыл аймагына берүүдөн баш тартуу, анткени бул жагдайда алдамчылык иш-аракеттерин жасоо менен жерге байланыштуу коррупция фактыларын жаап-жашыруу аракети орун алган;

- Аламүдүн айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Көлбаевди кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн ээлеген кызматынан бошотууга чейин тартиптик жазага тартуу боюнча чараларды кабыл алууга көмөк көрсөтүү.

**б) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

- Чүй ИИБнин тергөө кызматынан № 03-158-2020-000019 сандуу кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүш материалдарын андан ары иликтөө үчүн КР УКМКсынын Башкы тергөө башкармалыгына өткөрүп берүүгө көмөк көрсөтүү. Анткени Чүй ИИБнин тергөө тобу (анын ичинде КР УКМК Чүй облустук тергөөчүсүнүн катышуусу менен) тиешелүү иликтөөнү жүргүзбөй жана иликтөөнүн мөөнөтүн создуктуруп жатат.

### Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан менчик укуктарынан мыйзамсыз ажыратуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына (мындан ары – Акыйкатчынын аппараты) Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Кажы-Сай айылынын жашоочулары арыз менен кайрылышып, Кажы-Сай айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан мыйзамсыз иш-аракеттер жасалган фактылар боюнча, тактап айтканда, арыз ээлерине тиешелүү болгон Кажы-Сай айылы, Тоолуу Проспект көч., № 32, 34, 30, 39, 41 дарегиндеги батирлерди «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынын пайдасына мыйзамсыз сатып жаткандыгын билдиришкен.

Акыйкатчы аппараты тарабынан жогоруда айтылган кайрылууларды иликтөөнүн жүрүшүндө (кароодо) төмөндөгүлөр белгилүү болгон. 2007-жылы Кажы-Сай айылдык башкармалыгы Ысык-Көл облусунун райондор аралык сотуна ээси жок батирлерди (Кажы-Сай айылы, Тоолуу Проспект көч., № 32, 34, 30, 39, 41-үйлөрдө жайгашкан) Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын муниципалдык менчигиндеги батирлер деп табуу жөнүндө арыз менен кайрылган. Ысык-Көл облусунун райондор аралык сотунун 26.06.2007-жылдагы чечими менен Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын доо арызы толугу менен канааттандырылган.

Аталган соттук актынын негизинде Кажы-Сай айылдык кеңешинин 27.07.2007-жылдагы кезексиз жыйынынын чечими жана 27.08.2007-жылдагы кезексиз жыйындын токтому менен 27.08.2008-жылы Кажы-Сай айылдык башкармалыгы

жана «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынын ортосунда макулдашуу (келишим) түзүлгөн, анда төмөнкүдөй төрт пункт көрсөтүлгөн:

1. Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын муниципалдык менчигиндеги Кажы-Сай айылы, Тоолуу Проспект көч., үй № 32, 34, 30, 39, 41 дарегиндеги үйлөрдү «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсына сатуу.

2. Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын муниципалдык менчигиндеги Кажы-Сай айылы, Тоолуу Проспект көч., үй № 32, 34, 30, 39, 41 дарегиндеги үйлөрдү аянты 4,6 га болгон жер участкалары менен бирге «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсына бекитип берүү.

3. Кажы-Сай айылы, Тоолуу Проспект көч., № 32-80, 30-52, 41-52, № 39-28 үйлөрдү толугу менен оңдоп-түзөөдөн өткөргөндөн кийин 10% батирлерди Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жана алынган көп батирлүү үйлөргө саркынды суулар үчүн септиктерди куруп берүүгө, канализация орнотуу жана электр түйүндөрүн оңдоодон өткөрүү, ошондой эле аталган көп батирлүү үйлөрдүн суу түтүктөрүн жыл сайын оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсын милдеттендирүү.

4. Кажы-Сай айылы, Тоолуу Проспект көч. дарегиндеги № 32-80, 30-52, 41-52, № 39-28 көп батирлүү үйлөрдүн абалы тууралуу акт түзүүнү жер, турак жай жана коммуналдык менчик боюнча 1-категориядагы адис Т. Молдобаевге тапшыруу.

Бирок Ысык-Көл облусунун прокурору талашка түшкөн көп батирлүү үйлөр муниципалдык эмес, мамлекеттик менчикке өтүүсү керек болчу деген жүйөнү келтирүү менен 26.06.2007-жылдагы Ысык-Көл облусунун райондор аралык сотунун жогорудагы чечимин кайра кароо жөнүндөгү сунуш менен райондор аралык сотуна кайрылган жана Ысык-Көл облусунун райондор аралык сотунун 12.06.2008-жылдагы аныктамасы менен прокурордун кайра кароо жөнүндөгү сунушу жаңы ачылган жагдайларга байланыштуу канааттандырылган.

Бирок Ысык-Көл облусунун райондор аралык сотунун 26.06.2007-жылдагы чечими жокко чыгарылганга чейин «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсына өткөн айрым көп батирлүү үйлөр (батирлерде жашагандар менен бирге) башка кызыкдар болгон жана үчүнчү жактарга мыйзамсыз сатылып кеткен.

Белгилеп коюу зарыл, Кажы-Сай айылдык кеңешинин 27.07.2007-жылдагы кезексиз жыйынынын чечими жана 27.08.2007-жылдагы кезексиз жыйындын токтому мыйзамсыз болуп саналат, анткени Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын башчысы К. Исаев айкалыштыруу жолу менен айыл башкармалыгынын башчысы жана айылдык кеңештин төрагасы кызматтарын мыйзамсыз ээлеп келген.

Андан тышкары, Кажы-Сай айылынын айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысынын милдетин аткаруучу (ошол учурда) Д. Черикбаев чындыгында Кажы-Сай айылдык кеңешинин 27.07.2007-жылдагы жана 27.08.2007-жылдагы кезексиз жыйындары болбогондугун сотто билдирген. Буга окшогон жазуу түрүндөгү түшүнүк каттарды ушул кеңештин ошол учурдагы депутаты болуп турган адамдар да беришкен.

Жогоруда келтирилген жагдайлар Кажы-Сай айылдык кеңешинин белгиленген документтери жасалма экендигин жана аларды Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын башчысы К. Исаев түзгөндүгүн далилдеп турат.

Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын башчысы К. Исаев тарабынан Кажы-Сай айылдык кеңешинин кезексиз жыйындары болгондугу тууралуу жалган токтомдор жана чечимдерди даярдоо, ошондой эле 12.05.2009-жылы ээси жок батирлерди сатуу фактылары боюнча Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү мамлекеттик кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча башкармылыгы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 304-беренесинин 1-бөлүгү жана 315-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыштардын белгилери боюнча кылмыш иши козголгон. Тоң райондук сотунун 16.04.2016-жылдагы өкүмү менен К. Исаев 30 000 сом айып салынуу менен күнөөлүү деп табылып, Ысык-Көл облустук сотунун чечими менен күчүндө калтырылган.

Бирок Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 19.09.2019-жылдагы аныктамасы менен биринчи жана экинчи инстанциядагы актылар жокко чыгарылган жана бул кылмыш иши кошумча иликтөө үчүн тергөө органдарына берилген.

Белгилеп коюу керек, Тоң райондук сотунун 25.09.2013-жылдагы чечими жана КР Жогорку сотунун 14.01.2015-жылдагы токтому менен № 8, 32, 42, 54, 58, 59, 68, 69, 72, 76, 30, 78, 35-батирлерден башка № 34-үй, № 32, 34, 30, 39, 41-үйлөр (батирде жашап жаткандар менен бирге) Кажы-Сай айылдык башкармалыгынын муниципалдык менчиги деп таанылган.

Тоң райондук сотунун 25.09.2013-жылдагы чечиминин негизинде 2013-жылдын 28-декабрында Кажы-Сай айылдык башкармалыгы жана «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынын ортосунда кошумча макулдашуу (келишим) түзүлгөн (мурда түзүлгөн 27.08.2008-жылдагы келишимге кошумча), анда эки тарап мурда түзүлгөн келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө макул болгон жана ал төмөнкүдөй мазмундагы сөздөр менен толукталган: 1-п. «2020-жылдын төртүнчү кварталында 6 (алты) жылдык мөөнөттө бүтүрүү» (28.12.2013-жылдагы кошумча макулдашуу). Бирок азыркы учурга чейин жогоруда айтылган макулдашууда көрсөтүлгөн милдеттенмелер «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсы тарабынан азыркы күнгө чейин аткарыла элек, анткени Кажы-Сай айылдык кеңешинин 27.07.2007-жылдагы кезексиз жыйынынын чечими, 27.08.2007-жылдагы кезексиз жыйындын токтому жана 27.08.2008-жылы Кажы-Сай айылдык башкармалыгы менен «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн макулдашуу (келишим) башынан эле мыйзамсыз болгон. Андан тышкары, кошумча макулдашууда көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруу мөөнөттөрү 2020-жылы бүткөн.

Ошондой эле, Тоң райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан берилген маалымкатта 2021-жылга чейин «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынан жергиликтүү бюджетке бир дагы сом түшкөн эмес. Ошентип, «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсы алгач түзүлгөн жана кошумча түзүлгөн келишимдер боюнча дагы өзүнүн милдеттерин таптакыр аткарган эмес.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана Кажы-Сай айылдык кеңешинин (башкармалыгынын) жогоруда сөз болгон чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына туура келбегендигине байланыштуу, Акыйкатчынын аппараты тарабынан райондун прокуроруна прокурордук көңүл буруу актысын киргизүү, анын ичинде төмөнкү документтерди:

- Кажы-Сай айылдык кеңешинин 27.07.2007-жылдагы кезексиз жыйынынын чечимин;
- 27.08.2007-жылдагы кезексиз жыйындын токтому;

- 27.08.2008-жылдагы Кажы-Сай айылдык башкармалыгы менен «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн макулдашуу (келишим);

- 2013-жылдын 28-декабрындагы Кажы-Сай айылдык башкармалыгы менен «Квинтиллион Тур-1» ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн кошумча макулдашууну жараксыз деп табуу үчүн сотко кайрылуу сунушу берилди.

Ошондой эле буга окшогон сунуштар (сунуштамалар) Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Кажы-Сай айыл өкмөтүнүн башчысына жана Кажы-Сай айылдык кеңешинин төрагасына берилди.

Азыркы учурда Акыйкатчы аппаратынын жогорудагы сунуштарын кароонун жыйынтыктары күтүлүп жатат.

**Ош шаарынын мэриясы тарабынан турак жайга болгон укуктардын бузулушу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына Ош шаарында жашаган, ишке жарамсыз жана бала чагынан майып, 1968-жылы туулган жаран Б. Х. кайрылды. Арызда Б. Х. өзүнө батир берүү тууралуу мурда Ош шаарынын мэриясына кайрылгандыгын билдирет. Бирок батир жок болгондугуна байланыштуу Ош шаарынын мэриясы ага 21.10.2015-жылдагы № 331 сандуу Ош шаардык мэриясынын токтомунун негизинде, Ош ш., ж/к «Амир Темур» турак жай конушуна № 820, 209-квартал дарегинен жеке турак жай куруу үчүн аянты 500 м.кв. жер участкасын берген.

Аны менен катар эле тиешелүү мамлекеттик каттоо органы тарабынан жогорудагы жер тилкесинин ээси жок экендиги тууралуу документ берилген. Айтылган жер участкасына 25.02.2018-жылы жеке менчик укугу жөнүндөгү № 643590 мамлекеттик акт берилген. Андан кийин Б. Х. тиешелүү жерге үй салган.

Болжол менен 2019-жылдын март айында 21.10.2015-жылдагы Ош шаардык мэриясынын № 331 токтомун жараксыз деп табуу жөнүндө Т. Ш. доо арызы боюнча Ош облусунун райондор аралык сотунун чакыруу кагазын Б. Х. га беришет, анткени Ош шаардык мэриясынын 2008-жылдын 28-майындагы №1115 токтомунун негизинде аталган жер тилкеси Т. Шга берилгендиги айтылган. Ал колу бошобогондуктан жер тилкесин Мамкаттоо аркылуу өзүнө жаздыра албай жүргөндүгүн айткан.

Ош облусунун райондор аралык соту өзүнүн чечими менен Т. Ш. доо арыз берүүсү үчүн эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирген. Чечим күчүнө кирген. Андан кийин Т. Ш. КР Жогорку сотуна чейинки бардык соттордо утуп, 21.10.2015-жылдагы Ош шаардык мэриясынын №331 токтомун жараксыз деп табуу жөнүндө чечим чыгып, жыйынтыгында талаш жер Т. Шнын менчигине өткөн.

Соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө Ош шаардык мэриясынын өкүлү толугу менен Т. Шнын 21.10.2015-жылдагы Ош шаардык мэриясынын № 331 токтомун жараксыз деп табуу боюнча далилдерин толугу менен колдогон. Ошентип Ош шаардык мэриясы (өзүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу) жогоруда айтылган үйдү курууда Б. Хга башка жер участкасын берүү менен өзгөчө ири суммадагы (матералдык чыгымдар жана күч жумшоо түрүндөгү) жоготууга алып келген одоно түрдөгү катачылыктарды кетиргендигин негизинен моюнга алган.

2021-жылы арыз ээси талаш жердин ээси Т. А. экендигин, аны 19.01.2021-жылы Т. Шдан 1 (бир) миллион сомго сатып алгандыгын билет. Азыркы учурда Т. А. талаш жерде курулган үйдү түрттүрүү боюнча арыз берген.

Ушуга байланыштуу Акыйкатчы тарабынан Ош шаардык мэриясына Б. Хга башка тең баадагы, тактап айтканда, жашап жаткан үйүн курууга короткон каражаттын ордун толтуруу менен жер тилкесин берүү өтүнүчү менен кайрылды, анткени арызданууучунун колунда ал үйдү куруу үчүн тиешелүү уруксаты бар болгон.

Мындан соң Ош шаардык мэриясынан жооп келип, анда жеке турак жай куруу үчүн Б. Хга мурда берилген жер тилкесине тең маанидеги участка табуу жана архитектуралык-техникалык корутунду даярдоо өтүнүчү менен Шаар куруу жана архитектура боюнча Ош аймактык башкармалыгынын дарегине кат (чыг. № 07-12/702, 14-декабрь, 2021-жыл) жолдонгондугу айтылган. Бирок, тилекке каршы, бул маселе эч кандай чечиле элек.

Ошентип, Ош шаардык мэриясынын жетекчи кызматындагы адамдардын шалаакы мамилесинин натыйжасында жаран Б. Х. турак жайды курууга жумшалган каржылык чыгымдарга жана күч жумшоолорго байланыштуу ири чыгымга туш болгон.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Акыйкатчы Б. Х.га жеке турак жай куруу ж.б. үчүн мурдагы жер участкасына тең келе тургандай жер участкасын берүү менен анын турак жайга болгон укуктарын калыбына келтирүү боюнча кечиктирилгис чараларды кабыл алууну Ош шаардык мэриясына тапшыруу сунушу менен КРнын Министрлер кабинетине кайрылат.

### Жарандарга карылыгы боюнча берилүүчү пенсиянын тиешелүү көлөмүнө болгон укуктарынан ажыратуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын дарегине жаран С. Н. арыз менен кайрылып, тергөө органдарынын иш-аракеттерине даттанган.

Арызда көрсөтүлгөндөй, С. Н. 2008-жылдан баштап 2013-жылга чейин келишимдик негизде «Бэй Синь» ЖЧАК ИНН 01406200710270 иштеген жана белгиленген убакыттын ичинде ай сайын 1 500 (бир миң беш жүз) АКШ доллары өлчөмүндө айлык акы алып келген (бул факт келишимдик документтер менен тастыкталат).

Бирок 2013-жылы, ал пенсиялык куракка келгенде, ага анын мурдагы эмгек акыларына шайкеш келбеген абдан аз өлчөмдөгү пенсия чектелип берилген.

Бардык жагдайларды карап чыгууда «Бэй Синь» ЖЧАК эки башка бухгалтердик эсеп жүргүзгөндүгү белгилүү болду, бул КР салык органдарын жана Социалдык фондду адашууга алып келген, ишкана тиешелүү отчеттук документтеринде С. Ндин эмгек акысы айына болгону 5 000 (беш миң) сом деп көрсөтүп, жана ушул сумманын негизинде гана салыктык жана социалдык чегерүүлөрдү жүргүзгөн.

«Так» көз карандысыз экспертизалар борборунун эксперти К. Жансейитованын 2013-жылдын 24-декабрында түзүлгөн жана 2010-жылдын июлунан баштап 2013-жылдын сентябрына чейинки мезгилди чагылдырган корутундусуна ылайык, КР социалдык фондуна төгүлүүчү пенсиялык төлөмдөрдү азайтуу (С.Н. гана эмгек акысы боюнча) 483 607,76 сомду түзгөн. Башкача айтканда, КР Социалдык фонду «Бэй Синь» ЖЧАКынан С.Н.дин эмгек акысынан которулуучу 483 607,76 сом өлчөмүндөгү сумманы алган эмес.

Ошентип, түзүлгөн жагдайдын жыйынтыгында С. Н. өзүнө мыйзамдуу түрдө тиешелүү болгон өлчөмдөгү пенсияны ала албай жатат. Азыркы учурда ал материалдык колдоого абдан муктаж болуп турган учуру, анткени пенсия

курагына келип калган жана экинчи топтогу майып, ал эми 2021-жылдын август айында, Москвада, жүрөгүнө кымбат баадагы операция жасалган.

Жогорудагыдай салыктык жана социалдык чегерүүлөрдү жашырууга алып келген эки башка бухгалтердик эсеп жүргүзүү фактылары боюнча тиешелүү материалдар КЖБРге № 03-301-2019-000696 катар саны менен катталган жана КР ЖК 232-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышты жасоо белгилери боюнча кылмыш иши козголгон. Бирок мына үч жыл болсо дагы (22.08.2019-жылдан бери), аталган кылмыш иши боюнча тергөө арыз ээсине түшүнүксүз себептерден улам создугуп келет.

Мындан тышкары, аталган  кылмыш иши боюнча тергөө эмнегедир Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБнин тергөө бөлүмү тарабынан жүрүп жатат, негизинен, бул жазык иши кылмыш жасалган аймагы боюнча жана  «Бэй Синь» ЖЧАКынын жайгашкан орду боюнча Бишкек шаарынын Биринчи май районунун тергөө бөлүмү тарабынан жүргүзүлүшү керек болчу.

Материалдарды аймакка караштуулугу боюнча Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ИИБине өткөрүп берүү маселелери менен С. Н. 2021-жылдын октябрь айында эле Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБнин тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсүнө жана Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуроруна жеке өзү кайрылган.  Бирок азыркы мезгилге чейин белгиленген кылмыш иши аймагы боюнча тиешелүү тартипте өткөрүлүп бериле элек.

Буга байланыштуу С.Н. Бишкек шаардык прокуратурасынын кызматкерлери ушундай жол менен бул ишти иликтөөнү создуктуруп жатат деп эсептейт, анткени мурда бул ишти эки жолу негизсиз токтотуп койгон Бишкек шаардык прокуратурасынын кызматкери А. Суракматов буга жеке кызыкдар.

Белгилеп коюу керек, аталган кылмыш иши жаран С. Н. Кыргыз Республикасынын Президентине кайрылгандан кийин үчүнчү жолу кайра козголгон, жана буга карабастан, кылмыш ишин тергөө мөөнөтү кайрадан создуктурулуп келет, бул тергөөнүн объективдүүлүгүнө жүйөөлүү шектенүүлөрдү жаратат жана жасалма убаракерчиликтер атайылап түзүлүп жаткандыгына ынандырат, анткени «Бэй Синь» ЖЧАКынын жогорудагы кылмышты жасоодо анык жана төгүнгө чыгара алгыс далилдер болсо дагы айтылган кылмыш иши эч кандай аягына чыкпай келет жана кандайдыр бир ачык жылыштар жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде тергөө органдары жана ведомстволорго караштуу органдардын ишине прокурордук көзөмөлдү камсыз кылуунун алкагында Акыйкатчы чара көрүү сунушу менен КРнын Башкы прокуратурасына кайрылды:

- № 03-301-2019-000696 катар саны менен КЖБР катталган кылмыш ишин Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБнин тергөө бөлүмүнөн аймакка караштуулугу боюнча Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ИИБине өткөрүп берүү боюнча;

- № 03-301-2019-000696 катар саны менен КЖБР катталган, Биринчи май райондук соту тарабынан жана Бишкек шаары боюнча Финансы полициясынын тергөөчүсү тарабынан белгиленген экспертизалардын 2 корутундусу бар кылмыш ишин тергөөнү кароонун мөөнөтүн узартуу боюнча.

## Жазык сот өндүрүшүнүн алкагында жол берилген мыйзам бузуулар жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын дарегине жаран С. Э. кайрылып, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан 18.05.1999-жылы чыгарылган токтому (№ 3-113 иш) жана 18.12.1998-жылдагы Бишкек шаардык сотунун өкүмү боюнча кайрылган. Өзүнүн арызында С. Э. сот жогорудагы токтомдорду чыгарууда Кыргыз ССРинин Кылмыш кодексин (1960-жылдагы редакцияда) жана Кыргыз ССРинин Кылмыш-процесстик кодексин (1960-жылдагы редакцияда) жетекчиликке алуу менен Кыргыз ССРинин КПК (1960-жылдагы редакцияда) 209-беренесине ылайык кылмыш ишин караган биринчи инстанциядагы сот катары 18.12.1998-жылдагы Бишкек шаардык сотунун Кылмыш иштери боюнча соттук коллегиясынын күчүнө кире элек өкүмүн карагандыгын өзүнүн божомолдоосу менен жүйөлөйт. Анткени соттолуучулар С. Э. жана О. Ч. карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 88-1 беренеси (1960-жылдагы редакцияда) да коюлган, тиешелүү түрдө, Кыргыз Республикасынын КПК 209-беренесине (1960-жылдагы редакцияда) ылайык, кылмыш иши биринчи инстанциядагы сот катары Бишкек шаардык соту тарабынан каралган.

Мындан улам, арыз ээси Бишкек шаардык соту чыгарган өкүмдөр Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан караларын белгилеген Кыргыз Республикасынын ЖПК 328-беренесине (1960-жылдагы редакцияда) ылайык кассациялык тартипте кылмыш ишин кароо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Кылмыш иштери боюнча соттук коллегиясына кассациялык арыз менен кайрылган. Кыргыз Республикасынын КПК 357-беренесине (1960-жылдагы редакцияда) ылайык, кассациялык инстанцияларды аныктоо акыркы болуп саналат жана көзөмөл тартибинде гана талашылышы мүмкүн.

Бирок Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Кылмыш иштери боюнча соттук коллегиясы арыз ээсинин кассациялык арызын кароонун жыйынтыгы боюнча аны канааттандыруудан баш тарткан жана 18.05.1999-жылдагы токтомун акыркы түрдө чыгарган жана арыз ээсине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна көзөмөл даттануу менен кайрылуу укугун берген эмес. Кыргыз Республикасынын ЖПК 381-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүн, аныктамасын жана чечимин көзөмөлдөө тартибинде кайра кароо Кылмыш иштери боюнча соттук коллегиясы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун пленуму тарабынан соттолуучу, жабырлануучу, жарандык доогер, жарандык жоопкер, алардын өкүлдөрүнүн арыздары боюнча, прокурордун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын сунушу менен өндүрүшкө алынат.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин жаңы редакциясы 1999-жылдын 30-июнунда кабыл алынган, башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан аталган чечим чыккандан кийин, бир айдан ашык убакыт өткөндөн соң. Арыз ээси ошондой эле биринчи инстанциядагы сот – Бишкек шаардык соту тарабынан кылмыш ишин кароодо материалдык укуктардын ченемдери бузулгандыгын белгилейт, анткени коюлган айып чындыкка дал келбейт. Алсак, мисалы, айыпкер айыпталып жаткан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 148-беренесинин 1-бөлүгү (1960-жылдагы редакцияда) алдамчылык боюнча, башкача айтканда жарандардын мүлкүн же мүлккө болгон укугун алуу, же болбосо алдоо жолу менен же ишеничтен кыянаттык менен пайдаланып, башка мүлктүк пайда алуу дегенди билдирет. Мыйзамдын белгиленген ченемине ылайык, сөз юридикалык жактын

мүлкүнө байланыштуу алдамчылык жөнүндө эмес, физикалык жактардын мүлкүнө байланыштуу болууда. Ошол себептен арызданууучу белгиленген жагдай мыйзам ченемдери биринчи инстанциядагы сот тарабынан мыйзам чегинде колдонулбагандыгы жөнүндө айтып турат деп эсептейт.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жалпы юрисдикциядагы жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык (24.04.1999-жылдагы редакцияда. 2003-жылдын 18-июлундагы № 153 КРнын мыйзамына ылайык күчүн жоготту) жарандык, жазыктык жана административдик иштер Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын үчтөн экисинен кем эмес курамында каралат. Мындан улам Кыргыз Республикасынын Жогорку соту 17 судьядан турган курам менен жогорудагы токтомду чыгарган. Буга байланыштуу арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан анын соттук коргоого болгон конституциялык укугу одоно түрдө тебеленгендигин айтат. Андан тышкары, 1999-жылдан баштап арыз ээси Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына анын конституциялык укуктары бузулгандыгы туурасында ондогон жолу кайрылган, бирок анын бардык кайрылуулары канааттандырылуусуз калтырылган.

Баяндалгандардын негизинде Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Башкы прократурасына жаран С. Э.нин конституциялык укуктарын коргоо жана калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүүнү сунуш кылат.

# СУНУШТАМАЛАР

***1. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:***

- Ленин айыл аймагында жайгашкан төмөндөгү: 1418, 1416, 1410, 1382, 1384, 1386, 1388, 1389, 1354, 1352 жана башка контурлардагы өзгөчө баалуу айдоо сугат жерлерин Аламүдүн айыл аймагына өткөрүп берүүдөн баш тартуу, анткени бул жагдайда алдамчылык иш-аракеттерди жасоо жолу менен жерге байланыштуу коррупция фактыларын жашыруу аракеттери орун алган;

- Аламүдүн айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Көлбаевди кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн ээлеген кызматынан бошотууга чейинки тартиптик жазага тартуу боюнча чараларды кабыл алууга көмөк көрсөтүү;

**-** жеке менчик үй жана у.с. куруу үчүн Б. Хга тең өлчөмдөш мааниге ээ жер тилкесин берүү менен турак жайга болгон укуктарын калыбына келтирүү боюнча чараларды кабыл алууну Ош шаардык мэриясына тапшыруу.

***2. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:***

- №03-158-2020-000019 кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүштүн материалдарын Чүй ИИБнин тергөө кызматынан андан аркы иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн КР УКМКсынын Башкы тергөө башкармалыгына өткөрүп берүүгө көмөктөшүү, анткени Чүй ИИБнин тергөө тобу (анын ичинде КР УКМК Чүй облустук тергөөчүсүнүн катышуусу менен) тиешелүү иликтөө жүргүзгөн жок жана анын мөөнөтүн создуктурууда;

Чараларды көрүү керек:

- №03-301-2019-000696 катар саны менен КЖБР катталган кылмыш ишин Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБнин тергөө бөлүмүнөн аймактык жайгашуусу боюнча Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ИИБнин тергөө бөлүмүнө өткөрүп берүү боюнча;
- №03-301-2019-000696 катар номери менен КЖБР катталган кылмыш ишин иликтөөнүн кароо мөөнөтүн тездетүү боюнча, бул иш боюнча Биринчи май райондук соту тарабынан жана Бишкек шаарынын Финансылык полициясы тарабынан белгиленген экспертизалардын эки корутундусу бар;
- С. Энин бузулган конституциялык укуктарын коргоо жана калыбына келтирүү боюнча.

## 1.6. Кыргыз Республикасында адам укуктарынын сакталышынын индекси

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институту өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу максатында өзүнүн ишмердүүлүгү, ыйгарым укуктары, кайрылуулардын тартиби жана байланыштары жөнүндө калкка кеңири маалымат берүүнү камсыздоого тийиш. Бирок азыркы учурга чейин бул маселелерди чечүүгө багытталган иликтөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Буга байланыштуу 2021-жылы КР Акыйкатчы институту тарабынан «Эркиндик үнү» КФ менен биргеликте «Кыргыз Республикасында адам укуктарын сактоонун индекси» деп аталган социологиялык иликтөө жүргүзүлдү, анын максаттарынын бири жарандардан алардын укуктарынын сакталышы жөнүндө пикирин аныктоо болгон.[1]

Жүргүзүлгөн социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча иликтөөнүн катышуучуларынын 18%ы Кыргызстанда адам укуктары сакталаарына толук ишенишет, 40%ы адам укуктары көбүрөөк сакталат деп эсептейт, адам укуктары сакталбайт дегенге толук ишенген респонденттер 13%ды түздү, адам укуктары көбүрөөк сакталбайт деп эсептегендер 29%.

Ошондой эле респонденттерге алардын конституциялык укугу кандай сакталарын баалоо сунуш кылынган. Жалпысынан, бааланган конституциялык укуктардын көбү боюнча «канааттандырарлык» деген баалардын үлүшү «жакшы» деген баага караганда үстөмдүк кылган жана сурамжылоого катышкандардын санына жараша 34%дан 43%га чейин өзгөргөн, терс баалардын үлүшү («начар») айрым укуктар боюнча 30%ды түзгөн. Ошол эле учурда, социалдык чөйрөгө тиешелүү конституциялык укуктардын сакталышы сот адилеттигине жетүү менен байланышкан укуктарга караганда жогору бааланган.

Сурамжылоо жүргүзүү боюнча жалпысынан респонденттердин басымдуу бөлүгү Кыргыз Республикасында адам укуктары сакталбайт деп эсептешет деген жыйынтыкты чыгарса болот, ошол эле учурда конституциялык укуктарды сактоого байланыштуу начар абал боюнча билдирген жарандардын үлүшү жетишерлик жогору. Тилекке каршы, Кыргыз Республикасындагы укуктук маданияттын заманбап абалы жарандардын өз укуктарын билбегендиги, белгиленген мыйзамдык тартипте өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга, ошондой эле коргоого жөндөмсүздүгү жана каалабагандыгы менен

---

[1] Өз укуктары жөнүндө калкты маалымдар кылуунун контекстинде Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун ишмердигине талдоо жүргүзүү жана Кыргызстанда адам укуктарынын системалуу бузулушун аныктоодо Акыйкатчынын (Омбудсмен) ролу.

мүнөздөлөт. Муну ушул басылмада келтирилген талдоо дагы тастыктап турат.

КРнын Акыйкатчы институту өнүгүп жатат, анын ишмердүүлүгү оң натыйжаларды алып келет. Ошого карабастан КРнын Акыйкатчысынын укуктук статусу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында андан аркы өнүгүүсүн талап кылат.

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине*:**

- КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) мыйзам чыгарууну демилгелөө субъекттеринин катарына кирбейт, бирок ал өз ишмердигинде түздөн-түз байланышка ээ жана мамлекеттик органдардын башка адамдарына караганда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин ишке ашырууда укуктук коргонуу тажрыйбасынын көйгөйлөрүнө көбүрөөк дуушар болот. Мыйзам чыгаруу демилгесине укуктун жоктугу, ортомчунун – ал өзүнүн сунуштары менен кайрылган мыйзам демилгелөө субъектисинин болгондугуна байланыштуу КР Акыйкатчысынын ишмердигинин натыйжалуулугу төмөндөйт.

Кеңири маалымат менен төмөнкү QR-код аркылуу таанышсаңыздар болот.

# 1.7. Акыйкатчынын «Укук кербени» долбоорунун алкагындагы ишмердүүлүгү. КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун укуктук жана маалыматтык долбоору «Укук кербени»: жыйынтыктары

Кыргызстанда 2021-жылдын 10-ноябрында, Адам укуктарын коргоонун эл аралык күнүнө карата, жылдагыдай эле Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институту (мындан ары – Акыйкатчы институту) тарабынан демилгеленген, Адам укуктарынын бир айлыгы башталган. Бул демилгенин максаты болуп адам укуктарын жайылтуу, ошондой эле калктын укуктук жактан кабардар болуусуна көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Бир айлыктын алкагында КРнын Акыйкатчы институтунун борбордук аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрүнүн жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери тарабынан бардык облустарда жогорку класстын окуучулары, колледж жана ЖОЖдордун студенттери арасында Кыргызстандын жарандарынын укуктук жактан кеңири кабардар болуусуна багытталган лекциялар окулуп, жолугушуулар, конкурстар өткөрүлдү. Аталган иш-чаралардын жүрүшүндө Адам укуктарынын жалпы декларациясынын жоболору

боюнча маалымат берилди. Андан тышкары, бир айлыктын жигердүү катышуучуларына «Укук элчиси» деген күбөлүктөр тапшырылды. Салтка айланган Адам укуктарынын бир айлыгы коомчулуктун өкүлдөрүнүн кеңири чөйрөсүнүн катышуусунда салтанаттуу чогулуш менен жыйынтыкталат.[2]

Адам укуктарынын бир айлыгынын алдында КРнын Акыйкатчы институтунун демилгеси менен 2021-жылдын 4-октябрында, Кыргызстанда биринчи жолу, Адам укуктарын коргоо күнүнө арналган **«Укук кербени» маалыматтык-укуктук долбоору** башталган. Долбоор 4-ноябрда аяктады жана Европалык биримдик жана Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү федералдык министрлиги аркылуу каржыланган «Кыргыз Республикасындагы укук үстөмдүгү, II баскыч» программасынын колдоосунун аркасында ишке ашырылган.[3]

«Укук кербени» долбоорунун алкагында КРнын Акыйкатчысынын борбордук аппаратынын жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери республиканын жети облусундагы райондордо, шаарларда жана айылдарда жолугушууларды өткөрүштү.

КРнын Акыйкатчы институтунун жетекчилиги, ошондой эле КРнын Акыйкатчы институтунун борбордук аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрүнүн башчылары жеринде жарандарды кабыл алышты, анын ичинде район жетекчилери жана жергиликтүү калк менен жолугушуулар болуп, жарандардын арыздары жана даттануулары жеринде кабыл алынды, зарыл болгон юридикалык кеңештер берилди. «Укук кербенинин» жүрүшүндөгү облустардагы район/шаар/айылдарда жашаган калк менен болгон жолугушуулар район/облустардагы бийликтин бардык бутактарынын жана прокуратура органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлдү.

«Укук кербенинин» жүрүшүндө КРнын Акыйкатчы институтунун жетекчилиги жана кызматкерлери барган район/шаарлардын аймагында жайгашкан республикалык социалдык жана жабык мекемелерде адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына дагы мониторинг жүргүзүлдү.

Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө КРнын Министрлер кабинети жана тиешелүү ыйгарым укуктуу түзүмдөр тарабынан ыкчам көңүл бурууну жана аларды болушунча кыска мөөнөттө жоюуну талап кылган мыйзам бузуулар катталды.

Ар кандай социалдык сурамжылоолордун жүрүшүндө сурамжылоого катышкандар ар дайым эң маанилүү укуктар менен эркиндиктердин ичинен медициналык жардамга болгон укукту, билим алууга болгон укукту, турак жайга болгон укукту, эмгекке болгон укукту, социалдык камсыздоого болгон укукту жана сот адилеттигине жетүү жана адилеттүү соттук териштирүүгө болгон укуктарды белгилешти. Өткөрүлгөн «Укук кербени» да бул укуктардын өлкө калкы үчүн актуалдуулугун тастыктады.

### Социалдык камсыздоого укуктар

Мыйзам тарабынан белгиленген жана Конституция тарабынан кепилденген укуктук ченемдерге карабастан, «Укук кербенинин» жүрүшүндө республиканын

---

[2] https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=2538:Институт-Омбудсмена-КР-объявил-о начале-традиционного-месячника,-посвященного-правам-человека.

[3] Калкты өз укуктары менен кабардар кылуу контекстинде Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун ишмердигин талдоо жана Кыргызстанда адам укуктарынын системалуу бузулушун аныктоодо Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ролу.

бардык аймактарындагы жашоочулар тарабынан пенсиялык камсыздоого жана жөлөк пул алууга байланышкан көйгөйлөр көп айтылды, алардын ичинен:

- тоолуу жана алыскы райондордо жашап жана иштеген адамдар үчүн жеңилдетилген шартта пенсияга чыгуу курагын аныктоо;
- тоолуу шарттарда иштеген жарандарга, эгер алар башка жерге көчүп кетсе, төлөмдөрдү жана пенсиясына болгон кошумча төлөмдөрдү токтотуу;
- пенсия алууда социалдык кызматтардын кызматкерлери тарабынан токулган ар кандай бюрократтык тоскоолдуктар;
- мекеменин мамлекетке болгон карыздарынын себебинен пенсияга чыгуу үчүн документтерди өткөрүүгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу;
- жөлөк пулдарды дайындоо жана алууга байланыштуу көйгөйлөр. Жөлөк пулдарды дайындоонун механизмдери боюнча эгер үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө болгон киреше 1 000 сомдон ашса, анда жөлөк пул берилбейт. Жөлөк пулдун көлөмү абдан аз, турмуш чындыгына дал келбейт;
- жөлөк пулдар катталган жери боюнча берилет, бирок батирди ижарага алып жашагандарды үй ээлери каттатышпайт, ошондуктан ижарага батир алып жашаган адамдар жөлөк пул ала алышпайт;
- майып балдарды баккан адамдарга балдар 18 жашка толгондон кийин жөлөк пул берүүнү токтотуу;
- 2002-жылы Ноокат районундагы медициналык мекемеде ИЖЖС жуккан балдарга алардын 18 жашка толушу менен жөлөк пул берүүнү токтотуу;
- башка бир катар суроолор.

## Билим алууга укуктар

КРнын Конституциясы (46-берене) ар бир жаранга мамлекеттик билим берүү мекемелеринде акысыз мектепке чейинки, негизги жалпы, жалпы орто жана башталгыч кесиптик билим алуу укугун кепилдейт. Кыргызстанда негизги жалпы билим берүү милдеттүү болуп саналат.

Мамлекет мамлекеттик, муниципалдык, жеке жана башка формадагы окуу жайларынын өнүгүшү үчүн, дене тарбия жана спорттун өнүгүшү үчүн бирдей шарттарды түзүп бериши керек.

«Укук кербенинин» жүрүшүндө республиканын аймактарынын жашоочулары тарабынан төмөнкүдөй көйгөйлөр айтылды:

- мектеп-интернаттарындагы тамак-аш: күнүнө бир балага 60 сомдон бөлүнөт, тамак-ашка болгон баалар жогорулап жаткан шартта бул таптакыр аз;
- айрым мектеп-интернаттарындагы ашканаларда гигиеналык каражаттар жетишсиз; тамак-аш үчүн текчелер жок, тамак-ашты даярдоо үчүн атайын столдор жок, кир жуучу жайда окуучулардын шейшептерин жана кийимдерин жуу үчүн кир жуугуч машиналар жок, жашы жете элек окуучу кыздар өз кийимдерин чылапчынга салып, далисте кол менен жуушат, имараттарда суу менен камсыздоо жана канализация жок;
- жардамчы мектеп-интернатындагы (Кадамжай районундагы Үч-Коргон айылы) спорт залы авариялык абалда, балдардын өмүрү коркунучта;

- республиканын түштүк аймактарында айтылган көйгөйлөрдүн көпчүлүгү кыздардын мектепке баруусуна болгон тыюу салууларга байланыштуу;
- Чоң-Алай районундагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 200дөн ашык баланын окууга мүмкүнчүлүгү жок, анткени алар үчүн тиешелүү интернаттар жок;
- башка бир катар көйгөйлөр.

## Саламаттыкты сактоого укуктар

Кыргызстанда ар бир адам саламаттыгын сактоого жана медициналык камсыздоого укуктуу. Жарандар саламаттыкты сактоонун мамлекеттик органдарынын тармактарынан акысыз колдонууга укуктуу. Медициналык кызмат, жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүнү кошкондо, мыйзам тарабынан каралган (КРнын Конституциясынын 43-беренеси) мамлекеттик кепилдиктердин өлчөмүндө мамлекеттин эсебинен ишке ашырылат.

«Укук кербенинин» жүрүшүндө республиканын аймактарындагы жашоочулар алардын саламаттыгын коргоого болгон конституциялык укуктарын ишке ашыруу процессинде келип чыккан көйгөйлөр тууралуу айтышты. Алардын ичинде:

- медициналык мекемелерде белгисиз фонддорго ар бир бейтаптан 50 сомдон баштап 200 сомго чейинки каражат чогултуу (бул көрүнүш Жалал-Абад облусунда байкалган);
- бейтаптарды бекер дары-дармек каражаттары менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын ишке ашыруудагы мыйзам бузуулар (бекер бериле турган бир катар дары-дармектер бейтаптарга сатылып жаткан);
- убактылуу кармоо жайларындагы (УКЖ) дарыканаларда жана айрым дарылоо мекемелеринде мөөнөтү өткөн дары-дармектердин болушу;
- аймактардагы көпчүлүк аймактык ооруканалар пайдаланууга жараксыз абалда, имараттар, дарыгерлердин бөлмөлөрү жана бейтаптар жатуучу бөлмөлөр капиталдык оңдоп-түзөөгө муктаж; жуунучу жай жана ажаткана санитардык нормаларга жооп бербейт, антисанитария;
- Сузак районундагы оорукана санитардык нормаларга жана калктын саламаттыгынын коопсуздугун камсыздоо маселелерине таптакыр жооп бербейт, райондун жашоочулары жана оорукананын кызматкерлери бул оорукананын бар экендигин КР ССМ унутуп калды деп эсептешет.
- медициналык кызматкерлердин эмгек акылары абдан төмөн;
- Нарындагы клиникалык ооруканада таптакыр эки башка бөлүмдү: психиатриялык дарыланууга муктаж адамдар үчүн бөлүмдү, жана наркология бөлүмүн бириктирип салышкан. Ашкана менен ажатканада ар кандай татаалдыктагы психикалык жана наркологиялык оорулуулар (алкоголдук жана наркотикалык көз карандылык) менен жабыркаган бейтаптардын жөөлөшүүсүнө туура келе турган абал жаралат;
- айрым райондордун жашоочуларынын айылдарда тез жардам пункттарынын жоктугунан оор абалдагы оорулууларды өз убагында ооруканага жеткирүүгө мүмкүнчүлүктөрү жок;
- айрым айылдардагы дарыканаларда дары-дармек каражаттарын сатып

алууда пенсионерлер үчүн 5% арзандатууну караган кызмат көрсөтүү иштебейт;

- аймактардагы медициналык кызматкерлердин (аз эмгек акынын себебинен) жетишсиздиги;
- башка бир катар маселелер.

Кыргызстанда мезгил-мезгили менен саламаттыкты сактоону реформалоо жана өнүктүрүүгө багытталган улуттук программалар кабыл алынат, алардын ичинен:

– Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо системасын реформалоонун «Манас» улуттук программасы (1996-2006);

– Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун реформалоонун 2006-2010-жылдарга карата «Манас таалими» улуттук программасы;

– Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун реформалоонун 2012-2016-жылдарга карата «Ден соолук» улуттук программасы;

– жана башкалар.

Бирок аймактардагы жашоочулардын саламаттыкты сактоого, сапаттуу медициналык кызмат алууга болгон укуктарын ишке ашырууга байланышкан көйгөйлөр жылдан-жылга чечилбей келет: аймактарда дарыгерлер жетишпейт, медициналык мекемелерде жабдуулар эскирген, ал эми көпчүлүк учурларда зарыл болгон медициналык аппараттар жок, медициналык мекемелердин имараттары капиталдык оңдоп-түзөөгө муктаж, фельдшердик-акушердик пункттар, медициналык тез жардам станциялары жетишпейт жана у.с.

### Жарандыкты жана документтерди алуу маселелери

Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жашаган кыргыздар башка мамлекеттин жарандыгына ээ болгонуна карабастан, жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга укуктуу (КРнын Конституциясынын 51-беренеси).

«Укук кербенинин» жүрүшүндө республиканын аймактарындагы жашоочулар тарабынан төмөнкүлөр айтылды:

- этникалык кыргыздардын көйгөйлөрү (мамлекеттик чек арадан өтүүдө, жашаган жери боюнча каттоого турууда, паспорт алууда, балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн алууда);
- 400дөн ашуун үй ээлери билдиришкендей, Жалал-Абад шаарына жакын курорттук зонада (Нагорный айылы, Загорный айылы ж.б.) жашаган адамдар көп жылдан бери жашаган жери боюнча каттоого тура албай келишет, анын жыйынтыгында алар шайлоолорго катыша алышпайт, медициналык кызматтарды жана башка мамлекеттик кызматтарды ала алышпайт.

## Корутундулар

Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү убагында чечпөө терс укуктук көрүнүштөргө алып келиши ыктымал, бул акырында төмөндөгүдөй кесепеттерге алып келет:

- мыйзамдарды жана башка ченемдик-укуктук актыларды атайылап жана түздөн-түз бузуу;

- укуктук ченемдерди массалык түрдө аткарбоо жана бузуу;
- инсандын туура эмес жүрүм-турумун актаган мыйзамга каршы ченемдердин коомчулукка жайылышы;
- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин массалык бузулушу;
- сот жана укук коргоо органдарынын беделинин түшүшү;
- мамлекеттик бийликке жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигине карата сыйлабастык жана ишенбөөчүлүк;
- сапаттуу укук колдонуу тажрыйбасынын жоктугу;
- коррупция;
- улуттук коопсуздукка болгон коркунуч жана башкалар.

# СУНУШТАМАЛАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине** (тиешелүү министрликтерге/ведомстволорго):

- Социалдык пенсиялар менен жөлөк пулдарды, социалдык пенсиялардын, жөлөк пулдардын өлчөмүн дайындоо механизмдерин жөнгө салуучу мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

- Социалдык пенсияларды жана жөлөк пулдарды алуу үчүн зарыл болгон документтерди чогултууну жеңилдетүү максатында аймактарда «бирдиктүү терезе» кызматын киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

- Жалпы түрдөгү мектеп-интернаттарынын тарбиялануучуларын социалдык жактан коргоо максатында бул мекемелердеги алардын тамактануу ченемдерин карап чыгуу зарыл. Азыркы учурда бөлүнүп жаткан акча каражаты балдардын физиологиялык талаптарын канааттандыруу үчүн зарыл болгон нормаларга жооп бербейт.

- «Укук кербенинин» алкагында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында аныкталган медициналык жана билим берүү мекемелерин оңдоп-түзөөнү каржылоо үчүн каражатты бюджеттен кароо зарыл. Андан тышкары, аларды заманбап жабдыктар менен жабдуу үчүн каражат бөлүүнү карап чыгуу.

- Натыйжалуу иштөөсү үчүн Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу борборун (күндүзгү борбор) Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин балансына берүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

- Аймактардагы медициналык кызматкерлер үчүн тиешелүү иштөө шартын түзүү максатында акча каражатын карап чыгуу зарыл (материалдык-техникалык база, коммуналдык кызматтарга болгон төлөмдөр боюнча жеңилдиктер, эмгек акыны жогорулатуу ж.б.).

- Билим берүү мекемелериндеги мыйзамсыз акча чогултуу, мамлекеттик программалардын алкагында акысыз берилген дары-дармек каражаттары үчүн медициналык мекемелерде төлөм алуу ж.б. фактыларды системалуу түрдө аныктоо зарыл.

- Аткаруу бийлигинин жергиликтүү органдары жана аймактардагы ЖӨБ органдары жарандык алууда, документтештирүүдө көйгөйгө туш болгон этникалык кыргыздардын тизмесин; паспорту жок жарандардын тизмесин; ата-энесинин бирөө же экөөсү тең жок балдардын тизмесин; социалдык жардамга муктаж көп балалуу үй-бүлөлөрдүн тизмесин ар дайым аныктап жана түзүп, андан кийин алардын көйгөйлөрүн чечип турушу зарыл.

*Кеңири маалымат менен төмөнкү QR-код аркылуу таанышсаңыздар болот.*

# 2-БӨЛҮК.

# СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

«Адам укуктары жана бизнес» бөлүгү Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын баяндамаларында буга чейин каралган эмес. Бирок, глобалдык сооданын, маалымат технологияларынын тез өнүгүшүнүн жана коммуникациялык байланыштардын деңгээлинин жогорулашынын фонунда бизнес түзүмдөрү жана биринчи кезекте трансулуттук корпорациялар өз ишмердүүлүгүндө мамлекеттик органдар тарабынан адам укуктарынын сакталышына карабастан, аларды сакташы керек деген түшүнүк барган сайын өсүүдө.

## 2.1. Адам укуктары жана бизнес

2011-жылы БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши тарабынан адам укуктары жагында ишкердик иш-аракеттердин жетектөөчү принциптеринин бекитилиши: БУУнун Башкы катчысынын атайын өкүлү тарабынан иштелип чыккан Бириккен Улуттар Уюмунун БУУнун коргоо, сактоо жана укуктук коргоо каражаттарынын (БУУнун жетектөөчү принциптери) алкагында ишке ашыруу адам укуктарынын бизнес менен кандай байланышы тууралуу ондогон жылдарга созулган талаш-тартыштардын маанилүү учуру болду.

БУУнун жетектөөчү принциптери үч негизги алкактан турат – коргоо, сактоо жана укуктук коргоо каражаттары, анын ичинде:

1. Адам укуктарын бизнес түзүмдөрүн кошо алганда, үчүнчү жактардын кол салууларынан коргоо – мамлекеттин милдети.
2. Адам укуктарын сактоо үчүн бизнес түзүмдөрүнүн жоопкерчилиги.
3. Бизнес тарабынан алардын укуктары бузулган учурда жабыр тарткан адамдар үчүн натыйжалуу мамлекеттик жана мамлекеттик эмес укуктук коргоо каражаттарынын кеңири жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгы.

Дүйнөнүн 30га жакын өлкөсүндө БУУнун жетектөөчү принциптеринин жоболоруна негизделген бизнес жана адам укуктары боюнча иш-аракеттердин улуттук пландары бар. Юрисдикцияга карабастан, адам укуктарын сактоо боюнча өз ыктыяры менен кабыл алынгандыгын жарыялаган трансулуттук корпорациялардын, бизнес ассоциациялардын жана ишканалардын саны өсүүдө.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Аппараты тарабынан 2021-жылы жарандардын бизнес тарабынан бузулган адам укуктары боюнча кайрылууларынын статистикасы изилденген. Кайрылуулардын эң көп саны бузууларга байланыштуу:

1. Эмгек укугу:

а) анын ичинде балдар эмгегин эксплуатациялоо жана мажбурлап иштетүү;

б) басмырлоо;

в) эмгек режимин жана эмгек шарттарын бузуу;

г) салык патентинде көрсөтүлгөн жалданма кызматкерлер менен эмгек мамилелерин жол-жоболоштурбоо;

д) кесиптик өнүгүүгө жана карьералык өсүүгө тоскоолдук;

е) чогулуштардын жана бирикмелердин укуктарын бузуу;

ж) мыйзамсыз жумуштан бошотуу;

з) эмгек акыны кечиктирип төлөө;

и) коопсуздук эрежелерин сактабоо ж.б.

2.Көп квартиралуу турак үйлөрдү куруунун үлүшчүлөрүнүн укуктары;

3. Керектөөчүлөрдүн укуктары;

4. Эмгек мигранттарынын укуктары.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу КР Акыйкатчысынын эмгек, экологиялык укуктарын, ишканалардын жана мекемелердин кызматкерлеринин жана башка кызматкерлердин укуктарын бузуу боюнча баяндамасы БУУнун жетектөөчү принциптеринин биринчи компонентинин – адам укуктарын бизнес-түзүмдөрдүн кол салууларынан коргоо боюнча мамлекеттин милдеттенмесинин алкагында каралышы мүмкүн.

Келечекте Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту 2022-жылы бул багытта Кыргыз Республикасынын ишкердик жана адам укуктары жаатындагы иш-аракеттердин Улуттук планын иштеп чыгуу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүүнү пландаштырууда, анда эмгек укуктарын камтыган жумушчулардын жана таламдардын балансын камсыз кылуусу каралат.

*Көз карандысыз улуттук эксперттин изилдөөсүнүн жыйынтыгы менен төмөндөгү QR-коддон таанышууга болот.*

## Жарандардын эмгек укуктарын сактоо

2021-жылдагы эмгек талаш-тартыштары боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институтуна келип түшкөн кайрылууларды талдоо көрсөткөндөй, аткаруу бийлик органдарында жүргүзүлүп жаткан реформаларга жана 2021-жылдын майынан декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүндөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу кечиктирилген же жарандардын жеке арыздары такыр каралбай калган.

Ошентип, эмгекти коргоо инспекциясын (биринчи Экотехинспекция) алгач Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине өткөрүп берүү, андан кийин кайра түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине кайра өткөрүп берүү дээрлик бир жылга созулду. Бул мезгилде эмгек талаш-тартыштары боюнча жарандардын келип түшкөн жеке арыздары, жеке жана мамлекеттик секторлордун жетекчилигинин

укукка жат аракеттеринен жапа чеккен жарандардан түшкөн арыздары эмгекти коргоо боюнча тиешелүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан каралган эмес жана ошого жараша жарандардын эмгек укуктарын сотко чейин коргоо жок болгон.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын дарегине жарандардан эмгектик укуктук мамилелер боюнча талаш-тартыштар боюнча көптөгөн кайрылуулар келип түшөт. Бул маселелер боюнча 2021-жылы келип түшкөн арыздардын саны 62ни түздү.

Көпчүлүк учурларда, жогоруда аталган даттануулар жеке сектордо да, мамлекеттик сектордо да иштеген жарандардан келип түшөт.

Жарандардын бул даттанууларын/кайрылуулары боюнча текшерүү жүргүзүү үчүн, ошондой эле эмгек мыйзамдарынын сакталышы боюнча тиешелүү баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту тарабынан эмгек инспекциясына – мурунку Экотехинспекциянын эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча башкармалыгына кайрылуулар жөнөтүлгөн.

Бирок 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институтунун бардык ушул кайрылууларына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы № 38 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине байланыштуу, эмгек мыйзамдарынын сакталышын контролдоо жана көзөмөлдөө функциялары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине өткөрүлүп берилген жана Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укуктуу ыйгарым укуктуу органдардын тизмесинде (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 21-июлундагы № 411 токтому) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жок деген жүйө менен жарандардан келип түшкөн арыздар жериндер текшерилип каралган эмес.

Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу органдын ишин Кыргыз Республикасынын Омбудсмен институту убактылуу токтото туруу чечим кабыл алуучу кызмат адамдарынын аракетсиздиги катары бааланды, бул иш берүүчүлөр тарабынан эмгектик укуктук мамилелерди ишке ашырууда жарандардын (жумушчулардын) укуктарын коргоо боюнча конституциялык кепилдиктерди сактабоого жана бузууга өбөлгө болду. Ошентип, эмгектик укуктук мамилелер контролдоо, көзөмөлдөө, ошондой эле аны жөнгө салуу жана өркүндөтүү жаатында мамлекеттик бийлик тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылган жарандардын коомдогу өз ара аракеттенүүсүнүн жана республиканын экономика системасынын бөлүгү болуп саналат.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратына эмгек укуктарынын бузулушуна тиешелүү маселелер боюнча жарандардан даттануулар, ошондой эле мамлекеттик башкаруу системасында сотко чейинки коргоонун жоктугуна даттануулар келип түшүүсүн улантып, бул маселе тез арада чечүүнү талап кылды. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө адам укуктарынын бузулушун четтетүү жөнүндө көңүл буруу актысын жана эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу органды аныктоо жана иштетүү, жарандардын жеке даттануулары боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү талабын жөнөткөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы № 310 “Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин бекитүү жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө кызматы бул тизмеге кирди.

Эмгекти текшерүүгө мораторий киргизүү конвенцияларды одоно бузуу болуп саналат. Ошондуктан конвенцияларды колдонуу боюнча ЭЭУнун Эксперттер комитети Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин инспекцияларды өткөрүүгө убактылуу тыюу салууну жокко чыгарууга жана эмгек инспекторлорун укуктук жоболорду натыйжалуу колдонууну камсыз кылуу үчүн зарыл болгондой тез-тез жана кылдаттык менен текшерүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоого чакырды.

Универсалдуу мезгилдүү серептин үчүнчү циклинин жүрүшүндө 2020-жылдын январындагы УМСтин жумушчу тобунун 35-сессиясынын ишинде Кыргызстандын баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча сунуштамалардын ичинен «эмгекке укук жана адилеттүү жана жагымдуу эмгек шарттары» бөлүмүндө белгиленген:

*Экономиканын формалдуу эмес секторунда иштеген адамдар үчүн эмгек укуктарынын толук көлөмүн камсыз кылуу, бул чөйрөдө эмгек инспекциясын жүргүзүү, экономиканын формалдуу эмес секторунда кызматкерлердин статусун жөнгө салуу жана эмгекти коргоо жаатындагы мыйзамдардын сакталышын камсыз кылуу*.

## Кыргыз Республикасында турак жай курулушуна үлүштүк катышуу менен курулуш бизнесинде адам укуктарынын сакталышы

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппараты жана улуттук эксперт Кыргыз Республикасында турак жай курулушуна үлүштүк катышууда адам укуктарынын сакталышы боюнча маселени өзүнчө изилдеп чыгышты. Курулуш компаниялары алардын укуктарын бузуп жатат деген үлүш ээлеринин даттануулары тууралуу маалымат ЖМКда көп кездешет.

Турак жай маселеси боюнча 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратына, анын ичинде аймактык өкүлчүлүктөрүнө 41 кайрылуу келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына ылайык, 2020-жылы Кыргызстанда ар бир кишиге турак жай менен камсыз кылуу 2016-жылдын деңгээлинде.

2020-жылы республика боюнча орточо көрсөткүч бир адамга 13 кв.м түздү. Мында шаардык конуштарда турак жай менен камсыз болуу 14,3 кв. метрден 14,0 кв. метрге чейин кыскарган, ал эми айыл жерлеринде ал 2016-жылдын деңгээлинде – 12,4 кв.м сакталып калган. Салыштыруу үчүн 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча Россия боюнча турак жай менен камсыз болуу деңгээли бир адамга 26,9 кв. метрге жеткен, ал эми Казакстандын ар бир жашоочусуна орточо 25 кв. м турак жай туура келет. Ошол эле учурда БУУнун социалдык стандарттары боюнча бир адамга 30 кв. метрден кем эмес турак жай туура келиши керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык турак жайга болгон укукту камсыз кылуунун негизги формасы – турак жай курулушун колдоо, ал эми мамлекеттик, муниципалдык жана башка турак жай фонддорунан турак жай берүү аз камсыз болгон жана муктаж болгон адамдарды колдоого багытталган кошумча, альтернативдүү ыкма болуп саналат.

Изилдөөнүн алкагында жабыр тарткан үлүштүк ээлердин өкүлдөрү, иштеп чыгуучулардын өкүлдөрү менен маектешүү жүргүзүлүп, көптөгөн иштер, кайрылуулар жана колдонуудагы мыйзамдар изилденген. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде жабыр тарткан үлүшчүлөрдүн маселелери боюнча төмөнкү маселелерди жалпылоого жана бөлүп көрсөтүүгө болот:

**1. Үлүштүк курулуш келишимдеринде үлүштүк ээлердин укуктары жетиштүү түрдө эске алынбайт.**

Үлүштүк курулуш келишимдерин аткаруу көпчүлүк учурда үлүштүк курулуштун катышуучусунун – үлүшчүнүн пайдасына жүзөгө ашырылат. Курулушчу компаниялар өздөрүн мүмкүн болгон каржылык жана башка тобокелдиктерден коргоого аракет кылышат жана келишимдерде төмөнкүдөй маанилүү учурларды жазышпайт:

- үйдү эксплуатациялоого берүүнүн так датасы;

- келишимди бузуунун шарттары жана үлүштүк курулушка каражаттарды кайтаруунун шарттары;

- курулуштун бүткүл мезгилине бир чарчы метрдин наркын белгилөө;

- ошондой эле келишимдин шарттарын жана башка жоболорду сактабагандыгы үчүн конкреттүү жоопкерчилик жазылбайт.

Үлүштүк катышуу келишимине жогоруда көрсөтүлгөн пункттарды иштеп чыгуу жана милдеттүү мыйзам талабы катары киргизүү сунушталат, аларды тараптар эске алып, макулдашууга тийиш.

**2. Үлүштүк курулуш боюнча мамилелерди жөнгө салуу үчүн мыйзамдык базанын жоктугу**

Үлүштүк менчик ээлеринин укуктарынын бузулушунун негизги себеби, биринчи кезекте үлүштүк курулуштагы жөнгө салынбаган укуктук маселелерге байланыштуу. Учурда жарандардын акчаларын үлүштүк курулушка тартуунун тартиби жана шарттары каралган мыйзам актысы жок. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында “үлүштүк курулуш” деген аныктама жок.

Үлүштүк курулуш боюнча укуктук мамилелерге байланыштуу маселелер Бишкек шаарында Бишкек шаардык кеңеши 2008-жылдын 27-ноябрында кабыл алган “Бишкек шаарында көп квартиралуу турак үйлөрдү үлүштүк куруунун (түзүүнүн) тартиби жана шарттары жөнүндө” жобого негизделет, ал эми Ош шаарында Ош шаардык кеңеши 2019-жылдын 25-декабрында кабыл алган “Ош шаарында көп квартиралуу турак үйлөрдү үлүштүк куруунун тартиби жана шарттары жөнүндө” жобо , менен жөнгө салынат. Эки жобо тең жергиликтүү мүнөзгө ээ жана үлүшчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын талаптагыдай деңгээлде коргоо үчүн жетиштүү укукка ээ эмес.

Азыркы учурда Кыргызстанда үлүштүк курулуш чөйрөсүндөгү укуктук мамилелерди жөнгө салуучу өзүнчө мыйзам жок. Мисалы, Россияда “Көп батирлүү үйлөрдү жана башка кыймылсыз мүлк объекттерин үлүштүк курууга катышуу жөнүндө” атайын федералдык мыйзам бар. Коңшу Казакстанда үлүштүк курулуш маселелери 2016-жылдын 7-апрелиндеги “Турак жай курулушуна үлүштүк катышуу жөнүндө” Казакстан Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:***

- БУУнун жетектөөчү принциптерин ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын ишкердик жана адам укуктары жаатындагы иш-аракеттеринин улуттук планын иштеп чыксын жана кабыл алсын.

- Конкреттүү масштабдуу долбоорлорду же коммерциялык иштерди жүзөгө ашырууга лицензияларды жана уруксаттарды берүү үчүн негиз катары адам укуктарына тийиштүү кам көрүүнү камсыз кылуу жөнүндө ченемдик талапты этап-этабы менен киргизүү. Мисалы, адам укуктарын сактоо маселелери айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоодо интеграциялангандыгын камсыз кылуу.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен ишкердик ишмердиктин адам укуктарына терс таасир тийгизүү тобокелдиктерин баалоо жана алдын алуу боюнча жалпы жана сектордук түшүндүрмөлөрдү жана сунуштарды даярдасын.

- Бизнестин адам укуктарына тийгизген таасири маселелеринде мамлекеттик органдардын маалымдуулугун жана компетенциясын жогорулатсын; калк жана бизнес-сектордун өкүлдөрү үчүн жоопкерчиликтүү бизнес-жүрүм-турумдун зарылдыгы жөнүндө, коргоо каражаттары жөнүндө, адам укуктары чөйрөсүндөгү саясат жөнүндө маалыматтык кампанияларды жүргүзсүн.

- Аткаруу бийлигине түзүмдүк өзгөртүүлөрдү жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү түзүлгөнгө чейин мамлекеттик органдардын функцияларын токтото турууну жокко чыгарган аткаруу бийлик органдарынын жоболорун жана ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыны кабыл алуу жана адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген мыйзамдык ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну алып салуу.

- Үлүштүк курулуштун катышуучуларына жеткиликтүү юридикалык жардам көрсөтүү, анын ичинде келишимдерди экспертизалоо, ошондой эле соттук иштер боюнча колдоо көрсөтсүн.

- Мамлекеттик органдардын жана курулуш уюмдарынын кызматкерлери үчүн, ошондой эле жарандар үчүн үлүштүк курулуш боюнча келишимдик мамилелерди түзүүгө байланышкан бардык маселелер боюнча нускамаларды, колдонмолорду, чек-баракчаларын иштеп чыксын.

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши:***

- Бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен көп батирлүү үйлөрдү үлүштүк курууга жарандардын катышуусунун конкреттүү укуктук конструкциясын иштеп чыгуу жана бул укуктук институтту мыйзам деңгээлинде бекитүү.

# 2.2. Улгайгандар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар жана балдар мекемелери үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелерге мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту тарабынан адам укуктарынын Эл аралык күнүнө (10-декабрь) арналган бир айлыктын алкагында, ноябрда Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аймактык өкүлчүлүктөрү менен бирдикте улгайгандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелерде, ошондой эле Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы балдар социалдык мекемелеринде адамдын жана жарандын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүштү.

Мониторинг учурунда мекемелердеги адамдарды кароого арналган жайларды (уктоочу орундарды, эмеректерди, гигиена каражаттарын, тамак-аш азыктарын ж.б.) кылдат кароо жүргүзүлдү.

Кызмат алуучу адамдар менен да, бул мекемелердин жетекчилиги менен да сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Сузактагы улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жапы типтеги социалдык стационардык мекемеси**

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Сузактагы улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жапы типтеги социалдык стационардык мекемеси (мындан ары – мекеме) Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Октябрь айылында жайгашкан. Мекеме 1956-жылдан бери иштеп жатат жана 120 адамга ылайыкташтырылган, аралаш типте болуп эсептелет, анда улгайган адамдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жашайт.

2021-жылдын 22-ноябрында текшерүү учурунда иш жүзүндө 83 адам жашаган, алардын ичинен: ДМЧА – 27, эркектер – 16, аялдар – 11, I топтогу майыптар – 17, I I топтогу майыптар – 10.

Мекеме республикалык бюджеттин эсебинен каржыланат, жылына 18 млн сомду түзөт. Бирок жетекчиликтин сөзү боюнча бөлүнгөн акча толук көлөмдө мекемеге бөлүнбөйт. Ошентип, бюджет жылына 12—14 миллион сомго жакын суммада гана аткарылат.

Мекеменин жашоочулары негизинен үч облустан келишет: Жалал-Абад – 59 адам; Ош – 20, Баткен – 4. Алардын ичинен: 31 аял жана 52 эркек.

**Жаш курагы боюнча**:

- 19 жаштан 35 жашка чейин – 5 адам;
- 35 жаштан 59 жашка чейин – 22 адам;
- 59 жаштан 64 жашка чейин – 5 адам;

- 64 жаштан жогору – 51 адам;

**Улуту боюнча:**

- кыргыз – 43;

- орус – 21;

- өзбек – 9;

- татар– 5;

- тажик– 2;

- азербайджан – 1;

- немис –1;

- украин– 1.

Мекеменин штаттык ыраатгамасында 81 бирдик бар.

Алардын ичинен: дарыгерлер – 4; орто медициналык персонал – 19; кенже медициналык персонал – 19, административдик-чарбалык персонал – 39.



**2.2.1-сүрөт**

Мекемедеги негизги, чарбалык жана көмөкчү жайларды (уктоочу жайлар, эмеректер, гигиена каражаттары, тамак-аш азыктары ж. б.) кылдат карап чыгуунун жана жетекчилик менен сүйлөшүүнүн натыйжасында мекеменин төмөнкүдөй көйгөйлүү маселелери аныкталды:

- текшерүү учурунда бир адамдын тамак-ашына күнүнө бюджеттен 100 сом бөлүнөөрү аныкталды. Бирок май, шекер, ун, жумуртка, сүт азыктары жана башка ушул негизги маанилүү азык-түлүктөрдүн баасынын жогорулашы менен, мекеменин кызматкерлеринин айтымында, убактылуу туруучулар үчүн тамак-аштын калориялуулугу гана эмес, анын өлчөмү да төмөндөдү;

- дары-дармектерге акча каражаттарынын жетишсиз бөлүнүшү: суткасына болгону 12 сом 50 тыйын бөлүнөт. Белгилей кетсек, мекемеде туруктуу медициналык көзөмөлдү жана дарылоону талап кылган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана өнөкөт оорулары бар адамдар жашайт.

Бирок бөлүнгөн финансылык каражаттар керектүү дары-дармектерди сатып алуу үчүн жетишсиз;

- бюджеттен бөлүнгөн аз суммадан (жылына дары-дармек каражаттарына 50-60 миң сом) мекеме дары-дармек каражаттарын сатып алууга тендер өткөрүүдө көйгөйлөргө туш болууда. Тендердин катышуучулары жок болгон учурда тендерге бир нече жолу табыштама берүүгө туура келет;

- кызмат алуучулар үчүн мончо жана кир жуучу жай (буу казаны ваннага реконструкцияланган) санитардык-гигиеналык ченемдерге ылайык келбейт. Бөлмөлөр эски, авариялык абалда. Мекеменин директору тийиштүү мамлекеттик органдарга (КР ЭСММ, Сузак райондук мамлекеттик администрациясына) алардын көйгөйлөрүн чечүү өтүнүчү менен бир нече жолу кайрылган.

Бирок мамлекеттик органдар тарабынан каржылоонун жоктугунан алардын көйгөйлөрүн жоюу боюнча тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

Текшерүү учурунда демөөрчүлүк каражаттардын эсебинен коноктор үчүн душту оңдоо иштери жүрүп жаткан. Мамлекет тарабынан жетишсиз каржылангандыктан мекеменин инфратүзүмүн, имараттарын, турак жай-тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча иштер негизинен донордук каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

Медицина кызматкерлери менен болгон сүйлөшүүдө коноктордун айрымдары психикалык жактан жабыркаган деп шектелип, башка адамдар менен көп чыр-чатактар болуп жатканы белгилүү болду. Медицина кызматкерлеринин айтымында, аларда акыл-эси жеңил жана орточо артта калуу, эпилепсия, талма, жеңил шизофрения сыяктуу психикалык оорулар бар. Алардын оорусу боюнча тиешелүү медициналык жана социалдык кызматтарды алуу үчүн адистештирилген психоневрологиялык үй-интернаттарга психиатриялык күбөлөндүрүүнү жана аныктоону жүргүзүү зарыл болгон 6 адамга карата маалыматтар берилген.

Республика боюнча алардын оорусу боюнча тиешелүү медициналык жана социалдык кызматтарды алуу үчүн психиатриялык күбөлөндүрүүнү жүргүзүү жана адистештирилген психоневрологиялык интернат-үйлөргө аныктоо зарыл болгон карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелерде тургандардын саны 10 адамды түзөт. Сурамжылоо кат 2022-жылдын 26-январындагы 13/52 чыгыш кат менен КР ЭСММ жөнөтүлгөн.

Кызмат алуучулар менен маектешүү учурунда коноктор *социалдык жөлөк пулдарды камсыздоого нааразычылыгын* билдиришти. Анын себеби мекемеге 2019-жылдан кийин келген убактылуу жашоочулар мамлекеттен майыптыгы боюнча жөлөк пул алууну токтотуп, ал эми 2019-жылга чейин мекемеде жашагандар мамлекеттик жөлөк пулдарды алууда Бул убактылуу жашоочулар жана мамлекеттик жөлөк пул алуучулар арасында бирдей эмес шарттарды жана абалды түзүүдө. Текшерүүнүн жүрүшүндө 13 адамга жөлөк пул төлөө токтотулгандыгы аныкталды.

Бул кырдаал Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 30-мартындагы № 33 “Социалдык коргоо чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген. 14-берененин 10-

бөлүгүндө эгерде мамлекеттик жөлөк пул алуучу мамлекеттик камсыздоого өткөн болсо, мамлекеттик жөлөк пулдарды төлөө токтотулат деп каралган.

Ошондой эле, Сокулуктагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитациялык борбордо (Кыргыз Республикасынын Социалдык коргоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча, № 21-5/882 22.11.22) - Кыргыз Республикасынын 30.03.18-жылдагы № 33 Мыйзамынын кабыл алынгандыгына байланыштуу 50 кызмат алуучуга мамлекеттик жөлөк пулдарды төлөө токтотулган.

Мекеменин кызматкерлеринин айлык акысынын төмөндүгү мекеменин убактылуу туруучуларына кызмат көрсөтүүнүн натыйжалуулугуна жана сапатына таасир этүүчү негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Эмгек акынын аздыгынан улам, көптөгөн адистер аталган мекемеде иштегиси келбейт.

Мекеменин ай сайынкы орточо эмгек акысы:

- административдик-чарбалык бөлүктүн кызматкерлери үчүн 6 миңден 8 миң сомго чейин;
- медициналык кызматкерлер үчүн 6 миңден 7 миң сомго чейин;
- техникалык тейлөөчү персонал үчүн 3 миңден 6 миң сомго чейин;
- кенже тейлөөчү персонал үчүн 3 миңден 12 миң сомго чейин.

Иштөөгө каалоосу жоктогуна байланыштуу бош орундар бар, бул мекеменин толук эмес иштешине алып келет.




**2.2.1.1-сүрөт**

## Ак-Суу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси (АПССМ)

Мониторинг жүргүзүү учурунда мекеменин ичинде 246 гана кызмат алуучу жашаган, анын ичинен 54ү сырттан кароого муктаж болгон туруктуу стационардык бейтаптар.

Мекемеге өнөкөт ооруларына чалдыккан адамдар да кабыл алынып турат (тубаса өспөй калган же кандайдыр бир кемтиги бар, тубаса жүрөк оорусу, ашказан, боор рагы ж.б.).





**2.2.2-сүрөт**

АПССМ 250 адамга ылайыкталган. 2021-жылдын 22-ноябрына карата анда 246 социалдык кызмат алуучу жашаган (мындан ары СКА).

Ак-Суу районунун «Кыргызпочтасы» аркылуу республикалык бюджеттен социалдык жөлөк пулдарды 97 СКА, ал эми республикалык бюджеттен Социалдык фонд аркылуу 21 адам алат.

Социалдык жөлөк пулдун 100% нын ичинен 25%ын СКА алат, ал эми калган 75%ы мамлекетте калат. 2018-жылдын июль айынан баштап, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине жиберилген 2018-жылдын 12-апрелиндеги №13/1-2175 катына ылайык, "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына социалдык коргоо чөйрөсүндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алуу үчүн, мамлекеттик жөлөк пулдар (анын ичинде ай сайын берилүүчү социалдык жөлөк пулдар), мамлекеттик жөлөк пулдар (анын ичинде ай сайын берилүүчү социалдык жөлөк пулдар) мамлекет тарабынан толук камсыздоого алынган адамдарга белгиленген эмес.



**2.2.2.1- сүрөт**

Мекеменин аймагында 12 адамга ылайыкталган даарат алуучу бөлмө бар. Бирок, жогоруда айтылгандай, АПССМда 54 ордунан тура албаган СКА жашайт, алар дайыма сырттан камкордукка муктаж жана керек болгон учурда да сыртка чыга алышпайт. Бул мекеменин жашоочуларына да, кызматкерлерге да чоң ыңгайсыздыктарды жаратууда.

Мекеменин аймагындагы мончо жана кир жуучу жай өзүнчө жайгашкан. Ал жер жаңы жана керектүү жабдыктар менен жабдылган.

**Мекеменин көйгөйлүү маселелери**

Мекеменин негизги көйгөйү бул – АПССМнын жатаканасынын үчүнчү кабатында жайгашкан даарат алуучу бөлмөлөр канализациянын жоктугунан иштебей тургандыгы. Бул жагдай ошол жакта жашаган адамдарга кам көрүүдө олуттуу көйгөйлөрдү жаратат.

Үч кабаттуу жатаканада жайгашкан даарат алуучу бөлмөлөрдүн толук кандуу иштеши үчүн канализацияны калыбына келтирүү керек. Мекеменин канализациясынын иштөө мөөнөтү эбак бүтүп, системасы чирип калган. Учурда иштеп жаткан саркынды сууларды тазалоочу жай – септик да иштебей турат.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин Жалал-Абад шаарындагы «Ак-Жол» балдар комплекстүү реабилитациялык борбору**

Комплекс 49 балага ылайыкталган. Азыркы учурда ал жакта 15 бала жашап жатат. Бул интернатта турмуштук оор абалга кабылган 18 жашка чейинки балдар жашайт. Алар төрт жаштан баштап кабыл алынат.

Бюджеттен бөлүнгөн каражаттын көлөмү 5 миллион сомду түзөт. Тамак-ашка суткасына 110 сом, дары-дармекке жылына 38 миң сом (күнүнө 12 сомдон) бөлүнөт.



**2.2.3- сүрөт**

Мекеменин имараты жеке менчиктеги имарат болгон жана башынан мектеп-интернатка ылайыкталган эмес. Балдар жашап, окуп жаткан имаратта суу, канализация, ошондой эле, ажаткана, жуунуучу жайлар жок.

Буга байланыштуу балдар жыл бою убактылуу кол жуугучтарга жуунуп, сыртта ажатканага чыгууга аргасыз болушат. Мындай шарттар азыркы заманбап стандарттарга жооп бербейт, мындай шарттарда балдарга кам көрүү мүмкүн эмес.

Мектеп-интернаттын директорунун айтымында, балдар үчүн өтө зарыл болгон муктаждыктардын бири – бул мончо. Мекеменин каржылоосу жетишсиз болгондуктан, мончону куруу мүмкүн болбой жаткандыгын билдирди. Интернаттын инфратүзүмүн жакшыртуу үчүн жетекчилик демөөрчүлөргө кайрылууга аргасыз болууда.

**"Ирада" муниципалдык балдар үйү**

«Ирада» муниципалдык балдар үйү Каракол шаарынын балансында турат жана жергиликтүү бюджеттен каржыланат. Балдар үйүнүн жылдык бюджети 700 миң

сомго жакын болсо, анын 230 миңи тамак-ашка багытталган. Мониторинг жүргүзүү учурунда бул балдар үйүндө жашы жете элек төрт бала жашап жаткан. Балдар үйү 12 балага ылайыкталган. Бирок кээде күтүлгөндөн көп бала келип, саны 26га чейин жетип, 12 кишиге эсептелген тамак-аш 26 балага бөлүштүрүлүп берген учурлар болот. Балдар үйү жылуу. Балдар үчүн тамак-аш менюнун негизинде даярдалат.

Балдар үйү 2008-жылы Даниянын “Балдарын сактоо" долбоорунун жана жергиликтүү бюджеттин колдоосу менен ачылган. Мекемеде бир медайым, эки тарбиячы жана директор иштейт. Тарбиячылар күнү-түнү тарбиячынын 2,5 ставкасында, медицина кызматкеринин 0,5 ставкасында иштешет, алардын айлыгы 7-8 миң сомду түзөт. Мекеменин оңдоо иштерине жыл сайын жергиликтүү бюджеттен 15-20 миң сом бөлүнөт. Оңдоо иштерине тендерлер өтүп жатат.

Мекеменин оңдоп-түзөө иштерине жыл сайын жергиликтүү бюджеттен 15-20 миң сом бөлүнөт. Оңдоп-түзөө иштерине тендерлер жүргүзүлүп келүүдө.

Балдардын тамак-ашына жергиликтүү бюджеттен бир адамга күнүнө 60 сомдон бөлүнөт. Меню жума сайын түзүлүп, балдар үйүнүн директору тарабынан бекитилип турат.

Бул жерге көбүнчө ата-энеси ичкилик ичкен балдар келишет. Мындай шартта балдар кароосуз калып, мектепке барбай калышат. Көчөдөн же кароосуз калган бала табылса, жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясынын жана үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүнүн кызматкерлери акт түзүшөт, андан кийин алар балдар үйүнө бекитилет. Балдарды бул жерде алты айга чейин кармоого болот.

Ал убакка чейин социалдык кызматкерлер баланын ата-энеси же жакындары менен байланышат. Болбосо, соттун чечими боюнча (ата-энелик укуктан ажыратуу) балдар мекемеде дагы алты айга калат. Мисалы, 2017-жылы соттун чечими менен алты бала ушул балдар үйүндө калган, 2021-жылы алар фостердик үй-бүлөгө берилген.

Мониторинг жүргүзүү учурунда үйдө төрт бала болгон: эки кыз жана эки эркек бала. Ю.Г. 2020-жылдын 20-августунда келген. 06.06.2021 соттун чечими бар. З.К. 07.02.2021 келип түшкөн, ага байланыштуу иш сотто каралууда. Т.К. 04.10.2021 келип түшкөн, анын иши соттун кароосунда. Д.В. 2021-жылдын 27-сентябрында келип түшкөн, кызды үйүнө кайтаруу боюнча ата-энелер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Балдарды медициналык кароодон өткөрүү алар каттоодо турган аймактык поликлиникада жүргүзүлөт. Зарыл болсо, дарылоону дайындайт. Дары-дармектерге жыл сайын бюджеттен жергиликтүү өлчөмдө каражат бөлүнөт. 2020-жылы - 3000 сом, 2021-жылы - 4000 сом. Бул сумма балдар үйүнүн муктаждыктарына жетпейт. Демөөрчүлөр жардам беришет.

Балдар мамлекеттик мектептерге барышат. Билим берүүнү колдоо үчүн балдар үйүнүн кызматкерлери тарабынан көзөмөлдөнгөн интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү телевизор бар.

Балдар мекемелеринде пособиелерди төлөөнү токтотуу боюнча ушундай эле жагдай түзүлгөн.

Директордун айтымында, эгер мамлекет ата-энеси жок балдарга жөлөк пул

берүүнү токтотпосо, алар эсеп ачып, балдарга акча чогултмак. Мектепти аяктагандан кийин, балдарда, жок эле дегенде, баштапкы жашоо үчүн каражатка ээ болуу мүмкүнчүлүгү болмок. Мисалы: бала айына 3000 (үч миң) сом алса, жылына 36 000 (отуз алты миң) сом жыйналмак. Азыр Т.К 9-класста окуп жатат, үч жылда ага 108 000 (жүз сегиз миң) сом топтолмок.

К. З. аттуу бала ден соолугуна байланыштуу жөлөк пул алчу. Анын атасы каза болуп калган, ал эми апасы ичкиликке берилип кеткендиктен, кызын багууга мүмкүнчүлүгү жок. Балдар үйүнө түшкөн күндөн тартып эле жөлөк пул төлөө токтотулган.

**Мекеменин көйгөйү:**

- Мекеме оңдоп-түзөө иштерине муктаж;
- балдардын тамак-ашына жана дары-дармектерине каражаттын жетишсиз бөлүнүшү;
- мекемеге кабыл алынгандан кийин балдарга мамлекеттик пособиелерди төлөөнү токтотулушу;
- Балдар үйүн аяктагандан кийин акчанын жетишсиздигинен оор турмуштук шарттарга туш болушу.

## Социалдык камсыздоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга талдоо жүргүзүү

«Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө» Эл аралык пактынын 9-беренесине ылайык, бул пактка катышкан мамлекеттерде (анын ичинде Кыргыз Республикасында) ар бир адамды социалдык камсыздоо, анын ичинде социалдык камсыздандыруу укугу таанылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет катары, анын саясаты материалдык байлыкты социалдык теңчиликтин жана социалдык адилеттүүлүктүн принциптерине ылайык кайра бөлүштүрүүгө жана татыктуу сапатка жана ар бир жарандын жашоо деңгээлин, социалдык айырмачылыктарды жеңилдетүү жана муктаж болгондорго жардам берүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүнө ылайык, мамлекет элдин жыргалчылыгына жана анын социалдык жактан корголушуна кам көрөт. Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан тейлөө, медициналык тейлөө системасын өнүктүрүү, мамлекеттик пенсиялардын, пособиелердин жана социалдык коргоонун башка кепилдиктери камсыз кылынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын төртүнчү бөлүмү социалдык-экономикалык укуктарга арналган. Ошентип, 44-статьяга ылайык, Кыргыз Республикасында мыйзамда белгиленген тартипте жана учурларда карыганда, ооруп калганда, ишке жарамсыз болгондо, майып болгондо, багуучусунан ажыраганда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыздоо кепилденет.

Мамлекет ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин толук жана бирдей ишке ашырууга, аларды эч кандай басмырлоосуз коомго интеграциялоого, майыптар үчүн жеткиликтүү шарттарды түзүүгө жана алардын жашоо сапатын жакшыртууга негизделген социалдык коргоо системасынын иштешин камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 30-мартындагы № 33 “Калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынганына байланыштуу, «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 10-бөлүгүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди: мамлекеттик жөлөк пул алуучу мамлекеттик колдоого өткөн учурдан тартып, мамлекеттик жөлөк пулдарды төлөө токтотулат.

Мыйзамдын бул өзгөртүүсү кызмат алуучулардын абалын бир топ начарлатып, социалдык мекемелерде кызмат алуучулардын ортосундагы мамлекеттик жөлөк пулдарды алуучулардын теңсиздигин жаратты. Ошол эле учурда тамак-ашка, дары-дармекке жана бул категориядагы адамдарды камсыздоого бөлүнгөн каражаттын көлөмү азык-түлүктүн кымбатташына карата өскөн жок.

Мамлекеттик жөлөк пулдар аз жана мамлекеттик колдоодо турган адамдын андай жөлөк пулдарды алуусу мамлекетке жүк болуп саналбайт (жана болбошу керек). Эл аралык укуктун ченемдеринда жана Конституцияда адам укуктарынын, эркиндиктеринин жана кызыкчылыктарынын үстөмдүгүнүн принциптери белгиленген. Ченемдерди жаратууда мамлекеттик орган, бардык адамдардын жыргалчылыгы үчүн кызмат кылган уюм катары, жөлөк пулдарды токтотуу адам укуктарын сактоонун зарыл чарасы эмес экендигин эске алуусу керек.

Балдар мекемелеринде жөлөк пулдардын абалы социалдык стационардык мекемелердеги абалга окшош. Балдар мекемелеринде тарбияланган балдарга мамлекеттик жөлөк пулдарды төлөөнүн токтотулушу алардын абалынын начарлашы болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Балдар кодексинин 77-беренесинин 4-1-бөлүгүнө ылайык, ата-энесинин камкордугусуз калган жана менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында турган балдар менчигинин түрүнө карабастан камкордукка алынган мекемелердин пайдасына пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка социалдык төлөмдөрдү алууга, 18 жашка толгонго чейин аларга жеке аманат эсептерин ачууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин юридикалык күчү «Мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына караганда жогору болгонуна карабастан, мекемелерге түшкөн балдарга милдеттүү түрдө жөлөк пул алуу токтотулат. Ченемдердин мындай карама-каршылыгы мекемелерге кабыл алынган балдардын укуктарынын сакталбай калышына алып келет жана келечекте алардын нормалдуу жашоо кепилдигинен ажыратат.

# Корутундулар

Социалдык мекемелерде (анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды) кармоого кеткен чыгымдар эркиндигинен ажыратуучу жайларда жазасын өтөп жаткандардын чыгымдарына салыштырганда иш жүзүндө бирдей өлчөмдө турат (айрым учурларда андан да төмөн). Мамлекеттик бюджеттен каражаттын жетишсиз бөлүнүшү калктын аярлуу катмарынын кызыкчылыгына туура келбейт. Бул улгайган адамдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды социалдык жактан коргоо жаатындагы натыйжалуу жана реалдуу мамлекеттик саясаттын жоктугун тастыктайт.

Мониторингдин жүрүшүндө белгиленген социалдык стационардык жана психиатриялык мекемелерге жаткырылган адамдарга жөлөк пулдарды төлөөнүн токтотулушу теңсиздикти жаратат, абалды начарлатат жана кызмат алуучулардын укуктарына шек келтирет. Ушуга байланыштуу, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик жөлөк пулдар боюнча маселелерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын айрым жоболорун кайра карап чыгууга муктаж.

Социалдык стационардык мекемелердеги жашоо кармоо шарттарынын начардыгынын себептеринин бири жетишсиз каржылоо болуп саналат. Каражаттар негизинен тамак-аш, дары-дармек жана мекеме кызматкерлеринин эмгек акысы сыяктуу чыгашалардын зарыл беренелерине гана бөлүнөт. Ошол эле учурда, инфратүзүмдү жакшыртуу жана социалдык мекемелердин шартын жакшыртуу мамлекеттин милдети болбой калган. Социалдык стационардык мекемелер демөөрчүлөрдүн каражаттарынын эсебинен, жашоо шарттарын жакшыртуу маселелерин өз алдынча чечишет.

Буга байланыштуу социалдык стационардык мекемелердин керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон каражаттарды тартуу программасын иштеп чыгуу зарыл. Алар, имараттарды жана курулуштарды курууга, имараттын ичиндеги жаңы ажатканаларды, мончолорду, кир жуучу жайларды курууга, суу түтүктөрүн тартууга, канализацияларды орнотууга багытталууга тийиш. Мунун баары калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү жана бирдей социалдык укуктарды камсыз кылуу боюнча мекемелердин ишмердүүлүгүн жакшыртуу үчүн зарыл.

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык өнүктүрүү жана миграция министрлиги:***

- Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн социалдык-стационардык мекемелерине, ошондой эле балдар мекемелерине тамак-ашка жана дары-дармекке бөлүнгөн суммаларды көбөйтүү жагын кайра карап чыгуусу;

- Мамлекеттик жөлөк пулдарды алууну камсыз кылуу бөлүгүндөгү, мамлекеттик жөлөк пулдарды берүү боюнча ченемдик укуктук актылардын жоболоруна талдоо жүргүзүүсү;

- Мамлекеттик социалдык стационардык мекемелеринде турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүүсү;

- Социалдык мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуусу;

- Социалдык стационардык мекемелердин инфратүзүмүн жана жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн каражаттарды тартуу боюнча долбоорлорду, стратегияларды, программаларды иштеп чыгуусу зарыл.

# 2.3. ВИЧ менен жашаган адамдардын жана калктын негизги топторунун басмырлоого жана ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алуу коркунучуна көбүрөөк дуушар болгон укуктарын сактоо

Кыргыз Республикасынын Омбудсмен институту коомдо стигманы жана басмырлоону азайтууга, ВИЧ менен жашаган адамдардын укуктарын коргоо, мамлекеттик органдар тарабынан мыйзамсыз кийлигишүүнү болтурбоо жана ВИЧ менен жашаган адамдарга карата укуктук тоскоолдуктарды жана басмырлоону четтетүү максатында алдын алуу программаларын колдоо аркылуу ВИЧти алдын алууда көп тармактуу мамилени колдоо бөлүгүндө укук коргоочу негизги органдардын бири болуп саналат.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Программасын ишке ашырууну колдоо жана адам укуктарын коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту ВИЧ илдетинин контекстинде калктын негизги топторунун (МСМ, ЛУИН, СР, ТБ жана ЛЖВ – мындан ары – КГН) укуктары менен болгон кырдаалды изилдөөгө байланыштуу ушул багытта тиешелүү иштер жүргүзүлүп келүүдө.

2012-жылы түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратына караштуу ВИЧ менен жашаган адамдардын жана Кыргыз Республикасынын калкынын негизги топторунун иштери боюнча Кеңештин (мындан ары – Кеңеш) иши жандандырылды.

Кыргызстандагы калктын негизги топтору кыйла жабык жамааттар болуп саналат, ошондуктан ВИЧ-инфекциясынын алдын алуу контекстинде ВИЧ-инфекциянын жана КППнын укуктарынын сакталышынын абалына талдоо жүргүзүү, ошондой эле Кеңештин ишмердүүлүгүнүн алкагында бул категориядагы адамдар менен байланышты табуу мүмкүн болду. Кеңештер, мониторингдик жолугушуулар жана тиешелүү өкмөттүк эмес уюмдардан маалымат чогултуу аркылуу жогоруда аталган Коомдук кеңештин иши жүргүзүлдү.

ВИЧ/СПИДдин таралышы коопсуздуктан жана дискриминациядан жапа чеккен негизги калктын арасында кездешет. Бул социалдык, маданий жана экономикалык себептерден улам коом тарабынан басмырланган калктын топторуна кирет.

ВИЧ/СПИД (ЛЖВС) менен жашаган же андан жабыр тарткан адамдар, эгерде социалдык жактан четтетүүгө, басмырлоого, купуялуулуктун жоктугуна же башка терс кесепеттерге дуушар болсо, кеңешке, тестирлөөгө, дарылоого же камкордукка кайрылышпайт.

Дискриминация жана башка мажбурлоо чаралары социалдык жана медициналык жардамга эң муктаж болгондорду четтетет. Адам укуктары сакталган жерде ВИЧ/СПИД тармагында иштеген жарандык коом уюмдары оорунун пандемиясына жакшыраак жооп бере алышат, ал эми ВИЧ/СПИДдин таасирине АИВ жана алар жашаган жамааттар жакшыраак туруштук бере алат.

Стигма жана дискриминация сыяктуу укуктук тоскоолдуктарды, укук коргоо органдарынын жана медицина кызматкерлеринин туура эмес укук колдонуу практикасын жана Кыргыз Республикасында ВИЧтин алдын алуу жана дарылоо

программаларын ишке ашырууга тоскоолдук кылган башка көрүнүштөрдү изилдөө максатында Акыйкатчы институтунун кызматкерлери мониторинг жүргүзүштү. 2021-жылы Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарынын аймактык коомдук уюмдары менен жолугушуулар болду.

*Чүй облусунда катталган мисалдардын бири - Чүй облусунун Кара-Балта шаарынан келген үй-бүлөнүн жакындары тарабынан стигма жана басмырлоо, үй-бүлөлүк жана экономикалык зомбулук фактылары боюнча арыз. Бул боюнча Кеңеш Акыйкатчы институтунун тиешелүү бөлүмүнүн кызматкерлери менен бирдикте арыз ээсинин жакындары, кийинчерээк Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгы менен биргеликте иш алып барган.*

*Учурда аталган үй-бүлө кризистик борбордо жашайт, апасы жумушка орношуп, балдары ата-энелеринин жашыруун статусун сактоо менен мектепке чейинки жана мектептик билим берүү мекемелерине жайгаштырылган. Атасы алимент төлөөдөн такай качкандыктан жана зомбулук аракеттери кайталанат деген коркунучтан улам бул иш Акыйкатчы институтунун Чүй облусундагы өкүлчүлүгүнүн көзөмөлүндө.*

Мындай жагдай Акыйкатчы институтуна коомчулук ишеним арта баштаганынан кабар берет жана келечекте өз алдынча кайрылууга мүмкүн экендигин тастыктайт.

*Кеңири маалымат менен төмөнкү QR-код аркылуу таанышсаңыздар болот.*

# СУНУШТАМАЛАР

### *Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине*

1. Укук коргоо органдары тарабынан ВИЧти алдын алуу программаларын колдоо. Секс-жумушчуларга кысымдан жана зордук-зомбулуктан коркпостон милициянын мыйзамсыз аракеттери жөнүндө коопсуз жана натыйжалуу билдирүүгө мүмкүндүк берген жумушчу механизмди түзүү керек.

2. Милициянын аракеттерин укуктук нукка буруууга мүмкүндүк берген мыйзам алдындагы актылардын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу:

   - ВИЧ боюнча ведомстволор аралык нускама (2014);

   - ИИМдин 2017-жылдын 14-декабрындагы 946-б буйругу;

   - ВИЧ боюнча кабыл алынган жаңы мамлекеттик программага ылайык ИИМдин ведомстволук планын жаңылоо;

3. Мыйзамсыз кармоо, коркутуу, шантаж жана опузалап талап кылуу менен байланышкан укук коргоо органдары тарабынан басмырлоочу демилгелерди, рейддерди колдонбоо жана бөгөт коюу.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине***

1. ВИЧ маселелери боюнча коомдун маалымдуулугун жогорулатуу.

2. Кыргыз Республикасынын бардык облустарында ВИЧти алдын алуунун, тестирлөөнүн жана дарылоонун жеткиликтүүлүгүн, туруктуулугун камсыз кылуу.

3. Маалыматты жакшыраак кабыл алуу үчүн ЖЖЖИ жана ВИЧ боюнча маалыматтарды кыргыз тилинде берүү, ошондой эле өспүрүмдөрдүн сексуалдык ден соолук жана ВИЧ жана башка ЖЖЖИни алдын алуу кызматтары жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу.

4. Калктын негизги топторунун арасында ЖЖЖИни алдын алуу жана дарылоо боюнча программаларды колдоо.

5. Жалпы калктын жана негизги топтордун арасында ВИЧ-инфекцияны алып жүрүүчүлөргө карата стигманын деңгээлин төмөндөтүү.

# 3-БӨЛҮК.
# АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

Акыйкатчынын дарегине болгон кайрылуулардын басымдуу бөлүгү аялдардын укуктарына байланыштуу, үй-бүлөлүк зомбулук, алименттик милдеттенмелер, жашы жете элек баланын ата-энесинин бири менен жашаган жерин аныктоо жана билим алууга болгон жеткиликтүүлүк сыяктуу маселелерге тиешелүү.

## 3.1. Никеге туруу максатында кыздарды ала качуу. Эрте курактагы нике

Кыргыз Республикасы «Баланын укуктары жөнүндө»[4], «Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндө»[5] жана «Никеге туруу, жаш курагында никеге турууга макулдук берүү жана никени каттоо жөнүндө»[6] БУУнун конвенцияларына кошулган.

Кыз ала качуу «салтынын» алкагында, 2018-жылдын май айында мажбурлоо жолу менен никеге туруу максатында уурдалган 20 жаштагы студент М. Б.нын өлтүрүлүшү коомчулукта кеңири наарazычылыкты жараткан. Т. кызы Бнын өлүмүнөн үч жыл өткөндөн кийин окуя кайталанып, А. Кнын каза тапкандыгы таптакыр кабыл алгыс көрүнүш. Укук коргоо органдары аялдар менен кыздардын өмүрүн сактап кала турган мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылуу үчүн мүмкүн болгон бардык чараларды көргөн жок. Кыз ала качуу менен бирге эрте жаштагы жана мажбурланган никеге туруу жөнүндөгү маалыматтар чектелген, анткени мындай учурлар, белгилүү болгондой, мамлекеттик органдарда катталбай, бийлик органдарына арыз түшкөн фактылар боюнча гана маалымат бар.

Эрте жана мажбурлап никеге турууга дуушар болгон аялдар жана кыздар күйөөсүнүн жана анын туугандарынын кордугуна каршы тура алышпайт, ал эми кыздарды ала качуу, аныкталгандай, күчтөп кармап туруу менен коштолот жана үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурларда жардам сурап кайрылуу процессин татаалдаштырат.

КРнын Акыйкатчысынын аппараты өз эркине каршы никеге туруу үчүн (ала качуу) адам уурдоо (аялдар менен кыздарды) жөнүндө КР ЖК анча оор эмес 175-беренеси КР ЖК кыйла оор беренесине алмаштырылышы жана КР ЖК 170-беренесине (адам уурдоо) бирдей болушу керек деп эсептейт.

КРнын Акыйкатчы институту никеге туруу үчүн кыздарды уурдоо, ошондой эле

[4] КР № 1402 КР ЖК 1994-ж. 12-январындагы токтому менен Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны ратификациялаган.
[5] КР «Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндө» Конвенцияга КР ЖК МЧЖ 1996-ж. 25-январындагы № 320-1 жана КР ЖК ЭӨЖ 1996-ж. 6-мартындагы № 257 токтому менен кошулган.
[6] КР «Никеге туруу, жаш курагында никеге турууга макулдук берүү жана никени каттоо жөнүндө» Конвенцияга КР ЖК МЧЖ 1996-ж. 25-январындагы № 322-1 жана КР ЖК ЭӨЖ 1996-ж. 6-мартындагы № 260-1 токтому кошулган .

аялдар менен кыздарга карата зордук-зомбулук сыяктуу биздин коомдогу терс көрүнүштөр менен байланыштуу иштерин улантат.

Ошентип, КРнын Акыйкатчысынын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндөгү ар жылдык баяндамалары аркылуу аталган маселелер боюнча сунуштар жана корутундулар КР ЖК алдында бир нече ирет көтөрүлгөн, алар өз кезегинде КР ЖК токтомдорунда чагылдырылган.

КРнын Акыйкатчы институту көрүлгөн бардык чараларга карабастан, акыркы жылдарда жана бүгүнкү күнгө чейин кыз ала качуу учурлары болуп жаткандыгын өкүнүү менен белгилейт.

КРнын Улуттук статистикалык комитети тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөлөрдөгү маалыматтар боюнча, биздин өлкөдөгү никелердин 20%дан ашыгы кыздардын өз каалоосуна каршы ала качуу менен болгон. Ошону менен бирге, айыл жерлеринде никеге туруу үчүн аялдарды ала качуу шаар жерине караганда эки эсе көп.

Никеге туруу максатында аялдарды ала качууда кылмыштын бир нече түрлөрү орун алат, анын ичинде инсандын эркине, ар-намысына жана кадыр-баркына каршы, инсандын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы, үй-бүлөгө жана жашы жете электерге каршы жасалган кылмыштар бар. Бирок, буга карабастан, кылмыш иштеринин көбү тосмо арыз берүүгө байланыштуу токтотулат.

Кыргыз Республикасында аталган кылмыштар үчүн жаза чаралары мыйзамдык деңгээлде күчөтүлгөн. Азыркы учурда КР Жазык кодексинин 172-беренеси боюнча беш жылдан жети жылга чейинки жаза, ал эми КР ЖК 173-беренесинде – үч жылдан беш жылга чейинки эркинен ажыратуу каралган.

Жогоруда белгиленген беренелердеги жаза чараларын күчөтүү кылмыштын бул түрлөрүнүн азайышына алып келиши керек. Бирок аялдарды ала качуу көрүнүштөрү толугу менен жоюлган жок.

Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге акысыз юридикалык жардам көрсөтүү максатында КРнын Акыйкатчы Аппараты менен КРнын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо борборунун ортосунда кызматташуу боюнча меморандум түзүлдү, анын негизинде көптөгөн кайрылуучуларга байланыштуу акысыз юридикалык жардамдар көрсөтүлдү.

Ошондой эле үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан коргоо боюнча укук маселелеринде кызматташуу максатында КРнын Акыйкатчы Аппараты тарабынан үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан жапа чеккен жана турмуштук оор кырдаалдарга туш болгон адамдарга баш калкалоочу жай гана бербестен, психологиялык жана социалдык дагы жардам көрсөткөн «Сезим» кризистик борбору менен меморандум түзүлгөн. Анткени Акыйкатчыга кайрылгандардын көбү турак-жайсыз эле эмес, жумушсуз жана жашоого болгон каражаты жоктугунан улам кыйналгандар.

Кыргызстанда жашы жете электердин катышуусунда никеге туруу балдардын укуктарын бузуу катары каралат. Ооба, мыйзамда никеге туруу үчүн минималдуу курак 18 жаштан өйдө экендиги белгиленгендигине карабастан, мындай терс көрүнүштөр болуп жатат. Никеге туруу үчүн жаш курагынын чеги жана никеге мажбурлагандыгы үчүн болгон жаза жоопкерчилигинен тышкары, Кыргыз Республикасында жашы жете электер менен никеге турууну алдын алуу боюнча эч кандай мамлекеттик программа каралган эмес.

Белгилеп коюу зарыл, никеге туруу үчүн жашы жете электерди ала качкан учурлар практикада бар, ошону менен катар эле мындай никелердин көбү ЖААК органдарында катталган эмес. Буга байланыштуу, жашы жете электердин никеси боюнча расмий статистика көйгөйдүн реалдуу масштабын чагылдырбайт деп эсептейбиз.

КР ЖК 175-беренеси диний ырым-жырымдарды (нике) өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамды бузгандыгы үчүн болгон жоопкерчиликти карайт. Мындай нике көп учурларда мамлекеттик каттоодон өтпөстөн түзүлөт. Кылмыш жоопкерчилигине жашы жете электердин катышуусунда нике кыйган имамдар, жашы жете электердин ата-энеси жана алардын ордунда болгондор, ошондой эле диний ырым-жырым боюнча жашы жете электер менен никеге туруп жаткан чоң адамдар тартылышы мүмкүн. Бул кылмыш үчүн үч жылдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган.

КРнын Акыйкатчы институтуна түшкөн жазуу жана оозеки түрүндөгү даттануулар менен кайрылууларга болгон талдоолор катталбаган нике аялдар сыяктуу эле, мындай никеден төрөлгөн балдар үчүн дагы бир катар терс укуктук кесепеттерге алып келерин көрсөтүп турат:

1. Биргелешип тапкан мүлктү бөлүштүрүү укугу;

2. Мураска болгон укук;

3. Катталбаган никеде төрөлгөн балдардын мураска болгон укугу;

4. Билим алууга болгон укук;

5. Репродуктивдүү укуктарды коргоо;

6. Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн алуудагы көйгөйлөр;

7. Аталыкты аныктоодогу көйгөйлөр ж.б.

8. Өмүрүн жана ден соолугун жоготуу тобокелдиги (энелердин өлүмү).

КРнын Акыйкатчысынын дарегине өзүнүн жашы жете элек бир тууганы Б. Я.нын өлүмүнө байланыштуу укук коргоо органдарына карата арыз менен В. Я. кайрылган. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Балдардын, аялдардын жана үй-бүлөнүн укуктарын коргоо боюнча бөлүмдүн кызматкерлери 17 жаштагы Б. Я.нын жаңы төрөлгөн баласы бар экендигин, анын төрөгөн энеси 15 жашта экендигин аныкташкан. Бул иш көзөмөлгө алынып, жаңы төрөлгөн баланы документтештирүү боюнча, ошондой эле жашы жете электердин эмансипациясына шилтеме берүү менен ЖААК органдарына никени каттоо боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Жашы жете элек куракта никеге туруу жана алардын кесепеттери жөнүндөгү расмий статистика жана изилдөөлөр тынчсызданууну жаратат. КРнын Акыйкатчы институту тарабынан эрте никеге туруу көйгөйлөрүн мыйзам деңгээлинде жөнгө салууга мүмкүн эмес, анткени анын өзөгүндө социалдык, коомдук жана башка себептер жатат деген жыйынтык чыгарылды.

Баяндалгандардын негизинде, Кыргызстандагы бардык шаарларда жана айылдарда төмөнкүдөй иштерди аткаруу зарыл деп эсептейбиз:

- жашы жете элек курактагы никелерди алдын алуу боюнча системалуу иштерди жүргүзүү;
- нике институту жана эрте никеге туруунун кесепеттери жөнүндө жаштардын

маалымдуулугун жогорулатуу;

- маалыматтык кампанияларды өткөрүү;

- адистердин катышуусунда жолугушууларды жана аңгемелешүүлөрдү уюштуруу;

- эрте жашта никеге туруунун кесепеттери жөнүндө калкты, өзгөчө ата-энелерди жана кыздардын туугандарын маалымдоо зарыл.

# СУНУШТАМАЛАР

***КР Министрлер кабинетине:***

1. Жашы жете элек балдардын ата-энесине, мыйзамдуу өкүлдөрүнө жана камкорчуларына эрте жашта никеге туруунун кесепеттери жөнүндө маалымат берүү.
2. Эрте жашта никеге туруунун зыяндуулугу, мыйзамсыздыгы жана кесепеттери жөнүндө маалыматтык-агартуучулук өнөктүктөрдү өткөрүү.

# 3.2. Эмгек мигранттарынын балдарынын укуктарынын сакталышы

## Мигранттардын балдары

2021-жылдын башында, Кыргыз Республикасында 18 жашка чейинки курактагы 2 млн 381 миң бала болсо, алардын жарымынан көбү (51%) эркек балдар. 2018-жылдын башындагы көрсөткүчкө салыштырмалуу балдардын саны 69 миңге көбөйгөн, же 3%.

Үстүбүздөгү жылдын башталышына карата, балдардын жалпы санынан алганда:

- 46% – жети жашка чейинки курактагы балдар (1 млн 97 миң адам);
- 42% – 7-14 жаш курактагылар (988 миң адам);
- 12% – 15-17 жаштагы өткөөл курактагылар (296 миң адам).

Балдардын басымдуу көпчүлүгү (68%) айыл жерлеринде жашашат. Кыргызстанда 17 жашка чейинки балдардын 11%ынын ата-энесинин бири – мигрант.

Балдардын укуктарын коргоо КРнын Акыйкатчы институтунун ишмердүүлүгүндөгү артыкчылыктуу багыттардан болуп саналат. 2020-жылы балдардын, аялдардын жана үй-бүлөнүн укугун коргоо боюнча бөлүмгө 167 арыз түшкөн, 2021-жылдын 9 айында – 223 арыз. Аймактардагы балдарга жана аялдарга карата болгон зордук-зомбулук фактылары КРнын Акыйкатчысынын облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү тарабынан борбордук аппараттын көзөмөлү астында ыкчам түрдө өндүрүшкө алынат.

## Эмгек мигранттарынын балдары

Туугандарынын багуусунда же интернаттык мекемелерде калтырылган мигранттардын балдары катаал мамилелер менен зордук-зомбулуктун алдында абдан алсыз. Ата-энелердин узак убакытка чейин жок болушу бир катар

психологиялык жана социалдык көйгөйлөргө алып келиши ыктымал. Ички мигранттардын балдары негизинен коомчулукка «көрүнбөгөн» бойдон калууда, анткени алардын көпчүлүгүндө жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча документтери жок. Алар билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык жөлөк пулдар, социалдык коргоо кызматтары сыяктуу базалык жардамдарды алууда кыйынчылыктарга туш болушат.

Чет өлкөлөрдө Кыргызстандын 898 634 жашоочусу иштейт.[7] Дээрлик 80% кыргыз мигранттары Россияда эмгектенишет жана 15%ы – Казакстанда, алардын басымдуу бөлүгү Кыргызстандын түштүк аймагынан баргандар.

Ошентип, жакырчылык деңгээлинин өсүшү ички жана тышкы миграциянын болушун шарттап, кароосуз калтырылган балдардын саны дагы өсүп жатат. КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматына ылайык, 2021-жылы турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдарды аныктоо үчүн 442 940 турак жайлар, анын ичинде эмгек мигранттарынын балдары иликтөөгө алынган. Бул иштин жыйынтыгында ата-энелери өлкөдөн тышкаркы жерлерде иштеп жаткан 93 501 бала аныкталган.[8]

Ата-энелери миграцияга кеткенден кийин, балдар көбүнчө туугандары менен калышат, жана көп учурларда өсүп жаткан балдардын керектөөлөрүн канааттандыра албаган абалдагы чоң энеси жана чоң атасы менен калат. Көп балдарды интернат мекемелерине жайгаштырышат. Мигрант үй-бүлөлөрдө чет жактардан болгон акчалай которуулардын аркасында жогоруураак киреше болгону менен, ата-эненин жоктугу балдардын бош убактысын алган оор жумушту аткарууга мажбур кылат жана ал тургай мектептеги окуусуна барбай, сабактарды калтыруусуна себеп болот.

КРнын Акыйкатчысы тарабынан Балдар жөнүндө кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени карап чыгуу боюнча КРнын Министрлер кабинетине сунуштар берилди – «эмгек мигранттарынын балдары» деген аныктаманы киргизүү. Бирок 2021-жылы аталган Кодекске «**эмгек мигранттарынын баласы (балдары)»** деген аныктама киргизилген, ал бүгүнкү күндө КРнын Министрлер кабинети тарабынан иштелип чыгууда, ушул эле жерде өзүнүн балдарын кароосуз калтырган ата-энелердин дагы жоопкерчиликтери аныкталат.

Ошондой эле Балдар жөнүндө кодекске болгон башка оңдоолор дагы каралып жатат. Алсак, эгер ата-энеси узак эмес мөөнөткө кетсе, анда алар балдар үчүн жоопкерчиликтүү болгон белгилүү бир адамга нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним кат калтырышат. Алты айга чейинки мөөнөткө кеткен учурда убактылуу камкордукка алууну каттоо сунушталат. Ал эми алты айдан ашык убакытка кетсе, сот аркылуу бир адамга туруктуу камкордукка алуу жол-жоболоштурулат.

Мындай ыкма, балким, бардык көйгөйдү чече албайт, бирок өз балдарынын жашоосунун коопсуз болушу жана ден соолугунун сакталышы, алардын коомдо психологиялык жана социалдык жактан көнүүсү үчүн болгон ата-энелердин жоопкерчилик чараларын күчөтөт.

Өлкө Евразиялык экономикалык биримдик аркылуу Россия менен тыгыз экономикалык интеграцияга багыт алгандыктан, кароосуз калтырылган балдардын саны дагы өсүшү мүмкүн. Баалоолор боюнча, Кыргызстандагы бир

[7] КР ТИМ жообу. № 12-231, 01.02.2022-ж.
[8] http://kg.akipress.org/news:175983

миллиондун тегерегиндеги калк ички мигранттар катары жашашат, алардын көпчүлүгү айыл жерлеринен шаарларга, негизинен Ош жана Бишкек шаарына келгендер. Ички мигранттардын балдары болжол менен көчө балдарынын 80 пайызын түзөт. Алардын көбү Бишкектин тегерегиндеги суу, газ, электр энергиясы чектелген, санитардык шарттары жок болгон кыйроо абалындагы үйлөрдө жашашат, ал жактарда алар үчүн медициналык кызматтарга, билим алууга жана социалдык жөлөк пулдарга жеткиликтүүлүк жок. Ансыз да аз камсыз болгон жана абдан аялуу мигрант балдар зордук-зомбулук, эксплуатациялоо жана коомдук коркунучтуу жүрүм-турумдарга кабылышат.

Эмгек мигранттарынын балдары чоң ата жана чоң энелеринде, туугандарыныкында же интернаттык мекемелерде көп калышат, бул алардын катаал мамилелерге жана алардын муктаждыктарына кайдыгер караган абалга дуушар кылат.

Интернетке болгон кеңири жеткиликтүүлүк балдарга болгон зордук-зомбулуктун интернет аркылуу коркутуу жана онлайн түрүндөгү сексуалдык эксплуатация сыяктуу жаңы формаларын жаратууда. Зордук-зомбулук менен чоңойгон өспүрүмдөр зордук-зомбулукту жашоонун кадыресе бөлүгү катары кабыл алуусу мүмкүн.[9]

Эмгек мигранттарынын балдарында, эреже катары, алардын курбалдаштарына салыштырмалуу мектептеги көйгөйлөргө көбүрөөк дуушар болушат: окуудагы төмөнкү көрсөткүчтөр, кээде билим алууга болгон жеткиликтүүлүктүн таптакыр жок болушу.

Эмгек миграциясын балдарга болгон зордук-зомбулуктун биринчи себеби катары айтууга болбойт, бирок, сөзсүз түрдө, эмгек миграциясы менен балдарга карата катаал мамилелердин ортосунда байланыш бар. Маалым болгондой, балага карата зордук-зомбулук көрүнүштөрүнүн көбөйүшүнө баланын ата-энесиз жашагандыгы негизги факторлордун бири болуп саналат.

Эмгек мигранттарынын балдары зордук-зомбулукка туш болгон жана кароосуз калган окуяларга байланыштуу маалыматтар ММКларда байма-бай кабарланып келет.[10]

## Статистика

ЭСКжММ маалыматы боюнча, 2019-жылы республикада мигранттардын 106 миң балдары катталган. COVID-19 көп ата-энелерди (үй-бүлөнүн бир же эки мүчөсү) Кыргызстанга кайтууга мажбур кылды.

***Таблица 3.3.3.1.***

| | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. |
|---|---|---|---|
| Мигранттардын балдарынын саны | 106 000 | 85 459 | 79 805 |
| Өлкөгө кайткан мигранттардын балдары | 20 | 0 | 105 |

[9] https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru
[10] https://cabar.asia/ru/kyrgyzstan-kak-reshit-voprosy-nasiliya-v-otnoshenii-detej-trudovyh-migrantov

***Таблица 3.3.3.2.***

| | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. |
|---|---|---|---|
| Сексуалдык зомбулукка кабылган балдардын саны | 62 | 71 | 118 |

Балдарга карата зодук-зомбулук бүгүнкү коомдун олуттуу көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жалпысынан баланын укуктары жөнүндөгү эл аралык стандарттарга жооп берет.

Зордук-зомбулукту алдын алуу үчүн туруктуу негизде балдардын ата-энелери жана туугандары менен профилактикалык иштерди жүргүзүү, балдарды зордук-зомбулуктан коргоо жана үй-бүлөлөр менен балдарга жардам көрсөтүү боюнча чараларды күчөтүү зарыл.

Андан тышкары, социалдык өнүктүрүү органдарынын, жашы жете электер менен иштөө боюнча инспекциялардын, башка аймактык мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин, ошондой эле социалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга туруктуу негизде көмөк көрсөтүү зарыл. Мамлекеттик органдар ортосунда жашы жете электердин укуктарын коргоо маселелеринде өз ара аракеттенүүнү камсыздоо боюнча иштерди күчөтүү абзел.

2020-жылы, КРнын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, жашы жете электерге байланыштуу **788** кылмыш жасалган, 2021-жылы – **2287** кылмыш жана жоруктар жасалган.

Тилекке каршы, балдарга карата зордук-зомбулук көйгөйү актуалдуу бойдон калууда. Бул жерде негизги себеп болуп эсептелгени: зордук-зомбулук үчүн жазасыз калуу, ата-энелердин жоопкерчиликсиздиги, турмуштук оор кырдаалдар, алдын алуу механизмдеринин жоктугу жана баланын айланасындагы адамдардын зордук-зомбулук тууралуу унчукпай, жашырып коюшкандыгы.

Көбүнчө, балдарга карата физикалык зомбулук психологиялык зомбулук менен коштолот, бул балдардын келечегине тескери таасирин тийгизет. Зордук-зомбулукка кабылган балдардын көбүнүн өздөрүнүн балдарына дагы мындай мамилени кайталоо ыктымалдыгы жогору.

2020-жыл үчүн, катаал мамилелерге жана зордук-зомбулукка кабылган балдар жөнүндөгү маалыматтар категориялар менен берилген: 1) физикалык зордук-зомбулук – **171**, 2) сексуалдык зордук-зомбулук –**71**, 3) психологиялык зордук-зомбулук – **39**. Жыйынтыгы – **287** бала.

2021-жыл үчүн: 1) физикалык зордук-зомбулук – **222**, 2) сексуалдык зордук-зомбулук – **118**, 3) психологиялык зордук-зомбулук – **77.**[11]

КРнын Акыйкатчысы өзүнүн ар жылдык баяндамаларында ар дайым балдарга карата жасалган зордук-зомбулукту жок кылуу боюнча чараларды сунуштап келет.

[11]ЭСКжММ жообу. кир. № 19-289, 07.02.2022-ж.

# СУНУШТАМАЛАР

***КР Жогорку Кеңешине:***

1 КРнын Балдар жөнүндө кодексинин жаңы редакциясын кабыл алуу процессин тездетүү.

**КР Министрлер кабинетине:**

1 Аны аткарууга жооптуу болгон мамлекеттик органдарды көрсөтүү менен эмгек мигранттарына, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө жардам көрсөтүү ошондой эле мигранттарды мекенине кайтаруу боюнча чаралардын мамлекеттик программасын иштеп чыгуу.

## Кыргыз Республикасындагы миграциядан жабыркаган балдардын укуктарына COVID-19 пандемиясынын тийгизген таасирин баалоо жөнүндө отчет[12]

Мигранттардын үй-бүлөлөрү абдан оор абалда турушат, алар квалификациялуу медициналык жана билим берүү сыяктуу негизги социалдык кызматтарга жеткиликтүүлүк планында айрым көйгөйлөргө туш болушкан. Кээ бир учурларда мигранттын расмий документтери, жумушу жана каржы булактары жок, бул үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн зарыл болгон медициналык, социалдык жана билим алуу кызматтарына кайрылууга мүмкүн эместигинин негизги себеби болуп саналат. COVID-19 пандемиясы мигранттардын жана алардын балдарынын аялуулугун курчутту, балдардын укуктарын коргоо боюнча кырдаалды татаалдантты.

Кыргызстандагы ЮНИСЕФ уюму миграциядан жабыр тарткан балдарга өзгөчө көңүл буруу менен COVID-19 пандемиясынын балдарга жана алардын укуктарына (CRIA) тийгизген таасирин баалоону демилгеледи. Баалоо Кыргыз Республикасындагы Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн аппаратынын координациялоосу менен жүргүзүлдү. Баалоо 2021-жылдын октябрь-ноябрь айларында жүргүзүлгөн.

Бул баалоонун жүрүшүндө 781 респонденттин пикири алынган жана талданган, алардын көпчүлүгүн ички жана тышкы мигранттардын балдары, ошондой эле мигранттардын өздөрү жана алардын үй-бүлөсү түзгөн. Баалоо методологиясы сапаттык да, сандык да маалыматтарды айкалыштырган.

Сандык маалыматтар (бардыгы 350 респондент): ички жана тышкы мигранттардын 200 баласы, жогорку курактагы ички мигранттар жана ички мигранттардын жогорку курактагы үй-бүлө мүчөлөрү - 150.

Сапаттык маалыматтар:

1) кабинеттик изилдөөлөр (экинчи булактарды талдоо);

2) тереңдетилген маектешүүлөр (366 респондент). Мигранттардын мектеп жашына чейинки 45 баласы менен (5-6 жаш), мигранттардын мектеп жашындагы 190 баласы менен, мигранттардын 91 жогорку курактагы үй-бүлө мүчөлөрү менен, мамлекеттик жана муниципалдык структуралардын 40 өкүлү менен болгон аңгемелешүүлөр;

[12] КР миграциядан жабыркаган балдардын укуктарына COVID-19 тийгизген таасири жөнүндө отчет.

3) 6 фокус-топтук талкуулар (65 киши).

Кабинеттик изилдөө этабында COVID-19 пандемиясынын мезгилинде мигранттардын балдары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү эң аялуу болушуна таасир этүүнүн төрт негизги багыты аныкталды:

1) медициналык кызматтарга болгон жеткиликтүүлүк;
2) билим берүү кызматтарына болгон жеткиликтүүлүк;
3) социалдык-экономикалык бакубатчылык;
4) узак убакыттагы терс психологиялык таасирлер.

Бул багыттарга байланыштуу сандык жана сапаттык маалыматтарды чогултууну андан ары баалоо үчүн каражаттар иштелип чыккан.

<u>Медициналык кызматтарга жетүү:</u> Мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн өкүлдөрү пандемия мезгилинде медициналык кызматтарды алууга жетүү олуттуу начарлаганын ырасташты. Бир тараптан, көпчүлүгү жашаган жери боюнча катттосу жок, ҮМБ же ФАПтарда катталган эмес жана зарыл болгон медициналык жардамга кайрыла алышкан эмес/же болбосо көрсөтүлгөн эмес. Экинчи тараптан, пандемия мезгилинде өлкө боюнча жалпысынан ыкчам медициналык жардам, дарыгерлердин жана дары каражаттарынын жетишсиздиги байкалган. Үчүнчүдөн, мигранттардын үй-бүлөлөрү аярлуу материалдык абалынан улам жеке ооруканаларга, же дарыгерлерге да кайрылып жана өзүнө керектүү дарыларды сатып ала алышкан эмес. Бул учурда жан багуунун негизги стратегиясы – элдик медицина каражаттары менен үйдөн өз алдынча дарылануу.

<u>Социалдык коргоо</u>: Көпчүлүк үй-бүлөлөр, артыкчылыктуу ички мигранттарга мамлекет тарабынан колдоонун жоктугуна даттанышкан. Алардын көпчүлүгү өзүнө жөлөк пул жол-жоболоштурууга жана алууга мүмкүн. Бир тараптан, бул каттоо менен, экинчи тараптан, мигранттардын үй-бүлөлөрү жалпысынан жөлөк пул алуунун жол-жоболору жөнүндө начар маалымдалган. Иш жүзүндө эч кимиси электрондук берүү жолу менен документтерди жол-жоболоштруу жана алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө уккан эмес.

## Билим алууга жеткиликтүүлүк

Мигранттардын балдары үчүн билим алуу кызматын алуудагы негизги көйгөйлөрдүн бири, пандемия учурунда дистанттык форматта өткөн билим алууга болгон жеткиликтүүлүктүн жоктугу болгон. Көп мигранттардын үй-бүлөлөрүндөгү көйгөйлөр негизинен экономикалык мүнөздө болгон жана зарыл болгон техникалык каражаттарды – компьютер, планшет, смартфон сатып алуу, интернетке болгон төлөмдөрдү төлөөдө акча каражатынын жоктугу менен байланышкан. Пандемия мезгилинде билим берүүнүн дагы бир көйгөйү – билим берүүнүн сапаты. Балдар онлайн-окуу учурунда сабактын темасын кыйынчылык менен түшүнүшкөндүгүн белгилешкен. Дистанттык окууда предметтер боюнча көп темаларды түшүнбөстүк, айрым балдардын предметтер боюнча артта калуусуна алып келген, көпчүлүгүндө окууга болгон кызыгуусу жоголгон жана тиешелүү түрдө жалпы көрсөткүчтөрдүн төмөндөшүнө алып келген. Калктын аялуу катмарларынын, атап айтканда мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык-экономикалык жашоосунун төмөнкү деңгээли, балдарга көңүл бурууга жетишерлик убакыт жана көңүл буруулуусуна мүмкүнчүлүк бербейт, анткени акча

табуу зарылчылыгы бар, тиешелүү түрдө, акы төлөнгөн сабактарга жана репетитор жалдаганга акча каражаты жетишсиз.

Онлайн-окууга өтүүгө байланыштуу балдар алардын ден соолугундагы айрым өзгөрүүлөрдү белгилешкен. Бул биринчи кезекте көрүүнүн начарлашы, баш оорунун пайда болуусу жана ар дайым чарчаңкы абал. Үй-бүлөлөрдүн улуу курактагы мүчөлөрү да өз жоопторунда дистанттык окууга байланыштуу балдардын ден соолугунда өзгөрүүлөр болгондугун тастыкташкан.

COVID-19 каршы аракеттенүүгө багытталган мамлекет тарабынан көрүлгөн чаралар: Бардык суралган мигранттар (тышкы дагы, ички дагы) мамлекет тарабынан эч кандай ички жана тышкы мигранттардын үй-бүлөлөрүн колдоого багытталган атайын чаралар көрүлбөгөндүгүн айтышты. Бардык чаралар жалпы, аярлуулукка баалоо жүргүзүлбөстөн, өлкөнүн бардык жарандарына тиешелүү болгон. Дискуссиянын фокустук топторунун катышуучулары КР Билим берүү жана илим министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө карата оң пикирлерди беришкен, алардын айтымында пандемия шарттарына тез жооп кайтарып жана онлайн окутууга өтүүнү уюштура алышты.

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

1. Мигрант ата-энелер үй-бүлөсүнө кайтып келишине мамлекет тарабынан жумуш орундары камсыз кылынышы үчүн өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу.

***Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:***

1. Бардык муктаж болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын катталган жерине карабастан социалдык жөлөк пул менен камсыздоо. Балдарга социалдык жөлөк пулдарды дайындоонун критерийлерин өзгөртүү, мисалы, жер участогу же малы бар үй-бүлөлөргө социалдык жөлөк пул же пенсия алуу укугун берүү.

2. Мигранттардын балдарына бул категориянын алсыздыгын бекемдеген жана кандайдыр бир жеңилдиктерге ээ болууга укук бере турган өзүнчө статус берүү зарылдыгын карап чыгуу.

3. Ата-энеси эмгек миграциясында жүргөн балдарга камкорчулукту жол-жоболоштурууну жөнөкөйлөтүү, бир жагынан, ушул процедураны аткарууну күчөтүү.

4. 2020-жылы министрлик тарабынан иштелип чыккан турмуштук оор кырдаалда турган балдардын маалымат базасы жөнүндө муниципалдык органдарга жана социалдык кызматтардын өкүлдөрүнө маалымдоо жолу менен социалдык кызматтардын ишин күчөтүү, алардын ишин координациялоо.

*Кеңири маалымат менен төмөнкү QR-код аркылуу таанышсаңыздар болот*

# 3.3. Үй-бүлөлүк зомбулук

Аялдарга жана кыздарга карата жасалган зордук-зомбулук заманбап дүйнөдөгү эң кеңири тараган, кыйынчылык менен жоюулуучу жана катастрофалык кесепеттерге алып келе турган адам укуктарын бузуу болуп саналат.

1993-жылдын 20-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган 48/104 «Аялдарга карата зордук-зомбулукту жок кылуу жөнүндөгү» декларация «аялдарга карата зордук-зомбулук» терминин мындайча аныктайт: *«аялдарга физикалык, жыныстык же психологиялык зыян же азап тартуу алып келген же алып келиши мүмкүн болгон жыныстык белгилердин негизинде жасалган зордук-зомбулуктун бардык актысы, ошондой эле коомдук жана жеке турмушта мындай аракеттерди жасоо, мажбурлоо же негизсиз эркинен ажыратуу».*

Кыргызстандагы аялдарга карата зордук-зомбулуктун деңгээли жогору бойдон калууда. Ар кандай маданий, этникалык жана диний тамырлары, билим деңгээли менен болгон ар кандай социалдык-экономикалык топтордогу аялдар үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болушат. Кыргызстанда ар бир төртүнчү күйөөлүү аял үй-бүлөдөгү зомбулукка кабылат.

КР Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча 2021-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун 179 учуру катталган[13].

«Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө» БУУнун Конвенциясын ишке ашыруу, аялдарга карата жасалган зордук-зомбулукту азайтуу жана жоюу максатында «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы кабыл алынган.[14] Бул документтин негизги мазмуну болуп үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо, андан жабыркаган адамдарды социалдык-укуктук жактан сактоону жана коргоону камсыз кылуу болуп саналат.

Белгилеп коюу зарыл, аялдар алардын билим деңгээлине, экономикалык жана социалдык статусуна, никенин формасына жана жаш курагына көз карандысыз түрдө зомбулукка дуушар болушат. Мындай болбошу үчүн, никеге туруп жаткан жаштардын укуктук аң-сезимин жогорулатуу зарыл. Буга байланыштуу КРнын Санариптик өнүгүү министрлигине караштуу Калкты жана жарандык актылардын абалын каттоо департаменти үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу максатында никени каттоо жөнүндө жубайлардын ыктыярдуу өз ара макулдугу менен арыз берген жарандар үчүн маалыматтык мүнөздөгү чараларды иштеп чыгуусу зарыл.

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 24-беренесинде ички иштер органдары өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирилип, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамды токтоосуз түрдө *коркунучсуз жерге* же *баш калкалоочу жайга* анын макулдугу менен жайгаштыруу керектиги белгиленген. Кыргызстанда ар жыл сайын кризистик борборлорго кайрылган аялдардын саны өсүүдө. КРнын Акыйкатчы институту мамлекеттик кризистик борборлорду ачуу үчүн сунуштарды берип келет. Бүгүнкү күндө болгону Бишкек шаардык мэриясына караштуу «Аялзат» мамлекеттик кризистик борбору ачылды. Атайын «кризистик борборлорду» түзүү менен мындай аялдарга колдоо көрсөтүп, көбүнчө бейөкмөт уюмдар алектенип

[13] Ответ Генеральной прокуратуры №22/150-09-1-0-03-00185 от 07.03.22.
[14] КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган. 27-апрель, 2017-ж. № 63.

келишет. Азыркы күндө иштеп жаткан жеке кризистик борборлордун басымдуу бөлүгү гранттардан көз каранды экендигин эске алуу менен мамлекеттик кризистик борборлорду, баш калкалоочу жайларды түзүүдө жана колдоодо, медициналык жардам, реаблитация, кеңеш берүү үчүн адистерди даярдоодо өзгөчө зарылдык жаралат, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктун ар кандай түрлөрүнөн жапа чеккендерге төмөнкү кызматтарды көрсөтүү зарыл:

1) юридикалык жардам;

2) медициналык жардам;

3) убактылуу баш калкалоо (шелтер);

4) психологиялык жардам.

Үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуу максатында айыл жерлеринде жашаган калктын аялдар катмарын дагы толук камтууну камсыздоо зарыл. Бул көйгөйлөр боюнча биз КРнын Акыйкатчысынын ар жылдык баяндамаларында белгилеп келебиз, бирок бүгүнкү күнгө чейин бул маселелер чечилбей келет.

Ошентип, Акыйкатчы тарабынан “Кыргыз Республикасында аялдарды жана кыздарды зомбулуктун ар кандай формаларынан коргоо боюнча эл аралык стандарттарды сактоо” темасында атайын баяндама даярдалган, ал аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту жоюу жаатындагы улуттук мыйзамдардын жана мыйзам алдындагы актылардын ченемдеринин эл аралык стандарттарга ылайык келишин изилдөөгө, ошондой эле бул ченемдердин Кыргыз Республикасынын аялдары менен кыздарынын зомбулуктан иш жүзүндө корголушуна тийгизген таасирин изилдөөгө негизделет.

*Кененирээк маалыматты төмөндө көрсөтүлгөн QR-код аркылуу алууга болот.*

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши:***

- Депутат-аялдардын форумуна жана башка ушул сыяктуу депутаттык түзүмдөргө статус берүү максатында Кыргыз Республикасынын “Жогорку Кеңештин Регламенти жөнүндө” мыйзамында депутаттардын мындай бирикмелерди түзүү жана Жогорку Кеңештин жана парламенттин комитеттеринин күн тартибине сунуштарды киргизүү укугун кароо.
- Аксакалдар соттору жана аксакалдар кеңештери сыяктуу жамааттардын катышуусунун салттуу формаларын пайдалануудагы негиздүү тобокелдиктерди эске алып, Кыргыз Республикасынын “Аксакалдар соттору жөнүндө” мыйзамынан аларга үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштерди кароого укук берген ченемди алып салуу (15-berененин ж-пунктчасы). Анын ордуна, алардын иш-аракеттери тиешелүү методикалык жабдуулар менен алдын-алууга, коомдук алдын алуу борборунун бул түзүмдөрүнүн ишинде дискриминациялык тажрыйбаларды жана стереотиптерди колдонууга карата контролду жүзөгө ашырууга жана окутууга багытталышы керек,

***Кыргыз Республикасынны Министрлер кабинетине:***

- Адам укуктары боюнча эл аралык органдардын жеке даттануулар боюнча чечимдерин аткаруунун мыйзамдык механизмин киргизүү максатында, анын ичинде ЖК комитеттери тарабынан адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткарууга милдеттүү мониторинг жүргүзүү жөнүндө ченемдерди киргизүү жолу менен мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерине ылайык келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамынын жоболорун эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү бөлүгүндө, атап айтканда, үй-бүлөлүк зомбулук, физикалык зомбулук, экономикалык зомбулук аныктамаларын өзгөртүү жолу менен кайра карап чыгуу, мындан тышкары үй-бүлөлүк зомбулук субъектинин түшүнүктөрүн кароо жана тобокелчиликтерге баа берүү, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо;
- Үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу, жабыркагандардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучту жоюу жана мындай зомбулукту улантууга же кайра жасоого жол бербөө максатында, убактылуу коргоо ордерин берүү мөөнөтүн кайра карап чыгуу жана ИИОну үй-бүлөлүк зомбулук фактысы аныкталган учурдан тартып же ИИОнун кызматкерлери тарабынан кайрадан зомбулук жасоонун жогорку тобокелдиктери бааланган кийин берүүнү милдеттендирүү, мындан тышкары коргоо ордеринин колдонуу мөөнөтүн кайра карап чыгуу жана коргоо ордерин (башында) үч эмес, он күнгө берүү зарыл;
- Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук фактыларына жооп берүү практикасын өркүндөтүү жана жабыр тарткандардын корголушун камсыздоо максатында, гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарга жооп кайтаруу, иликтөө жана коргоо практикасына, анын ичинде мындай зомбулуктан жабыр тарткандардын өзгөчө муктаждыктарын, ички иштер органдарындагы аялдардын укук коргоо функцияларын түздөн-түз аткаруучу позицияларда өкүлчүлүгүн эсепке алуу маселелерине талдоо жүргүзүү;
- Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук фактыларына адекваттуу жооп берүү чараларын иштеп чыгуу максатында, статистикадан жашырылган аялдарга жана кыздарга карата зомбулук фактыларын ачууга жана мындай фактылардын реалдуу деңгээлин баалоого, жабырлануучулардын алынган жардамга канааттануусун баалоого багытталган көз карандысыз виктимологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү ченемдик бекитүү;
- Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук маселелери боюнча ички иштер органдарынын ишин эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү максатында, гендердик кылмыштардан жабыр тарткандар менен иштөө үчүн атайын бөлүм түзүү маселесин кароо зарыл, анын кызматкерлери мындай жабыр тарткандар менен иштөө үчүн атайын даярдыктан өтүшөт;
- Жабыркагандардын укуктарын коргоону камсыз кылуу жана алардын өзгөчө муктаждыктарын эске алуу максатында аялдарга жана кыздарга карата зомбулук кылмыштары боюнча атайын өндүрүш институтун киргизүү зарыл;
- Эл аралык стандарттарга ылайык келген гендердик зомбулуктан жабыр

тарткандар менен иштөөгө бирдей мамиле кылуу максатында, Министрлер кабинети аялдарга жана кыздарга карата зомбулук фактылары менен иштеген бардык кызматтар, анын ичинде участкалык ыйгарым укуктуу адамдар, алгачкы текшерүүчүлөр, тергөөчүлөр үчүн купуялуулукту сактоо, туура мамиле кылуу, коопсуздукту камсыздоо, коргоо маселелерин камтыган бирдиктүү стандарттар менен нускамаларды кабыл алуу маселесин, ошондой эле комплекстүү кызматтарды көрсөтүү үчүн тармактык кызматтарга кайра багыттоо системасын карап чыгышы керек;

- Эл аралык стандарттарды ишке ашырууну камсыздоо максатында, жабыр тарткандарга тергөө жана башка процесстик иш-аракеттерди жүргүзүү учурунда коопсуздукту, купуялуулукту жана психологиялык ыңгайлуулукту камсыз кылуу үчүн инфратүзүмдүк чечимдерди, анын ичинде аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктан жабыркагандарды сурамжылоо үчүн өзүнчө бөлмө, таануу жол-жоболору жана башка тергөө аракеттери үчүн атайын жайлар, ошондой эле жабыр тарткандарга зомбулук учурлары жөнүндө кабарлоого жана ыкчам жооп кайтарууну камсыздоого мүмкүндүк берүүчү башка техникалык чечимдер киргизүү зарыл;
- Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуунун айрым түрлөрүн методологиялык жактан камсыз кылуу максатында алдын алуу интервенцияларын жүргүзүү боюнча ведомстволор аралык жана ведомстволук нускамаларга ревизия жүргүзүү. Аныкталган кемчиликтердин негизинде алдын алуу интервенцияларын жүзөгө ашыруу боюнча, анын ичинде калктын ар кандай топтору үчүн маалыматтык-билим берүү иш-чараларын өткөрүү, үй-бүлөлөр менен иштөө ж. б. багыттар боюнча болгон нускамаларды (стандарттарды) өркүндөтүү жана иштеп чыгуу. Кызматкерлерге алдын алуу боюнча атайын көрсөтмөлөрдү жеткирүүнү камсыздоо. Иштелип чыккан оң тажрыйбаларды интеграциялоо үчүн, анын ичинде пилоттук долбоорлордун алкагында аларга талдоо жүргүзүү;
- Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алууну интеграциялоо максатында, укук бузуулардын алдын алуу боюнча жалпы аракеттерге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” мыйзамдын ченемдеринен, атап айтканда укук бузуулардын алдын алуу боюнча мамлекеттик саясаттын Концепциясынан келип чыккан укук бузуулардын алдын алуу боюнча программалык документтерге аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуу боюнча айрым стратегияларды киргизүүнү камсыздоо;
- Мамлекеттик субъектилерди аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуунун натыйжаларына багыттоо максатында, аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуунун алкагында жыйынтыктарга жетишүү жана таасир этүү индикаторлорунун системасын иштеп чыгуу жана бекитүү. Мындай иш-аракет гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегияны жана кийинки мезгилдерге гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планын жана аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуу боюнча башка улуттук пландарды жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча Улуттук планды иштеп чыгууда жүргүзүлүшү мүмкүн;
- Басмырлоонун жана эскирген маданий ченемдердин аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көйгөйлөрүнө тийгизген таасирин тереңирээк түшүнүү

максатында, аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуу субъектилеринин кызмат адамдарын ушул мамилелер боюнча окутууну күчөтүү;

- Айрым диний ишмерлердин теңдикке каршы идеяларды жайылтуусуна жол бербөө максатында, үй-бүлө темаларын, аялдардын абалын ж. б. чагылдыруу боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгууда диний институттарга көмөк көрсөтүүнү караштыруу;
- Зомбулуктун кайталанышына жол бербөө максатында түзөтүү программаларын практикалык ишке ашыруу процессин аягына чыгаруу. Ошол эле учурда, зомбулукту кайталап жасоо жагдайына жеке деңгээлде жана бүтүндөй программанын деңгээлинде таасир этүүнүн натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү камсыздоо маанилүү;
- Укук коргоо органдарында аялдардын өкүлчүлүгүн кеңейтүү максатында: ички иштер органдарында жана прокуратура органдарында (өздүк курамдын кеминде 30%) аялдардын өкүлчүлүгү жөнүндө ченемдердин иш жүзүндө аткарылышын жана кызматтык өсүү үчүн бирдей шарттарды камсыздоо. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын “Укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө” мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” конституциялык мыйзамында кадрлардын арасында гендердик өкүлчүлүк жөнүндө ченемди чагылдыруу сунушталат.

***Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы:***

- Статистика системасын өркүндөтүү максатында, мамлекеттик укуктук статистикада жана гендердик статистикада аялдарга жана кыздарга карата зомбулук менен байланышкан маселелерди, аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун негизин түзгөн себептерди жана факторлорду, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, кризистик борборлордо топтолгон маалыматтарды чагылдырууну камсыздоо. Тиешелүү маалыматтардын иш жүзүндө чагылдырылышын камсыз кылуу.

# 4-БӨЛҮК.
# ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

Бул конституциялык укуктар жана эркиндиктер тобу жарандардын саясий турмушка катышуусуна мүмкүнчүлүк берет. Бул укуктар жана эркиндиктер адам укуктарынын жалпы декларациясында жарыяланган, ЖСУЭПда бекитилген. Алар демократиялык мамлекеттердин конституциясынын милдеттүү бөлүгүн түзөт. Саясий укуктар жана эркиндиктер жарандар тарабынан жекече да, башка адамдар менен биригүү аркылуу да ишке ашырылышы мүмкүн. Жеке мүнөзгө ээ, мисалы, шайлоо жана шайлануу укугу.

## 4.1. Эмгек мигранттарынын укуктары

Чет өлкөдө жүргөн эмгек мигранттарынын абалы коронавирус пандемиясынын жайылышына жол бербөө боюнча келип чыккан чаралардын себептери боюнча өткөн жылга караганда начар абалда. Мигранттар үчүн кошумча тоскоолдуктар жана чыгымдар өзгөчө Россияда бар.

2021-жылдын 15-апрелинен тартып COVID-19 коронавируска тест тапшыруудан бардык россиялыктар жана чет өлкөлүк жарандар, ал эми Россия Федерациясында каалаган транспорт менен чет өлкөдөн кирген жарандар өтүүгө тийиш. Мурда бул авиажүргүнчүлөргө гана тиешелүү болчу.

Эмгек мигранттарына түзүлгөн кырдаалга жана Россия элчилигинин көп сандаган кайрылууларына байланыштуу Кыргызстанда 19.01.2021-жылы Россияга учууга карата түшүндүрүү иштери жайылтылды.

Ошол мезгилде пандемияга байланыштуу РФда төмөнкү авиакомпаниялардын рейстери жүзөгө ашырылды:

- «Аэрофлот» (Бишкек – Москва, Ош – Москва), «Сибирь» (Бишкек – Новосибирск, Ош – Новосибирск, Ош – Москва); «Урал авиалиниясы» (Бишкек – Москва, Бишкек – Санкт-Петербург, Бишкек – Красноярск, Ош – Москва, Ош – Санкт-Петербург, Ош – Нижневартовск, Ош – Красноярск, Ош – Казань, Ош – Самара); «Азимут» (Бишкек – Ростов-на-Дону); «Авиа Траффик» (Бишкек – Москва).

РФ жарандары Кыргызстандан эч кандай чектөөсүз учуп кете алышат. Россия Федерациясына кирүү үчүн россиялык колдонуудагы тартипке ылайык Россия Федерациясына кирүү үчүн Россия жарандары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Россияга учуп келген учурдан тартып үч календарлык күндүн ичинде ПЧР ыкмасы менен коронавируска лабораториялык изилдөөдөн өтүү жана мамлекеттик кызматтар порталына изилдөөнүн натыйжасы жөнүндө маалыматты жайгаштыруу.

Кыргызстандын жарандары Россияга Бишкек – Москва каттамы боюнча жума күндөрү учуучу «Аэрофлот» жана «Авиа Траффик» компаниялары менен, түздөн-түз, үзгүлтүксүз авиарейстер менен гана чектөөлөрсүз учуп кете

алышат.

Башка каттамдар боюнча жана башка күндөрү Россия Федерациясынын өкмөтүнүн № 635-р. буйругу менен каралган төмөнкү негиздер болгондо гана учуп кете алышат:

- РФ жарандарынын РФ аймагында жашаган жакын туугандарынын (жубайынын, ата-энесинин, асырап алуучуларынын, асырап алынуучуларынын) камкорчуларынын жана көзөмөлчүлөрүнүн болушун ырастоо үчүн инсандыгын ырастоочу анык документтер, ошондой эле туугандык даражаны ырастоочу документтердин көчүрмөлөрү.

- дарылоо максатында РФга жөнөтүү үчүн инсандыгын ырастоочу анык документтер, ошондой эле дарылоо жүргүзүү убактысын көрсөтүү менен дарылоого чакырылганын тастыктоочу РФ Саламаттык сактоо министрлигинин, же болбосо медицина уюмдарынын документтеринин көчүрмөлөрү.

- оорулуу туугандарына (жубайларына, ата-энелерине, балдарына, асырап алуучуларына, асырап алынуучуларына), камкорчуларына жана көзөмөлчүлөрүнө бир нече жолу кирүүгө муктаж болгон жарандар арыз берүүчүнүн инсандыгын ырастоочу анык документтер, оорулуунун абалын тастыктоодо медициналык уюм тарабынан берилген документтердин көчүрмөлөрү, ошондой эле алардын туугандык даражасын тастыктаган документттердин көчүрмөлөрү көрсөтүлөт.

Ошондой эле коронавирус пандемиясын жайылтпоо боюнча чараларды көрүүгө байланыштуу башка талаптардын тизмектери бар. Мисалы, Кыргызстандын бардык жарандарына Россия Федерациясынын аймагына киргенге чейин үч күндөн кем эмес жасалган коронавируска ПЧР-тесттин терс натыйжалары болушу зарыл.[15]

## Эркиндигинен ажыратылган жана чектелген жайлардагы мигранттар

Азыркы убакта Кыргызстандын 1 000ден ашык жараны Россиянын аймагында кылмыш кылгандыгы үчүн абактарда мөөнөтүн өтөшөт же ар түрдүү укук бузуулар үчүн убактылуу кармаган жайларда кармалып жатат.

Алсак, КР Акыйкатчысынын «Көп функциялуу миграциялык борбору» МБМ директору Н. Федосеевге[16] жазган катынын негизинде, КР Акыйкатчысынын РФ БФО боюнча коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу Ы. С. тарабынан 16.02.2021-ж. бул мекемеде жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын жана эркиндиктерин сактоону мониторингдөө үчүн А. Лагада менен Москва ш. Россиянын ИИМ МИ чет элдик жарандарды убактылуу кармоо борборунун (мындан ары – ЧЖУКБ) начальниги менен жолугушуу уюштурулган жана өткөрүлгөн.

Жолугушуунун жыйынтыгы боюнча ЧЖУКБ учурунда Кыргыз Республикасынын беш жараны болгон, алардын ар биринин ЧЖУКБ болгонунун негизин тастыктоочу документтер бардыгына берилген.

РФ чегинен чыгаруу түрүндө административдик жазаларды ыкчам аткаруу үчүн тоскоолдук болгон учурлардын ар биринде РФ ыйгарым укуктуу органдары тарабынан белгиленген РФ чыгууну ар кандай түрдө чектөө болуп саналат.

[15] Булак: Russian Foreign Ministry – РФ ТИМ https://kyrgyz.mid.ru/
[16] Кат, чыг. №1 1/196 от 29.01.2021-ж.

Алсак, 14.06.1979-жылы туулган КР жараны С. Е. 200 000 рубль өлчөмүндө кылмыш-жаза айып пул салуу менен 2019-жылдын 22-июлундагы Москва ш. Лефортовский районунун токтомунун негизинде кармалууда, мунун негизинде сот аткаруучу приставдар Россия Федерациясынан чыгууга тыюу салган.

12.01.1995-жылы туулган, Н. Н. РФ Москва ш. Дорогомиловск ш. райондук сотунун 18.01.2021 ж. токтомунун негизинде кармалууда, РФ аймагынан чыгып кетүү мүмкүн болбогон себеби – 44 000 рубль өлчөмүндө акча каражатын төлөтүү жөнүндө козголгон аткаруу өндүрүшү (төгүлбөгөн кредит), ошондой эле 5 000 рубль өлчөмүндө административдик айып пулду төгүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

06.12.1997-жылы туулган А. А. Москва ш. Солнцевский райондук сотунун 2020-жылдын 1-декабрындагы токтомунун негизинде кармалууда, РФ аймагынан чыгып кетүү мүмкүн болбогон себеби – 1 000 рубль өлчөмүндө акча каражатын төлөтүү жөнүндө козголгон аткаруу өндүрүшү (административдик айып пул), ошондой эле 5000 рубль өлчөмүндө административдик айып пулду төгүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

02.12.1996-жылы туулган Р. М. Москва ш. Кунцевский райондук сотунун 13.11.2020 ж. токтомунун негизинде кармалууда, РФ аймагынан чыгып кетүү мүмкүн болбогон себеби – 9 000 рубль өлчөмүндө акча каражатын төлөтүү жөнүндө козголгон аткаруу өндүрүшү (кылмыш-жаза айып пулу), ошондой эле 2 000 рубль өлчөмүндө административдик айып пулду төгүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

27.10.1967-жылы туулган М. С. Москва ш. Мещанский райондук сотунун 2018-жылдын 27-апрелиндеги токтомунун негизинде кармалууда, РФ аймагынан чыгып кетүү мүмкүн болбогон себеби, чыгаруу бөлүгүндө токтомго карата адам укуктары боюнча Европа сотуна берилген даттануусу, көрсөтүлгөн даттануунун себеби – Кыргыз Республикасынын аймагында өз өмүрү үчүн коркунуч.

Бул себептин канчалык негиздүү экенин аныктоо мүмкүн эмес, бирок натыйжада, адам укуктары боюнча Европа сотунда даттануу боюнча чечим кабыл кабыл алынганга чейин ЧЖУКБ болууга тийиш.

Ы. С. өз катында көрсөткөндөй[17], ЧЖУКБ болуу шарты ыңгайлуу, тамактануу жакшы, дарыгерлик көзөмөл үзгүлтүксүз камсыз кылынат, ЧЖУКБ кызматкерлери тарабынан орой же адекватсыз мамилелерге карата даттануу жок.

Биз тараптан КР жараны М. Рахмоновду мекенине кайтарууга күбөлүк берүүнү ылдамдатууга көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен Россия Федерациясынын Москва ш. Кыргыз Республикасынын элчилигине кайрылуу жөнөтүлгөн[18]. РФда КР элчилигинен алынган жооптон улам[19], КР жараны М. Рахмоновго жол-жоболоштурулган Кыргыз Республикасына (ТЧИ) кайтаруу жөнүндө күбөлүк 16.02.2021-жылы жөнөтүлгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар калган камалгандардын жакын туугандарына берилген.

[17] Кат, кир. № 530, 17.02.2021-ж.
[18] РФдагы КР элчисинин атына кат, чыг. № 11/495, 18.02.2021-ж.
[19] РФдагы КР элчисинин каты, кир. № 995, 18.03.2021-ж.

## Адамдын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатында кыргыз диаспорасы менен кызматташтык

БФО жана РФ Москва ш. КР Акыйкатчысынын ыйгарым укуктуу өкүлү Ы. Суранчиев Токон Мамытовдун тапшырмасы боюнча «Центральный» үй-бүлөлүк тарбияга көмөктөшүү борборуна (мындан ары – Москва ш. ҮТКБ) барып, аталган борбордун жетекчиси Татьяна Телегина менен жолугушуу өткөргөнүн жана аны менен ҮТКБ көзөмөлчүлүгүндөгү Кыргызстандын жашы жетпеген жарандарынын жашоо шартын жана ден соолугунун абалын талкуулаганын билдирген.

Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө Татьяна Телегина КР жашы жете элек жарандарын кошуп алганда, ҮТКБ ар бир көзөмөлгө алынуучусу жагымдуу шарттарда экенин, балдар мүнөт сайын бардык мүмкүн жана зарыл болгон дарыгерлик жардамды көрсөтүүчү квалификациялуу персоналдын (тарбиячынын) жана дарыгер-педиатрдын камкордугуна алынганын белгиледи.

Ы. Суранчиев Россия Федерациясынын балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу аппаратында мурда иштеген Татьяна Юрьевна Телегинанын күч-арактениин натыйжасында, ҮТКБ ал башкарган мекемени талаптагыдай материалдык камсыз кылуу уюштурулганын, көзөмөлгө алынган балдардын толук кандуу өнүгүүсү үчүн бардык шарттар бар экенин баса белгиледи. Алты айдан ашкан ар бир баланын жакшы жабдылган жайда өзүнчө уктоочу орду бар.

Андан тышкары, ҮТКБ жетекчиси менен Ы. Суранчиев башкарган «Империя права» юридикалык фирмасы тарабынан Россия Федерациясынын колдонуудагы мыйзамдарынын алкагында жашы жетпеген көзөмөл алдындагы балдарга туруктуу материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө, ошондой эле ҮТКБ убактылуу көзөмөлчүлүгүндөгү Кыргыз Республикасынын жашы жетпеген жарандарынын жалпы тагдыры жана күнүмдүк материалдык камсыз кылууга тиешелүү маселелерди талаптагыдай чечүү максатында Россия БФОдо КР Акыйкатчысынын ыйгарым укуктуу өкүлү менен ҮТКБ жетекчисинин ортосундагы үзгүлтүксүз негизде өз ара аракеттенүү жөнүндө макулдашууга жетишилди.

Суранчиев ошондой эле азыркы убакта «Империя права» ЮФ ҮТКБ жайгашкан балдардын жайлуу жана толук кандуу эс алуусу үчүн зарыл болгон монтаж жабдууларын сатып алууну каржылоону баштаганын билдирди.

2021-жылдын 1-февралына чейин болгон маалыматтардын жана аткарылган иштердин негизинде КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине[20] жогоруда көрсөтүлгөн ата-энесинен көзөмөлүсүз калган жашы жете элек балдарды кайтаруу/репатриациялоо боюнча иштерге, ошондой эле азыркы убакта РФда жайгашкан жана мекенине кайтарылууга тийиш болгон башка балдарды аныктоого көмөк көрсөтүүгө карата кат жөнөткөн.

КР ЭжСӨ министрдин орун басары У. Маматкановдун жооп берген катында министрлик 2021-жылдын март-апрелинде балдарды Кыргызстанга кайтарууну уюштурууну пландап жатканын билдирген.

Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министринин орун басары Н. Базарбаев өзүнүн катында[21] 20.04.2021-жылы министрлик тарабынан ата-энесинин көзөмөлүсүз калган алты баланы Россия Федерациясынан Кыргыз Республикасына кайтаруу процесси жүзөгө ашырылганын, май айында КР жараны болуп саналган ата-энесинин көзөмөлүсүз калган дагы беш бала

[20] КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министринин атына кат, чыг. № 15/1-7/2464, 07.05.2021-ж.
[21] Министрдин жообу, кир. № 1925, 11.05.2021-ж.

кайтарылганын билдирген.

КР Акыйкатчысы менен «Кыргыз конгресси» жалпы россиялык коомдук уюмунун (Президенти К. Кожоев), «Киргизское единение» («Кыргыз Биримдиги») тынчтыкты, достукту жана улут аралык өз ара түшүнүүнү чыңдоого көмөк көрсөтүү коомдук уюмунун, «Замандаш» Ассоциациясынын ортосунда түзүлгөн меморандумдун негизинде Россия Федерациясында иштеген эмгек мигранттарынын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, сактоо жана контролдоо боюнча биргелешкен жана макулдашылган аракет жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө «Кыргыз конгресси» жана «Замандаштын» жетекчилеринин сунуштамаларынын негизинде РФ субъекттеринде коомдук башталышта КР Акыйкачысынын ыйгарым укуктуулары, кеңешчилери, жардамчылары дайындалды. Алардын максаты жана милдеттери – Россия Федерациясында жашаган эмгек мигранттарынын укуктарын жана эркиндиктерин сактоону коргоого көмөктөшүү, ошондой эле эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктарын жана эркиндиктерин бузууну алдын алуу жаатында өнөктөш өз ара мамилелерди белгилөө.

Бүгүнкү күндө Россияда СССР кулаган мезгилден тартып жарандык алган жарым миллионго жакын мекендештерибиз жашайт. Алар бардык аймактар боюнча бөлүнүп жайгашышкан, жерлеринде алардын диаспоралык коомдук уюмдар иштейт. Россиянын жарандыгы бар Кыргызстандыктар достук мамиледеги өлкөнүн коомдук-саясий, экономикалык жана маданий турмушуна активдүү катышууга аракеттенишет.

Россия коомуна алардын ийгиликтүү интеграцияланышы совет мезгилинен мурасталган жалпы салттар жана тамырлаш тарыхыбыз, орус тилин билүү, ал эми акыркы жылдары – Кыргызстандын Евразия экономикалык бирлигине мүчөлүгү өбөлгө түздү жана түзүүдө. Кыргыз диаспорасынын потенциалы бул жерде дагы көбүрөөк бекемделет, ал Кыргызстанга да, Россияга да талап кылынат.

Жалпы россиялык кыргыз конгрессинде бул себеп боюнча, жетекчисинин пикири боюнча Россиядагы мекендештердин өз улуттук иденттүүлүгүн сактоо менен Россия Федерациясынын ар түрдүү жашоо чөйрөсүнө ийгиликтүү интеграцияланышы үчүн эки багытта иштерди күчөтүү маанилүү деп эсептейт.

«Россиялык тарап бүгүн бул үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрдү берет, деп белгилейт К. Кожоев. – Өлкөнүн жетекчилиги Россиянын бардык көп улуттуу элинин кызыкчылыктарына жооп берген улуттук саясатты ишке ашырууга көп көңүл бурат. Биздин конгресске кайрылсак, анын бөлүмдөрү россиянын 80ден ашык регионунда түзүлгөн. Жергиликтүү деңгээлден тартып федералдык деңгээлге чейин бардык деңгээлдерде бийлик менен байланыштарды жөндөйт жана бекемдейт. Биз Россиянын Коомдук палатасы, Россия элдеринин ассамблеясы, ар түрдүү мамлекеттик жана бейөкмөт түзүмдөр, ыктыярчылар кыймылы менен өз ара аракеттенебиз.

Жалпы россиялык кыргыз конгрессинин өкүлдөрү ар түрдүү иш-чараларга, конференцияларга, тегерек столдорго чакырылат, мында биздин улуттук маданият менен башкаларды тааныштыруу, бул же тигил көйгөйлөр боюнча өз ой-пикирибизди бөлүшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз».[22]

Кыргызстандын 30 жылдан кем эмес тарыхында биринчи жолу «Кыргыз

[22] URL: https://www.vb.kg/397413

конгресси» ЖЧКсынын президенти К.Кожоев «Единая Россия» партиясы менен Макулдашуу боюнча РФ Мамдумасына шайлоого чыккан жана алдын ала добуш берүүгө катышкан (праймериз).

Кыргыз диаспорасы РФ Мамдумасында өз депутатын шайлоо мүмкүнчүлүгүн алышты. Ал шайланып калса Россия-кыргыз экономикалык, маданий жана гуманитардык мамилелерди андан ары өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылат, биздин жаштар үчүн жаңы келечектер пайда болот.

Тарапташтар россиялык жарандыгы бар кыргызстандыктарды аны колдоону өтүнүштү.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) РФда адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу Татьяна Мокальккованын чакыруусу боюнча РФ VIII чакырлышынын Федералдык жыйынынын Мамлекеттик Думасынын депутаттарын үч күндүк шайлоонун (2021-жылдын 17-19-сентябры) жүрүшүндө Россиянын жарандарынын шайлоо укуктарын сактоого мониторингди жүзөгө ашыруу үчүн Екатеринбургда болду[23].

Т. Мамытов менен бирге эл аралык байкоочу болуп Ламин Дж. Саннех (Гамбия жараны), Алессандро Сваб (Италия Республикасынын жараны), Джоанг Феликс Муки Молапо (Лесотонун жараны), Тьерри Дим (Швейцариянын жараны) катышышты.

Мониторингге катышуудан тышкары, 17-сентябрда Свердлов областынын адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу Татьяна Мерзлякова менен жолугушуу болуп өттү, анда КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) Свердлов областындагы биздин жарандарга Т. Мерзлякова тарабынан көрсөтүлгөн колдоо үчүн ыраазычылык билдирди.

Андан тышкары, КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) Свердлов областынын Коомдук байкоо борборуна барды, анда Свердлов областынын Коомдук палатасынын төрагасы Александра Левина менен жолугушуу болуп өттү, ошондой эле Россия Федерациясынын адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу Т. Москалькова менен *“Жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу: омбудсмендердин мыкты практикаларын алмашуу”* темасында тегерек столдун ишине (видеоконференцбайланыш режиминде) катышты.

Т. Мамытов анын коштоочу жактар эксперт жана эл аралык байкоочу катары чакырылган.

2021-жылдын 18-сентябрында КР Акыйкатчысынын Екатеринбургдагы КР Башкы консулдугунун кызматкерлери менен, ошондой эле кыргыз диаспора уюмдарынын активисттери, Россиянын Урал федералдык округундагы КР Акыйкатчысынын коомдук өкүлчүлүктөрү менен жолугушуусу болуп өттү.

Акыйкатчы жолугушуунун катышуучуларына КР Акыйкатчы институтунун укук коргоо ишиндеги азыркы жагдайлары жөнүндө айтты жана аларды кызыктырган суроолорго жооп берди. Ошондой эле ал 2020-2021-жылдара кыргызстандыктарга көрсөтүлгөн гуманитардык жардам үчүн мекендештерге ыраазычылык билдирди. Өзгөчө айырмалангандарга КР Акыйкатчысынын) Ардак грамоталары жана ыраазычылык каттары тапшырылды.

---

[23] https://www.vb.kg/doc/406626_tokon_mamytov_v_ekaterinbyrge_nabludaet_za_hodom_vyborov_v_gosdymy_rf.html

Атап айтканда, Акыйкатчынын буйругуна ылайык, мигранттардын укуктарын коргоо ишиндеги зор салымы, COVID-19 коронавирус пандемиясы мезгилинде мекендештерге көрсөткөн жардамы үчүн жана КР Акыйкатчысы институту менен тыгыз кызматташтыгы үчүн Акыйкатчынын ардак грамотасы менен төмөнкүлөр сыйланышты:

Ж. Абдырахманов, З. Бакирова, М. Полотбеков жана Р. Юнусов. Омбудсемндин ыраазычылык каттары А. Алымкуловго, У. Курбанбаевго, К. Айдаровго, Э. Самиевге, К. Рахманбердиевге жана Т. Мусурманкуловго тапшырылды.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) Т. Мамытов 2021-жылдын 17-сентябрынан 20-сентябрына чейин Россия тараптын чакыруусу боюнча РФ Свердлов областынын Екатеринбург ш. болгон, мында РФ VIII чакырылышынын Федералдык жыйынынын Мамлекеттик Думасынын депутаттарын, региондук Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Россия Федерациясынын муниципалдык өкүлчүлүктүү органдарынын депутаттарын үч күндүк шайлоонун (2021-жылдын 17-19-сентябры) жүрүшүндө Россиянын жарандарынын шайлоо укуктарынын сакталышына мониторингди жүзөгө ашырды.

### Эмгек мигранттарынын инсандыгын аныктоо жана идентификациялоо

КР ИИМ билдирүүсү боюнча Россиядагы чет элдик жарандардын болуусун контролдоо механизмдерин өркүндөтүү боюнча иштерди улантат.

Алсак, 2021-жылдын 2-декабрында Федералдык мыйзам күчүнө кирет, ага ылайык Россия Федерациясында иш издеп жүргөн чет элдик жарандар, 90 күндөн ашык мөөнөтке Россияда болгон чет элдиктердин бардык калган категориялары милдеттүү дактилоскопиялануута тийиш[24].

Бул мыйзам менен ошондой эле орус тилин, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негизи боюнча сынак өткөрүүгө, ошондой эле чет элдик жарандарга тиешелүү сертификат берүүгө милдеттүү талаптардын сакталышы үчүн федералдык мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу каралган. Андан тышкары, электрондук алып жүрүүчү маалымат менен чет элдик жарандар үчүн бирдиктүү документти киргизүү, бул киргизүү чет элдиктерди жүз пайыз идентификациялоону камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

# СУНУШТАМАЛАР

### *КР Министрлер Кабинетине*

КР МК кара тизмеде турган эмгек мигранттарын, Кыргыз Республикасынын жарандарын бошотуу боюнча чараларды колдонуу өтүнүчү менен РФ бийлигине кайрылуу жөнөткөн.

- Кыргызстанда соттолгон жарандарды өткөрүп берүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу.
- эмгек мигранттарын жана алардын үй-бүлөлөрүн чыгуу алдында даярдоо жана укуктук камсыздоо үчүн Мигранттар мектебин уюштуруу.

[24] https://inbusiness.kz/ru/last/daktiloskopiya-stanet-obyazatelnoj-dlya-migrantov-v-rf-s-29-dekabrya

- Жылына бир жолу кыргыз диаспоралары коомдук уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Россия Федерациясында Кыргызстандын Маданият күнүн мамлекеттик деңгээлде белгилөө.

- Кыргыз Республикасынын 1983-жылдын 21-мартында Страсбург ш. кол коюлган «Соттолгон адамдарды өткөрүп берүү жөнүндө» Европа конвенциясына кошулуу процессин тездетүү.

## 4.2. Шайлоо процесстериндеги жарандардын шайлоо укуктары

### 2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги шайлоо алдындагы мезгилди жана шайлоодо добуш берүүнүн жүрүшүн мониторингдөө

КР Конституциясынын 109-беренесине жана «КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерине ылайык, КР Акыйкатчы аппаратында КР ЖК депутаттарын шайлоо алдындагы мезгилди жана шайлоого добуш берүүнүн жүрүшүн мониторингдөө үчүн жумушчу топ түзүлгөн (анын ичинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖМКлар менен өз ара аракеттенүү үчүн Штаб).

Мониторингдин максаты - Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо жана шайлануу укугу, жарандардын шайлануу укуктарын коргоо, жарандардын ден соолгунунун коопсуздугун камсыз кылуу жана коронавирус инфекциясынан коргонуу үчүн ченемдерди сактоо сыяктуу конституциялык укуктарын ишке ашыруу болуп саналат.

КР Акыйкатчы аппаратынын мониторингдөө максаты төмөнкүлөрдү көрсөтүү болуп саналат: шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүнүн реалдуу картинасы; жарандардын шайлоо укуктарынын ишке ашырылышы; ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга шайлоо участокторуна; маалыматка жетүүнү камсыз кылуу.

2021-жылдын 27 жана 28-ноябрындагы бул мониторингге төмөнкүлөр катышты:

- КР Акыйкатчысынын борбордук аппаратынан – 45 УШКда мониторинг жүргүзүүчү 45 кызматкер;

- КР Акыйкатчысынын областтык өкүлчүлүктөрү – 19 УШКда шайлоонун жүрүшүнө байкоону жүзөгө ашыруучу 19 кызматкер.

Республика боюнча бардыгы 64 УШК камтылган.

Иш-чара эки этапта өткөрүлдү:

1. Шайлоо алдындагы кампанияны мониторингдөө (20-26-ноябрь).
2. Добуш берүүнүн жүрүшүн мониторингдөө (27-28-ноябрь).

Мониторингдин биринчи этабы боюнча шайлоо жана үгүт процессине даярдануу менен байланышкан маселелер изилденди.

Бул үчүн КР Акыйкатчы аппараты Борбордук Азиядагы стратегиялык талдоо, диалог жана өнүгүү борбору (мындан ары –CASCADD) менен биргеликте 25 суроодон турган атайын сурамжылоо иштелип чыккан. Сурамжылоонун

жыйынтыктарын иштеп чыгууда респонденттер «көйгөйлүү» деп белгилеген чөйрөлөргө өзүнчө көңүл бурулган.

**Мисалы**

**Административдик ресурсту пайдалануу жана добуш сатып алуу**

Суроо: *«Алдыдагы парламенттик шайлоонун үгүт кампаниясы мезгилинде административдик ресурсту колдонууга Сиз, Сиздин жакындарыңыз же тааныштарыңыз туш болду беле?»* 552 суралган, 115 оң жактуу жооп берген.

Суроо: *«Алдыдагы парламенттик шайлоонун үгүт кампаниясынын жүрүшүндө добушту сатып алууга Сиз, Сиздин жакындарыңыз же тааныштарыңыз туш болду беле?»* деген суроого 155 адам жооп берген, шайлоо алдындагы үгүттүн жүрүшүндө талапкерлер жана саясий партиялар тарабынан добуш сатып алуу фактыларына туш болушкан.

**Шайлоо алдындагы процесстеги ЖМКнын ролу:**

- 113 адам ЖМКларды депутаттыкка талапкерлер тарабынан өзүнүн оппонеттерин «каралоо» боюнча курал катары пайдаланышат;
- 328 адам талапкерлердин программалары жана саясий партиялар жөнүндө жетиштүү маалыматты ЖМКлар аркылуу ала албай тургандыгын белгилешкен;
- 169 адам добуш берүү жол-жоболору жөнүндө ЖМКларда жетиштүү маалыматтарды ала албай тургандыгын белгилешкен.

**Коопсуздук маселелери:**

- 70 адам социалдык медиа жана ЖМКлар аркылуу зомбулукка чакырууну байкагандыгын белгилешкен;
- 101 адам ЖМКларда жана Социалдык медиада (WhatsApp, Telegram группалары, Facebook жана башка) этностук, гендердик же диний азчылыктын беделин түшүрүүчү макалаларды/жаңылыктарды/билдирүүлөрдү байкай тургандыгын көрсөтүшкөн;
- 84 адам белгилүү талапкерге же саясий партиянын пайдасына шайлоочуларга басым болгонун көрсөтүшкөн;
- 49 адам шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө болгон басымды ырасташкан.

### КР БШКга даттануулардын реестрин мониторингдөөнүн натыйжалары

2021-жылдын 26-ноябры эртең менен КР БШК сайтына[25] шайлоо алдындагы кампания учурундагы бир катар бузууларга тиешелүү 146 даттануу жарыяланган. Даттануулардын көпчүлүгү КР ЖК депутаттыгына талапкерлер тарабынан административдик ресурсту пайдалануу, добуш сатып алуу фактысына, ошондой эле үгүт материалдарын жайгаштырууга карата бузууларга байланыштуу алынган.

[25] 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдануу жана өткөрүү мезгилинде келип түшкөн даттануулардын жана бузуулардын реестри. КР БШК расмий сайты, жетүү: https://shailoo.gov.kg/ru/reestr-zhalob-i-narushenij-vybory-JK-28-11-2021/




**4.2.1-диаграмма**

4.2.1-диаграммада, 180ге жакын даттануу көрсөтүлгөн. Даттануулардын реестриндеги маалыматтар боюнча айрым арыздар бузуулардын бир нече категорияларын камтыганына байланыштуу алар категорияларына ылайык жалпылаштырылды.

Даттануулардын реестринде жана КР БШК сайтына жарыяланган 146 даттануунун ичинен көпчүлүгү (88) боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынган:

- КР БШК/ОИК 56 чечим;
- кылмыштын жана жоруктун курамы жок болгондуктан 12 арыз боюнча иликтөө токтотулган;
- 18 боюнча – материалдар номенклатуралык делодон жок кылынган;
- эки даттануу боюнча факт тастыкталган эмес.

Жумушчу топтордун, тармактык мамлекеттик органдардын кароо стадиясында турган калган даттануулардын статусуна сотко чейинки иликтөө же текшерүү жүргүзүлөт, же болбосо материалдар сотко жөнөтүлөт.




**4.2.2-диаграмма**

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу КР Акыйкатчысынын аппараты тиешелүү органдардан, КР БШК жана округдук шайлоо комиссияларынан шайлоочулар үчүн алардын шайлоо укуктарын ишке ашырууда жана депутаттыкка талапкерлердин шайлануу укуктарын ишке ашырууда коопсуздугун камсыз кылуу шарттары менен адилеттүү жана таза кайрадан шайлоо (дайындалган учурда) уюштурууну суранат.

## 27-ноябрь – имараттан тышкары добуш берүү күнү

КР ЖК шайлоодо бирдиктүү шайлоо округу боюнча 13 481 ичинен 12 137 добуш беришти, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча 13 009 ичинен 11 616 добуш беришти, алар шайлоо участокторунан тышкары добуш берүү үчүн мурда арыз беришкен.

КР Акыйкатчысынын борбордук аппаратынын жана аймактык өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери имараттан тышкары добуш берүүнүн жүрүшүнө мониторингди жүзөгө ашырышты.

Мониторингдин жүрүшүндө шайлоо процессинин бардык катышуучулары тарабынан шайлоо жөнүндө ченемдик-укуктук актылардын сакталышына өзгөчө көңүл бурулган, атап айтканда, жарандардын шайлоо жана шайлануу укуктарын коргоону ишке ашыруу жөнүндө, саламаттык коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө жана коронавирус инфекциясынан коргоо ченемдерин сактоо жөнүндө.

Муну менен бирге КР Акыйкатчы аппараты жарандарды ар кандай шайлоо мыйзамдарын бузуу фактыларын табууда КР Акыйкатчы аппаратына, борбордук аппаратка (штабга) жана КР Акыйкатчы аппаратынын областтык өкүлчүлүктөрүнө «115 Шыр байланыш» телефонуна (115 номерине каалаган мобилдик жана стационардык байланыш операторлорунан чалуу акысыз болуп саналат) алар жөнүндө ЖМКлар аркылуу кабарлоо мүмкүнчүлүгү тууралуу маалымдады.

Ар бир добуш маанилүү экенин, КР Конституциясында шайлоо укугу

кепилденгенин, бирок эркиндигинен ажыратылган жайларда жазасын өтөгөн адамдар сот тарабынан айыптоо өкүмү чыгарылган учурдан тартып бул укуктан ажыратылганын белгилөө зарыл. Бирок бул чара сотто күнөөсү далилденбегендерге карата жайылтылбайт, изолятордогулар жана убактылуу кармоочу изоляторундогулар өзүнүн жарандык милдетин аткара алышат жана КР мыйзамдарында так жазылган бардык кепилдиктерди толугу менен пайдалануу укугуна ээ.

Ошондуктан КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан Жалал-Абад шаарынын УКИ имараттардан тышкары добуш берүүнү мониторингдөө жүзөгө ашырылды (9.00дөн 10.50 чейин).

Имараттан тышкары добуш берүүдө ШИИБ начальник курамы катышты жана жарандык курамдын байкоочулары көп болду. Тилекке каршы, УКИ кармалгандар КР ЖК депутаттыгына талапкерлер жөнүндө маалыматы жок экен, анткени жабык мекемелерде бир дагы үгүт жүргүзүлгөн эмес.

Андан тышкары, КР Акыйкатчы аппаратынын жетекчиси калктын аз мобилдүү топтору үчүн добуш берүүнү жана КР ЮМ алдындагы ЖАМК ТИЗОдогу шайлоо укуктарын ишке ашырууну уюштуруу менен таанышуу максатында УШК-1121 барды.

КР Акыйкатчы аппаратынын жетекчиси мониторингдин жүрүшүндө УШК төрагасы менен шайлоочулар менен комиссиянын иштөө даярдыгын талкуулады, ЕККУнун байкоочулары Паппалардо Алессия, Дмитрий Ларионов менен баарлашты.

УШК төрагасынын маалыматы боюнча Бишкек ш. ТИЗО-1 кайрылуулар (өтүнмөлөр) тизме боюнча бардыгы 140 болгон. Документтерди талаптагыдай текшергенден кийин, болгону 123 шайлоочу биометрия жасашкан, алардын айрымдары бошотулган же түзөтүү колонияларына которулган. Жыйынтыгында добуш берүү күнү 100 шайлоочу добуш беришти, 6 бюллетень кайтарып берилген.

Мониторингдин жыйынтыгында КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан шайлоо комиссиясынын иши жалпысынан талаптагыдай деңгээлде уюштурулганы талданды. Ошону менен бирге мониторингдин жүрүшүндө Омбудсмендин аппаратынын байкоочулары тарабынан шайлоо укугунун негизги бузулушу – шайлоочулардын тизмесинин так эместиги белгиленген.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу КР Акыйкатчы аппараты тиешелүү ыйгарым укуктуу органдардан, КР БШК жана округдук шайлоо комиссияларынан шайлоочулардын контролдук жана акыркы тизмесин массалык маалымат каражаттары жана башка телерадиоуюмдар аркылуу милдеттүү тартипте жалпы элге жарыялоону өтүнөт.

## 28-ноябрь – добуш берүүнүн жүрүшүн байкоо күнү

Шайлоо элдик суверенитетти ишке ашыруунун, коомдук пикирди жаратуунун жана билдирүүнүн негизги куралы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында эркин шайлоо түздөн-түз жогорку элдин бийлигин билдирүү болуп саналары бекитилген жана буга жараша жарандардын шайлоо укуктары аныкталган.

Мониторингдин жүрүшүндө добуш берүү жол-жоболору бузулганы аныкталган, ошондой эле АСУ техникалык даярдыгын камсыз кылууга милдеттүү участкалык

шайлоо комиссиялары жана жоопту органдар тарабынан бир катар бузуулар аныкталган.

Көпчүлүк участкаларда АСУ, биометрикалык маалыматтарды идентификациялоо үчүн аппараттар мезгил-мезгили менен иштебей калганын белгилөөгө болот, мындан улам шайлоочулардын ири кезеги түзүлдү. Пандемия мезгилинде адамдардын массалык топтолуусун түзүү ылайыксыз. Мындай жагдай Бишкекте жана областтарда белгиленди.

КР Акыйкатчы аппараты көптөгөн шайлоо участкаларында иш жүзүндө АСУ системасынын иштөө көйгөйлөрүн ыкчам чече ала турган техникалык адистердин курч талап кылынарын белгилейт.

Мисалы, № 1330 участкасында шайлоочу идентификациядан өткөн, бирок принтер чек чыгарган жок. Тиешелүүлүгүнө жараша чеги жок бюллетень берилген жок. Ушуга байланыштуу шайлоочу бул участкадан добуш бере алган жок.

Ошентип, техникалык катадан жана иштебеген принтердин айынан үч шайлоочу өз конститутуциялык укуктарын ишке ашыра алышкан жок. Бул факты боюнча КР Акыйкатчы аппаратынан КР БШКга “115 Шыр байланыш” телефону боюнча кабарлашты.

Андан тышкары, № 1244 УШКда талапкерлер жөнүндө маалымат жок болгон. Байкоочулар материалдар жетиштүү экенине, алар ишенимдүү сакталганына жана урна шайлоо участкасынын мүчөлөрүнө жана байкоочуларын көрүнөө жайгаштырылганына макул болушту. Бирок айрым байкоочулар көптөгөн жарандар, өзгөчө улгайган жарандар үчүн бюллетендер түшүнүксүз болгон, добуш берүү үчүн аларды пайдалануу татаал болгон фактыны аныкташты.

№ 1014 и 3202 участкаларында бир мандаттуу округ боюнча добуш берүү бюллетендери мамлекеттик тилде гана болгон. Шайлоо участкаларында мамлекеттик жана расмий тилде добуш берүү бюллетендеринин жоктугу шайлоо жөнүндө мыйзамдарды бузуу болуп саналат.

Добуш берүү жол-жобосу боюнча, бардык шайлоочулар кабардар эмес болгонун белгилөө керек, суроо болгондо УШК мүчөлөрү тарабынан жардам көрсөтүлдү. Жалпысынан УШК кызматкерлери добуш берүү процессин башкарууну канааттандырарлык алып барышты.

Пандемияга байланыштуу УШКда санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыз кылуу алгоритми иштеген. Бул алгоритмге ылайык, байкоочулар анын аткарылышын көзөмөлгө алышты. Жыйынтыгында УШКда добуш берүүдө коронавирустан коргонууну камсыз кылуу жол-жобосунда төмөнкүдөй бузуулар байкалган:

- айрым участкалар жеке коргонуу каражаттары менен камсыз болгон эмес;
- кээ бир жерлерде шайлоочулардын температурасы ченелип, беткап берилген эмес;
- кээ бир УШКларда имаратты желдетүү, ар бир шайлоочуну идентификациялоо жол-жобосуна чейин жана кийин жабдууну спирттелген кагаз майлык менен дезинфекциялоо, добуш берүүчү кабинкалар жана АСУну ар бир 60 мүнөт сайын эки жолудан кем эмес дезинфекциялоо жүргүзүлгөн эмес.

УШК көпчүлүгүндө добуш берүүчү жашиктерди ачуу алдында үстү антисептикалык каражат менен сүртүлгөн эмес. УШКда санитардык-эпидемиологиялык камсыз кылуу алгоритмин сактабоо УШК мүчөлөрү, байкоочулар үчүн да, шайлоочулар үчүн да коронавирус инфекциясынын жайылуу тобокелдиги болуп саналат.

Көптөгөн шайлоочулар добуш берүүгө 90 күн калганга чейин, тактап айтканда 2021-жылдын 28-августуна чейин жашаган жериндеги каттоосун өзгөрткөн учурда арыздын негизинде туруктуу жашоочу катары жаңы дареги боюнча тизмеге киргизилүүгө тийиш экендиги тууралуу маалымдалбаганын белгилөө керек. Эгерде адам бул тизмеге киргизилбесе, анда бир мандаттуу округ боюнча мурдагы жашаган жери боюнча добуш берет. Ошондуктан айрым шайлоочулар жаңы шайлоо участкаларында өз маалыматтарынын жоктугунан улам добуш бере алышкан жок.

Айрым участкаларда көрүүсүндө көйгөйү бар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн атайын трафареттер жок болду, бул ДМЧА үчүн улуттук мыйзамдар менен кепилденген шайлоо укуктарын бузуу болуп саналат. Андан тышкары, айрым УШКда пандустар стандартка ылайык эмес, муну М. Асангараев аттуу жаран тастыктайт[26].

Шайлоо алдындагы процесстердин аралыгында, ошондой эле шайлоо мезгилинде белгилүү болгон ачык жана таза шайлоону камсыз кылуу боюнча өлкөнүн жогорку жетекчилигинин күч-аракетин белгилөө керек. Административдик ресурстун таасирин, добуш сатып алуу жана башка факторлорду жок кылуу бөлүгүндө оң натыйжаларга жетишилди. Бул бардык байкоочулар тарабынан белгиленди, ошондой эле КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан мониторингдин жүрүшүндө тастыкталат.

Бирок, КР БШК тарабынан жарандарды маалыматтык порталдар аркылуу анык маалыматтар менен камсыз кылуу бөлүгүндө даярдыктын жетишсиздиги 14.00дөн тартып шайлоочулардын келиши боюнча маалыматтардын айырмачылыгы жөнүндө маалымат жарыялангандa байкалды. Алсак, биринчи https://newess.shailoo.gov.kg маалыматтык ресурста 14.00гө карата абал боюнча 602 432 шайлоочу белгиленсе, башка http://ess.shailoo.gov.kg шайлоо маалыматтык системасында 14.00гө карата абал боюнча катталган шайлоочулардын саны 880 832 түзгөн.[27]

Кийин, баарыбызга белгилүү болгондой, КР БШК сайтындагы «Маалыматтык шайлоо системасы» парламенттик шайлоого добуш берүү аяктагандан кийин, 20.00дөн кийин иштебей калган.

Бирдиктүү округ боюнча алгачкы маалыматтардын суммасы 100% көп болгон. Кийинчерээк маалыматтар жок болуп, смайт маалыматтарды көрсөтпөй калган. Дагы бир нече убакыттан кийин сайт башка маалыматтар менен жаңыланган. Алгачкы маалыматтарга ылайык, беш пайыздык босогодон өткөн 10 партия эсептелген. Маалыматтар такталгандан кийин партиялардын саны алтыга чейин кыскарган.[28] Белгиленген иштебей калуу КР БШКнын шайлоочулардын шайлоого болгон ишенимин кетирген шайлоо процессине карата даярдыгынын начар экендигин күбөлөндүрөт. Мунун баары саясий уюмдар үчүн шайлоонун

[26]https://reporter.kg/asangariev-dobushkanalarda-mymkynchylygy-chektelgenderge-shart-zhok/
[27]https://pk.kg/news/inner/shajloogo-katyshkandardyn-sany-bshknyn-eki-sajtynda-eki-bashka-san-menen-k-rs-t-lg-nd-g-chyn-faktcheking/?fbclid=IwAR1xq0pTXiqbnsfgJ1jLtGtRmifnDGJ0bUhTFrref165-Oc8c1T264W2O48
[28]https://kg.akipress.org/news:1746778/?from=kgnews&place=maincats

жыйынтыгын таанымбоого негиз катары кызмат кылды.

КР БШК төрайымы Н. Шайлдабекова Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого добуш берүү аяктагандан кийин 28-ноябрда сайтка комментарий берди.

«Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан депутаттарды шайлоонун жаңы системасына ылайык 2 программа иштелип чыкты – добуштарды урнадагы добуштарды автоматтык түрдө эсептөө программасы жана шайлоо участкаларынын маалыматтарын түзүү жана көрсөтүү программасы. Азыр экранда көрүнүп турган нерсе бул маалыматтарды чогултуу жана дисплей системасы. Ар бир урнада добуштарды эсептөөнүн программаланган системасы бар. Бирок, бул система маалыматтардын чоң көлөмүн камтыйт. Мына экранда, бул биздин негизги система».

Анын пикири боюнча Маалыматтарды колдонгондор үчүн маалыматтарды визуалдык көрсөтүүнү жакшыртуу максатында сыртки таблица киргизилген. “Бул ыңгайлуу, негизги серверден маалыматтарды алып, сайтка ыңгайлуу түрдө көрсөтөт”, - дейт БШК төрагасы.

«Оң жакта, КР БШК башчысы белгилегендей, АСУ эсептөөлөрү жөнүндө маалымат, сол жагында добуш берүүнүн жыйынтыктарын ыңгайлуураак визуалдаштыруу үчүн жөн гана таблица бар.  Бул таблицада бизде туура эмес кичинекей формула бар. Ошондуктан, ал негизги таблицадан маалыматтарды алып, аларды туура эмес көрсөттү ал кошулбашы керек болгон 2 позицияны кошту. Бул дароо байкалып, тышкы диаграммага киргизилди. Бул жөн гана дисплей программасы.

“Негизги системада эч кандай мүчүлүштүктөр жок, бардык системалар ишенимдүү иштейт. Маалыматтардын санын текшерүү абдан оңой. УШКларда бардык байкоочулар добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө отчетту кол менен саноодон мурун АСУдан алышат. Ар бир адам сайттан маалыматтарды текшере алат», – деп түшүндүрдү БШК төрагасы.

Бир нече убакыттан кийин сайт башка маалыматтар менен жаңыланган.




**4.2.3-диаграмма**

Добуш берүү процессинде бузуулардын бардык белгилеринин ичинен негизгилери төмөнкүлөр болду:

- добуштарды эсепке алуу автоматташтырылган системасынын иштешинде иштебей калуулар, мунун кесепетинде өткөрүлгөн шайлоо процессинде шайлоочулардын укуктарын чектөөнүн/бузуунун айрым фактыларына алып келген (бул фактылар көбүнчө тигил же бул шайлоо комиссияларынын талаптагыдай даярдыгынын натыйжасында келип чыкты);

- шайлоо процессине ДМЧАнын жетүүсүн камсыз кылуу даярдыгынын талаптагыдай эместиги, айрым УШКларда милдеттүү талап болуп саналган пандустар жок болду;

- добуш берүүнүн жашырындуулугунун бузулуусу (шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо урналарына жакын турган учурлар, шайлоочулардын ордуна бюллетендерди киргизген айрым учурлар болду);

- санитардык ченемдерди жана талаптарды, атап айтканда – шайлоочулардын өздөрүнүн ортосундагы, шайлоочулар менен УШК мүчөлөрүнүн ортосундагы коопсуз социалдык аралыкты сактабоо; ошондой эле бир катар шайлоочулардын жана УШК мүчөлөрүнүн медициналык беткабы жок экени белгиленген;

- КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин ишине КР БШКдан жолдомо алуунун зарылдыгына шилтеме кылуу менен мониторинг жүргүзүүгө уруксат бербөө сыяктуу тоскоолдуктардын бирдиктүү фактылары;

- шайлоочулардын добуш сатып алуусуна карата айрым жарандардын даттануулары (мисалы, мындай эпизоддордун бирине КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери катышкан, анда КР мыйзамын бузган жаранга түшүндүрүү жүргүзүлдү жана милиция кызматкерлери келгенге чейин ордунда болду;

- шайлоо учурунда үгүт жүргүзүү түрүндө бузуулар;

- имараттарда добуш берүү үчүн толтурулган шайлоо бюллетендеринин үлгүлөрү жана бардык талапкерлер, катталган талапкерлердин тизмесин ар бир талапкердин катар номерин көрсөтүү менен саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдар менен стенддердин жоктугу;

- маалыматтарды чогултуу жана участкалар менен маалыматтарды көрсөтүү программаларынын коопсуздугунун камсыз кылынбагандыгы.

*Кеңири маалымат менен төмөнкү QR-код аркылуу таанышсаңыздар болот*

# СУНУШТАМАЛАР

***КР Министрлер Кабинетине:***

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматына республиканын

аймагындагы шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүүгө, ошондой эле республиканы толук камтуу менен шайлоочулардын маалымдуулугун камсыз кылууга тапшырма берүү.

- бардык участкалык шайлоо комиссияларында аппаратуранын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылууну алдын алуу.

- АСУ иштебей калгандыгы үчүн жооптуу жактарга карата чараларды көрүү.

- процедуралык маселелер боюнча КР БШКнын ишинин жетишсиздигин белгилөө.

- урнадагы добуштарды эсептөө жана маалыматтарды чогултуу жана аларды участкалар боюнча көрсөтүү автоматтык программасынын коопсуздугун камсыз кылуу.

***Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына:***

- Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн кызматтык милдеттерине, шайлоочулардын тизмеси менен иштөөгө, ошондой эле добуш берүү үчүн имаратты уюштуруу эрежелерин окутууну өркүндөтүү.

- Борбордук сервер менен шайлоо участкаларындагы урналарды эсептеген автоматтык байланыштын талаптагый сапатын камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү.

- Мындан ары КР ченемдик укуктук актыларынын милдеттүү талаптарын бузбоо.

- Саясий партиялардын талапкерлеринин өкүлдөрү, байкоочулар, массалык маалымат каражаттары менен, обзорду камсыз кылган жана участкалык шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук жаратпаган белгилүү бир участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы менен жеринде сүрөткө тартуу, фото жана видеотартуу жүргүзүү менен шайлоо бюллетендерин жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө боюнча ачыктыкты жана айкындуулукту камсыз кылуу.

## 4.3. Баткен облусундагы чек арага жакын жашаган жарандардын укуктарынын сакталышы

2021-жылдын 28-апрелинде Баткен районунун Көк-Таш айылында Башкы суутоптоочу курулма пунктунда Тажикстан менен Кыргызстандын тургундарынын ортосунда жаңжал чыккан, ал акырындап эки өлкөнүн аскер кызматчыларынын ортосундагы куралдуу кагылышууга чейин жетти.

Тажик тараптын электр мамысына камерасын орноткону жаңжалдын себеби болгон. Эки өлкөнүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн, күч түзүмдөрүнүн жана жергиликтүү администрацияларынын сүйлөшүүлөрүнүн жүрүшүндө жаңжал жөнгө салынган.

Бирок, 2021-жылдын 29-апрелинде болжол менен 13:30дарда Башкы суу топтоочу курулма жайгашкан жерге жергиликтүү тургундар келишкен жана мурдараак орнотулган камераны алууну талап кылышкан. Камераны алуудан

баш тарткан Тажикстан тараптан чогулган адамдар бир нече аң уулоочу куралдар менен Кыргызстандын жарандарына ок чыгара баштаган. Тажикстан тараптын огунан алдыдагы адамдар кулап, калгандары кымгуут түшүп ар тарапка качып баштаган. Болжол менен 14:00дө Тажикстан тарап минометтон атууну баштаган, Кыргызстандын тынч жашоочуларына куралдуу кол салуу болгон.

Баткен областындагы кыргыз чек арасындагы куралдуу кол салуунун жүрүшүндө адам укуктарынын бузулушун иликтөө жана териштирүү үчүн, 2021-жылдын 28-30-апрелинде Тажикстан Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн КР аймагына тынч жаткан калкты массалык өлтүрүүгө жана тоноого, алардын мүлкүн өрттөөгө алып келген куралдуу кол салуусуна ар тараптуу жана объективдүү баа берүү үчүн, КР Акыйкатчысынын буйругу менен[29] КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринен турган комиссия түзүлгөн.

Комиссиянын алдына төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

- Тажикстан Республикасы тарабынан Баткен областындагы кыргыз чек арасына куралдуу кол салуунун жүрүшүндө адам укуктары бузулган учурларды ачыктоо, жарандык калктын өлүмү жазасыз калбоого тийиш экендиги тууралуу принциптин негизинде эл аралык укуктун алкагында тынч жаткан элдин өлүмүнө күнөөлүүлөргө карата сунуштамаларды чыгаруу.
- Адам укуктары жана эркиндиктери бузулган фактыларды изилдөөдө БУУ, адам укуктары боюнча эл аралык институтуттар, ЖМКлар, «Кылым Шамы», «Бир Дүйнө», «Первый детский хоспис в Кыргызстане» БӨУ ж.б. сыяктуу эл аралык уюмдар, бейөкмөт уюмдар менен кызматташууну жүзөгө ашыруу, маалымдама, маалыматтарды, фотовидеофактыларды жана эксперттик жардам алуу.

Комиссиянын ишинин жыйынтыгы жана жыйналган материалдарга ылайык, төмөнкүлөр анык болду:

КР УКМК Чекара кызматынан алынган жооптон[30] КР Президентинин 2021-жылдын 4-майындагы «Баткен облусунун чек арадагы айылдарын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө» № 113 Жарлыгы менен 2021-жылдын 28-30-апрелинде Баткен областындагы мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участкасында болгон окуялардын кесепетинен жабыр тарткан Баткен областынын чек арадагы айылдарын тез арада калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик комиссия түзүлгөн. Ошондой эле Баткен областынын чек ара айылдарын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча КР Президентинин атайын өкүлчүлүгү кызматы уюштурулган (2021-жылдын 19-майындагы № 192 ПЖ).

Узак мезгил аралыгында Баткен районунун Ак-Сай, Көк-Таш, Орто-Боз, Лейлек районунун Максат, Сад, Сай, Майты чек ара калктуу пункттарынын тургундарынын социалдык-тиричилик көйгөйлөрү, ошондой эле суу пайдалануу, мал жаюу жана **инфратүзүм объекттеринин курулушу,** тажик тарап менен талаш-тартыштар белгиленген

[29] Буйрук № 63, 04.05.2021-ж.
[30] Чыг. № 4/1398, 30.06.2021-ж.

2020-жылы кыргыз-тажик чек арасында 90дон ашык ар түрдүү окуялар, алардын ичинен 11и аскер кызматчыларынын катышуусу менен, алардын 7си ок атуучу куралды колдонуу менен болуп өткөн. Тажик тараптын КР мамлекеттик чек арасынын шарттуу линиясына жакын мыйзамсыз курулуш иштеринин 32 факты катталган. Алардын 22си токтотулган, 10на карата ТР бийлиги тарабынан кандайдыр бир чара көрүлгөн эмес. Баткен тарапта КР менен ТР чек арасында провокациялык чек ара окуяларынын 40 фактысы, Лейлек тарапта 18 факты катталган.

Массалык кагылышуунун жүрүшүндө жаңжалдын эң туу чокусунда ТР жарандарынын катышуучуларынын саны 250-300 адамга, кыргыз тараптыкы – 150 адамга жеткен.

КР БП маалыматы боюнча жабыр тарткан КР жарандарынын саны 197 адамды түзгөн, алардын ичинен жаракат алгандар: жарандык – 118, аскер кызматчылары – 43; каза болгондор 36 адам (33 жарандык, үчөө аскер кызматчылары – капитан Нурсултан Манасбек уулу, туулган жери Жалал-Абад областынын Авлетим айылы, 28 жашта; прапорщик Бекзат Юлдашев, туулган жери Лейлек районунун Исфана шаары, 29 жашта; капитан Эсентур Кубанычбеков, туулган жери Нарын областынын Ак-Муз айылы, 28 жашта), алардын катарында 12 жаштагы Рахматжанова Мадина жана 5 жаштагы Турсунбаев Абидин болгон.

**Кыргыз-тажик чек арасындагы окуялардын кесепеттеринин статистикалык маалыматтары**

1. 24 сотко чейинки өндүрүш катталган, алардын ичинен КР ЖК 210-беренесинин 2-бөлүгүндө; 265-беренесинин 1-бөлүгүндө; 266-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунда; 358-беренесинин 1-бөлүгүндө; 380-беренесинде; 200-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда; 143-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда; 145-беренесинде; 130-беренесинде каралган кылмыштардын белгилери боюнча – 6 иш;
2. Бардыгы 193 адам жабыр тарткан, анын ичинде 36 адам каза болгон; 157 адам ар түрдүү даражадагы жаракаттарды алышкан;
3. 550 жеке жана юридикалык жактар материалдык зыян тартышкан;
4. Лейлек жана Баткен райондорунда үйлөрү жана курулуштары бүлгүнгө учурагандар – 480 (220 өрттөлгөн);
5. Зыянды алдын ала баалоо – 1 491 448 561 сом;
6. Жалпы татаалдыктагы 718 ар түрдүү соттук экспертизалар дайындалган.

**Баткен району боюнча:**

1. 31 адам көз жумган, анын ичинде үч аскер кызматчысы;
2. 133 адам жабыр тарткан, алардын ичинде 38 аскер кызматчысы, 2 ИИМ кызматкери жана МБК бир кызматчысы;
3. 190 адам материалдык зыянга учураган;
4. Турак-жай жана курулушка зыян келтирилген – 137 бирдик;
5. 388 ар түрдүү соттук экспертиза дайындалган

**Лейлек району боюнча:**

1. Көз жумгандар – 5 адам.

2. 24 адам жабыр тарткан, анын ичинде экөө аскер кызматчысы.

3. 360 адам материалдык зыянга учураган.

# СУНУШТАМАЛАР

***КР Министрлер кабинетине:***

1. Суверендүү Кыргызстанга карата ТР агрессиялык акты менен жасалган согуштук аракеттерин таануу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү;

2. Кыргыз тарапка келтирилген зыянды калыбына келтирүүнү ТР эл аралык укуктун ченемдерине ылайык талап кылуу.

3. КР жарандарына куралдуу агрессиянын курмандыктарынын маалыматтар базасын чогултууга жана түзүүгө ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө кайрылуу.

4. КР компетенттүү мамлекеттик органдары атайын баяндамачынын БУУнун адам укуктары боюнча комитетке кайрылуусун иштеп чыгуу. Баткен областынын чек ара райондорунда тобокел зоналарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун кайталанышын алдын алуу боюнча андан аркы аракеттерди иштеп чыгуу.

***КР Башкы прокуратурасына***

Ар тараптуу иликтөө жүргүзүү жана Эл аралык жазык сотунун, дүйнөлүк коомчулуктун жана уюмдардын дарегине жасаган кылмыштары үчүн Тажикстандын бийлигин жоопкерчиликке тартуу максатында кайрылуу.

# 4.4. КР аскер кызматчыларынын укуктарын сактоо

КР Акыйкатчысынын дарегине келип түшкөн кайрылуулардын арасында аскер кызматчыларынын жана алардын туугандарынын арыздарына, даттануулярына жана кайрылууларына өзгөчө көңүл бурулат.

КР Акыйкатчысына келип түшкөн кайрылууларды кароо практикасы көрсөткөндөй, аскер кызматчыларынын арасында турак-жай менен камсыздоо, жер участокторуна төлөө, саламаттык сактоо жана ден соолукка келтирилген зыяндын ордун толтуруу, пенсия менен камсыз кылуу, жөлөк пул алуу ж.б. тиешелүү маселелер мурдагыдай эле чечилбеген бойдон калууда.

**2021-жыл үчүн аскер кызматчыларын укуктук, социалдык коргоо чөйрөсүндө КР Акыйкатчысынын ишинин натыйжалары жана негизги багыттары**

1. 2021-жылдын 15-мартында knews.kg маалыматтык агенттиги тарабынан[31] КР Абадан коргонуу күчтөрүнүн 97632 аскер бөлүгүнүн бөлүмдөрүнүн өздүк курамынын арасында кургак учук инфекциясын массалык жугузуу тууралуу маалымат жарыяланган.

[31] https://knews.kg/2021/03/19/voennaya-prokuratura-kyrgyzstana-rassleduet-fakt-massovogo-zarazheniya-voennosluzhashhih-tuberkulezom/

Буга байланыштуу, 2021-жылдын 18-мартында КР Акыйкатчысынын тапшырмасы боюнча топ уюштурулган жана медицина кызматынын запастагы адиси Т. Ж. КР Акыйкатчысынын алдындагы аскер кызматчыларын, жарандык персоналды жана ардагерлерди коргоо боюнча коомдук кеңештин мүчөсү менен биргеликте баяндалган фактыны текшерүү үчүн жерине барышкан. Мониторингдин жүрүшүндө биздин кызматкерлер жоокерлердин дарылануусу менен таанышышты, алардан, ошондой эле ооруканын администрациясынан учурдагы көйгөйлөр жана муктаждыктар тууралуу сурашты. Ооруkананын жетекчилигинен жана аскер кызматчыларынан даттануулар жана арызданаулар болгон жок.

«Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, жарандар аскер кызматына жыйынга чакырылган, ыктыярдуу тартипте же контракт боюнча кирген күндөн тартып аскер кызматчыларынын статусуна ээ болот. Тиешелүүлүгүнө жараша, жарандар аскерге чакырылган учурдан тартып мамлекет аскер кызматчыларынын ден соолугун жана өмүрүн коргоону камсыз кылуу милдеттенмелерин алат.

Аскердик бөлүктө жана бөлүмдөрдө аскер кызматчыларынын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, дене бой өнүгүүсү үчүн командири жана орун басарлары жооп берет, алар санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы жана дарылоо-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүгө тийиш.

Чогулган материалдардын негизинде биз КР премьер-министринин атына курамга КР Акыйкатчы аппаратынан А. Сартаевди, Т. Жээналиевди киргизүү менен, Саламаттык сактоо, Коргоо министрликтеринин, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда мөөнөттүк кызматтагы жоокердин ооруган себебин иликтөө маселелери боюнча комиссия түзүү өтүнүчү менен кат жөнөткөнбүз[32]. Комиссиянын жыйынтык материалдары юридикалык баа берүү үчүн КР БП жөнөтүү сунушталган.

КР КМ жообунда[33] жүргүзүлгөн санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы жана дарылоо-профилактикалык иш-чаралар жөнүндө, ошондой эле 97632 аскер бөлүгүнүн бөлүмдөрүнүн өздүк курамынын арасында кургак учук инфекциясын массалык жугузуу фактысы боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтар камтылган.

2021-жылдын 16-апрелиндеги абал боюнча КР КК АКК 97632 аскер бөлүгүнүн бөлүмдөрүнүн өздүк курамынын арасында кургак учук инфекциясынын 29 учуру аныкталган.

Бардык аскер кызматчылары дарыланууда жатышкан:

- Бишкек ш. кургак учукка каршы шаардык ооруканада – 97632 а/б мөөнөттүк кызматтагы 24 аскер кызматчысы;
- КР ССМ Улуттук фтизиатрия борборунда – 97632 а/б мөөнөттүк кызматтагы эки аскер кызматчысы;
- 44549 а/б – 97632 а/б мөөнөттүк кызматтагы үч аскер кызматчысы (кургак учукка каршы шаардык ооруканада негизги дарылоо курсунан кийин госпиталдык аскердик-дарыгерлик комиссиядан өтүү үчүн 2021-жылдын 9-апрелинде которулган ).

[32] Кат, чыг. № 11/944, 30.03.2021-ж.
[33] Кир. № 1 557, 20.04.2021-ж.

Инфекциянын очогун табуу жана андан ары жайылышынын алдын алуу максатында Өзүнчө санитардык-эпидемиологиялык отряддын адистери тарабынан эпидемиологиялык иликтөөлөр жана эпидемияга каршы иш-чаралар жүргүзүлгөн.

КР Аскер прокуратурасы тарабынан КР КМ жана КР КК БШ кызмат адамдары тарабынан аскер кызматчыларынын өмүрүн жана ден соолугун коргоо бөлүгүндө аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө мыйзамдардын сакталышы текшерилген. Натыйжалары боюнча мыйзамдуулуктун бузулушун жоюу сунуштамасы жөнөтүлгөн, ал эми күнөөлүү кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылган.

КР Аскер прокуратурасы тарабынан бул факты боюнча КР ЖК “Шалаакылык” беренеси боюнча жазык иши козголгон. Сотко чейинки иш кагаздары жүргүзүлүүдө.

ӨСЭО адистери тарабынан 2021-жылдын 21-январында катардагы Ш. А. кургак учук аныкталган факты боюнча 97632 а/б командирине 2021-жылдын 22-январындагы № 31 эпидемияга каршы иш-чараларды жүргүзүү жөнүндө санитардык жазма буйрук берилген, ага ылайык 97632 а/б байланыш болгон жактар аныкталган жана 2021-жылдын 27-февралына чейин 44549 а/б базасында 314 аскер кызматчыларынын жана кызматчылардын көкүрөк клетка органдарынын рентген изилдөөсүнөн өткөн, мөөнөттөгү кызматтын жети кызматчысынын өпкөсүндө кургак учук аныкталган. Калган өздүк курамдын көкүрөк клетка органдарында патологиялык белгилер аныкталган эмес.

Бирок акырындык менен бул курамдын арасында клиникалык көрүнүштөр менен карала баштаткан жана андан ары кайрадан өпкөнү рентген изилдөөдөн жана компьютердик томографиядан өткөргөндөн кийин оорунун жаңы учурлары аныкталган.

Ушуга байланыштуу бардык байланыш болгон жактардын какырыгын лабораториялык изилдөөдөн (Gene-xpert) өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынган. 2021-жылдын 23-мартынан 30-мартына чейинки мезгилде 97632 а/б бөлүмдөрүнүн өздүк курамынын арасында кургак учук инфекциясына какырыктардын анализдерине лабораториялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бардыгы 308 адам анализ тапшырган, алардын ичинен алты аскер кызматчысында кургак учук инфекциясына оң жыйынтык аныкталган.

Ошондой эле 97632 а/б бардык бөлүмдөрүндө өздүк курамдын оорунун негизги симптомдору жөнүндө, тобокелдик факторлору жөнүндө, жугузуу жолдору жана профилактикалоо жөнүндө билимдерин жогорулатуу максатында “Кургак учук” темасында өздүк курам менен сабактар өткөрүлдү.

КР КМ компетенттүү жактары тарабынан жыл сайын диспансердештирүүнүн жыйынтыгынын негизинде өздүк курамга динамикалуу байкоо жүргүзүлөт, аскер бөлүктөрүндө санитардык-гигиеналык жагдайга милдеттүү мониторинг жүргүзүлөт.

КР Аскер прокуратурасынын жообунда[34] Бишкек гарнизонундагы Аскер прокуратурасы тарабынан бул факты боюнча соттук-медициалык экспертиза дайындалган жана бул факт 2021-жылдын 16-мартында Бишкек гарнизонундагы Аскер прокуратурасы тарабынан КР ЖК “Шалаакылык” 331-беренесинин 1-

[34] Кир. № 1544, 20.04.2021-ж.

бөлүгүндө каралган кылмыштын белгилери боюнча КЖБР АМС катталган, териштирүү тергөө тобуна тапшырылган.

“Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” КР Мыйзамынын 13 жана 27-беренелеринин талаптарына ылайык, аскер кызматчыларынын ден соолугун жана өмүрүн коргоо боюнча ишти камсыз кылуу аскер ведомстволорунун жана бөлүмдөрүнүн жооптуу кызмат адамдарынын түздөн-түз командачылык милдети болуп саналат.

Окшош ченем “Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-беренесинде да каралган, ага ылайык бардык мамлекеттик органдар адамдардын ден соолугун коргоо жана чыңдоо үчүн, калктын ден соолугунун абалы үчүн шарттарды түзүүгө жоопкерчилик тартышат.

КР Аскер прокуратурасы тарабынан КР КК ГШ командалыгынын атына 2021-жылдын 17-мартында мыйзамдуулукту бузууну жоюу жөнүндө сунуштама киргизилген. Жагдайды кароонун жыйынтыктары боюнча КР Коргоо министринин буйругу менен эки кызмат адамы кызматынан төмөндөтүлгөн, ошондой эле жети кызмат адамы тартиптик жоопкерчиликтин башка түрлөрүнө тартылган, КР Куралдуу күчтөрүнүн абадан коргонуу бөлүмүнүн офицерлерин Бишкек гарнизонунун аскер комендатурасынын горнизондук жана кароолчу кызматтарына тартуу токтотулган.

Ошондой эле КР Аскер прокуратурасы тергөө тобун тартуу аркылуу аскер кызматчыларынын ата-энелери  жана тууганлары менен жолугушуу, ошондой эле алардын КР КК БШ командалыгы менен жолугушуу уюштурулган, акыркысында жүргүзүлгөн тергөө иш-чаралары жөнүндө түшүндүрүлгөн, дарылоо процесси, кошумча тамактануу, андан ары кызмат өтөө ж.б. боюнча берилген суроолорго тийиштүү жооптор берилген.

2. КР Акыйкатчысынын аппаратында Акыйкатчынын КР ИИМ ИА байланыш кызматынын аскер кызматчысы, ефрейтор Н. С. жана анын адвокаты ИА отставкадагы полковниги Ю. С. менен жолугушуусу болуп өттү[35].

Мурдараак Н. С. массалык маалымат каражаттары аркылуу бүгүнкү күндө КР ИИМ КК түзүлгөн катаал жана жагымсыз кырдаал жөнүндө, ошондой эле КР ИИМ КК аскерлери аргасыз кызмат кылган оор материалдык жана моралдык-психологиялык атмосфера тууралуу айтканын эскертебиз.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) менен ачык сүйлөшүүнүн жүрүшүндө Н. С. жетекчиликтин жана командирлердин күнөөсү менен ички аскерлерде эмне болуп жаткандыгы тууралуу толук жана кенен айтып берди. Ошондой эле «Шер» атайын багыттагы бөлүгүндө да түздөн-түз терс көрүнүштөр орун алган. Андан тышкары, ал шаардык телефонго ай сайын 450 сомдон төлөө кудуретсиздигине карабастан, жетекчилик 2 млн 600 миң сом өлчөмүндөгү сыйакыны өзүнө жазып алгандыгы тууралуу, ошондой эле аскер кызматчылары менен контрактта жазылган, анын ичинде атайын багыттагы бөлүктүн аскерлерин тамак-аш жана кийим-кече менен толук кандуу камсыз кылуу жана башкалар боюнча КР ИИМ КК жетекчилиги жана командирлери тарабынан аткарылбаганы тууралуу айтты.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, адвокат Н. С.а мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле Натальянын жеке коопсуздугун камсыз кылууга көмөктөшүү өтүнүчү менен Т. Мамытовго кайрылган, анткени ага

[35]https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=2152:natalia-silina-and-her-lawyer-told-the-ombudsman-in-detail-about-the-true-situation-in-the-interior-ministry&catid=18&Itemid=330&lang=ru

«ИИМдин жакшылык жасоочулары» жана «Шер» атайын багыттагы бөлүгү тарабынан дайым басым көрсөтүлөт жана эгерде ал өзүнүн КР ИИМ КК жетекчилигине карата айыптоолорунан жана дооматтарынан баш тартпаса, анын дарегине коркунучтар туулат. Н. С. өзү кабарлагандай, үйүнөн арткы номери жок жеңил автоунаадан аны көзөмөлдөгөн адамдардын бөлмөнү тартып жатканын бир нече жолу көргөн.

3. КР Акыйкатчысынын наамына КР Акыйкатчысына караштуу аскер кызматчыларынын, жарандык персоналдын жана ардагерлердин укуктарын коргоо боюнча Коомдук кеңештин төрагасы жарандык персоналды укуктук коргоо, социалдык камсыз кылуу маселелери боюнча аскер комиссариаттарына мониторинг жүргүзүү өтүнүчү менен кайрылган.

Кайрылууда КР КМ жана кызмат адамдары республиканын аскер комиссариаттарынын жарандык персоналын социалдык жана укуктук коргоо боюнча мыйзамдар менен аларга жүктөлгөн милдеттенмелерди талаптагыдай аткарышпайт.

Мунун негизинде, ошондой эле аскер кызматчыларын социалдык камсыз кылууга жана укуктук коргоого карата кайрылуулардын өсүшүн эске алуу менен биз[36] КР Коопсуздук кеңешинин Катчылыгына жана КР Президентинин Администрациясынын коргоо, укук тартиби жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жарандык персоналды социалдык коргоону сактоо предметине карата аскер комиссариаттарынын ишине биргелешкен мониторинг жүргүзүү өтүнүчү менен кат жөнөткөнбүз.

КР Коопсуздук кеңеши[37] жана КР ГШ[38], биздин катты карап чыгып, КР Коргоо министрлигинин маалыматы боюнча, КР Коргоо министрлигинин жарандык персоналына, анын ичинде аскер комиссариаттары эмгек акы төлөө тартиби жана шарттары «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын, Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүлүштөрүнүн эркин жалданган жана жарандык персоналынын эмгегине акы төлөө шарттары жөнүндө» КР Өкмөтүнүн токтому менен жөнгө салынат.

Көрсөтүлгөн токтомго ылайык, жарандык персоналга төмөнкүдөй төлөмдүн түрлөрү каралган:

- кызматтык маяна;
- иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акы;
- эмгекте жетишкендиги үчүн, өзгөчө маанилүү иш аткаргандыгы үчүн үстөк акы – кызматтык маянадан 50% чейинки өлчөмдө;
- жарандык пресоналдын ишинин негизги натыйжалары үчүн жыл ичинде сый акы берүү – эмгек акы фондунун төрт айлык өлчөмүндө;
- кезектеги өргүүгө чыгууда ден соолугун чыңдоого жөлөк пул.

Мында аскер комиссариаттарынын жарандык персоналынын кызматтык маяналары 2 555 сомдон тартып 4 920 сомго чейин түзөт.

Эң зарыл товарларга баанын көтөрүлүү шарттарында жарандык персоналдын социалдык корголуусун жогорулатуу максатында, көрсөтүлгөн категориядагы

[36] Кат, чыг. № 11/3605 08.10.2021-ж.
[37] Кир. № 01-22, 14.10.2021-ж.
[38] Кир. № 14-09, 27.10.2021-ж.

кызматкерлердин кызматтык маянасын 50% чейин жогорулатууну караган «Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин эркин жалданган жана жарандык персоналынын эмгегине акы төлөө шарттары жөнүндө» КР МК токтомунун долбоору иштелип чыккан.

КР Министрлер Кабинетинин жогоруда көрсөтүлгөн токтомунун долбоорун макулдашуунун жүрүшүндө КР Экономика жана финансы министрлиги аскердик кызматты караган (КР ИИМ жана КР ӨКМ) башка мамлекеттик органдардын жарандык персоналынын кызматтык маянасын жогорулатуу маселесин кароону сунуштаган.

КР Коргоо министрлиги тарабынан КР Экономика жана финансы министрлиги менен биргеликте КР КМ жарандык персоналынын айлык акысын жогорулатуу маселеси каралууда.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу жарандык персоналды социалдык коргоону сактоо предметине аскер комиссариаттарынын ишин пландуу мониторингдөө токтотулган, анткени каржылоо процесси кароо стадиясында турат.

1. КР Акыйкатчысынын борбордук аппараты жана анын аймактык өкүлчүлүктөрү Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 73 жылдыгына карата жергиликтүү тургундар менен жолугушуу үчүн Кыргыз Республикасынын райондорун, шаарларын жана жети областын кыдырышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө жарандардын укуктарына тиешелүү кыйла курч маселелерди, ошондой эле кечиктирилгис аракеттерди талап кылуучу системалуу бузуулар, тиешелүүлүгүнө жараша аларды кыска мөөнөттө жеринде түзөтүү талкууланды.

Ушундай жолугушуу Нарын областынын жашоочулары менен өткөрүлгөн. Жумушчулардын жана кызматчылардын айлык акысына райондук коэффициенттер коюлган райондордо жашаган аскер пенсионерлеринин пикири боюнча, бул райондордо жүргөн мезгилде «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык дайындалуучу пенсиялар тиешелүү райондук коэффициентти колдонуу менен эсептелет.

Тоолуу райондордо коэффициент бул райондордо жашаганда гана төлөнөт. Айрым учурларда, аскер кызматчысынын кызматы аяктагандан жана пенсияга чыккандан кийин ден соолугун абалы, үй-бүлөлүк жана башка жагдайлар боюнча өлкөнүн башка райондоруна, шаарларына көчүп кетүүгө аргасыз болушат. Мунун натыйжасында алар жеңилдиктерден ажыратылат жана Аскер прокуратурасы тарабынан жазык жоопкерчилигине тартылышат. Прокуратура органдары тарабынан акыркы жылдары жүздөн ашык жазык иши козголгон, аскер пенсионерлери жоопкерчиликке тарылган (ЖМКлардагы маалымат).

КР Акыйкатчы аппараты бул маселени чечүү үчүн компетенттүү органдарга, атап айтканда Социалдык фондго[39] бир нече ирет кайрылган, алар берген жоопто[40] КР өкмөтүнүн аппаратына[41] жана КР МК төрагасына КР ЖК депутаттары тарабынан «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамынын 49-беренесин карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушу менен кайрылган. Тилекке каршы, мыйзам долбоору каражаттын жоктугунан

[39] Кат, чыг. № 14-4997, 22.11.2019-ж.
[40] Кир. № 2-4/7502, 10.12.2019-ж.
[41] Чыг. № 11/672, 05.03.2021-ж.

улам КР Өкмөтү тарабынан максатка ылайыксыз деп таанылган жана тиешелүү корутунду кабыл алынган (бул тыянак КР Ө 2018-жылдын 1-ноябрындагы № 15515 токтому менен бекитилген).

2. 1999-2000-жылдарда өлкөдө республиканын аймагына эл аралык террористтердин куралдуу басып кирүүсүн чагылдырууга туура келген. Баткен окуясы деп аталган бул окуялар болгон мезгилде 78 адам каза болгон, 200 адам жарадар болгон, кийин 350 аскердик сыйлыктар тапшырылган.

Республикалык союздун демилгеси боюнча Баткендеги аскердик аракеттердин жана башка жерлердеги жаңжалдын катышуучулары 2021-жылдын 30-сентябрында эски аянтта тынчтык митингин өткөргөн, анда «Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө» КР Мыйзамынын өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси боюнча сунуштар, пикирлер жана сын-пикирлер айтылган. Митингдин жыйынтыгы боюнча анын катышуучулары Президентке, КР МК өз талаптары менен кат жөнөткөн.

Тынчтык митингинин жүрүшүндө болуп өткөн окуялардын ардагерлери жана күбөлөрү чыгып сүйлөшкөн. Ардагер А. Садыков белгилегендей: «Чоң-Алай районунда жана Баткен областында 1999-2000-жылдардагы трагедиялуу окуялар Кыргыз Республикасы үчүн оор сыноо болгон. Согуштун жүрүшүндө 54 тынч жашоочу каза болгон. Биз бардык башка согуш аракеттеринин ардагерлерин, катышуучуларын сыйлайбыз, бирок биз өз өлкөбүздүн чек арасын жана суверенитетин сактоого жана коргоого өз салымыбызды кошуу менен башка өлкөлөрдөгү согуш аракеттеринин катышуучуларынан айырмаланабыз».

Өз убагында ардагерлер тарабынан «Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзам долбоорун демилгелөө үчүн зарыл болгон санда кол топтолгон (2014-жылдын 20-июнундагы (№ 6-16781/14).

Жогорудагы баяндалгандарды эске алуу менен биз КР МК төрагасына жана КР ЖК төрагасына (2021-жылдын 1-ноябрындагы № 11/3545) «Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу, Баткен окуясынын ардагерлерине мамлекеттик жеңилдиктерди жана социалдык кепилдиктерди берүү жөнүндө маселени кароо өтүнүчү менен[42] тиешелүү каттарды жөнөттүк.

КР ЖК тармактык комитети биздин кайрылууну карап чыгып, Элдик демилге аркылуу демилгеленген «Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана оруктагы эмгекчилер жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзам долбоору (2014-жылдын 20-июнундагы № 6-16781/14) КР ЖК комитети тарабынан каралганын жана республикалык бюджетте каржылоонун жоктугуна байланыштуу четке кагылганын билдирди[43].

# Сунуштамалар

***КР Жогорку Кеңешине жана Министрлер Кабинетине:***

- Кыргыз Республикасынын аскер комиссариттарынын ишин күчөтүү

[42] Кат, чыг. № 11/3545, 01.10.2201-ж.
[43] Жооп, кир. № 03-07, 21.10.2021-ж.
[43] Жооп, кир. № 03-07, 21.10.2021-ж.

максатында аскердик кызматка чакырууда аскер кызматчыларынын медициналык күбөлөндүрүүнү жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү.

- «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамынын 49-статьясына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштоо жана төмөнкүдөй редакцияда толуктап баяндоону сунуштайбыз: «райондук коэффициенттер белгиленген жерлерде он календарлык жылдын ичинде үзгүлтүксүз аскер кызматын өтөгөн пенсионерлерге ушул Мыйзамга ылайык дайындалуучу айлык акылары, пенсиялары, (анын ичинде эң төмөнкү өлчөмдөгү) алардын жашаган жеринен көз карандысыз тишелүү райондук коэффициентти колдонуу менен эсептелип чыгарылат».

# 5-БӨЛҮК.
# АКЫЙКАТ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ УКУК

Ар бир адамга Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого кепилдик берилет[44]

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 11-пунктуна ылайык, Омбудсмен бардык инстанциялардагы соттордун отурумдарына, анын ичинде соттук териштирүү анын кызыкчылыгы үчүн жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу менен жабык сот отурумдарына катышууга укуктуу[45].

Бул ченем КР Акыйкатчы аппаратынын Сот органдары менен иштөө жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүү бөлүмү тарабынан ишке ашырылат, анын тартибин жана ишин уюштуруу локалдык акт менен аныкталган.

Арыз ээсинин кайрылуусун текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу, сот актысы, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин мыйзамдуу жүзөгө ашырылышына тоскоолдук кылган сот органдарынын аракеттери же аракетсиздиги сот процесстерине мониторинг жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат[46].

Ошентип, 2021-жылы бөлүм тарабынан арыз ээлерине жооп жөнөтүү менен **679** кайрылуу каралган.

Бөлүмгө келип түшкөн кайрылуулардын көпчүлүк бөлүгү бардык соттук инстанциялардагы сот процесстерине мониторинг жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтөрдү камтыйт.

КР Акыйкатчысынын ыйгарым укуктарынын алкагында сот органдары менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан 2021-жылы сот отурумдарына **528** мониторинг жүргүзүлгөн, ошондой эле КР мыйзамдарынын жоболорун эске алуу менен маңызы боюнча **151** кайрылуу каралган. **151** кайрылуунун **44** жана **107** арызында судьялардын, укук коргоо органдарынын аракеттерине же аракетсиздигине карата даттануулар жана башка маселелер камтылган[47].

2021-жылы сот процесстерине мониторинг жүргүзүү негизинен биринчи инстанциядагы соттордо жүргүзүлгөн.

Алсак, сот процесстерине 303 (57,3%) мониторинг биринчи инстанциядагы сотто,

---

[44] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-бер. 1-бөлүгү

[45] "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 11-п.

[46] КР Омбудсменинин 2020-жылдын 22-сентябрындагы "Сот процесстерине мониторинг жүргүзүү эрежелери" буйругунун 9-тиркемеси.

[47] Сот органдары менен иштөө жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн 2021-жылга отчету.

экинчи жана үчүнчү инстанциядагы сотто тиешелүү түрдө 124 (23,3%) жана 101 (19,4%) мониторинг жүргүзүлгөн.

Укук тармактары боюнча 528 арыздын ичинен:

- **197 (37%)** – жарандык-укуктук мамилелер боюнча;
- **292 (56%)** – жазык-укуктук иштер боюнча;
- **39 (7%)** – экономикалык сот өндүрүшү боюнча.

Бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан ар кандай маселелер боюнча 317 оозеки юридикалык кеңеш берилди.

Бөлүм тарабынан 2021-жылы 717 чыгыш кат жөнөтүлгөн. Алардын ичинен арыз ээлерине 590 жооп, ар кандай инстанцияларга 38 суроо-талап, кызмат адамдарына чара көрүү өтүнүчү менен 21 Көңүл буруу актысы, сот жана мамлекеттик органдарга 73 кат-кабар жөнөтүлгөн. Натыйжада 19 кайрылуу оң чечилди.

Негизинен жарандар жана чет өлкөлүк адамдар калыс соттук териштирүү укугун сактоо жана тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун негизинде сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү үчүн бардык инстанциялардын соттук отурумдарына катышуу өтүнүчү менен кайрылышат.

КР Акыйкатчысынын өкүлүнүн сотко катышуусу өткөн жылдардагыдай эле жарандарда, атап айтканда жергиликтүү соттордо жана апелляциялык инстанцияларда чоң суроо-талапка ээ.

Биринчи инстанциядагы соттор жарандардын эң көп нааразычылыктарын жаратат. Ошентип, биринчи инстанцияда төмөнкү мыйзам бузууларга жол берилет:

- сот иштерин кароонун мөөнөттөрү бузулат, укук бузуунун себеби - жабырлануучулардын жана күбөлөрдүн сотко келбей калышы;
- тараптардын тең укуктуулугун жана атаандаштыгын бузуу;
- далилдерди объективдүү жана ар тараптуу изилдөө укугу;
- кыйноолор менен же башка мажбурлоонун натыйжасында алынган далилдерди жокко чыгаруу милдеттенмесин бузуу;
- жүйөлүү себепсиз бир нече жолу кийинкиге калтыруу.

Процессуалдык мыйзамдарга ылайык ар бир сот отуруму так белгиленген убакта башталууга тийиш (КР КЖПКнын 312-беренеси жана КР ЖПКнын 162-беренеси[48]). Сот отурумунун башталган убактысы сот тарабынан соттун күн тартибинде, ошондой эле ишти өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө аныктамаларда чагылдырылат. Бирок иш жүзүндө процесстин катышуучулары ар бир төртүнчү учурда соттун коридорунда кошумча убакыт өткөрүүгө аргасыз болушат, же болбосо судьялар соттук процессти кечигип башташат.

2021-жылдын ичинде бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан КР тиешелүү мамлекеттик органдарынын дарегине 21 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.

---

[48] КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 312-беренеси жана КР Жарандык процессуалдык кодексинин 162-беренеси.

# 5.1. Соттук териштирүүнүн жөндүү мөөнөттөрүн бузуу

Жазык иши боюнча айыпталган ар бир камакка алынган же кармалган адам тез арада судьяга же мыйзам боюнча сот бийлигин жүзөгө ашыруу укугуна ээ болгон башка кызмат адамына жеткирилет жана жөндүү мөөнөттө соттук териштирүүгө же бошотулууга укуктуу[49].

Судья ишти соттук териштирүүгө дайындоо жөнүндө токтом чыгарылган күндөн тартып 14 суткадан кечиктирбестен ишти кароону баштоого тийиш. Анча оор эмес кылмыштар жөнүндө кылмыш иши судья тарабынан бир айдан кечиктирилбестен чечилүүгө тийиш. Анча оор эмес, оор же өзгөчө оор кылмыш жөнүндө иштер – эки айлык мөөнөттө[50].

Сот процесстерине мониторинг жүргүзүү процессинде КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) алган даттануулары жана кайрылууларды системалуу талдоо азыркы учурда сот адилеттигин жүзөгө ашырууда жөндүү мөөнөттө соттук териштирүү укугу бузулгандыгын көрсөтөт.

Сот отурумуна чакырылган адамдардын бири келбей калгандыгына байланыштуу, же тараптардын өтүнүчү боюнча жаңы далилдерди талап кылуу зарылчылыгына байланыштуу ишти териштирүү мүмкүн болбогон учурда судья өзүнүн токтому менен, ал эми сот өзүнүн аныктамасы менен ишти териштирүүнү кийинкиге калтырат. Ошол эле учурда тараптарды талап кылынган далилдерди берүүгө, ал эми сот приставдарын келбей калган адамдардын келишин камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүгө милдеттендирет[51].

Сот процесстерине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 528 арыздын ичинен 115 учурда же 21% га жакыны ар кандай себептер менен сот отуруму кийинкиге калтырылгандыгы белгиленди. Атап айтканда:

- күбөлөрдүн келбей калгандыгына байланыштуу – 13 жолу;
- тараптардын келбей калышы – 12 жолу;
- айыпкердин келбей калышы – 1 жолу;
- жабырлануучунун жоктугуна байланыштуу – 5 жолу;
- адвокаттардын келбей калышы – 27 жолу (жаңы адвокаттын ишке киришүүсүн кошкондо);
- судьянын жоктугу – 18 жолу (оорусуна байланыштуу, окууда, семинарда же башка себептерден улам);
- прокурордун жоктугу – 11 жолу;
- иштин материалдары менен таанышуу – 12 жолу;
- конвой жеткирип келген эмес – 1 жолу;
- мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн жоктугу – 9 жолу;

[49] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт.
Башкы ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган 16-декабрь, 1966-жыл.
[50] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 283-беренеси.
[51] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 301-беренесинин 1-бөлүгү.

- белгисиз себептерден улам – 6 жолу[52].

**5.1.1-мисал** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) Россия Федерациясынын жараны В. Т. кайрылган, ал Кыргыз Республикасынын Жазык-кылмыш жаза кодексинин 166-беренесинин 3-бөлүгүндө (1997-жылдын редакциясында) каралган кылмышты жасаган деп айыпталган Р.Г.Юга карата кылмыш иши боюнча жабырлануучу болуп саналат, анын натыйжасында доогерге ири өлчөмдө материалдык зыян келтирилген[1].

Арыз ээси өз кайрылуусунда Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьялары тарабынан кылмыш ишинин көп жыл создуктурулушуна нааразы болуп, алар КР КЖПКны жана анын конституциялык укуктарын одоно бузуп жатышканын, ошондой эле бул соттун төрагасы тарабынан соттук создуктурууга тиешелүү түрдө чара көрүлбөгөндүгүнө даттанган.

Атап айтканда, В.Т. төмөнкүлөрдү билдирди:

Р. Г. Ю.нун алдамчылык аракеттерине карата ал 2015-жылдын 10-мартында Бишкек ИИББга арыз жазган, ИИББ ал арызды Свердлов РИИБга жөнөтүшкөн. Доогердин арызы боюнча кылмыш иши бир жылдан кийин – 2016-жылдын 15-мартында козголгон, ал эми дагы 9 айдан кийин (15-декабрь, 2016-жыл) Бишкек шаарынын прокуратурасынын көрсөтмөсү боюнча экинчи тергөө тобу түзүлгөн, ал 2017-жылдын 27-мартында (башкача айтканда, ал козголгондон 2 жыл өткөндөн кийин) тергөөнү аяктаган. Тергөөнүн корутундусуна ылайык, Р. Г. Ю. КР Жазык кодексинин 166-беренесинин 3-бөлүмүндө каралган кылмыш жасаган деп айыпталган. Айыптоо бекитилген жана кылмыш иши 2017-жылдын 29-мартында сотко жөнөтүлгөн.

2017-жылдын 4-апрелинде бул кылмыш иши Свердлов райондук сотунун судьясы И. Гилязетдиновага келип түшкөн. Бирок 2017-жылдын 11-майында ал “эдоонун мөөнөтү өтүп кеткендиктен” ишти токтоткон, Бишкек шаардык соту судья И.Гилязетдинованын бул чечимине макул болгон.

2017-жылдын 19-сентябрында КР Жогорку сотунун жазык иштери боюнча коллегиясы биринчи инстанциянын токтомун жана экинчи инстанциянын “эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендиктен” жазык ишин токтотуу жөнүндөгү аныктамасын жокко чыгарып, ишти жаңы кароого жөнөткөн. Ошондой эле коллегия өзүнүн аныктамасында бир катар башка процесстик бузууларды жана жабырлануучунун укуктарын, айрыкча ага материалдык зыяндын ордун толтуруу бөлүгүн бузгандыгын көрсөттү. Жыйынтыгында Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна бардык мыйзам бузууларды четтетүү боюнча көрсөтмө берилген.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жабырлануучунун арызы жана Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин сунушу боюнча, 2018-жылдын 5-июлундагы чечим менен биринчи инстанциянын (И. Гилязетдинова) жана экинчи инстанциянын (Ж. Мамбеталы, Н. Чериков, С. Бектемиров) судьяларын жол берилген процессуалдык тартип бузууларга жана доогердин укуктарынын бузулушуна карата тартиптик жоопкерчиликке тартты.

Соттолуучу Р. Г. Юга карата кылмыш иши 2017-жылдын 5-октябрында Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы С. Чотоновго жаңы кароого келип түшкөн, ал аны КР КЖПКда көрсөтүлгөндөй эки айдын ичинде эмес, 5

[52] Омбудсмендин аппаратынын Сот бөлүмүнүн 2021-жыл үчүн отчету.

айдын ичинде караган.

Бишкек шаардык сотунун кылмыш иштери боюнча соттук коллегиясы судья С. Чотоновдун 2018-жылдын 8-июнунда кабыл алган чечимин жокко чыгарды жана бул иштин башка курамдагы ошол эле сотко жаңы кароого жөнөткөн.

Кылмыш иши 2018-жылдын 27-июнунда Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна экинчи жаңы кароого судья Р. Саткынбаевге келип түшкөн, ал 6 айдын ичинде бул кылмыш ишин карай албай калган жана 2019-жылдын 1-январынан тартып тергөө судьясы болуп дайындалган. 2019-жылдын 8-февралында кылмыш иши Свердлов райондук сотунун жаңы судьясы Г. Тургунбековага берилген.

Биринчи процессти судья Г. Тургунбекова 2019-жылдын 21-августунда өткөргөн (башкача айтканда, кылмыш ишин алгандан 6 жарым ай өткөндөн кийин). Судья Г. Тургунбекованын төрагалыгы астында кылмыш ишин кароо эки айлык мөөнөттү бузуу менен 2020-жылдын 26-февралына чейин созулган (башкача айтканда бир жылдан ашык). Андан кийин судья Г. Тургунбекованы Бишкек шаарынын башка райондук сотуна иш сапарга жөнөтүшкөн.

2020-жылдын 13-мартында айыпталуучу Р. Г. Юга карата кылмыш иши Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун бешинчи судьясы А. Кадыркуловага өндүрүшкө келип түшкөн. Биринчи процесс 2020-жылдын 14-майына белгиленип, 2021-жылдын 25-августуна чейин 52 сот отуруму дайындалган, алардын ичинен:

1) 4 отурумга жүйөлүү себептерсиз айыпкер Р. Г. Ю. келген эмес;

2) айыпталуучунун адвокаты Д.Р. жүйөлүү себепсиз 10 жолудан ашык келген эмес;

3) судья А. Кадыркулова эки жолу өргүүдө болгон.

52 отурумдун бири да белгиленген убакытта башталган эмес, бардыгы 20дан 45 мүнөткө чейин кечигип башталган, анан калса судья А.Кадыркулова бул процесске бөлгөн убакыт жарым сааттан бир саатка чейин жана сейрек учурларда гана бир аз көбүрөөк болгон. Ошондуктан процесстердин көпчүлүгү 15-30 мүнөткө созулгандыгы, бул отурумдарга мониторинг жүргүзүүчү КР Акыйкатчысынын өкүлдөрү тарабынан белгиленген.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу, В. Т. омбудсменден ал жабырлануучу жана доогер катары өтүп жаткан кылмыш ишин тез арада карап чыгууга көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган.

Сот процесстерине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жана В. Тнын кайрадан даттануусунун алкагында, Акыйкатчы Аппараты тарабынан 2021-жылдын 22-сентябрында КР КЖПКнын 274-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүн сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кат жөнөтүлгөн.

Белгилей кетсек, бул соттук кылмыш иши боюнча коомдо резонанс жаралгандан кийин Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту тарабынан 30 күндөн кийин сот актысы кабыл алынган.

Бишкек шаардык сотунун кылмыш иштери боюнча соттук коллегиясы судья А. Кадыркулованын чечимин жокко чыгарып, бул ишти ошол эле сотко, бирок башка курамда жаңы кароого жөнөттү.

[1] Арыз, кир. № Т-18-20 25-август 2021-жыл.

**5.1.2-мисал** 2016-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Аппаратына бюрократизмден жана укук коргоо органдарынын бюрократиясынан чарчаган Р. Э. аттуу жаран кайрылган, алар дээрлик жарым жыл бою ар кандай курулай шылтоолор менен ага карата 2014-жылы кошунасы М. Тнын арызы боюнча козголгон кылмыш иши боюнча жаңы ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоодон баш тартышкан. Кайрылуунун авторунун айтымында, ал негизсиз кылмыш жоопкерчилигине тартылган, ошондой эле кылмыш ишин анча оор эмес зыян келтирүү фактысы боюнча иликтөөдө бир катар мыйзам бузууларга жол берилген [1].

КР Акыйкатчы аппаратынын укуктук бөлүмүнүн эксперттери арыз ээси Р. Э. берген документтерди изилдеп чыгып, тергөө процессинде эки соттук медэкспертиза КР КЖПКнын, “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” Мыйзамдын бир катар талаптарын, ошондой эле соттук медэкспертиза жүргүзүү эрежелерин жана аларды колдонуу боюнча нускамаларды бузуу менен жүргүзүлгөндүгүн белгилешти. Мындан тышкары, тергөө ачык айыптоо менен, ошондой эле КР КЖПКнын бир катар талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн.

Жогоруда аталган бузуулар боюнча КР Акыйкатчы аппараты КР Башкы прокуратурасына кайрылган, андан кийин Р. Э. жарандын сот адилеттигине жетүү укугу калыбына келтирилген: 2016-жылдын 14-ноябрында Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан бул кылмыш иши боюнча жаңы ачылган жагдайлар боюнча өндүрүш козголгон, ошондой эле 2017-жылдын 25-августунда Биринчи май районунун прокуратурасы тарабынан СМЭРБ жетекчилигине мыйзам бузууларды жоюу жөнүндө сунуш чыгарылган. Жаңы ачылган жагдайлар боюнча тергөөнүн алкагында экспертизага катышкан бардык соттук-медициналык эксперттер суракка алынып, аларды суракка алуунун негизинде Башкы прокуратура 2018-жылдын 18-августунда бул кылмыш ишин кайра кароо жөнүндө өзүнүн корутундусун Жогорку Сотко киргизген. Жогорку Сот Башкы прокуратуранын корутундусун канааттандырып, мурунку сот чечимдерин жокко чыгарып, ишти жаңы кароого берген.

Акыйкатчы аппаратынын соттук процесстерге мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн кызматкерлери үч соттук инстанциянын бардык соттук отурумдарына 2,5 жылдан ашык убакыттан бери катышып келишкен. Бул кылмыш ишин соттук кароонун жүрүшүндө КР Акыйкатчысынын аппараты тарабынан, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартиптик комиссиясына, биринчи жана экинчи сот инстанцияларында судьялар тарабынан Р. Энин процессуалдык укуктары одоно бузулгандыгы жөнүндө эки сунуш киргизилген. Тартиптик комиссиянын кароосунун жыйынтыгы боюнча Бишкек шаардык сотунун судьясы Ж. Сабитовага, Н.Чериковго жана З. Алгожоевге эскертүү берилген. Натыйжада, Э. Р. аларга баш тартууну билдирген, ал тартиптик жазаны эске алуу менен канааттандырылган.

Жаңы ачылган жагдайлар боюнча кылмыш ишин кароонун натыйжасында Р. Э. биринчи (24.01.2020) жана экинчи (18.02.2021) инстанцияларда анын аракеттеринде кылмыштын курамы болбогондугу үчүн реабилитациялоо укугу менен акталган. Мындан тышкары, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө Бишкек шаардык соту тарабынан тергөөдө жасалган эки соттук медэкспертизанын корутундусу жол берилгис далилдер деп таануу жөнүндө аныктама чыгарылган жана аларды толук негиздөө менен далил базасынан алып салган. Жабырлануучу Т. Мга карата аны көрсөтмө берүү үчүн мажбурлап алып келүү жөнүндө 20дан ашык соттук аныктама чыгарылган, бирок ал сот отурумдарына

эч бир жолу келген эмес, ошону менен соттук териштирүүнү создуктурган.

КР КЖПКнын 13-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, прокурор айыпкердин күнөөсүздүгүн көрсөткөн фактылар табылган учурда айыпталуучуга карата сотто айыптоону колдоодон баш тартууга милдеттүү, бирок буга карабастан Бишкек шаарынын сотто айыптоону колдогон прокурору тергөө тарабынан коюлган куру айыптоону андан ары колдоп, КР Жогорку сотуна мыйзамсыз актоого кассациялык сунуш жөнөткөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемди сактоо жана айыпталуучунун укугун бузган, төмөн турган прокурордун кассациялык сунушун кайтарып алуу зарылдыгы максатында, КР Акыйкатчысынын аппараты тарабынан КР Башкы прокуратурасына төмөн турган прокурордун негизсиз кассациялык сунушуна, ошондой эле анын Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2020-жылдын 1-декабрындагы аныктамасы менен жол берилгис далилдер катары таанылган соттук медэкспертизанын корутундуларына шилтеме берүүсүнүн мыйзамсыздыгы жөнүндө кат жөнөтүлгөн.

Жогорку сотто КР Омбудсмени менен КР Башкы прокуратурасынын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында прокурор Б. Рыскуловдун кассациялык сунушу негизсиз катары чакыртылып алынган жана эки сот инстанциясынын актоочу өкүмү күчүндө калтырылды.

КР Акыйкатчысынын аппараты тарабынан өз убагында Э. Рга анын реабилитациялоого укугу жана аны сот органдарына арыз берүү аркылуу ишке ашыруу ыкмасы жөнүндө түшүндүрмөлөр берилген.

Беш жылдын ичинде (2016-жылдан 2021-жылга чейин) КР жараны Э. Р. КР Акыйкатчы аппараты менен бирге соттун акыйкат жана калыс чечими үчүн күрөшүп келген.

**5.1.3-мисал**

КР Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери тарабынан Чүй облусунун Ысык-Ата райондук сотунда Ш. Э. жана Ш. Э. аттуу айыпталуучуларга карата кылмыш иши боюнча соттук процесстерге үзгүлтүксүз негизде толук мониторинг жүргүзүлүп турду[53].

Ш. Энин арызы боюнча Акыйкатчы аппаратынын кызматкери Ысык-Ата райондук сотуна 2021-жылдын 18, 19, 22 жана 26-февралында сот процессине мониторинг жүргүзүү үчүн барган. Бирок сотто айыптоону колдогон прокурор Т.Тойтоновдун күнөөсү боюнча жогоруда көрсөтүлгөн сот процесстерине мониторинг жүргүзүү мүмкүн болгон жок, бул Т. Тойтоновдун өзүнүн кызмат убактысына карата шалаакылыгын көрсөтүп турат (“КР прокуратурасы жөнүндө” КР Мыйзамынын 69-беренеси).

Ошентип, 2021-жылдын 18-февралында прокурор Т. Тойтонов келбей, бир сот процессине өзүнүн ордуна прокурор Р. Тургунбаевди алмаштырууга калтырган, бирок жабырлануучу тарап бир күнгө алмаштырууга каршы болгон, буга байланыштуу сот жыйыны болгон эмес.

2021-жылдын 19-февралына алдын ала дайындалган сот процесси прокурор Т. Тойтоновдун күнөөсү менен кийинкиге калтырылган, анткени ал сот отурумунун

[53] кириш № Ш-13/7 25-февраль, 2021-жыл жана кириш № Ш-279 24-февраль, 2021-жыл.

катчысына телефон аркылуу катыша албай тургандыгын билдирген (себеби тактала элек).

2021-жылдын 22-февралында прокурор сот отуруму башталганга чейин (судья келгенге чейин) тараптардан анын кийинкиге калтыруу жөнүндө өтүнүчүн колдоону суранды, анткени аны Башкы прокурорго чакыртышкан (үн жазгыч жазуусу бар). Сот отуруму ачылгандан кийин прокурор кийинкиге калтыруу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган, анткени 2001-жылы туулган жабырлануучунун ҮБКБ (ОПСД) өкүлү жок болгон, бирок анын педагог болуп иштеген мыйзамдуу өкүлү (анын энеси) сот процессине жеке өзү катышкан. Ал эми ҮБКБнын келишин камсыз кылуу кийинкиге кылтырууну талап кылбайт эле, болгону аны алып келүү үчүн 15 мүнөт тыныгуу жарыяласа болот болчу. Сот процесси 2021-жылдын 26-февралына жылдырылган. 2021-жылдын 26-февралында прокурор Т. Тойтонов сот отурумуна келген эмес, аны 1 саат 15 мүнөт күтүп турушкан. Сот отурумунун катчысынын телефон чалууларына Т. Тойтонов жооп берген эмес. Сот отуруму саат 11:15те ачылган жана прокурордун келбей калгандыгына байланыштуу 2021-жылдын 18-мартына кийинкиге калтырылган (үн жазгыч бар).

Муну менен сотто айыптоону колдогон прокурор Т. Тойтонов өзүнүн аракеттери менен судьяга кылмыш ишин мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароого тоскоолдук кылган.

Сотто айыптоону колдогон прокурор тарабынан аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган мындай аракеттерге жол берилбейт жана төмөнкүлөрдү бузат:

1) КР КЖПКнын 274-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган соттук териштирүүнүн мөөнөттөрүн,

2) ЖСУЭП 14-беренесинин 3-бөлүгүнүн "С." пунктунда каралган айыпкерлер Э. Ш. жана Э.Шнын “негизсиз кечиктирилбестен соттолуу” укуктарын.

Ошондой эле прокурор Т. Тойтонов тарабынан бул тартипсиздик, жоопкерчиликсиздик жана кесиптик этиканын бузулушу прокуратура органдарынын жана жалпысынан мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин ар-намысына шек келтирет.

“Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 57-беренесинин 6-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык (2020-жылдын 24-августундагы №143) прокурор ички кызматтык тартипти сактоого, окуялар, убактылуу эмгекке жарамсыздык болгондугу жана өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган башка жагдайлар жөнүндө түздөн-түз жетекчиге билдирүүгө милдеттүү.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына тийиштүү текшерүү жүргүзүү жана прокурор Т.Тойтоновду өзүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай эмес жана көңүл кош аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу өтүнүчү менен сунуш жөнөтүлгөн.

Башкы прокуратуранын 2021-жылдын 8-апрелиндеги кириш №1347 жообу боюнча, 2021-жылдын 18, 22, 26-февралында райондук прокурордун орун басары Т. Тойтонов Ысык-Ата райондук прокуратурасынын мурда киргизилген административдик доолору боюнча маселени талкуулоо үчүн КР Башкы прокуратурасына ыкчам кеңешүүгө чакыртылган. Т. Тойтонов тарабынан мыйзам бузуулар аныкталган жок, анткени ал кызматтык зарылчылык боюнча КР Башкы прокуратурасындагы ыкчам кеңешмеге катышканы жазылган.

Ошону менен бирге, Чүй облусунун прокуратурасы тарабынан Ысык-Ата районунун прокурору Ч. Ахматовго райондун прокуратурасынын бардык кызматкерлерине мамлекеттик айыптоону колдоо боюнча берилген ыйгарым укуктарды ишке ашырууда кесиптик этиканын, кызматтык тартиптин ченемдерин так сактоо зарылдыгы жөнүндө билдирүү, ошондой эле мамлекеттик айыптоону колдоого жана өз убагында катышуусуна өзгөчө көңүл буруу керектиги көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына суроо туулат: “сотто айыптоону колдогон прокурорлорду дайындалган сот процесстеринен ажыратпоо жана ошону менен соттук териштирүүлөрдүн создуктурулушуна жол бербөө үчүн кеңешмелерди алдын ала пландаштырса болобу?”

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында соттук териштирүүнү кароонун жана узартуунун жөндүү мөөнөттөрү каралган. Бирок, тажрыйба көрсөткөндөй, жазык иштерин кароонун мөөнөттөрү көп учурда ар кандай себептер боюнча бузулат жана создуктурулат, анын натыйжасында коомдун сот системасына нааразычылыгы келип чыгат жана сот органдарына болгон ишеними жоголот. Буга байланыштуу Акыйкатчы аппараты жазык сот өндүрүшүн кароонун процессуалдык ченемдерин сактоого чакырат.

# СУНУШТАМАЛАР

***КР Жогорку сотуна:***

- Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөттөрүн бузуунун алдын алуу максатында тиешелүү чараларды көрүү сунушталат.

***КР Жогорку Сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби:***

- Жазык сот өндүрүшүн создуктурууга жол берген адамдарга карата жеке аныктаманы колдонуу зарылдыгы боюнча сот корпусун окутууну уюштуруу сунушталат.

***КР Башкы прокуратурасына:***

- Соттордо айыптоону колдогон прокурорлордун сот процесстерине катышуусуна тоскоолдук кылбастан, жумушчу кеңешмелерди жана башка иш-чараларды алдын ала пландаштыруу сунушталат.

***КР Адвокатурасына:***

- Сот отурумдарынын үзгүлтүккө учурашына жол бербөө боюнча адвокаттардын ишин контролдоону күчөтүү сунушталат.
- Адвокаттардын иш графигин пландаштыруу боюнча тиешелүү иш-чараларды (семинарларды) өткөрүү сунушталат.

# 5.2. КР Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) ишине тоскоолдук кылуу

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишине же аны кайсы бир орган жана анын кызматкерлери тарабынан иликтөөгө тоскоолдук кылуу атайын баяндаманын предмети болушу мүмкүн, ошондой эле ар жылдык баяндаманын тиешелүү бөлүмүндө эскертилет.

Мамлекеттик бийлик органынын кызматкери тарабынан КР Акыйкатчысынын тергөө жүргүзүүсүнө тоскоолдук болгон учурда, ошондой эле анын КР Акыйкатчысы талап кылган баяндамаларды, тергөө үчүн зарыл болгон актыларды жана административдик документтерди берүүдөн баш тартуусу же ак ниетсиз мамилеси болгондо, КР Акыйкатчысы тийиштүү чараларды көрүү максатында Башкы прокуратурага арыз жөнөтөт.

**5.2.1-мисал.** Чүй облустук сотунда сот процессине мониторинг жүргүзүүдө КР Акыйкатчысынын аппаратынын тармактык бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан МКЮЖ линиясы боюнча адвокат А.Шерикулов тарабынан мамлекеттин эсебинен көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укуктун бузулгандыгы аныкталды. Ошондой эле Чүй облустук сотунун коллегия мүчөлөрү тарабынан укук бузуулар аныкталган, алардын тартип бузуусунан улам бул жорук жөнүндө иш жети айдан ашык каралган, ал иш сотто карала баштаган күндөн тартып 15 күндөн кечиктирбестен судья тарабынан каралууга тийиш болчу (КР КЖПКнын 274-беренесинин 2-бөлүгү)[54].

Аныкталган мыйзам ченемдеринин бузулушун четтетүү максатында Акыйкатчы аппараты тарабынан 2020-жылдын 23-мартында Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Тартиптик комиссиясына жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин алдындагы Тартиптик комиссияга 2020-жылдын 29-сентябрында Чүй облустук сотунун судьялары У.Садырбековду, А. Жумагуловду, Т. Абдрашитовду жана МКЮЖ багыты боюнча адвокат А. Шерикуловду, алар тарабынан республиканын мыйзамдарынын талаптарын бузууга жол берилгендиги үчүн тартиптик жоопкерчиликке тартуу зарылдыгы жөнүндө Көңүл буруу актылары жөнөтүлгөн.

Телефон аркылуу, ошондой эле КР Акыйкатчысынын сунуштарын кыска мөөнөттө карап чыгуу өтүнүчү менен жазуу жүзүндө бир нече жолу эскертүүлөргө карабастан, КР Судьялар кеңешине жана КР Адвокатурасына караштуу Тартиптик комиссиялардан жооп келген жок.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин алдындагы жана КР Адвокатурасынын Тартиптик комиссияларынын бул аракеттерин КР Акыйкатчысынын адамдын жана жарандын укуктарын коргоодогу ишине тоскоолдук кылуу деп эсептеп, бул комиссияларга карата Көңүл буруу актылары КР Акыйкатчысы тарабынан КР Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн.

Башкы прокуратурадан 2021-жылдын 14-майында “КР Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Тартиптик комиссия Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык түзүлгөн көз карандысыз

[54] Кириш № Г-192 (2) 4-март, 2020-жыл.

коллегиялык орган болуп саналат деген жоопкелип түшкөн. Демек, прокуратура органдарына Тартиптик комиссиянын ишин көзөмөлдөө укугу берилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Тартиптик комиссиясына карата биздин сунушубузга да Башкы прокуратурадан ушундай эле жооп келип түштү.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен жана КР Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия (Азыр КР Судьялар кеңеши) жана КР Адвокатурасынын Тартиптик комиссиясы тарабынан мындай мамилени КР Акыйкатчысынын адам укуктарын коргоо боюнча ишине тоскоолдук кылуу катары эсептеп, КР Акыйкатчысынын аппараты 2021-жылдын 28-июнунда КР Президентине КР Акыйкатчысынын ишине тоскоолдук кылууга жол берилбестиги жөнүндө кат жөнөткөн.

Өзүнүн жогорку статусуна карабастан, КР адвокаттары, КР адвокаттарынын кесиптик этикасынын кодексине ылайык[55], ишти акыйкат иликтөөгө жана кароого, адилеттүү сот процессине, адвокаттын кесибин, кадыр-баркын жана ар-намысын коргоого көмөктөшүүсү керек, бирок алар Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган жана эң жогорку баалуулук деп эсептелген жарандардын укуктары жана эркиндиктери менен эсептешпөөгө барышууда[56].

**5.2.2-мисал**

2021-жылдын 26-январында жана 5-февралында, Бишкек шаарынын тургуну Т. Б. КР Акыйкатчысына (Омбудсменге) даттануу менен кайрылган. Арызда 2005-жылы туулган карындашы С. Сны (КР Жазык кодексинин 164-беренеси) зордуктоого айыпталып жаткан адамдын үстүнөн сот процесси Ысык-Көл облустук сотунда үч айдан бери башталбай жаткандыгы айтылат. Ошондой эле, сот отурумунун белгиленген күнү соттолуучунун адвокаты Жолдошбек кызы Лилия жалган шылтоолордон улам соттук териштирүүнү кийинкиге калтырганы кабарланган [1][57]. Ошентип, иштин материалдарын изилдеп чыккандан кийин, адвокат Жолдошбек кызы Лилия юридикалык кызмат көрсөтүү боюнча өзүнө алган милдеттенмелерин гана аткарбастан, адвокаттык кызмат көрсөтүү боюнча өзүнө алган милдеттерин аткарууга да ак ниетсиз мамиле кылгандыгы аныкталган.

2021-жылдын 1-февралында КР Акыйкатчысынын аппараты тарабынан Свердлов райондук сотунун төрагасынын атына, 2021-жылдын 25-январында 14:30да сот процессине катышуу тууралуу 2021-жылдын 25-январында адвокат Жолдошбек кызы Лилияга берилген соттук чакыруу кагазды текшерүү максатында кат жөнөтүлгөн.

Берилген жоопко ылайык, бул соттук чакыруу кагазы чындыкка дал келбейт. Буга байланыштуу, тийиштүү кызмат адамдарынын иш-аракеттерине укуктук баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн (17.02.2021-ж.№8/462)

2021-жылдын 12-мартында Ысык-Көл облусунун прокуратурасы КР Жазык кодексинин 359-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн кылмыш белгилери боюнча сотко чейинки өндүрүштү № 03-153-2021-000029 номери менен Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде каттаган жана тергөө Каракол шаарынын ИИШБсына тапшырылган.

[55] Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кесиптик этика кодекси.
[56] Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
[57] Кириш № Б-02 26.01.2021-ж. Кириш № Б-02(2) 5.02.2021-ж.

2021-жылдын 17-февралында адвокат Жолдошбек кызы Лилияны жоопкерчиликке тартуу үчүн биз тараптан, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын тартиптик комиссиясына Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.

Бир нече жолу КР Акыйкатчысынын аппараты тарабынан телефон аркылуу, ошондой эле 2021-жылдын 1-апрелинде электрондук почта аркылуу А. Осмоналиеванын наамына Акыйкатчынын сунуштамасын кыска мөөнөттө кароо зарылдыгы жөнүндө эскертүүлөр жөнөтүлгөн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, КР Адвокатурасынын Тартиптик комиссиясынын аракетсиздигин КР Акыйкатчысынын ишине тоскоолдук кылуу деп эсептейбиз, анткени ушул убакка чейин, башкача айтканда 11 айдын ичинде жооп берилген эмес.

**5.2.3-мисал.** КР Акыйкатчысынын наамына В.Т. аттуу жаран (жабырлануучу) Д. Р. аттуу адвокатка (Г. Р.айыпкерди коргоочу) аракеттерине даттануу менен кайрылган, ал жүйөөлүү себептерсиз сот процесстерине келбей жаткандыгы менен жазык ишин кароону создуктуруп жаткан. Муну менен айыпталуучунун адвокаты Д. Р. өзүнүн иш-аракеттери менен судьяга кылмыш ишин мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароого тоскоолдук кылып жатат6.

Адвокат Д. Р. тарабынан аткарбоонун же талаптагыдай эмес аткаруусунун мындай аракеттерине жол берилбейт жана КР КЖПКнын 274-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган соттук териштирүүнүн мөөнөтүн бузат.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу жана КР Конституциясынын 109-беренесин жетекчиликке алып, 2021-жылдын 17-сентябрында КР Акыйкатчысы тийиштүү текшерүү жүргүзүү жана адвокат Д. Рди тартиптик жоопкерчиликке тартуу өтүнүчү менен КР Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясына Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.

Жооп берилбегендигине байланыштуу, 2021-жылдын 22-ноябрында Акыйкатчынын сунуштамасын кыска мөөнөттө карап чыгуу зарылдыгы жөнүндө эскертүү түрүндөгү дагы бир кат жөнөтүлгөн.

Ушул убакка чейин жооп алынган жок жана бул КР Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы тарабынан чара көрүү актыларын системалуу түрдө этибарга албоо болуп саналат, бул КР Акыйкатчысынын адам укуктарын коргоо боюнча иш-аракетин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылууда.

# Корутунду

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын сунуштарын этибарга албоо Кыргыз Республикасында адам укуктарын коргоо жана калыбына келтирүү боюнча КР Акыйкатчысынын ишине тоскоолдук болуп саналат. Бул жагдай мамлекет жана Кыргыз Республикасынын жарандары алдында белгилүү бир милдеттенмелерди алган кызмат адамдарынын жана адамдардын жазасыз калышына өбөлгө түзөт.

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине:***

- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишине Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши жана КР Адвокатурасынын Тартиптик комиссиясы тарабынан тоскоолдук кылуу фактыларына көңүл буруу жана мындан ары мындай мыйзам бузууларга жол берилбестигин көрсөтүү сунушталат.

***КР Судьялар кеңешине:***

- Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссиясынын мүчөлөрүнүн арасында Судьялар кеңешинин дарегине келип түшкөн кайрылууларды кароо мөөнөттөрү боюнча КР мыйзамдарын сактоо жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сунушталат.

***КР Адвокатурасына:***

- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын мүчөлөрүнүн арасында КР Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын кайрылууларын кароонун тартибин жана мөөнөттөрүн так сактоо жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сунушталат[58].

## 5.3. Аудио жана видеофиксация соттун ишенимин жогорулатуу куралы катары

Сот жыйындарын аудио жана видеофиксациялоо системасы (мындан ары – АВФ) – бул техникалык каражаттардын жана тиешелүү программалык камсыздоонун жардамы менен сот отурумун аудио жана видеофиксациялоого мүмкүндүк берүүчү аппараттык-программалык комплекс[59].

Кыргыз Республикасынын КЖПКда АВФ колдонуу милдеттүү. АВФ жазуулары протоколго тиркелет, анда аларды колдонуу жөнүндө белги коюлат.

Азыркы учурда АВФ системасы 63 сотто сот отурумдарынын 157 залында орнотулган жана сот системасынын ачыктыгы автоматташтырылган маалыматтык системаны киргизүү (соттун АМСи), сот отурумдарын аудио-видеофиксациялоо, сот отурумдарын аудио жана видеопротоколдоо программасы, иштерди автоматтык түрдө бөлүштүрүү аркылуу заманбап технологиялар менен камсыз кылынат. Сот жыйындарынын АВФ системасын киргизүү жана колдонуу этап-этабы менен мамлекеттик бюджеттин эсебинен жүзөгө ашырылат[60].

АВФ колдонуу боюнча нускамада аудио-видеожазуулар жана протокол соттун сервердик жабдуусунда автоматтык түрдө сакталат, ал андан ары сот системасынын серверлерине көчүрүлөт. Система сот отурумунун протоколунун тексттик шаблонун автоматтык түрдө даярдайт. Катчы андан ары сот отурумунун толук протоколун кийинкиге калтырылган режимде даярдайт – АВФнын жазууларын редакциялоо режиминде угуу. Катчы протоколдун тексттик бөлүгүн гана өзгөртө алат жана АВФ жазуулары өзгөрүүсүз калат.

---

[58] §4. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши тарабынан 2021-жылдын 28-октябрында бекитилген, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясы жөнүндө Жобонун Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясынын кайрылууларын кароонун тартиби жана мөөнөттөрү. №4 протоколу.

[59] КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин 2018-жылдын 20-декабрындагы №781 буйругу менен бекитилген нускама.

[60] Аудио-видеофиксация - АВФ.

Сот отурумунун жүрүшүндө катчы процесстин чыгып сүйлөгөн ар бир катышуучусу боюнча өз убагында белги коюуга тийиш, анын натыйжасында ар бир протоколдо тараптардын аты-жөнү жана иш боюнча чыгып сүйлөгөн убактысын көрсөтүү менен маалыматтар түзүлөт.

Бул тараптар жана сот тарабынан колдонууга ыңгайлуу болгон санариптик жазуунун жалпы схемасын түзүүгө мүмкүндүк берет[61].

Бирок КР Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлеринде жарандардын кайрылууларын кароонун жүрүшүндө АВФ жана сот отурумунун кыскача протоколу менен байланышкан маселелер келип чыгат.

**5.3.1-мисал**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратына М. С. аттуу жаран АВФ көчүрмөлөрүн жана сот отурумдарынын протоколдорун 2021-жылдын 13-мартында жана  8-апрелинде берген Чүй облустук сотуна даттануу менен кайрылган, анда М. С. жабырлануучу катары өтүп жаткан [1][62].

Арыз ээсинин негизги себеби болуп аудио жана видеоматериалдар өзүнчө берилгендигине байланыштуу, аудио-жазуу видеочагылдырууга дал келбей калган. Ошондой эле, ага берилген  аудио-жазуунун көчүрмөсүнүн сапаты начар экендигин белгилеген. Буга байланыштуу М. С. жазуулардын маанисин изилдеп, түшүнө алган эмес.

Бул маселени кароонун жүрүшүндө КР Акыйкатчысынын аппараты тарабынан Чүй облусунун прокурору А. Кыязовдун атына М. С жүйөлөрүн карап чыгуу өтүнүчү менен кайрылуу жөнөтүлгөн[63].

Чүй облустук прокуратурасынын жообунда М. С Кыргыз Республикасынын КЖПКнын алкагында анын укуктары түшүндүрүлгөнү айтылган[64].

2021-жылдын 16-июлунда  КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) Т. Мамытовдун кайра кабыл алуусунда кайрылуунун автору АВФтин сапаттуу көчүрмөлөрүн ошол бойдон ала электигин билдирген. Андан кийин КР Акыйкатчысынын  аппараты тарабынан Чүй облустук сотунун төрагасы У. Садырбековго кайрылуу жөнөтүлгөн[65].

М. Ске анын жазуу жүзүндөгү өтүнүчү боюнча сот отурумдарынын протоколдору сот отурумундагы АВФтин негизинде жазуу жүзүндө берилген деп жооп алынган.

**5.3.2-мисал.**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Аппаратына Түркмөнстандын жараны С. Р. Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунда 2021-жылдын 25-ноябрындагы сот отурумунун АВФ көчүрмөсүн алууга көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган.

Арызда 2021-жылдын 25-ноябрында С. Р. АВФнын көчүрмөсүн берүү өтүнүчү

[61] КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин сайтындагы “Аудио жана видеофиксация сот отурумдарынын катчыларынын ишин кандайча өзгөртөт”деген темада пресс-релиз 18-апрель, 2021-жыл. http://suddep.sot.kg/post/kak-audio-video-fiksatsiya-menyaet-rabotu-sekretarej-sudebnyh-zasedanij

[62] Арыз, кириш. № М-561 20.04.2021-ж.

[63] Чыгыш № 8/1287 22.04.2021-ж.

[64] Кириш № 10/20-19 12.05.2021-ж.

[65] Чыгыш № 8/2622 02.08.2021-ж.

менен жогоруда аталган соттун дарегине тиешелүү өтүнүч менен кайрылгандыгы көрсөтүлгөн. Бирок ар кандай себептерден улам баш тартылган.

Акыйкатчы аппараты тарабынан С. Рдин бул арызы каралган учурда, Октябрь райондук сотунун төрагасы Б. Жаналиевге 2021-жылдын 25-ноябрындагы сот процессинин АВФ көчүрмөсүн Р. Сапаровго берүү өтүнүчү менен кат жөнөтүлгөн, анткени арыз ээси сот процессинин жазууларынын көчүрмөсүн бир айдан ашык ала албай жүргөн[66].

С.Р. билдиргендей, 2022-жылдын 11-январында ага сот процессинин АВФ жазууларынын көчүрмөлөрү берилген. Бирок үн сапаты начар болгондуктан, арыз ээсинин бул жазууну изилдөө мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

**5.3.3-мисал**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратына Г. В. аттуу жаран Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы Ж.Ибраимованын төрагалыгы алдында Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту тарабынан 2021-жылдын 4-мартындагы жана 2021-жылдын 24-июнундагы сот отурумдарынын АВФ көчүрмөсүн берүүдөн баш тартуу боюнча арыз менен кайрылган[67].

Арызда жана ага тиркелген документтерде Г. В. жогоруда аталган соттун төрагасы сот отурумдарынын аудио-видео жазууларын берүүдөн баш тартканын көрсөтөт. Баш тартууну, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин 2016-жылдын 10-ноябрындагы №764 буйругу менен бекитилген (мындан ары – КР ЖС караштуу СД) “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинде жана анын аймактык бөлүмдөрүндө, сот имараттарында жана ага чектеш аймактарда видеобайкоо каражаттарын колдонуу тартиби жөнүндө” нускамага шилтеме кылып, видео байкоо системасы соттордо сот процессинин коопсуздугун түзүү, судьяларды жана сот кызматкерлерин коргоо максатында орнотулгандыгы менен негиздешкен.

Бул учурда Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту тарабынан аталган нускама туура эмес колдонулган, анткени КР ЖС караштуу СДнын 2018-жылдын 20-декабрындагы №781 буйругу менен бекитилген “Сот отурумдарынын АВФ системасын колдонуу жана процесстин катышуучуларына жана алардын өкүлдөрүнө сот отурумдарынын АВФ материалдарын берүү боюнча” нускамага ылайык, ишке катышкан адамдарга жана алардын өкүлдөрүнө АВФ системасынын жардамы менен ишке ашырылган соттук отурумдардын аудио-видео жазууларынын материалдарына жеткиликтүүлүк, сот отурумдарынын аудио- видеофиксация материалдарынын көчүрмөлөрүн берүү түрүндө ишке ашырылышы мүмкүн.

Ишке катышкан адамдарды, алардын өкүлдөрүн иштин материалдарына тиркелген сот отурумдарынын жүрүшүнүн жазуусу менен тааныштыруу, жазуунун көчүрмөсүн даярдоо жана берүү ушул нускамада аныкталган тартипте (Нускаманын 6-главасынын 31-пункту) таанышуу жөнүндө (1-тиркеме) же сот отурумунун аудио-видеофиксация жазуусунун көчүрмөсүн берүү жөнүндө (2-тиркеме) тиешелүү жазуу жүзүндөгү өтүнүчтү кароонун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт.

[66] Чыгыш №08/4818 28.12.2021-ж.
[67] арыз, кириш. № Г-1017 09.07.2021-ж.

Ишке катышкан адамдардын жана алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчү боюнча сот тарабынан арыз ээси берген электрондук алып жүрүүчүгө көчүрүү жолу менен сот отурумунун АВФ материалдарынын көчүрмөсү берилет (8-главанын 41-пункту)[68].

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Акыйкатчы аппараты тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы Н.Бакировага судья Ж. Ибраимованын төрагалыгы алдында сот отурумунун аудио-видео жазууларын берүү жөнүндө В. Гнын арызын иликтеп чыгуу, ошондой эле КР ЖС караштуу СДнын 2018-жылдын 20-декабрындагы №781 буйругу менен бекитилген Нускаманы бузууга жол берген адамдарга карата чара көрүү өтүнүчү менен кайрылуу жөнөтүлгөн[69].

Буга КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин директору У.Кожомбердиевдин колу коюлган, 2021-жылдын 4-мартында жана 2021-жылдын 24-июнунда соттук териштирүүлөр өткөрүлгөн сот отуруму залы, №21 кабинет (судья Ж. Ибраимова) аудио, видеофиксациянын программалык-аппараттык комплекси менен жабдылбагандыгы тууралуу жооп алынган.

Соттун ар бир отурумунун жүрүшүндө, ошондой эле отурумдан тышкары жасалган ар бир өзүнчө процессуалдык иш-аракет жөнүндө протокол түзүлөт. Протокол компьютердик, электрондук, машинкага басылган же кол менен жазылган ыкма менен түзүлөт[70].

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде АВФ колдонуу милдеттүү. АВФ жазуулары протоколго тиркелет, анда аларды колдонуу жөнүндө белги коюлат, ал эми жарандык сот өндүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жарандык-процессуалдык кодексинин ченемдерине ылайык АВФти милдеттүү түрдө колдонуу каралган эмес. Мындай учурда сот аудио жана видео жазууларды сот отурумдарында, же отурумдан тышкары өзүнчө процессуалдык иш-аракеттерди жасоодо колдоно алат. Мындай учурларда аудио жана видео жазуулар протоколго тиркелет, анда аларды колдонгондугу жөнүндө белги коюлат[71].

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын практикасында жарандардын кайрылууларын кароодо жана сот процесстерине мониторинг жүргүзүүдө сот отурумдарынын АВФ колдонуунун бир катар бузуулары, атап айтканда АВФ көчүрмөсүн берүүдө сот отурумдарынын катчыларынын компетентсиздиги, берилген АВФ көчүрмөлөрүнүн сапатынын начардыгы (видео чагылдыруу менен аудионун дал келбеши, үндүн начар жазылышы) жана АВФ системасы менен сот залдарынын толук жабдылбагандыгы аныкталган.

Натыйжада, аныкталган кемчиликтер жарандардын нааразычылыгын жаратат, ал эми сотко ишенимди жогорулатуу куралы катары АВФ долбоорунун негизги максаты ошол бойдон жетишилген эмес.

АВФ системасы сот процесстеринин маданиятынын деңгээлин жана иштин катышуучулары тарабынан сотторго болгон ишеним деңгээлин жогорулатууга

[68] КР ЖС караштуу Сот департаментинин 2018-жылдын 20-декабрындагы №781 буйругу менен бекитилген "Сот отурумдарын аудио-видеофиксациялоо системасын колдонуу жана сот отурумдарынын аудио-видеофиксациялоо материалдарын процесстин катышуучуларына жана алардын өкүлдөрүнө берүү боюнча" нускама.

[69] чыгыш. № 8/2431 16.07.2021-ж.

[70] кириш № 3171 02.08.2021-ж.

[71] Кыргыз Республикасынын Жарандык-процессуалдык кодексинин 231-беренеси.

өбөлгө түзүп, сот процессинин катышуучуларын, анын ичинде судьяларды, прокурорлорду жана адвокаттарды тартипке салат деп пландаштырылган.

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:***

- Жарандык сот өндүрүшүндө АВФ системасын колдонуунун милдеттүүлүгү бөлүгүндө КР ЖПКнын ченемдерин кайра карап чыгуу сунушталат.

***Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине:***

- сот процесстеринин тараптарына АВФ берүү жол-жобосунун деңгээлин жогорулатуу, жарандар менен иштөөдө мамлекеттик кызматчынын этикасын сактоо максатында, сот системасынын кызматкерлерин кайрадан аттестациялоо жана укук колдонуу практикасынын алкагында окутууну уюштуруу сунушталат.

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментине:***

- Сот процесстеринин тараптарына жогорку сапаттагы аудио-видео жазууну берүү максатында үн жазуучу аппараттардын сапатын жогорулатуу жана видео чагылдыруу менен үндүн дал келиши боюнча тиешелүү чараларды көрүү сунушталат.

- Республика боюнча сот залдарын АВФ системасы менен жабдуу процессин тездетүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү сунушталат.

# 6-БӨЛҮК.
# ЭРКИНДИГИН ЧЕКТЕГЕН ЖАНА АЖЫРАТКАН ЖЕРЛЕРДЕ КАРМАЛГАН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ

Укук коргоо органдарынын, башка органдардын камакта жана эркиндигин чектөөчү жайларда адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо бөлүмү (мындан ары – бөлүм) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратынын укук коргоо органдары тарабынан адамдын укуктарынын сакталышы үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

“Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык укук коргоо органдарына: прокуратура, улуттук коопсуздук, ички иштер органдары, жазык-аткаруу системасынын органдары жана бажы кызматы кирет.

## 6.1. Укук коргоо органдарынын мыйзамсыз аракеттерине жарандардын даттануулары

2021-жылы бөлүм тарабынан 473 даттануу жана арыз каралган. Жарандарга 300гө жакын консультациялар берилип, 200гө жакын кайрылуулар жеринде каралып, сот жыйналыштарына 20дан ашык мониторинг жүргүзүлүп, 3 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.[72]

***6.1.1-таблица. Мамлекеттик органдар боюнча даттануулар менен кайрылуулардын сапаттык курамы***

| № | Укук коргоо органына | Саны | % |
|---|---|---|---|
| 1 | КР ИИМ | 202 | 42 |
| 2 | Прокуратура | 51 | 11 |
| 3 | КР УКМК | 28 | 6 |
| 4 | КР Юстминге караштуу ЖАК | 45 | 10 |
| 5 | Сот органдары | 103 | 22 |
| 6 | Башкалар | 44 | 9 |
|  | Бардыгы | 473 | 100 |

Даттануулардын жана кайрылуулардын жалпы санынын басымдуу бөлүгү ички иштер органдарына (42%) жана соттун чечимдерине (22%) тиешелүү.

[72] Эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында укук коргоо органдарынын адам укуктарын сакташы боюнча бөлүмдүн 2021-жылга отчету.

Милицияга карата даттануулары ички талдоо көрсөткөндөй, алардын 70%дан ашыгы тергөө кызматына (аракет/аракетсиздик) тиешелүү, бул тергөө кызматкерлерине түшкөн чоң жүктөмдү көрсөтүп турат.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын борбордук аппаратына укук коргоо органдарынын кызматкерлеринен 20 арыз түшсө, ал эми 2020-жылы алардын саны 11 болгон.

**6.1.2-таблица. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын борбордук аппаратына кыйноолорго карата кайрылуулардын статистикасы**

| | |
|---|---|
| 2016-ж. | 47 |
| 2017-ж. | 30 |
| 2018-ж. | 18 |
| 2019-ж. | 23 |
| 2020-ж. | 11 |
| 2021-ж. | 20 |

Статистикалык маалыматтарды талдоо 2019-жылдан кийин Акыйкатчынын борбордук аппаратына кыйноолор боюнча кайрылуулардын азайгандыгын көрсөтүп турат, бул жаңы КР КЖК жана КР КЖПКнын кабыл алынышынын натыйжасы, мында кылмыш ишин козгоо жана токтотуу институту жок.

Ошентип, бардык кайрылуулар КЖБРга катталып, алар боюнча иликтөө жүргүзүлдү. Ошентип, кыйноолор боюнча арыздардын көбүн ИИБнын кызматкерлери тергөөчүнүн жазуу жүзүндөгү тапшырмасы боюнча өз функцияларын так аткара баштаткы.

Бирок бул жалпы эле кыйноолор жок болуп кетти дегенди билдирбейт. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери кыйноолорду жасоодо этият болуп, күбөлөрдүн көзүнчө колдонбой же кыйноолордун издерин калтырбай калды, ошондуктан кыйноо фактысын далилдөө өтө түйшүктүү процесс болуп калды.

Кыйноолор боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүүдөгү негизги көйгөйлөр:

- тергөөнүн жүрүшү жөнүндө маалыматка жетүү, анткени тергөө УКМК тарабынан жүргүзүлөт. Адвокаттар иштин материалдарына жетүүнүн кыйындыгына даттанышат;
- алгачкы суракка алууда жана камакка алууда, ИИБге жеткирүүдө адвокаттын жоктугу;
- камакка алган учурда укук коргоо органдарынын кызматкерлери кармалгандарды медициналык карооого жиберишет жана ур-токмокко алынбаганы тууралуу корутундуну алгандан кийин кыйноолорду колдонушат;
- кыйноолор адам кармалган алгачкы сааттарда колдонулат жана кыйноо тууралуу маалымат алууга жана далилдерди ырастоого дээрлик мүмкүн эмес;

- медицина кызматкерлери ур-токмокко алууларды жазышпайт, ал эми кыйноолордун курмандыктары бул тууралуу медициналык кызматкерлерге билдирүүдөн баш тартышат, анткени кызматкерлер камактагыларды мындай кайрылуунун кесепеттери жөнүндө коркутуп-үркүтүшөт;
- кээ бир кийноолор из калтырбайт (баштыктар колдонулат, согончокту чабуу, башына суу толтурулган желим бөтөлкө менен уруу ж.б.);
- сотко чейинки өндүрүштүн материалдарын кийин бөлүштүрүү үчүн райондук прокуратурадан (КЖБРда каттоону жүргүзгөн) шаардык/облустук прокуратурага берүү мөөнөтү узак убакытты талап кылат. Бул мезгилде ур-токмокко алуунун издери кетип калат, убакыт жабырлануучуларга басым жасоо үчүн колдонулат ж.б.;
- көбүнчө арыз ээлери алардын арызын карабай калтыруу жөнүндө утурлама арыз жазышат, бул укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан коркутуп-үркүтүүлөр болуп жатканын айтып турат.

Кыйноолорду тергөө боюнча жогорудагы айтылган көйгөйлөр кайрылуулар азайса да, кыйноо фактылары бар экендигине карабастан, КР КЖК «Кыйноолор» 137-бер. боюнча айыптоо өкүмдөрү жок болушуна алып келди. Негизинен кылмыш иши КР КЖКнын «Бийликтен аша чабуу» деген «кезметчи» 338-беренесинин негизинде козголот жана сотко чейин жетет.

2021-жылдын декабрынан тартып кылмыш ишин козгоо жана козгоодон баш тартуу институту жана тергөөчүлөр институту – ыкчам кызматтардын кызматкерлери тарабынан билдирүүлөрдү алдын ала текшерүү кайра ишке киргизилери кооптуу.

Кыйноолордун эң негизги себеби – жетекчилик тарабынан талап кылынган кылмышты ачуу жана ачуу пайызы.

Кыйноолорго арыздарды каттоо бир кыйла узакка созулганын жана аны өткөрүү дайыма эле мүмкүн боло бербестигин эске алуу менен, биз алдын ала текшерүү институтун киргизүү кыйноолор жана катаал мамиле менен байланышкан иштердин абалына терс таасирин тийгизет деп эсептейбиз.

Ошентип, КР КЖК «Кыйноолор» 143-беренеси кайрылуулардын саны азайганына карабастан, «иштебейт», башкача айтканда, өзүнүн түздөн-түз функцияларын аткарбайт жана кыйноолор боюнча кылмыштардын кечиктирилүү пайызы жогору.

Белгилей кетсек, ведомстволор аралык функцияларды бөлүштүрүү (ИИМ жана ЖАК) Жаза аткаруу кызматынын системасында кыйноолорго арыздардын дээрлик жок болушуна таасирин тийгизген. Ошентип, кыйноолорго карата даттануулар менен негизинен ички иштер жана улуттук коопсуздук органдарына кайрылууда.

ЖАКнын үстүнөн түшкөн даттануулар көпчүлүгү режимди өзгөртүүдөн, талаптагыдай медициналык дарылоодон жана шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуудан баш тартуу менен байланыштуу.

Прокуратура органдарына ички иштер жана улуттук коопсуздук органдарында тергөө иштерине көзөмөлдүн жоктугуна жана аракетсиздигине даттанышат.

Арыз ээлери прокуратура органдарын натыйжалуу, талаптагыдай жана көз карандысыз прокурордук көзөмөл жок деп айыпташууда.

Сотторго көбүнчө камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чарасын негизсиз колдонуу,

создуктуруу жана адилетсиз өкүм чыгаруу боюнча даттанышат.

Улуттук коопсуздук органдарына негизинен тергөөнүн аракетине/аракетсиздигине даттанышат.

Башка кайрылуулар деп адвокаттарга даттануулар, мамлекеттик органдардын жетекчилерин жеке кабыл алуудан баш тартуусуна, ырайым кылуу маселелерине, мүлк маселелери ж.б. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын түздөн-түз компетенциясына кирбеген маселелер боюнча даттануулар түшүнүлөт

2021-жылы бөлүм тарабынан адам укуктарын системалуу бузууларды аныктоо максатында 4 мониторинг жүргүзүлгөн: Ысык-Көл облусу боюнча УКЖ, Бишкек шаарындагы №1 ТИЗО, Жалал-Абад шаарындагы УКЖ жана Жалал-Абад шаарындагы №53 ТИЗО. Мындан тышкары, бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан кайрылууларды кароонун алкагында КР ЮМге караштуу ЖАК мекемелерине, Бишкек шаардык ИИИБ УКЖге жана Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча РИИБге 200дөн ашык текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

**6.1.1-мисал.**

КР Акыйкатчысынын аппаратына Ш. Э. К. КР Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматынын (мындан ары – МСЭК) тергөө жана эксперттеринин аракеттерине карата даттануу менен кайрылган. Эксперттин корутундусуна ылайык Щ. Э. К. салмагы болжол менен 27 граммды түзгөн баңгизаты (героин) салынган пакет табылган.

Иликтөө көрсөткөндөй, ЖАМК кызматкерлери КР бир катар мыйзамдарын жана мыйзамдык актыларын бузган. Ошондой эле МСЭК техникалык мүмкүнчүлүктөрү заттын курамында наркотикалык компоненттердин бар экендиги жөнүндө тыянак чыгарууга жана алардын курамын аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок эксперттер техникалык жактан сандык талдоо жүргүзө алышпайт (баңгизаттын таза салмагын аныктоо), бул ниетке таасир этет (сатуу максатында/сатуу максаты жок), анткени жабдуулар жана стандарттык үлгү жок (эталон). Анын негизинде Свердлов райондук соту Щ. Э. К. 267-берененин 3-бөлүгү боюнча (Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо).

КР Акыйкатчы аппаратынын талабы боюнча МСЭК зарыл болгон жабдууларды сатып алганга чейин баңгизаттарга (оор) сандык талдоо жүргүзүү токтотулган. Бул маалымат Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жеткирилди.[73]

Жалал-Абад облусунун ИИБ УКЖ жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө 27 кармалган адамдын экөө тергөө иш-аракеттеринде, 24ү сотту күтүүдө, соттолгон бир адам колонияга которууну күтүп жатканы белгиленген.

Алардын ичинде:

- 10 суткадан ашык кармалган - 7 адам;
- 2 айга жакын кармалган - 2 адам;
- 3 ай кармалган - 4 адам;
- 4 ай кармалган - 4 адам;

[73] Щ. Э. К. арызы, кириш № Щ-45 14.01.2021-ж.

| | |
|---|---|
| - 5 ай кармалган | - 2 адам; |
| - 6 ай кармалган | - 2 адам; |
| - 7 ай кармалган | - 1 адам; |
| - 9 ай кармалган | - 3 адам; |
| - 10 ай кармалган | - 1 адам; |
| - 1 жылга жакын кармалган | - 1 адам. |

*Эскертүү*: үч айдан жана андан ашык мөөнөткө камакка алынгандар деп соттун чечими менен кармалган жана Жалал-Абад облусунун ИИББ УКЖда турган (б.а. Ош ш. ТИге жана кайра жеткирилип турган) адамдар түшүнүлөт.

Ошол эле учурда, «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык кылмыш жасоо жагынан айыпталгандар мунун өзү тергөө аракеттерин аткаруу, иштерди тергөө изоляторлору (ТИЗО) турган калк жашаган конуштардан башка жерлердеги сотто кароо үчүн зарыл болгондо, аларды ал жерден күн сайын алып келүү мүмкүн болбогондо, аталган аракеттерди жана сот процессин аткаруу мезгилине, бирок бир айдын ичинде он суткадан ашпаган мөөнөткө убактылуу кармоочу изоляторлорго (УКЖ) которулушу мүмкүн.

Колдо болгон фактылар айыпталуучулар сот тарабынан камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын тандагандан кийин ТИЗОго которулбай, УКЖда мыйзамда белгиленген мөөнөттөн ашыкча мыйзамсыз жана системалуу түрдө кармалып келгендигин күбөлөндүрүп турат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институту мындай аргументтер мыйзамды одоно бузууну актай албайт жана актоого тийиш эмес, бул ачык жана айкын болгон жана УКЖда кармалган адамдардын укуктарына жана кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтириши мүмкүн деп эсептейт. УКЖда көрсөтүлгөн шарттарда адамдарды узак мөөнөткө кармоо ырайымсыз, адамгерчиликсиз жана ар-намысты басмырлаган мамилеге барабар (КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАК ТИЗОнун абалы жөнүндө маалыматты караңыз).

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

- экспертизаларды өткөрүү үчүн керектүү компоненттерди тез арада сатып алуу.

***КР Прокуратурасына:***

- ички иштер, улуттук коопсуздук жана жазык-аткаруу системасынын органдары тарабынан тергөөнүн сапаттуу жана өз убагында жүргүзүлүшүнө, камакка алуу жана эркиндигинен ажыратуу жайларында мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөлдү күчөтүү;
- кыйноо жана катаал мамиле жасоо боюнча кылмыштарды аныктоо жана тергөө боюнча натыйжалуу көзөмөлдү уюштуруу.

***КР Ички иштер министрлигине:***

- башка кызматтардын эсебинен тергөө кызматкерлеринин санын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн кароо.

- жаңы Кылмыш-жаза, Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстерди кабыл алуунун алкагында, кылмыштарды өз убагында жана сапаттуу иликтөөгө басым жасоо менен тергөө жана ыкчам кызматтардын ишин кайра карап чыгуу;

- кылмыштарды азайтууга багытталган тергөө жана ыкчам кызматтарга баа берүү индикаторлорун иштеп чыгуу. Ошол эле учурда ИИБнын ишин ачылган кылмыштардын пайызы боюнча баалоо практикасынан баш тартуу өтө маанилүү. Башкача айтканда, ачылган жана тергелген кылмыштардын пайызын эмес, кылмыштын бетин ачуунун сапаты жана алардын санын азайтууну алгылыктуу иш катары кароо керек.

***КР Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына:***

- соттолгондордун саламаттыгын сактоо боюнча шарттарды жакшыртуу маселесин иштеп чыгуу.

# 6.2. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын тергөө изоляторлорунун техникалык абалы

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАК системасынын тергөө изоляторлору (ТИЗО) үчүн колдонулган имараттардын жана жайлардын көпчүлүгү XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында курулган. Мына ушуга байланыштуу алардын азыркы убактагы техникалык абалына көңүл буруу зарылдыгы келип жетти.

Имараттар менен курулмаларды толук техникалык кароо – бул кесипкөй билимди жана атайын жабдууларды талап кылган инженердик иш.

Пайдубалдарды, дубалдарды, шыптарды жана чатырларды визуалдык текшерүү, пайдубалдардын отурушу жана деформациясы бузулуунун болушун жана алардын көлөмүн аныктоого мүмкүндүк берет жана жалпысынан жайларды андан ары эксплуатациялоо мүмкүндүгү жөнүндө корутунду чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

2021-жылдын 14-октябрынан 10-ноябрына чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту, Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору «Кылым шамы» укук коргоо борбору менен биргеликте ТИЗОлорго алардын техникалык абалын изилдөө максатында барды.[74]

ТИЗОлорду техникалык жактан жабдуунун негизги аспектилери депутаттардын назарына сунушталды. Толук маалымат изилдөөдө берилди.

[74] Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын тергөө изляторлорунун техникалык абалы.

Объекттерди баалоонун критерийлери:

1. Канааттандырарлык: курулмаларды эч кандай чектөөлөрсүз эксплуатациялоого болот.

2. Канааттандырарлык эмес: тиешелүү оңдоо иштери жүргүзүлгөнгө чейин эксплуатациялык жүктөрдү азайтуу керек.

3. Кыйроо абалда: адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч жаралгандыктан эксплуатациялоо токтотулууга тийиш.

Кылмышка шектүүлөрдү, айыпталгандарды жана соттолгондорду кармоо үчүн багытталган тергөө изоляторлору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан түзүлөт жана жоюлат, аларды каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Бардыгы болуп 7 ТИЗО бар, анын ичинде 2 ТИЗО аялдар жана жашы жете электер үчүн. Барган учурда шектүүлөрдүн, айыпталгандардын жана соттолгондордун (мындан ары – камактагылар) жалпы саны 1 886 адамды түздү, анын ичинен:

- аялдар – 113, алардын ичинде бирөө кош бойлуу жана экөөнүн эмчектеги балдары бар;
- жашы жетпегендер – 41;
- өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондор - 77;
- чет өлкөлүк жарандар – 36;
- оор оорулуулар - 46, алардын ичинде 8и 2- жана 3-топтогу майыптар.

### Чүй облусундагы №14 ТИЗО

№ 14 мекеме 1963-жылы Панфилов районунун Вознесеновка айылында курулган, ал соттолгон жашы жете электер үчүн түзөтүү колониясынан жана аялдар менен жашы жете электер үчүн ТИЗОдон турат. ТИЗОдо 38 камера бар. Барган учурда анын ичинде 14 адам болгон: 4 аял жана жашы жете элек - 10 өспүрүм.

Кызматкерлердин болуусу жана иштөөсү үчүн жай – эки кабаттуу имарат, анда онлайн-жыйналыштар үчүн жабдылган эки бөлмөсү бар бир кабаттуу курулма бар. Пайдубалы көрүнбөйт, анын ордуна дефект кирпичтер жерден курулуп башталган. Сырткы дубалдарда жана дубалдын мамыларында (тирөөлөрүндө) жаракалар жок. Курулуштун дубалдары шлакоблоктон тургузулган, айрым жерлеринде жаракалар бар. Абалы канааттандырарлык эмес.

ТИЗОнун корпусу бийиктиги 7 метр болгон эки кабаттуу бир имараттан турат. Жыл сайын күндөлүк оңдоо иштери жүргүзүлүп турат, капиталдык оңдоо иштери 2018-жылы болгон. Пайдубалы табылбайт, кирпич жерден курулуп башталып, чөккөн жери бар, нымдуулуктан шыбактары түшүп калган. Сырткы дубалдарда жана дубалдын мамыларында (тирөөлөрүндө) жаракалар жок. Колонналардын (тирөөчтөрдүн) бетон жана таш төшөлгөн жери жок. Көрүнүп калган арматура же анын дат басуусу (коррозиясы) жок. Чатырдын негизи шифер менен жабылган. Сырттан караганда корпустун абалы канааттандырарлык.

Ички дубалдары кирпичтен, шыбалган, ички дубалдарында жаракалар жана тактар жок. Полдору жыгач, жаракалар жок. Ошондой эле кабаттар аралык шыптарда жаракалар жок. Тепкичтер темир-бетон, абалы канааттандырарлык. Жалпысынан корпустун ички бетинин абалы канааттандырарлык.

Коммуникациялык жабдуулары. Корпуста суу түтүктөрү, электр, буу менен жылытуу бар. Бардык аймакта видеобайкоо камералары орнотулган. Жайларда вентиляция системасы жок, жайларды желдетүү форточкалар аркылуу жүргүзүлөт. Абалы канааттандырарлык.

ШИЗО: дубалдын жана шыптын абалы канааттандырарлык, жаракалар жана көгөрүү жок. Суу жана жылуулук түтүктөрү канааттандырарлык абалда. Электр зымдары жакшы абалда. Бөлмөнүн полдору жыгач, жаракалар жок. Жайларда вентиляция системасы жок. Жайлар форточкалар аркылуу желдетилет. Абалы канааттандырарлык.

Медициналык санитардык бөлүк: мекеме бир палатадан, процедура бөлмөсүнөн, терапевт дарыгердин кабинетинен жана күндүзгү стационардык палатадан турат. Электр менен жылытылат, жылытуунун альтернативасы керек. Стоматологиялык кабинетке муктаждык бар.

Бардык бөлмөлөрдүн шыптарында жарака бар, айрым жерлери ылдый түшкөн. Абалы канааттандырарлык эмес, капиталдык оңдоону талап кылат.

Сыртта пайдубалы табылган жок, кирпичтер жерден башталат, бузулган же авариялык абалдагы жерлери жок. Дубалдары кирпичтен, эч кандай жаракалар, колонналардан (тирөөчтөрдөн) бетон жана таштар кулаганы жок. Чатырынын негизи - шифер, көптөгөн жаракалары бар. Капиталдык оңдоону талап кылат.

### Бишкек ш. №21 ТИЗО

Мекеме 1943-жылы курулган, жалпы аянты 1,88 гектарды түзөт. Барган учурда мекемеде 1 239 адам болсо, анын ичинен 57 адам өмүр бою эркинен ажыратууга соттолгон (ӨЭА).

Өзгөчө режимдеги аймакта төмөнкүлөр жайгашкан:

- административдик имарат;
- тергөө кабинети (сурактар, жолугушуулар үчүн бөлмөлөр);
- ТИЗОнун биринчи корпусу;
- ТИЗОнун экинчи корпусу;
- аялдар ТИЗОсунун корпусу.

Административдик имарат: алмаштырууну талап кылган чатырын кошпогондо, жалпысынан башкасы канааттандырарлык.

Тергөө бөлмөлөрү бир кабаттуу имарат. Сырттан караганда пайдубалы табылган эмес, дубалдары кирпич, сыртында жаракалары бар. Шифер чатыры алмаштырууга муктаж. Жыл сайын оңдоо иштери (актоо, сырдоо) жүргүзүлүп турат. Желдетүү системасы жок, терезелери бар. Жылуулук жана суу борборлоштурулган. Полдун бир бөлүгү жыгач, жарым-жартылай бетон. Абалы канааттандырарлык эмес, капиталдык оңдоо талап кылынат.

ТИЗОнун корпустары жертөлөсү бар эки жана үч кабаттуу имараттарда жайгашкан. Сыртында дубалдары кирпичтен, №2 корпустун түштүк тарабында сырткы дубалында жаракалар бар. Визуалдык жактан пайдубал табылган эмес. Нымдуулук жогору болгондуктан дубалдары айрым жерлеринде чөгүп кеткен, кирпичтин сырткы бети шыбала элек. Шифер жабылган чатыры капиталдык оңдоого муктаж. Жыл сайын имарат оңдолуп турат. 30 жылдан ашык убакыттан бери капиталдык оңдоо жүргүзүлгөн эмес. Имарат авариялык абалда.

Имараттардын ичинде дубалдары шыбалган, айрым жерлерде жаракалар жана ички дубалдарда көгөрүп кеткен жерлер бар. Полу бетон, тепкичтери темир бетон, капиталдык оңдоону талап кылат. Желдетүү системасы 2015-жылы донорлор тарабынан жабдылган, бирок ал начар иштейт, ошондуктан жайларды желдетүү форточкалар аркылуу жүргүзүлөт. Ичи авариялык абалда.

Коммуникациялык шарттар: канааттандыраарлык эмес, мекеменин бардык объекттериндеги бардык суу түтүктөрү жана жылытуу системасы капиталдык ремонттон өткөрүүнү талап кылат.

Атайын жайлар: 7 ШИЗО камерасы бар. Дубалдардын жана шыптардын абалы: жаракалар жана көгөргөн жерлер бар. Желдетүү системасы жок, жайларды желдетүү форточкалар аркылуу жүргүзүлөт. Полдору бетон. Оңдоо иштери жүргүзүлгөн эмес.

Медициналык санитардык бөлүктө 8 бөлмө бар. Пол жана дубалдар кафель менен төшөлгөн. Капиталдык оңдоо 2017-жылы жүргүзүлгөн. Абалы канааттандыраарлык.

## №23 Каракол ш. ТИЗО

Мекеме 1919-жылы камактагыларды кармоо үчүн курулган жана барак тибиндеги жай болуп саналат, административдик корпустан, камактагылар үчүн 20 камералуу корпустан жана өзүнчө чарбалык курулуштардан турат.

№1 корпус – административдик имарат: дубалдары кирпич, чатыры түстүү профнастилден. Дубалдардын абалы канааттандыраарлык, көгөрүүлөр жана жаракалар жок. Полу жыгачтан, шыбы - цемент плитка. Жыл сайын косметикалык оңдоо жүргүзүлөт. Корпустун абалы канааттандыраарлык.

№ 2 корпус - камактагылар үчүн: бир кабаттуу барак тибиндеги имарат, пайдубалдын ордуна кирпич коюлган. Кирпич дубал, цемент пол. Чатыры 2014-жылы алмаштырылган. Имарат авариялык абалда.

Коммуникациялык жактан жабдылышы: корпуста электр, суу түтүгү бар, буу менен жылытылат. Вентиляция системасы жок.

ШИЗО - эки бөлмө, алардын полу жана шыбы бетон, вентиляциясы жок, терезенин кичинекей тешиги аркылуу желдетилет. Абалы канааттандыраарлык эмес.

Кошумча имараттар. Визуалдык текшерүүдө пайдубалы табылган эмес, дубалдары урап жатат. Авариялык абалда.

Коргоо чектери: тосмонун дубалдары 1970-жылы кирпичтен тургузулган, зым түрүндөгү спираль тосмо бар. Жыл сайын оңдоо иштери жүргүзүлөт. Абалы канааттандыраарлык.

Кызматкерлер үчүн турак жайлар: тергөө изоляторуна жанаша жайгашкан, жараксыз абалда жана бузулууга тийиш болгон жайларда мекеменин 10 кызматкеринин үй-бүлөсү жашайт.

## Нарын ш. № 24 ТИЗО

Мекеме 1961-жылы курулган, 15 камерадан турат. Барган учурда мекемеде 32 камалган адам болгон, алардын бири ӨЭА жана бирөө жашы жете элек.

Биринчи корпус - эки кабаттуу кирпичтен курулган административдик имарат, чатыры профнастиль (темир) менен жабылган. Жаракалар жок жана

пайдубалдарда чөккөн жери жок, полу жыгач, шыптары цемент. Жыл сайын оңдоо иштери жүргүзүлүп турат. Корпустун абалы канааттандырарлык.

Камалгандар үчүн экинчи корпус 1960-жылы курулган. Пайдубалы көрүнбөйт, дубалдарында жаракалар бар, полу цемент. Чатыры 2015-жылы оңдолгон. Персонал үчүн душ бөлмөсү жок, персонал үчүн дааратканa сыртта жана жайдан алыс жайгашкан жана канааттандырарлык эмес абалда. Имарат авариялык абалда. Коммуникациялык жактан жабдылышы: имаратта суу түтүгү, электр бар, буу менен жылытылат.

ШИЗОнун полу жана шыбы бетон, вентиляциясы жок, терезесинин кичинекей көзөнөгү бар, коммуникациялык жактан жабдылган эмес. Абалы канааттандырарлык эмес.

Мекеменин аймагында жайгашкан, сактоочу жайлар (тамак-аш, материал) үчүн пайдаланылган чарбалык курулуштар авариялык абалда жана бузулууга жатат. Жөө басуу үчүн короо үстү ачык үч камерадан турат, анда отургучтар жана турниктер бар. Абалы канааттандырарлык. Коргоо чектери: тосмонун дубалы 2019-жылы курулган, негизи кирпичтен, зымдан спираль тосмосу бар. Абалы канааттандырарлык.

### Ош шаарындагы № 25 ТИЗО

Мекеме 1889-1897-жылдары курулган, үч корпустан турат, жалпы аянты 1,26 гектарды түзөт. Анда 70 камера бар, анын 10у ӨЭА үчүн жер төлөдөгү жайлар. Барган учурда ТИЗОдо 361 кармалган бар болгон, алардын 29у ӨЭА болгон.

Биринчи корпус «Камчыбек». 1889-1897-жылдары Курманжан датканын уулу Камчыбек тарабынан курулган. Алгач имарат кербен сарай катары кызмат кылып, XX кылымдын башынан түрмө катары колдонула баштаган. Корпуста камактагылар үчүн 30 камера, ошондой эле медициналык-санитардык бөлүктүн имараттары, душ бөлмөсү, процедура кабинети бар. Имаратты кароодо пайдубалы көрүнбөйт, анткени корпустун дубалдары (ылай менен саман аралашмасы) 70 сантиметрге чөгүп кеткен. Полго брусчатка төшөлгөн. Корпус авариялык абалда.

Экинчи корпусу «Брежневка» деп аталат. 1960-1965-жылдары курулган, 20 камералуу. Пайдубалы чөгүп кеткен, жер деңгээлинде турат. Дубалдары кирпич, жаракалар көп, бардык жерде нымдуулук бар. Полго брусчатка төшөлгөн. Корпус авариялык абалда.

Үчүнчү имарат «Акаевка» 2002-2003-жылдары курулган. Ошого карабастан корпустун абалы канааттандырарлык эмес. Дубалдары кирпич, кулаган, жарака кеткен, бардык жерде ным. Корпуста ӨЭАга соттолгон адамдар кармалат. Таза аба 20х20 см өлчөмүндөгү кичинекей тор терезелерден кирет. Суу түтүктөрүн дат баскан. Абалы канааттандырарлык эмес. Ошол эле учурда персонал үчүн жайлар жана медициналык санитардык бөлүк да авариялык абалда жана кайра курууну талап кылат.

### Жалал-Абад ш. № 53 ТИЗО (аялдар жана жашы жетпегендер үчүн)

Мекеме 67 адамга эсептелген, 2016-жылы курулган жана аялдарды жана жашы жете электерди кармоого арналган: 15 камера жана бир ШИЗО камерасы бар. Барган учурда 57 камалган болсо, анын 19у жашы жете электер.

ТИЗОнун корпусу: жалпы абалы канааттандырарлык.

Персоналдын жайы кирпичтен, пайдубалы тегиз эмес, чөккөн жерлер бар. Кээ бир кабинеттердин терезелери жок. Пайдубалды колдоо талап кылынат, анткени убакыттын өтүшү менен пайдубалдын чөгүшүнөн улам дубалдар эңкейип, урап калышы мүмкүн. Кээ бир жайларда терезелер же желдетүү системасы керек. Ошондой эле мекеменин кызматкерлери атайын контингент үчүн психологиялык жардам бөлмөсүнө жана ТИЗОнун кызматкерлери үчүн эс алуу бөлмөсүнө муктаж экендигин белгилешти.

Жөө басуу үчүн короодо отургучтар жана спорттук шаймандар бар. Абалы канааттандырарлык.

Коргоо чектери: мекеменин жалпы аянты 0,286 га. Тосмо дубалдын сол тарабы 10-ТК менен жалпы чек ара болуп саналат. Тосмонун абалы канааттандырарлык.

### Чүй облусундагы № 50 ТИЗО

Мекеме Төмөнкү Ноорузаайылында жайгашкан, административдик корпустан жана камалгандар үчүн 13 камерадан жана отканадан турган корпустан турат. Барган учурда ал жерде 31 камалган адам болгон.

№1 корпус административдик имарат. Бул эки кабаттуу имарат, дубалдарынын абалы канааттандырарлык, эч кандай жарака жана көгөрүү жок, имараттын чатыры шифер менен жабылган. Жыл сайын оңдоо иштери жүргүзүлүп турат. Бардык аймагында видеобайкоо камералары иштейт. Корпусунун абалы канааттандырарлык, бирок чатыры капиталдык оңдоону талап кылат.

№2 корпус камактагылар үчүн эсептелген. Бир кабаттуу имарат, дубалдарынын абалы канааттандырарлык, жарака жана көгөрүү жок, полу жыгач, шыптары цемент. Чатыры металл карападан. Желдетүү системасы жок, бөлмө терезенин көзөнөктөрү аркылуу желдетилет. 2016-жылы капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн. Абалы канааттандырарлык.

Коммуникациялык жактан жабдылышы: үч фазалуу электр энергиясы бар, катуу отунда буу менен жылытылат (откана). Муздак жана ысык суу бар. Душ бөлмөсү оңдоого муктаж.

Медициналык санитардык бөлүк: 3x4 м өлчөмүндөгү бөлмөдөн турат, ошол эле учурда ал процедура бөлмөсү. Имараттын дубалдары жана полу кафелден. Оорулууларды кабыл алуу, медициналык процедуралар жана күндүзгү стационарды уюштуруу үчүн кошумча өзүнчө бөлмөлөр талап кылынат.

Коргоо чектери: тышкы/ички ККТ, мунаралар, металл дарбазалар бар. Дубалынын негизи кирпич, спираль зым тосмо бар, абалы канааттандырарлык. Толук капиталдык ремонт болгон эмес. Металл издөөчү жок, шлюзду (транспортту текшерүү үчүн) жакшыртуу керек.

### Пандемия шарттарында медициналык камсыздоо жана соттук териштирүүгө байланыштуу ТИЗОнун негизги көйгөйлөрү

Белгилей кетсек, изилдөөлөр пандемия шарттарында жүргүзүлгөн. Бийлик органдары ЖАКтын жетекчилигине дарылоо жана дары-дармек менен камсыз кылуу жагынан зарыл болгон көмөк көрсөтүүдө. Бирок медициналык камсыздоо чөйрөсүндө медициналык кабинеттердин жана палаталардын, медициналык персоналдын жана жабдуулардын жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөр бар. Ошол эле учурда камалгандар ЖАК тарабынан көрүлгөн чаралар чындап эле алардын коронавирусту жуктуруу коопсуздугун камсыздайт деп эсептей турганын белгилейбиз.

ТИЗОдо камактагылар көтөргөн негизги көйгөйлөр болуп сот процесстеринин создугуп кетиши, сот процесстерин үзгүлтүккө учураткан же кийинкиге калтырган байланыштын начардыгы, онлайн-процесстерин өткөрүү үчүн жайлардын жетишсиздиги, ПЦР-тесттин чыгымынан ж.б. адвокатка тоскоолдуксуз жетүүнүн жоктугу. Мунун натыйжасында жана акыйкат соттук териштирүүгө укуктарды жана коргонуу укуктарын реалдуу коргоо максатында онлайн-процесстер үчүн жабдуулардын техникалык параметрлерин жакшыртуу абдан зарыл деп эсептейбиз.

## Корутундулар

Дээрлик бардык тергөө изоляторлорунун техникалык абалы улуттук мыйзамдардын ченемдерине жана түрмө персоналына карата эл аралык милдеттенмелерге жооп бербейт. ТИЗОнун бардык конструкциялары жана системалары мезгил-мезгили менен оңдоо иштерин жүргүзүүгө карабастан, өз мүмкүнчүлүктөрүнүн лимитин бүтүргөн. Мекемелердин администрациялары персоналдын иштөөсүнүн техникалык абалына, кармоонун шарттарына жана эмгек шарттарына коюлган минималдуу стандарт андан ары камсыз кыла албайт жана аткаруу бийлигинин органдары тарабынан эртерээк чара көрүүнү талап кылууда.

Жаңы имараттарды куруу же айрым мекемелерди жылдыруу маселеси Өкмөттүн деңгээлинде бир нече ирет көтөрүлүп, бирок бул багыттагы иштер алдыга жыла элек.

Белгилей кетүү керек, эмгек шартынын оордугуна жана коопсуз иштөө шарттарынын жоктугуна карабастан, ТИЗОнун кызматкерлери тазалыкты сактоого жана жайларды косметикалык оңдоого бардык күч-аракетин жумшап келишет. Ошондой эле барган учурда камактагы адамдар тарабынан мекемелердин персоналына бир дагы даттануу түшкөн эмес.

*Кеңири маалымат менен төмөнкү QR-код аркылуу таанышсаңыздар болот*

# СУНУШТАМАЛАР

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

- 2022-2027-жылдарга адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерди эске алуу менен ТИЗОну куруу жана жаңылоо боюнча улуттук планды иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

- ТИЗОну куруу жана жаңылоо боюнча улуттук планды ишке ашырууга финансылык колдоо көрсөтүү үчүн эл аралык донордук уюмдарга кайрылуу;

- КР Саламаттык сактоо министрлигине медициналык жабдууларды жаңылоо жана COVID-19 шарттарында ЖАКтын медициналык-санитардык бөлүктөрүн талаптагыдай шарттар менен камсыз кылуу маселесин иштеп чыгууну тапшыруу;

- жооптуу мамлекеттик органга бардык белгиленген ченемдерди жана эл аралык талаптарды, ошондой эле мекемелердин кызматкерлеринин иштөө шарттарын эске алуу менен айрым ТИЗОлорду шаардын сыртына которуу маселесин кыска мөөнөттө изилдеп чыгууну тапшыруу;

- Жогорку сот жана ЖАК сот процесстерин онлайн-форматта өткөрүү боюнча техникалык көйгөйлөрдү чечүү.

# 7-БӨЛҮМ. ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫ

КРнын Акыйкатчы институтунун алдында Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы иштейт (мындан ары – ПМБУКК) Кыргыз Республикасында тиешелүү мыйзамдык база бар, алар КРнын Конституциясы (43-берене)[75], «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамы[76], «Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамы[77] жана башка ченемдик-укуктук документтердин негизинде иш жүргүзөт.

КРнын Өкмөтүнүн (азыр Министрлер кабинети) 2018-2030-жылдарда өлкөнүн калкынын психикалык саламаттыгын сактоо боюнча Программасы кабыл алынган, андагы негизги принциптердин бири болуп психикалык жактан жабыркаган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу болуп саналат.

КРнын психиатриялык мекемелеринде 2021-жылдын январь айынан баштап, жыл аяктаганга чейинки мезгилде диспансердик каттоодо турган **54 752** адам бар болсо, алардын **5 693**ү – балдар.[78]




**7-диаграмма**

[75] 5.05.2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
[76] 17.06.1999-жылдагы «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын мыйзамы.
[77] 3.01.2008-жылдагы «Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамы.
[78] 02.12.2021-жылдагы КРнын Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүгүү министрлигинин № 04-1/4-13277 каты.

КР ЭСӨжММ алдында 10 психоневрологиялык социалдык-стационардык мекеме бар (мындан ары – ССМ): чоңдор үчүн 6 жана балдар үчүн 4. Чоңдордун психоневрологиялык ССМдеринде 01.11.2021-жылга карата 1 282 бейтап, балдардын психоневрологиялык ССМдеринде – 421 бала катталган.[79]

Жыл ичинде КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын ПМБУКК кызматкерлери жарандык коомдун жана БУУӨП[80] өкүлдөрү менен биргеликте Ош облустук психикалык саламаттык борборунда, Жалал-Абаддагы балдардын психоневрологиялык ССМде, Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканасында, Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борборунда, Бишкек шаарындагы Республикалык психикалык саламаттык борборунда, Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканасында, Искра айылындагы Токмок-1 (эркектердин), Кемин районунун Токмок шаарындагы Токмок-2 жана Ак-Суу психоневрологиялык ССМдеринде укуктардын сакталышы боюнча мониторинг жүргүзүштү.

# 7.1. Татыктуу кармоо шарттарына укук

*13-Принцип*: психиатриялык мекемелерде жайгашуудагы укуктар жана шарттар.

Психиатриялык мекемелерде жайгашкан ар бир бейтаптын укуктары бар, атап айтканда, аларга толук урмат көрсөтүүгө:

а) өзүнчө, жалгыз болуу укугу;

б) дин же ишеним эркиндиги.

*Психиатриялык мекемелердеги жайгаштыруулар жана жашоо шарттары мүмкүн болушунча, курактары бирдей адамдардын нормалдуу жашоо шарттарына жакын болушу керек, атап айтканда,* бош убактыларын өткөрүү жана эс алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камтуу.[81]

Белгилеп коюу зарыл, Кыргыз Республикасынын аймагындагы ДПМ жана ССМдер көп убакыт мурда курулган. Бул мекемелердин имараттарында негизинен капиталдык оңдоп-түзөө болгон эмес.

Алсак, Республикалык психикалык саламаттык борбору **1964-жылы** ишке берилген, Ош облустук психикалык саламаттык борбору – **1964-жылы**, Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканасы – **1948-жылы**, Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык оорукана – **1949-1971-жылдары** ишке берилген.

Психоневрологиялык ССМ жана ДПМдерде ченем боюнча бир керебет орунга 6 м. кв. каралса, иш жүзүндө бир бейтапка жана социалдык кызмат алуучуга 4.0-5.5 м. кв. гана бөлүнгөн.

### Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык оорукана

Кемин районундагы Чым-Коргон айылында жайгашкан Республикалык психиатриялык оорукана (мындан ары – Чым-Коргон а. РПО) жалпысынан 12 га аянтты ээлеп, 400 орунга эсептелген, бул жерде 9 бөлүм иштейт (№ 4 бөлүм

[79] КРнын Эмгек, социалдык өнүгүү жана миграция министрлигинин 23.11.2021-жылдагы № 17/1-9/5464 каты.
[80] КРнын Чүй, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы социалдык, стационардык психиатриялык мекемелерине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча БУУӨПтин талдоолору.
[81] Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуу Принциптери.

оңдоп-түзөө иштерине байланыштуу иштебейт), бардыгы болуп 245 кызматкер иш алып барат, алардын ичинен 9 дарыгер-психиатр, дарыгер-фтизиатр – 0,75 ставка менен, бактериолог – 0,5, рентгенолог – 0,75, терапевт – 0,5, дарыгер-эпидемиолог – 0,5, дарыгер-гинеколог – 0,25 ставка менен иштейт. Бир фармацевт, орто медициналык кызматкерлер – 79 адам, кичи медициналык кызматкерлер – 128. Башка кызматкерлер – 28.

Чым-Коргон а. РПОдо **327 бейтап** жайгашкан, алардын 225и – эркектер, 102си – аялдар. Төмөндөгүдөй жардамчы бөлүмчөлөр иштейт: рентген-бөлмөсү, клиникалык лаборатория, стоматологиялык жана гинекологиялык бөлмөлөр, дарыкана, кабыл алуу бөлүмү, медициналык статистика.

Чым-Коргон а. РПОго бейтаптар дарыгер-психиатрдын, республиканын бардык аймактарындагы МСЭКтердин жолдомосу менен, соттун аныктамасы менен, РПСБдан которуу менен, кургак учук ооруканасынан жана шашылыш түрдө жолдомосу жок келип, дарыланышат.

**Бир бейтапка болгон күнүмдүк чыгымдар төмөндөгүдөй (сом менен)**:

- 2021-жылы – 67 сом 21 тыйын;
- 2020-жылы – 45 сом 97 тыйын;
- 2019-жылы – 35 сом.

Чым-Коргон а. РПОсунда келген азык-түлүктүн сапатын, сертификатын жана тамак-аштын жарамдуу мөөнөтүн текшере турган азык-түлүк боюнча комиссия түзүлгөн. Тамак үч маал берилет, кургак учук бөлүмүнө – төрт маал. Соматикалык жактан алсыз бейтаптардын алакыбалын жакшыртуу үчүн кошумча тамак-аш – каймак, кумшекер, айран, жумуртка. Тамак-аштын кубаттуулугу РПСБ жана Кемин районунун МСЭКБ тарабынан дайыма текшерилип турат.

«Дары-дармектер» беренеси боюнча чыгашаларды текшерүүдө бир бейтап үчүн бир күнгө (сом менен):

- 2021-жылы – 20 сом 69 тыйын;
- 2020-жылы – 16 сом 73 тыйын;
- 2019-жылы – 13 сом.

Бардык дарылар тендер боюнча сатылып алынат. Дарылардын тизмеси курамы беш кишиден турган дарылар боюнча комитет тарабынан түзүлүп, Чүй облустук ММКФ директору тарабынан бекитилет. Курамында уу бар жана бангизатын камтыган дары-дармектер Чүй облусунун жана Кемин районунун прокуратурасы тарабынан көзөмөлгө алынат.

## Чым-Коргон айылында жайгашкан РПОдогу көйгөйлөр

- Ооруканалардын имараттарынын абалы авариялык абдан начар абалда, имараттардын алдыңкы бөлүгү жана ичи капиталдык оңдоп-түзөөгө муктаж. Бөлүмдөр психикалык жактан жабыркаган адамдарды тейлөөгө ылайыкташкан эмес.
- Бөлүмдөрдүн ичинде кызматкерлердин өздөрү бат-баттан косметикалык оңдоп-түзөөлөрдү өткөрүп турушат (актоо, сырдоо), бирок бул аракет көйгөйдү чечпейт.
- Бардык бөлүмдөр начар жарыктандырылган, бейтаптар тамактануу үчүн өзүнчө ашкана жок.

- Ажаткана таптакыр начар абалда.

- Бардык бөлүмдөрдө жуунуучу жайлар иштебейт.

- Агын суунун жоктугунан санитардык-гигиеналык нормалар сакталбаган.

- Палаталардагы эски керебеттерди, матрастарды жана шейшептерди эсептен чыгарып, жаңысына алмаштыруу зарыл. Керебеттердин жанына коюулуучу кичине шкафтар жок.

- Чарбакер айымдын бөлмөсү жабдылган эмес (бейтаптардын буюмдары, жумшак жана катуу инвентарлар бир бөлмөдө жайгашкан, ошол эле жерде эсептен чыгарылуучу буюмдар жана инвентарлар дагы коюлган).

- Ар бир палатада алтыдан жана андан ашык бейтап болсо, бүтүндөй бир бөлүм үчүн бир гана санитардык түйүн бар.

- Чым-Коргон а. РПОсунун бардык бөлүмдөрү жабык түрдө иштейт. Бейтаптардын бөлүмдөрдөгү кыймылы ар дайым кызматкерлер тарабынан чектелип турат. Сейилдөөчү аянт бейтаптардын эс алуусу үчүн жараксыз абалда. Сейилдөө болгону жаз-күз мезгилдеринде, жылуу аба-ырайы болгон учурда жана кызматкерлердин катуу көзөмөлү менен болушу мүмкүн, бирок айрым бейтаптар кызматкерлердин коштоосунда, жылдын кайсыл мезгилинде болбосун суу алуу үчүн, тамак-аш үчүн тамак-аш сакталган жайга, ошондой эле айлана-тегеректи жыйноо үчүн, таштандыны ыргытуу үчүн ж.б. эркин чыга алышат.

- Ооруканаларда реаблитациялык иш-чаралар жүргүзүлбөйт, анткени чоңдор үчүн окуу программалары жана иш менен камсыз кылуу программалары жок.

- Ичүүчү суу маселеси абдан курч абалда турат. Оорукананын 200 метр тереңдиктен суу алуучу скважинасындагы суу соруп чыгаруучу насос бузулуп калгандыктан, бул суу чыгуучу жай дагы 2020-жылдын башында эле жарактан чыгып, суу чыкпайт. Бөлүмдөрдө суу менен камсыздоо жок, ичүүчү сууну болсо жалпы айылдык артскважинадан 1 тонналык цистернага толтуруп алышат. Тамак-аш турган жайга суу жалпы айыл ичкен суу тутумунан жана 150 метр алыстыкта жайгашкан үйлөрдүн биринен желим суу түтүгү аркылуу келет. Суунун жоктугу өзгөчө коркунучтуу инфекциялардын чыгуу коркунучун жаратат, өзгөчө COVID-19 менен байланышкан жалпыга белгилүү жагдайда. Көп бейтаптар психикалык абалы боюнча өзгөчө кам көрүүгө муктаж.

- Стоматология кабинетинде орто медициналык билими бар дарыгер 0,5 ставка менен иштейт. Бормашина эскирген, 1978-жылы чыгарылгандыктан, бат-баттан жарактан чыгып, оңдоо талап кылынат. Эски жабдыкка запастык бөлүкчөлөр табылбайт. Жаңы бормашинаны сатып алуу үчүн РПОдо каржылык мүмкүнчүлүк жок.

- Бейтаптар дерматолог, невропатолог, хирург, онколог сыяктуу тар адистиктерден консультация алууда кыйынчылыктар бар, ошондуктан бейтаптарды Токмок жана Кемин шаарына алып барууга мажбур болушат. Кымбат баалуу дары-дармектерди жазып берүүдө каражаттын жоктугунан аларды сатып алууда дагы кыйынчылыктар жаралат, бейтаптардын туугандары мындай кымбат дары-дармектерди сатып берүү үчүн ар дайым эле даяр эмес.

- Бейтаптарды ооруканадан чыгарууда же үй-интернаттарына которууда

орундун жоктугунан, бейтаптарды өз убагында которо алышпайт, бул бейтаптардын РПОдо жатуу мөөнөтүн узартат.

- Ташталган үй-жайсыздарды эч жакка жайгаштыруу мүмкүн эмес, аларды үй-интернаттары кабыл алышпайт.

- Жаш кадрлардын жоктугу. Чым-Коргон а. РПОдо негизинен пенсия курагындагы дарыгерлер иштейт.

- Архив имараты документтерди сактоого жана бейтаптардын өздүк делолорун сактоо талаптарына жооп бербейт, өрт чыгып кетүү коркунучу бар жана терезелерде темир торлор жок.

- Видео байкоо камералары жок. Аларды орнотуу маселелери каралбайт дагы.

## Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык оорукана

Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык оорукана (мындан ары – Кызыл-Жар а. РПО) КРнын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу, 1962-жылы негизделген жана  Жалал-Абад психиатриялык ооруканасынын ишин улантуучу болуп саналат. Керебеттик фонд 325 бирдикти түзөт, оорукананын тутумунда психиатриялык жардамга муктаж адамдарды дарылоочу 8 бөлүм бар.

Текшерүү учурунда стационардык дарыланууда жаткан бейтаптардын саны 307 болсо, алардын ичинен мажбурлап дарылоодо жаткандар – 66.

Мекеме 2016-жылдан баштап ММКФ аркылуу бирдиктүү төлөөчү тутуму боюнча каржыланат. Бир бейтаптын тамактануусуна болгон суткалык норма 98 сомду түзөт, кургак учук бөлүмүндө – **110 сом**. Бир бейтапка берилген дары-дармектер үчүн чыгымдын суткалык нормасы **40** сомдон **50** сомго чейин.

## Мекемедеги көйгөйлөр

Кызыл-Жар а. РПОсунун тутумунда республикадагы бирден-бир адистештирилген № 8 бөлүм жайгашкан, анда  бир эле учурда эксперттик бөлүмдүн функциясы аткарылат жана экспертизадан өтүүчү адамдарга стационардык соттук-психиатриялык экспертизалар жүргүзүлөт. Ошол эле убакытта адистештирилген бөлүмдөрдүн жоктугунан, коомго каршы өзгөчө коркунучтуу жосундарды жасаган жана соттун чечими менен катуу тартипте, күчөтүлгөн режимде, «кайтарылып», мажбурлап дарылоо үчүн жиберилген адамдарды мажбурлап дарылоо бөлүмүнүн функциясын да аткарат, мындай бейтаптар таптакыр жол берилбегендигине карабастан бөлүмдө гана эмес, сейилдөө короолорунда, ал тургай оорукананын аймагында ээн-эркин жүрө алышат.

Мажбурланып дарыланууда жаткан адамдарды жана психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды кармоо жана обочолонтуу маселелерине администрация жана аскерлештирилген кайтаруу кызматы тиешелүү деңгээлде көңүл бурбайт. Кызыл-Жар а. РПОдо качуулар да бар. № 8 бөлүмдө жайгашкан бейтаптардын саны текшерүү учурунда 26 адам болсо, алардын ичинен катуу көзөмөл режиминде, мажбурланып дарыланууда жатканы – 12, стационардык соттук-психиатриялык экспертизадан өткөндөр – 14.

Мекемелерде жаткан адамдардын укуктарынын сакталышына жана кармоо шарттарына мониторинг жүргүзүүдө кармоо шарттары оорукананын минималдуу стандарттарына жооп бербестиги аныкталды.

Мекемедеги жабдуулардын олуттуу эскиришинен улам кызматкерлер тиешелүү деңгээлде дартты аныктоо жана дарылоонун минималдуу стандарттарын аткара алышпайт. Ооруканынын материалдык-техникалык базасы толугу менен кейиштүү абалда. Дээрлик бардык дарылоо бөлүмдөрүндө курулгандан бери капиталдык оңдоп-түзөөлөрдүн болбогондугу бейтаптардын татыктуу жана сапаттуу медициналык жардам алуудагы укуктарын бузат. Бардык бөлүмдөрдөгү ажатканаларда бөлүүчү жеңил тосмолор орнотулган эмес, бул бейтаптарды жеке жашоо укуктарынан ажыратат.

Дарыгерлердин жетишсиздиги курч экендиги байкалат. Алсак, эгер жогоруда белгиленген бейтаптардын санына ар кандай адистиктеги дарыгерлердин 25 штаттык бирдиги каралса жана алардын ичинен 15 бирдик дарыгер-психиатрлар болушу керек болсо, анда бүгүнкү күндө адистештирилген адистер менен камсыздоо болгону  8 дарыгер-психиатрды түзөт.



**7.1.3-сүрөт**

№ 7 (кургак учук бөлүмү), № 8 жана № 2 бөлүмдөрдөгү бейтаптардын жайгашуу жана дарылануу шарттарына өзгөчө көңүл бурулду, ал жерлерде бейтаптардын жайгашуу жана дарылануу шарттары канааттандырбаган, начар абалда болуп, санитардык-гигиеналык ченемдерге жана талаптарга жооп бербейт. Бейтаптар дарыланып жаткан бөлүмдөрдүн шарттары «түздөн-түз аткарылуучу» талаптарга жана минималдуу стандарттарга жооп бербейт.



**7.1.3.1-сүрөт**

№ 7 кургак учук бөлүмүнө барган учурда, анда бардыгы болуп 8 бейтап дарыланууда жаткан. Бөлүм сыйымдуулугу боюнча 20 орунга эсептелген. Бөлүмдүн техникалык жабдуулары канааттандырарлык эмес абалда. Бөлүм авариялык абалдагы имаратта жайгашкан жана кургак учук менен ооруган бейтаптарды дарылоо үчүн ылайыкташтырылган эмес. Бул жерде муздак жана ысык суу менен туруктуу жана үзгүлтүксүз камсыз кылуу, борбордук канализация жок, стандарттарга эч кандай ылайык келбейт, бардык жайларды, өзгөчө санитардык түйүндөрдөгү – ажаткана, чайкануучу жай, мончодо оңдоп-түзөө иштерин жасоо абдан зарыл.

Эркектердин № 2 мажбурлап дарылоо бөлүмү 50 орунга эсептелген. Бирок текшерүү учурунда бөлүмдө 56 бейтап болгон. Башкы дарыгердин айтуусу боюнча, дарыланып жаткан бейтаптардын жакындары көбүнчө аларды чыгарып кетүүгө кызыкдар болбой, жашаган жери боюнча андан ары аларга амблуаториялык дарылоону улантуу үчүн үйүнө алып кетүүнү каалабагандыктарынын себебинен бейтаптардын саны көбөйүп кетет. Туугандары мүмкүн болушунча мекеме менен байланышуудан качышат жана ар кандай шылтоолор менен медициналык кызматкерлердин кайрылууларын уккулары келбейт.

Стационарга дарылануу үчүн психоневрологиялык интернат мекемелеринин социалдык кызматынан пайдалануучулар дагы келишет, алар менен дагы өз учурунда ооруканадан чыгаруу жана аларды интернатка кайтаруу маселелерине байланыштуу көйгөйлөр келип чыгат.

Оорукананын жетекчилигинин айтуусунда, бейтаптардын арасында туугандары баш тарткан таштанды-бейтаптар дагы бар. Ошондой эле ички иштер органдары аркылуу келген, өздүгүн тастыктаган документтери жок, туугандары менен катышпаган бейтаптар дагы келет. Алар стационарда социалдык көрсөткүчтөрү боюнча узак убакытка чейин жатышат.

Бөлүмдөгү бейтаптар жыныстык белгилери боюнча бөлүнгөн эмес, аялдар менен эркектер бир имаратта жайгашышкан.

Кызыл-Жар а. РПОсу профили боюнча кургак учук ооруларын дарылоого адистешкен эмес, ал эми кургак учук менен ооругандарды оорунун канчалык деңгээлде оордугун эске алуу менен квалификациялуу жана компетенттүү штаты, дарылоонун талаптарына жана стандарттарына жооп бере турган, зарыл болгон жабдуулары жана шарттары бар, оорунун бул түрү үчүн адистештирилген стационарда дарылоо керек.

Буга байланыштуу КРнын Саламаттык сактоо министрлиги Кызыл-Жар а. РПОсунун № 7 кургак учук бөлүмүн натыйжасыз, бөлүмгө тиешелүү стандарттарга жана шарттарга жооп бербеген бөлүм катары жабуусу зарыл, ал эми № 7 бөлүмдүн бейтаптарын Чаткал районундагы Шекафтар айылындагы облустук кургак учукка каршы дарылоо ооруканасына дарылоого жиберүү керек.

### Адистештирилген бөлүмдө кургак учукту дарылоо (Кызыл-Жар а. РПОнун № 7 кургак учук бөлүмү)

Бөлүмгө мониторинг жүргүзүү учурунда бөлүмдө 6 бейтап болгон. Жыл сайын кайра ооруп калып, келген 4-5 оорулуу болот. Медкызматкерлер – 7 медайым, 6 санитар, 1 дарыгер-фтизиатр, айкалыштыруу жолу менен иштеген 1 дарыгер-психиатр, бардыгы болуп 6 бейтапка 15 адам.

- 83% бейтаптын каттоо номери жок (алардын ооруган учурлары катталган эмес,

анткени аны кандай жазышты дарыгер билген эмес) – бөлүм 2013-жылдан бери УФБга өз ишмердиги тууралуу отчет берген эмес.

- Бул бөлүмдөгү бейтаптар БУУӨПтөн колдоо алышпайт – жетекчилик ташып келүүнүн татаалдыгына шылтап, баш тарткан, бирок, бейтаптар эгер башка жерде дарыланышса, алар стимулдаштыруучу жардамды ала алышмак.

- 67% бейтаптын ооругандыгынын так аныктамасы жок, анткени мурда кургак учук менен ооругандыгы тууралуу так жыйынтыктар дарылоочу дарыгерге белгисиз.

- 50% бейтапка КП (клиникалык протоколдор) жана ККда (клиникалык көрсөтмөлөр) белгиленген мөөнөттөрдө микроскопия жүргүзүлөт, дарыгер медайымдардан микроскопиянын мөөнөттөрүн текшербейт.

- 50% бейтапты КП жана ККда бекитилген мөөнөттөрдө рентгенге тартуу болот, бирок дарыгер тараптан текшерүү жок, текшерүүдөн өткөрүү үчүн бейтаптарды жеткирүүнү уюштуруудагы кыйынчылыктар белгиленген.

- Медайымдар ар бир ай сайын аткарылуучу таразага тартуу мөөнөтүн билбейт – дарыгер тарабынан көзөмөл жок, ошол себептен салмагына жараша дозалар белгиленбейт, мониторинг учурунда бардык бейтаптар бирдей дозаны кабыл алып жатышкандыгы белгилүү болгон.

- 50% оорулууда дары-дармектерди кабыл алгандыгы үчүн өз колдору коюлган эмес, кол коюлгандардын бир бөлүгүндө бейтаптардын өзү тарабынан кол коюлбаган.

- 100% бейтаптын оорусун баяндаган күндөлүгү (история болезни) ар жумада бир жазылат.

- Оорунун биринчи белгилери билингенден баштап текшерүү жүргүзгөнгө чейин орточо 9,5 күн өтөт (1ден 14кө чейин).

- Текшерүү жүргөндөн дарылоо башталганга чейин – 7,6 күн (1ден 21ге чейин).

Медкызматкерлердин минималдуу оордуктагы ишине карабастан (1 оорулууга экиден ашык медициналык кызматкер), иш ак ниеттүүлүк менен аткарылбайт, дарыгер бейтаптардын дарылануусун көзөмөлдөбөйт.

Дарылоону көзөмөлдөө/микроскопия:

- дарыгер микроскопия боюнча көзөмөл жүргүзүүнү текшербейт;

- медайым какырыкты чогултуунун алгоритмин билбейт, коргоочу кийимди пайдаланбайт (алжапкыч кургап, катып калган, халат, кол каптар кичинекей), какырыкты чогултууга атайын белгиленген аянтча колдонулбайт – бейтаптар какырыкты эшикке чыгып бара жаткан жерде эле, көзөмөлү жок чогултушат;

- какырыкты жеткирүү жолго коюлган, жумасына 2 ирет Жалал-Абад облустук кургак учук менен күрөшүү борборуна (ЖОККБга) жеткирилет.

Бөлүмдөрдөгү инфекциялык көзөмөл жана санитардык шарттар:

- мониторинг учурунда бөлүмдө дарыга туруктуу кургак учук менен ооруган бейтаптар катталган жок, бирок бейтаптардын ары-бери басуусун чектөө үчүн шарттар каралган эмес: бир секцияда жалпы блок-коридор, эшиги жок, изолятор деп аталган 3 палата жайгашкан, санитардык түйүн бир эле жалпы блокто жайгашып, эркектер жана аялдар үчүн чайкануу жайына жана

ажатканага бөлүштүрүлгөн;

- бөлүмдүн шыбы бийик, бирок суу агат, дубалдары жарылган;

- кыш мезгилинде бөлмөлөрдө суук, бул кургак учук менен ооругандарга ылайык келбейт;

- тамактануу – ашканага бир убакытта барышат;

- Кургак учуктун бейтаптарга жана айыл жашоочуларына жайылуу тобокелдиги бар, анткени кызматкерлер инфекцияга каршы чараларды сакташпайт – беткаптарды/респиратторлорду кийишпейт;

- бул имарат авариялык абалда жана бейтаптар үчүн бөлүм катары пайдаланууга да болбойт;

- бейтаптарды аралаштырбай, бөлүү үчүн шарттар жок: эркектер менен аялдар иш жүзүндө бир эле жайда, ортосуна тосмо коюп жатышат, бул этикалык нормаларды бузуу болуп саналат;

- санитардык түйүн жана ашканасы эски, бул жай адамдардын пайдалануусу үчүн экендиги шектенүүнү жаратат.

*Кургак учукка каршы дары-дармектерге болгон жеткиликтүүлүк (ККДД):*

- бардык бейтаптар ККДД менен камсыз болушкан, кечиктирүүлөр жок;

- буфердик запас жок, анткени бейтаптар аз санда.

*Кургак учукка каршы дары-дармектердин терс таасирлерин көзөмөлдөө:*

- терс көрүнүштөрдү токтотуу үчүн дары-дармектер жок, медкызматкерлердин айтуусунда бейтаптарда дарыга болгон чыдамдуулук абдан жакшы;

- ооруканада бардык зарыл болгон анализдерден өткөрүүгө мүмкүнчүлүк жок, башкы дарыгердин айтуусунда, зарыл болгон учурларда ири лабораториялар менен келишим түзүшөт;

- аудиометрия жана көздү текшерүү үчүн мүмкүнчүлүк жок.

«Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиги жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, психикалык жактан жабыркаган адамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган бардык укуктар менен эркиндиктерден пайдалана алышат.

«КРнын Президентин жана КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРнын Конституциялык мыйзамынын 14-беренесинин 5-бөлүмүнө ылайык, шайлоо күнү стационардык дарылоочу-профилактикалык мекемелерде жаткан шайлоочулар, шектүү жана айыпталуучу катары камак жайларында, иши үзгүлтүксүз жүргөн ишканаларда (вахталык иштер), аскердик мөөнөттөгү аскер кызматкерлери жөнүндө, аскер кызматкерлери жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана аскер бөлүмдөрүндө жашаган башка адамдар жөнүндө маалыматтар аталган мекемелердин (ишканалардын, аскер бөлүмдөрүнүн) жетекчилиги тарабынан жазылат жана шайлоого чейинки 12 календардык күндөн кечиктирилбестен тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына берилет.

23.11.2021-жылдагы мониторингдин жүрүшүндө, Кызыл-Жар а. РПО жетекчилиги тарабынан шайлоочулар тууралуу маалымат (тизме) көрсөтүлгөн мөөнөттө тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына берилбегендиги аныкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдардын ченемдеринин белгиленген талаптары Кызыл-Жар а. РПО жетекчилиги тарабынан аткарылган эмес. Жыйынтыгында 307 бейтап КРнын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоодо **добуш берүү укугунан ажыраган**. Бул факт боюнча КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгү тарабынан жогорудагы мыйзамдардын ченемдерин аткарбоо, бузуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү жөнүндө сунуш жиберилген.

## Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борбору

Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борбору (мындан ары – ЖОПСБ) 2007-жылдын ноябрынан баштап, КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин буйругуна ылайык, иштей баштаган. ЖОПСБ калкка психиатриялык, психотерапевттик, наркологиялык жана психосоциалдык реаблитациялык жардам көргөзүүчү саламаттыкты сактоо мамлекеттик мекемеси болуп саналат.

Бейтаптарды стационардык дарылоо бөлүмү профили боюнча 100 керебет-орунга эсептелген, алардын ичинен:

- 30 керебет эркектердин психиатриялык бөлүмүндө;
- 30 керебет аялдардын психиатриялык бөлүмүндө;
- 30 керебет наркологиялык бөлүмдө;
- 10 керебет психосоматикалык бөлүмдө.

ЖОПСБ төрт кабаттуу имаратта жайгашып, анын жарымын ээлейт, ал эми имараттын экинчи бөлүгүндө Жалал-Абад мамлекеттик университетинин медициналык факультети жайгашкан. Бул имарат 1961-жылы № 1 кесиптик окуу жайынын студенттери үчүн жатакана катары курулуп, колдонууга берилген.

Облустук борбордун имараты тармактык стационардык дарылоо мекемесинин стандарттарына жана ченемдик талаптарына жооп бербейт, бул мекемедеги бейтаптарга жана дарыланууга келгендерге сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү боюнча натыйжалуу ишти аткаруу үчүн медициналык кызматкерлерге кыйынчылыктарды жана ыңгайсыздыктарды жаратат.

Биринчи кабатында уюштуруу-методикалык бөлмө, бейтаптарды кабыл алуу бөлмөсү, лаборатория, алкоголдук жана наркотикалык көз карандылыкка кабылган бейтаптарды кабыл алуу жана айдоочуларды кароодон өткөрүү үчүн бөлмө, метадон терапиясын алмаштыруучу бөлмө, колдоо бөлмөсү иштейт.

Экинчи кабатында наркологиялык бөлүм жайгашкан, үч бөлмөдө администрация жайгашкан (башкы даргер, башкы бухгалтер, жана кадрлар боюнча инспектор).

Үчүнчү кабатта эркектердин психиатриялык бөлүмү, төртүнчүдө – аялдардыкы жайгашкан.

Кызматкерлердин орточо айлык акысы төмөнкүдөй: дарыгерлер үчүн –14 338 сом, орто медициналык кызматкерлер – 12 050 сом, кичи медициналык кызматкерлер – 9 194 сом, башка кызматкерлер – 7 004 сом.

2018 - 2030-жылдарда КРнын калкынын психикалык саламаттыгын сактоо боюнча мамлекеттик Программаны аткаруу үчүн «1С медицина» инновациялык механизми киргизилген. Борбор Бирдиктүү төлөөчү системасында иштейт (ММКФ).

Бюджеттик каражаттардын эсебинен керебеттер, тамактануу үчүн столдор

сатылып алынган жана жаңыртылган, тиешелүү аймактарга, чыга беришке жана бөлүмдөрдүн далистерине суммасы 1 136 000 сомдук видео байкоолор орнотулган. Ошондой эле авариялык абалдагы жылытуу тутумуна реконструкция жасоо үчүн 2 350 100 сом суммадагы тендер өткөрүлгөн. Жылытуу тутумун электр энергиясынан газга өткөрүү пландалып жатат (тетиктери менен бирге сатылып алынган эки газ мешин орнотуу үчүн атайын жай курулган).

2021-жылга болгон чыгашаларды жазууда ЖОПСБ бюджети эсептик керектөөлөр боюнча 28 491 400 сомду түзгөн, иш жүзүндө текшерүү учурундагы киреше 25 590 000 сомду түзгөн.

***7.1.5-таблица. 2021-жылдагы тамак-ашка жана дары-дармекке болгон чыгашалар***

| № | Аталышы | 1 күндө 1 керебет-орунга керектелгендиги боюнча / сом менен | Иш жүзүндө 1 күндө 1 керебет-орунга /сом менен |
|---|---|---|---|
| 11 | Медициналык дары-дармектер жана МББ | 67 | 65,1 |
| 22 | Тамак-аш продуктылары | 89,7 | 85,8 |
| 33 | Бейтаптын 1 керебет-орду үчүн аянт | 6 $м^2$ | 3-4 $м^2$ |

ЖОПСБ Жалал-Абад облусундагы жана Ош облусундагы жакын райондордун калкын тейлейт.

24.11.2021-жылдагы баруу учурунда, стационардык дарылануууда 74 бейтап болгон, алардын ичинен:

- эркектердин психиатриялык бөлүмүндө – 23;
- аялдардын психиатриялык бөлүмүндө – 24;
- наркологиялык бөлүмдө – 26;
- психосоматикалык бөлүмдө – 1.

## Мекеменин көйгөйлөрү

- ЖОПСБдагы негизги көйгөйлөр - имараттын биринчи кабатындагы үч кабинетте КР ЭСӨжММ структуралык бөлүмү болгон облустук психиатриялык МСЭК, төрт кабинетте – облустар аралык жалпы МСЭК жайгашкан. Алар өз ишин КР ССМ алдындагы тармактык дарылоо мекемесинин аймагында жана имаратында жүргүзүп жатышат, буга жол берилбейт (ижара акысы жана башка төлөмдөрү жок).

- Жогоруда аталган комиссиялардын (МСЭК) кызматкерлери жана ага келген жарандар бейтаптарга, сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү үчүн медициналык кызматкерлерге «тоскоолдук» жана «ыңгайсыздыктарды» жаратышат, анткени психиатриялык мекеме кызматтарды алуу жана көрсөтүүдө купуялуулук сактала турган тармактык адистештирилген дарылоо мекемеси болуп саналат. Адис-консультанттарга барган учурларда, сейилдөөдө бейтаптарга келгендер жана бейтаптар МСЭКтин кызматкерлери жана аларга келгендер менен «жолугуп калышат». Натыйжада

купуялуулуктун бузулушу адам укуктарынын бузулушуна жана стигматизацияга алып келет.

## Республикалык психикалык саламаттык борбору

Республикалык психикалык саламаттык борборунун (РПСБ) бейтаптарынын укуктарынын сакталышына жүргүзүлгөн мониторинг мыйзамдардын кабыл алынган ченемдерине ылайык келген татыктуу жашоо шарттарына болгон бир катар укуктардын бузулушун аныктаган.

Ар бир палатада 4төн 14кө чейинки адам жайгашкан (18 м2 жерде), палаталар жык толгон, бул бир кишиден чыккан инфекциялык оору бардыгына тарап кетүү тобокелчилигин жаратат. Айрым бөлүмдөрдөгү палаталардын терезелери ачылбайт (№ 7, 3, 2, 9), жана ошондон улам медициналык көрсөткүчтөр боюнча кыймылы чектелген көп бейтаптар үчүн жеткиликтүү таза аба жок.

Бейтаптар антисанитариялык шартта жатышат: матрастар жок, жууркан-төшөк, шейшептери эски, ажатканаларда тосмолор жок, бул бейтаптардын жеке жашоого болгон укуктарын бузат.

РПСБда инфекциялык оорулардын тарап кетүүсүн алдын алуу максатында бейтаптарды изоляциялоо мүмкүнчүлүктөрү каралган эмес. Оорукана ЖКК менен жетишерлик санда камсыздалбаган.

Шашылыш түрдө келип түшкөн бейтаптар тиешелүү текшерүүдөн өтпөйт, болгону термометрия жүргүзүлөт. Флюорографиядан өтүү акы төлөнгөн жеке тартипте ишке ашат.

## Ош облустук психикалык саламаттык борбору

Ош облустук психоневрологиялык диспансери (мындан ары – ООПД) 1966-жылы жайында уюштурулуп, 25 керебет орунга эсептелген. 1970-жылдын аягында керебет орундар 130га чейин көбөйгөн. 2002-жылы ООПД Ош облустук психикалык саламаттык борбору болуп аталган (мындан ары – ООПСБ). Ош облустук мамлекеттик администрациясынын чечими менен 170 керебет орундуу имарат бөлүнүп берилген: 10у балдар үчүн, 60 орун аялдарга, 80 орун эркектер үчүн жана 20 керебет орун күндүзгү стационарга.

ООПСБ имараты эски, палаталары кичинекей, негизинен 4 орундуу. Бардык эмеректер жана жумшак инвентарлар (матрастар, жаздыктар, жууркан-төшөк, шейшептер) эски, алмаштырууга муктаж. Ашканасы жок, тамактануу үчүн столдор тамак сактоочу жайдын жанындагы залда, бөлүмдүн тосулбаган жеринде жайгашкан. Анча чоң эмес, жасалгаланган сейилдөөчү короосу бар. Сейилдөөлөр күн жылуу болгон учурларда гана медициналык кызматкерлердин коштоосунда болот.

Дарылоочу-реаблитациялык, диагностикалык иштерден тышкары, ООПСБ психикалык жактан жабыркоону эрте аныктоо боюнча алдын алуу иштерин аткарат, жети облустун жашоочуларына психиатриялык жана консультативдик-методикалык жардамдарды көрсөтөт, соттук-психиатриялык, эмгектик жана аскердик экспертизаларды жүргүзөт.

Көп бейтаптар ООПСБга дарылануу үчүн бир нече ирет келишет. Бул социалдык-турмуштук шарттардын төмөндүгү, дарылоочу дары-дармектерди алуу үчүн каражаттын жоктугунан алдын алуучу көмөкчү терапиялардан өз учурунда өтө албоо менен шартталган.

Бейтаптар менен сүйлөшүүдө тамактануудан башка дарылоо мамилелерине наарazычылыктар болгон эмес. Бир керебет орунга бөлүнгөн тамактанууга болгон каражат бир бейтапка карата 85,4 сомду түзөт.

Бейтаптардын оорусунун тарыхын талдоодо бир катар бузуулар аныкталган: бейтаптардын өздөрүнүн, алардын жакын туугандарынын же башка кызыкдар адамдардын ооруканага жаткырууга макулдугунун жоктугу; медициналык дарылоону дайындоо негизделбеген. Оорунун тарыхын жазуу көпчүлүк учурда протоколдорго шайкеш келбейт, күнүмдүк жазуулар ар бир 15-20 күндө бир аткарылат. Дарылоону жөнгө салуу жүргүзүлбөйт, бул одоно түрдө мыйзам бузууну көрсөтүп турат.

# 7.2. Ыктыярдуу дарыланууга укук

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын (мындан ары – ЖСУЭАП) 9-беренесинде (1) «ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу. Эч ким негизсиз камакка алынууга же камалууга мүмкүн эмес. Эч ким мыйзамда белгиленген негиздер сыяктуу эле жана мыйзам менен белгиленген мындай жол-жоболорго ылайык, эркиндигинен ажыроого мүмкүн эмес».[19]

Дарылоочу психоневрологиялык мекемелерде психикалык жактан жабыркаган адамдарды аныктоо үчүн улуттук мыйзамдарда белгиленген механизмдерге ылайык жүргүзүлүшү керек.

«Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык,[82] аталган берененин 4-бөлүмүндө каралган учурларды кошпогондо, психикалык жактан жабыркаган адамдарды дарылоо анын жазуу түрүндөгү макулдугу алынгандан кийин жүргүзүлөт.

*Психикалык оорунун диагнозу коопсуз мекемеге мажбурлап которуу үчүн жетиштүү негиз болуп саналбайт.*

Мыйзам боюнча комплекстүү соттук-медициналык экспертизадан кийин гана стационарга жаткырууга болот. Бирок дени сак адамдарды күчтөп, мажбурлоо менен дарылаган учурлар дагы аз эмес.

Психикалык жактан жабыркаган адамдарды дарылоо бейтаптын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн жазуу түрүндөгү макулдугу алынгандан кийин жүргүзүлөт, бул медициналык документтерде сакталат.

Практикада бейтап стационардык дарыланууга макулдук берүүгө болгон укуктары жөнүндө кабардар болбойт. Адатта бейтаптарды туугандары алып келишет, жана алар оорулууну дарылоо үчүн ооруканага жаткырууга жазуу түрүндө макулдук беришет. Психиатриялык ооруканалардын кызматкерлеринин пикиринде, бейтапка караганда анын туугандары стационардык дарылоо жолун көбүрөөк тандашат, анткени бейтап үйдө көп кыйынчылыктарды жаратат.

«Психиатриялык жардам жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 32-беренесине ылайык, мажбурланган түрдө психиатриялык стационарга жаткырылган адам психиатриялык мекеменин ооруканага жаткыруунун негиздемеси тууралуу

[82] 17.06.1999-жылдагы «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 11-беренеси.

чечимди кабыл алуучу дарыгер-психиатрларынын комиссиясы тарабынан 72 сааттын ичинде милдеттүү текшерүүлөрдөн өтөт. Ооруканага жаткыруу негизсиз болгондо жана ооруканага жаткан адам психиатриялык стационарда калууну каалабаган учурларда, ал токтоосуз түрдө ооруканадан чыгарылат.

РПСБнын бөлүмдөрүндө ооруканалардын бейтаптарынын укуктары жана эркиндиктери бузулган учурларда кайрылуулары үчүн КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын ПМОУККнын почта жашиктери орнотулган.

**7.2. Мисал**

29.07.2021-жылы КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери тарабынан бөлүмдөрдү кыдыруулар болуп, ошондой эле жогоруда айтылган почта жашиктериндеги каттар чогултулган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгында мажбурлап ооруканага жаткыруу фактысы боюнча бөлүмдүн бейтаптарынын окшош үч арызы катталган.

Алсак, 1994-жылы төрөлгөн А. кызы А. өзүнүн арызында дарылануугa жана ооруканага жатууга өзү макулдук бербегендигин жана мындай документтерге кол койбогондугун белгилеген. Бирок ага тууганчылыгы жок эле аял аны ооруканага жаткыруу үчүн кол коюп берген. РПСБда А. кызы А. макулдугу жок алты күн жаткан. Азыркы учурда арыз ээси ооруканадан чыгарылган.

Ошондой эле РПСБнын экинчи бөлүмүнөн почта жашигиндеги арыздарды алууда бейтаптын өтүнүчү менен ПМОУКК кызматкерлери жолугуп сүйлөшүшкөн. Сүйлөшүү учурунда А. Б. өз арызында белгилегендей, анын өзүнүн макулдугусуз дарылоодо жаткандыгы жана ооруканадан чыгууну каалагандыгы белгилүү болгон. Кийин, почта жашиктерин ачкан учурда А. Б.нын ушундай эки каты алынган.

Буга байланыштуу ПМБУКК кызматкерлери тарабынан дарылоого жана ооруканага жаткырууга макулдук жөнүндөгү тил кат текшерилген. Бирок бейтаптын КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына жазган мажбурлап дарылоо жөнүндөгү арызындагы жана дарылоо жана ооруканага жаткыруу жөнүндө тил каттагы жазуулар менен кол тамга эки башка болуп чыккан.

КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты тарабынан РПСБга жогоруда аты аталган бейтапты ооруканага жаткырууга болгон негиздеме жөнүндө маалыматты, психиатриялык текшерүүлөрдүн жыйынтыгын, психикалык саламаттыктын абалы тууралуу корутундуну, ошондой эле бейтаптын ооруканага жаткыруу жана дарылоого болгон макулдугунун көчүрмөсүн биздин дарекке жиберүү тууралуу өтүнүч менен тиешелүү кат жиберилген.

Ошондой эле аталган фактылар боюнча Башкы прокуратурага жогоруда аты аталган адамдарды соттун чечимисиз мажбурлап ооруканага жаткыруу фактылары боюнча тиешелүү текшерүүлөрдү жүргүзүү жана аталган фактылар тастыкталган болсо прокурордук көңүл буруу актыларын чыгаруу өтүнүчү менен кат жиберилген.

20.08.2021-жылы КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына Бишкек шаарынын прокуратурасынан, ошондой эле Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасынан жооп келип, анда 16.08.2021-жылы Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасы тарабынан мыйзам бузууларды жоюу боюнча РПСБга сунуш кат жиберилгендиги белгиленген.

Прокуратуранын текшерүүсү менен бейтап А. А. кызы 30.06.2021-жылы жарандык күйөөсүнүн коштоосунда тез жардам менен РПСБга жеткирилгендиги белгилүү болгон. Дарылануудан өтүү үчүн макулдук берип, төмөнкүдөй диагноз коюлган: эмоционалдык туруксуздук жана тынчсызданган абал үстөмдүк кылган аралаш инсандык бузулуу.

1989-жылы туулган бейтап Б. А. 20.07.2021-жылы эжесинин коштоосунда тез жардам аркылуу келген жана төмөнкүдөй диагноз коюлган: шизотопиялык бузулуу.

**Бирок РПСБнын кызматкерлери Э. Бакасова жана Э. Бердибаева тарабынан медициналык дарылоодон өтүүгө макулдук 29.07.2021-жылы гана, башкача айтканда 9 күндөн кийин алынган.** Буга байланыштуу 09.08.2021-жылы Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасы тарабынан РПСБга мыйзам бузууларды жоюу боюнча сунуш берилген, натыйжада № 2 бөлүмдүн бөлүм башчысы Э. Бердибаевага карата тартиптик чара каралып, сөгүш берилген.

Бейтаптын колун жасалмалоо фактысы боюнча Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокуратурасы тарабынан материал 16.08.2021-жылы КЖБР АМТга КР ЖК 359-беренесинин 1-бөлүмү боюнча катталган, жана сотко чейинки өндүрүшкө алуу үчүн Бишкек шаарынын Октябрь райондук ИИБне жөнөтүлгөн. РПСБдагы мажбурлап ооруканага жаткыруу фактысы боюнча маалымат Массалык маалымат каражаттарында жарыяланган.

## Жыйынтыктар

Азыркы учурда КРнын калкынын психикалык саламаттыгы терс көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, акыркы он жылдыкта психикалык жабыркоодон улам майып болгондордун саны өскөн. Алардын ичинен көбү I жана II топтогу майыптар болуп саналат. **2021-жылы** медициналык мекемелерде диспансердик байкоодо турган **54 752** адам катталган, алардын ичинен **5 693ү** – балдар.[83]

Адамдын психикалык саламаттыгынын абалы ар кандай социалдык, психологиялык жана биологиялык факторлор менен аныкталат. Туруксуз социалдык-экономикалык өнүгүү дагы айрым адамдардын психикалык саламаттыгы үчүн тобокелчиликтин фактору болуп таанылат. Психикалык саламаттыкты коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат адамдарды психикалык жабыркоодон дарылоого эле эмес, адамдын жашоо-турмушундагы ар кандай аспектилерге дагы багытталышы керек, анткени алар адамдын психикалык саламаттыгына түздөн-түз таасирин тийгизет. Бул маселелерди чечүүгө мамлекеттик сектор дагы, мамлекеттик эмес сектор дагы тартылышы керек. Билим берүү, ишке орноштуруу, укук, транспорт, курчап турган чөйрө, турак жай куруу жана социалдык камсыздоо чөйрөлөрүнө байланыштуу болгон белгиленген секторлордун биргелешкен иш-аракеттеринин натыйжасында гана адамдардын психикалык саламаттыгын дарылоо процессине жана андан ары колдоого натыйжалуу таасир этүүсү мүмкүн.

Терс көрүнүштөр адис-психатрлардын, психологдордун, социалдык

[83] КРнын Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүгүү министрлигинин 02.12.2021-жылдагы № 04-1/4-13277 каты.

кызматкерлердин, юристтердин жетишсиздигинен, эмоционалдык-стресстик жабыркоолорду алдын алуучу социалдык-психологиялык кызматтардын иштеп жаткан ишинин натыйжасыздыгынан улам тереңдеп жатат.

Психиатриялык жардам көрсөтүүдөгү башкы көйгөйлөрдөн болуп реабилитациялык борборлордун жоктугу жана психоневрологиялык интернаттардын жетишпегендиги саналат.

Бейтаптарды ооруканадан чыгарууда көйгөлөр бар, анткени ооруканадан чыгуусу керек болгон жарандар мурдагыдай эле ооруканада калышат, себеби бейтаптын туугандарынын жана жакындарынын эч кимиси аларды кайрадан алып кеткилери келбейт. Көпчүлүк бейтаптардын туугандарынын өз жакынын тагдыры үчүн болгон социалдык жоопкерчилиги жок. Ошондон улам, адистештирилген интернаттарда жана социалдык-стиационардык мекемелерде бейтаптарды, анын ичинде «баш тартылган» бейтаптарды аныктоо маселеси бар.

Тизмелерде көрсөтүлгөн көп сандагы документтерди чогултуу зарылдыгы сыяктуу бюрократиялык созуулардан улам социалдык камкордукка муктаж бейтаптарды ССМде аныктоо абдан кыйын.

Жалал-Абад жана Ош облустарында социалдык стационардык мекемелердин жоктугу, өлкөнүн башка облустарындагы психоневрологиялык интернаттарда бейтаптардын көп болушу, бош орундардын жоктугу – бейтаптардын стационардык дарылоо мекемелеринде «отурукташып» калышына себеп болот, бул «Психиатриялык жардам жана аны көсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепиликтери жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 5-беренесинин талаптарын бузуу болуп саналат.

Республикада реабилитациялык борборлордун жок болгондугунун себебинен психиатриялык мекемелерде дарыланган бейтаптар ооруканадан чыккандан кийин туугандарынын жана коомчулуктун агрессиясына жана түшүнбөстүктөрүнө туш болушат. Ал эми бул алардын психикалык саламаттыгынын кайрадан начарлашына алып келет. Акырында алар кайрадан психиатриялык мекеменин бейтаптарынын катарына кошулушат.

2021-жылдын 1-апрелинен баштап бардык ҮМБ медициналык кызматкерлеринин эмгек акылары жогорулады. Бирок психикатриялык мекемелердин медицина кызматкерлеринин эмгек акылары мурдагы боюнча калды, бул психиатриялык мекеменин медкызматкерлеринин арасындагы нааразычылыктарды жаратат.

# СУНУШТАР

***КРнын Министрлер кабинетине, КРнын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүгүү министрлигине:***

- 2018 - 2030-жылдарда КРнын калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча программанын аткарылышын карап чыгуу.

- Психиатриялык мекемелердеги зарыл болгон татыктуу жайгашуу жана дарылануу шарттарын камсыздоо үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды бөлүү.

- Жалал-Абад жана Ош облустарында психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемелерди ачуу маселесин кароо.

- Бейтаптар сыяктуу эле администрацияда дагы көп сандаган юридикалык мүнөздөгү суроолордун болгондугуна байланыштуу психиатриялык мекеменин юристи штаттык бирдигин ачуунун мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

- Тиешелүү стандарттарга жана шарттарга жооп бербеген, натыйжасыз бөлүм катары Кызыл-Жар айылында жайгашкан РПОнун № 7 бөлүмүн жабуу маселесин кароо. Натыйжалуу дарылоо үчүн № 7 бөлүмдүн бейтаптарын Чаткал районунун Шекафтар айылында жайгашкан облустук кургак учукка каршы ооруканасына которуу.

- Чым-Коргон айылындагы РПОну суу менен камсыз кылуу маселесин чечүү боюнча ыкчам чараларды кабыл алуу жана ошондой эле ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу.

- Шайлоолордо психиатриялык, социалдык-стационардык психоневрологиялык мекемелердеги адамдардын шайлоого болгон укуктарынын аткарылышын көзөмөлгө алуу.

- Психиатриялык мекемелердеги медициналык кызматкерлердин эмгек акыларын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу, анткени медициналык кызматкерлердин эмгек акылары жогорулагандыгына карабастан, психиатриялык мекемелердин медициналык кызматкерлеринин эмгек акыларынын көлөмү мурдагы бойдон эле калууда.

- Кызмат алган бейтаптардын купуялуулугунун жана укуктарынын сакталышын сактоо максатында МСЭКти ЖОПСБ имаратынан башка имаратка жайгаштыруу боюнча чараларды көрүү.

- Бардык деңгээлдеги стационардык мекемелерде психикалык жактан жабыркаган адамдарды жайгаштырууну жакшыртуу боюнча кечиктирилгис чараларды кабыл алуу.

- Дарылоочу психиатриялык жана социалдык-стационардык мекемелерге капиталдык оңдоп-түзөөлөрдү өткөрүү, Кызыл-Жар айылында жайгашкан РПОну санитардык-эпидемиологиялык ченемдерге жооп берген имаратка көчүрүү маселесин өзүнчө кароо.

- Дарылоочу психиатриялык мекемелерди агынды жана ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселесин кароо.

- Бейтаптарды жана кызматкерлерди жетиштүү түрдө жеке гигиена жана коргоо каражаттары менен камсыз кылуу.

- Тамак-ашка болгон каржылоонун өлчөмүн көбөйтүү маселесин кароо.

- Жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жана корголушу боюнча 2019-2020-жылдардагы КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ар жылдык баяндамасында белгиленген сунуштарды ишке ашыруу үчүн кабыл алуу.

***Кызыл-Жар а. РПО жана Чым-Коргон а. РПО мекемелеринин жетекчилиги аткаруусу зарыл:***

- Өз убагында, шайлоо күнүнө чейинки 12 календардык күндөн кечиктирилбестен, бейтап катары мекемелерде жаткан шайлоочулар жөнүндө маалыматты шайлоо комиссиясына берүү жана «КРнын Президентин жана КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРнын Конституциялык мыйзамынын 14-беренесинин 5-бөлүгүнүн

ченемдерин сактоо.

***Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:***

- Мезгил-мезгили менен, улуттук мыйзамдарга ылайык, адистештирилген психиатриялык мекемелерде психиатриялык жардам көрсөтүүнүн мыйзамдуулугунун так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө.

**1-Тиркеме**

**1.8. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениnин) сунуштамалары менен 2021-жылы эсептешпеген, адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси**

| № | **Мамлекеттик органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы** | **Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузган кызмат адамынын аты жөнү** | **Ээлеген кызматы** | **Адамдын кандай укук жана эркиндиктери бузулган** | **КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердигинин натыйжасы** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Чүй обл. Ысык-Ата РИИБ УКЖ | Осмонов Т. | Ысык-Ата районунун ИИБ УКЖ ага инспектору | Адамдын кадыр-баркын басмырлабаган гумандуу мамилеге укук | Эскертүү, буйрук № 261, 19.05.2021-ж. |
| 2 | Чүй обл. Ысык-Ата районунун Кант шаарынын мэриясы | Афтандил уул Т. | Кант шаарынын мэриясы. №1 жатаканасынын башчысы | Расасы, дини, этноско таандыктуулугу боюнча кодуланбоо укугу. Мамлекеттик билим берүү мекемесинде акысыз билим алуу укугу | Эскертүү, буйрук № 92-р, 16.11.2021-ж. |
| 2 | Чүй обл. Ысык-Ата районунун Кант шаарынын мэриясы | Джандра-лиева Л. | Кант шаарынын мэриясы. №1 жатаканасынын кассири | Расасы, дини, этноско таандыктуулугу боюнча кодуланбоо укугу. Мамлекеттик билим берүү мекемесинде акысыз билим алуу укугу | Эскертүү, буйрук № 92-р, 16.11.2021-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги | Керимбаев У. | Кара-Балта ш. № 120 кесиптик-техникалык лицейинин директору | Расасы, дини, этноско таандыктуулугу боюнча кодуланбоо укугу. Мамлекеттик билим берүү мекемесинде акысыз билим алуу укугу | Сөгүш, буйрук № 39/6, 12.11.2021 -ж. |
| 4 | Чүй облусунун Москва райондук ИИБ | Курмана-лиев А. | Баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен күрөшүү кызматынын Ыкчам ыйгарым укуктуу өкүлү | Урматталуу укугу, эркиндикке, кадыр-баркка укук | Москва РИИБ этика боюнча комиссиясынын 24.06.2021 -ж.чечими Коомдук уяткаруу, |
| 5 | Чүй облусунун Москва райондук ИИБ | Джунушев М. | Баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен күрөшүү кызматынын Ыкчам ыйгарым укуктуу өкүлү | Урматталуу укугу, эркиндикке, кадыр-баркка укук | Москва РИИБ этика боюнча комиссиясынын 24.06.2021 -ж.чечими Коомдук уяткаруу, |
| 6 | Бишкек шаарынын Октябрь РИИБ | Исламов У. | Криминалдык милиция кызматынын улук ыйгарым укуктуу өкүлү | Даттануу менен кайрылуу укугу.<br>Акыйкатчынын ишмердигине тоскоолдук | Ээлеген кызматынан бошотуу |
| 7 | Бишкек шаарынын прокуратурасы | Келдибаев Б. | Прокурордун орун басары | Эркиндикке укук | Катуу эскертүү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Бишкек шаарынын прокуратура сы | Сейиткожо-ев А. | Бөлүм башчы | Эркиндикке укук | Катуу эскертүү |
| 9 | Бишкек шаарынын прокуратура сы | Рыскулов Р. | Бөлүмдүн улук прокурору | Эркиндикке укук | Катуу эскертүү |
| 10 | Бишкек шаарынын прокуратура сы | Рыскулов Б. | Бөлүм прокурору | Эркиндикке укук | Катуу эскертүү |
| 11 | Бишкек ш. УКМК башкы башкармалы гы | Назаров Н. | Тергөөчү | Эркиндикке укук | Катуу эскертүү |
| 12 | Бишкек ш. Ленин РИИБ | Дуйшебаев Ч. | Тергөө кызматыны нбашчысын ын орун басары | Тиешелүү контролдун жоктугу | Сөгүш |
| 13 | Бишкек ш. Октябрь РИИБ | Казабаев И. | Тергөөчү | Медициналык жардамга укук | Алдын ала эскертүү |
| 14 | Бишкек ш., Биринчи май РИИБ | Шокебаева З. | Тергөөчү | Акыйкатчыны н ишмердигине тоскоолдук | Ээлеген кызматына толук эмес ылайыктыгы |
| 15 | Бишкек ш., Свердлов РИИБ | Маматбеков А. | Алдын ала текшерүүчү | Даттануу укугу | Ээлеген кызматынан четтетүү |
| 16 | КР Жогорку сотунун Сот департамент и | Чынкожоев Э. | Сокулук райондук Сот аткаруучул ар кызматы бөлүмүнүн сот аткаруучусу | Алименттерд и өндүрүү жөнүндө | Эскертүү<br>№ 532 буйрук, 15.10.2021-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 17 | КР Жогорку сотунун Сот департаменти | Назаралиев К. | Москва райондук Сот аткаруучулар кызматы бөлүмүнүн сот аткаруучусу | Алименттерди өндүрүү жөнүндө | Эскертүү.<br>№ 532 буйрук, 15.10.2021-ж. |
| 18 | Соттор кеңешинин тартип комиссиясы | Коллегия | Мүчөлөрү | Акыйкатчынын ишмердигине тоскоолдук | Акыйкатчынын сунуштамасына жооп жок |
| 19 | КР Адвокатурасынын Этика комиссиясы | Адвокатура төрагасы Раимкулов Б. жана Тартип комиссиясынын мүчөлөрү | Адвокатура төрагасы Раимкулов Б. жана Тартип комиссиясынын мүчөлөрү | Акыйкатчынын ишмердигине тоскоолдук | Акыйкатчынын сунуштамасына 2020 жана 2021-жылдары системалуу түрдө жооп жок |
| 20 | КР Саламаттык сактоо министрлиги | Джумабаева И. | Коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл | Медициналык кызматкерлердин компенсация төлөө боюнча арыздарына жооптун мөөнөтүн кечиктирген<br>Акыйкатчынын суроо талаптарына көңүл бурган эмес | Сөгүш. № 10, буйрук, 15.04.2021-ж. |
| 21 | Сузак РИИБ | Калыков Омүрзак Абдирашитович | Улук инспектор | Акыйкатчынын өкүлчүлүгүнүн ишмердигине тоскоолдук | Катуу эскертүү<br>№ 549 буйрук, 02.01.2021-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 22 | Сузак РИИБ | Сайпидинов Максат Сатарович | Участкалык улук инспектор | УКЖда кармоо эрежелерин бузуу | Кызмат ордуна толук эмес ылайыктыгы жөнүндө алдын ала эскертүү № 59 буйрук, 25.01.2021-ж. |
| 23 | Базар-Коргон РИИБ | Кочкоров Мансурбек Акпаралиевич | УКЖ башчысы | УКЖда кармоо эрежелерин бузуу | Сөгүш.<br>№ 74 буйрук, 03.02.2021-ж. |
| 24 | Ноокен<br>РИИБ | Жуматаев Уланбек Сайфидинович | УКЖ башчысынын орун басары | УКЖда кармоо эрежелерин бузуу | Катуу эскертүү.<br>№ 11 буйрук, 06.01.2021-ж. |
| 25 | Ноокен РИИБ | Сарыбаев Айбек Турсунбаевич | Нөөмөтчүнүн жардамчысы | Акыйкатчынын өкүлүнүн кесиптик ишмердигине тоскоолдук кылуу | Эскертүү, № 34 буйрук, 22.01.2021-ж. |
| 26 | Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы | Боронбаева А. | Офтальмология бөлүмүнүн дарыгери | Бейтап өз убагында медициналык текшерүүдөн өткөрүлгөн эмес | Сөгүш,<br>буйрук № 22, 01.03.2021-ж. |
| 27 | Ала-Бука райондук ЖААК | Сулайманкулов Таалайбек Абзалбекович | Бөлүм башчы | Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө ЧУА бузулган | Эскертүү, чы-ж.№ 20-01/7182, 14.05.2021-ж. |
| 28 | Сузак райондук мамлекеттик администрациясы | Маматсабиров И. | Аппарат жетекчиси | 2021-ж.2-июнда Сузак районунун маданият үйүндөгү иш чара болбой калган | Сөгүш,<br>№ 66-к буйрук, 07.06.2021-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 29 | Базар-Коргон району, Макаренко атындагы №1 мектеп-гимназия | Эргешова - Ж. | Мектеп директору | Дин жана дин тутуу эркиндигине укук | Эскертүү, № 201 буйрук, 15.06.2021-ж. |
| 30 | Ноокен райондук социалдык өнүктүрүү жана миграция башкармалыгы | Алимбеков Д. | Бөлүм башчы | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай эмес аткаруу | Эскертүү, № 01-07/20/1 буйрук, 28.09.2021-ж. |
| 31 | Жалал-Абад облустук прокуратурасы | Уметалиев Раджи Мамасеитович | Бөлүм башчы | Сот отурумуна жүйөөлүү себепсиз келбей коюу | Эскертүү, чы-ж. №2 1/172-00-19-10-3-01130, 31.12.2021-ж. |
| 32 | Жалал-Абад ШИИБ | Таалаев Уран | Тергөөчү | Сотко чейинки өндүрүштү обьективдүү эмес жүргүзгөн | Сөгүш |
| 33 | Талас медициналык колледжи | Байысова Гулзат Абийировна | Директор | Кызматкерди жумуштан мыйзамсыз бошотуу | Талас ш. прокуратурасы тарабынан Эмгек кодексинин талаптарына ылайык келтирүү жөнүндө сунуштама киргизилген, андан кийин өз кызмат кайрадан коюлган |
| 34 | Таластагы Ш. Жумагулов атындагы | Абдрахманова А. | Директор | Буйрукту аткарбоо | Сөгүш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | орто мектеби | | | | |
| 35 | Таластагы А. Эсенбеков атындагы орто мектеби | Кабылбеков Калысбек Мырзабе-кович | Директор | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай эмес аткаруу | Эскертүү, № 76 буйрук,<br>04.06.2021-ж. |
| 36 | Талас ОИИБ | Эшалиев Максат | Тергөө кызматынын башчысы | Арыз ээсине талаптагыдай эмес мамиле | Эскертүү №60 буйрук, 16.11.2021-ж. |
| 37 | Талас облустук сот департаменти башкармалыгы | Шатманов Алымкул | Улук сот аткаруучусу | Алименттер жөнүндөгү маселе | Эскертүү, буйрук № 60 от 16.11.2021 -ж. |
| 38 | Талас облустук сот департаменти башкармалыгы | Шатманов Алымкул | Улук сот арачысы | Алименттер жөнүндөгү маселе | Катуу эскертүү,<br>№ 69 буйрук, 2.12.2021-ж. |
| 39 | ОАО "Ош электро" | Жусуев А. | Директор | КР Эмгек кодексинин 64, 83, 85 жана 310-беренелерин бузуу | Акыйкатчынын сунуштамалары аткарылган эмес |
| 40 | Нарын<br>ОИИБ | Саяков Ж. | Күзөт (патруль) кызматынынкызматкери | Этикалык ченемдерди бузуу | Сөгүш,<br>буйрук № 367 от 06.07.2021 -ж. |
| 41 | Нарын райондук билим берүү бөлүмү | Белеков Болот | Бөлүм башчы | Кызматкерлерди куугунтуктоо.<br>Өз арызы менен бошоп кетүүгө мажбурлоо | 2020-ж.30-декабрында Б. Белеков өз арызы боюнча бошоп кетүү жөнүндө арызын жазган. |

**Баяндамага тиркеме.**

**2021-жылдагы бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты

**№2 форма үчүн чечмелөөлөр. Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы боюнча отчет**

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты

01.01.2021 -31.12..2021 -ж.

| **Көрсөткүчтөр** | **Беренелердин, элементтердин коддору** | **Бекитилгени** | |
|---|---|---|---|
| | | **Жылдык смета боюнча** | **Отчеттук мезгилге смета боюнча такталганы** |
| **1** | **2** | **3** | **4** |
| **Айлык акы** | 211 | 44 574 400 | 42 574 400 |
| Негизги айлык акы | 21111100 | | |
| Кошумча төлөөлөр (надбавки) | 21111200 | | |
| Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | 21111300 | | |
| **Социалдык муктаждыктар үчүн мүчөлүк акылар жана чегерүүлөр** | 212 | 7 119 700 | 6 619 700 |
| Пенсиялык фондго, милдеттүү медициналык камсыздоо фондуна, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо бондуна камсыздоо мүчөлүк акылары, | 21211100 | | |
| **Товарларды жана кызматтарды колдонуу** | 221 | 4 721 900 | 4 362 900 |

| | | |
|---|---|---|
| Транспорттук чыгымдар | 22111100 | |
| Мейманкана чыгымдары | 22111200 | |
| Суткалык чыгымдар | 22111300 | |
| Транспорттук чыгымдар | 22112100 | |
| Мейманкана чыгымдары | 22112200 | |
| Суткалык чыгымдар | 22112300 | |
| Телефондук жана факсимилдик байланыш кызматтары | 22122100 | |
| Уюлдук байланыш кызматтары | 22122200 | |
| Почта байланышынын кызматтары | 22122400 | |
| Байланыштын башка кызматтары | 22122900 | |
| Бензин, дизель жана башка күйүүчү майлар (запастар) | 22141101 | |
| Запастык бөлүктөрдү сатып алуу | 22141200 | |
| Транспорттук каражаттарды тейлөө (кызматтар) | 22141302 | |
| Маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү кызматтар | 22151400 | |
| Имараттарды жана жайларды күтүү үчүн санитардык кызматтарды сатып алуу | 22152100 | |
| Бланктарды, медалдарды, төш белгилерди даярдоо үчүн чыгымдар (запастар) | 22154201 | |
| Маалыматтык-коммуникациялык көрсөтүү үчүн төлөө | 22154300 | |
| Башка кызматтарга төлөө менен байланышкан башка чыгымдар (запастар) | 22154901 | |
| Башка кызматтарга төлөө менен байланышкан башка чыгымдар | 22154902 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Товарларды жана кызматтарды сатып алуулар** | 222 | 2171 200 | 2 271 200 |
| Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн чыгымдар (кызматтар) | 22211102 | | |
| Жабдууларды жана материалдарды сатып алуулар(запастар) | 22221101 | | |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуулар (запастар) | 22221201 | | |
| **Коммуналдык кызматтар** | **223** | **666 400** | **720 000** |
| Суу үчүн төлөө | 22311100 | | |
| Электр энергиясына төлөм | 22311200 | | |
| Жылуулук энергиясына төлөм | 22311300 | | |
| **Эл аралык уюмдардын гранттары** | **262** | **166 000** | **186 000** |
| Эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар | 26211100 | | |
| **Калкка социалдык көмөк көрсөтүү боюнча жөлөкпулдар** | **272** | | |
| Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдар | 27212200 | | |
| **Учурдагы чыгымдардын жыйынтыгы** | | **59 419 600** | **56 734 200** |
| Сатып алуулар (негизги каражаттар) | | 727 000 | 727 000 |
| (Сатуу) | | | |
| **Активдер жана милдеттенмелер боюнча чыгымдардын жыйынтыгы** | | **727 000** | **727 000** |
| **БААРЫ** | | **60 146 600** | **57 461 200** |

**ЧЕЧМЕЛЕНИШИ**

| **Аталышы** | **Кассалык чыгымдар** | **Иш жүзүндөгү чыгымдар** |
|---|---|---|
| Эмгек акыга төлөө боюнча милдеттенмелер | 47 673 481 | 47 627 801 |
| Кызматтык иш сапар боюнча | 881 241 | 863 206 |
| Кызматтар жана жумуштар | 4 234 869 | 3 116 501 |
| Запастар | 1 085 779 | 974 086 |
| Негизги фондулар | 690 750 | |
| Компенсациялык төлөмдөр | | |
| Социалдык жөлөкпулдар | | 125 037 |
| Стипендиялар | | |
| Субсидиялар | | |
| Пайыздарды төлөө | | |
| Ссудаларды чыгаруу | | |
| Эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар | 162 235 | 162 235 |
| Карыздар боюнча тышкы милдеттенмелер | | |
| Насыялар боюнча ички милдеттенмелер | | |
| **Баары** | **54 728 355** | **52 868 866** |

Жетекчи, КР Акыйкатчы
Аппаратынын жетекчиси
Аскат Азарбеков

Башкы бухгалтер — Абаскан Исаев

Дата: 01.01.2022

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун өзүнүн курамында борбордук аппараттагы 12 структуралык бөлүм жана республика боюнча 7 аймактык өкүлчүлүгү бар.

Ар бир жаран КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине) төмөнкү жолдор аркылуу кайрыла алат:

- төмөнкү дарекке кат жөнөтүү: Кыргыз Республикасы, 720040, Бишкек, ш., Тыныстанов көчөсү, 120 (Чүй пр. менен кесилишет);

- төмөнкү телефон номерлери аркылуу: +996 (312) 66-32-80 (канцелярия), +996 (312) 66-33-32 (факс), +996 (312) 66-31-47 и +996 (312) 66-32-73 (пресс-кызматы);

- электрондук кайрылууларды ombudsman@inbox.ru жана www.ombudsman.kg эл.даректерине жиберүү (веб-сайт);

- 115 номери аркылуу акысыз шыр байланышка чыгуу менен.

«115 шыр байланыш» кызматы күн сайын саат 9.00дөн 21.00гө чейин дем алуу күндөрүсүз иштейт. Саат 21.00дөн кийин автоматтык жооп берүү иштейт. Сиз билдирүү жибере аласыз жана билдирүүлөр кызматтын адистери тарабынан угулат жана иштелип чыгат.

Сиздин кайрылуу боюнча аппаратын кызматкерлери тарабынан сиздин мыйзамдуу укуктарыңыз менен кызыкчылыктарыңыз бузулгандыгынын белгилери бар болгон учурда байланышуу үчүн кайтарым чалуулар болушу мүмкүн.

**КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аймактык өкүлчүлүктөрүнүн байланыш маалыматтары**

Ош облусу жана Ош ш.:

Ош ш., Курманджан Датка көчөсү, 126, инд. 714000;

т.: 0 (3222) 4-82-55(56), 0 (3222) 4-80-01, 0 (3222) 4-82-54 (факс);

ombudsman.osh@mail.ru

Жалал-Абад облусу жана Жалал-Абад шаары:

Жалал-Абад ш., Эркиндик көчөсү, 11, инд. 715605;

т.: 0 (3722) 2-40-25, 0 (3722) 2-38-94, 0 (3722) 5-34-02 (факс);

ombudsman.jalal-abad@mail.ru

ombudsmen.jalal-abad@mail.ru

Баткен облусу жана Баткен ш.:

Баткен ш., Т. Садыков көчөсү, 1, инд. 720100;

т.: 0 (3622) 5-06-02, 0 (3622) 5-06-02 (факс);

Ысык-Көл облусу:

Каракол ш., Абдрахманов көчөсү, 105/11, инд. 722200;

т.: 0 (3922) 5-05-64, 0 (3922) 5-08-10 (факс);

issyk-kul.o@mail.ru.

Нарын облусу:

Нарын ш., Ленин көчөсү, 78, инд. 722900;

т.: 0 (3522) 5-09-94, 0 (3522) 5-09-94 (факс);

ombudsman_naryn@mail.ru.

Талас облусу жана Талас ш.:

Талас ш., Бердике Баатыр көчөсү, 287, инд. 722720;

т.: 0 (3422) 5-2-70, 0 (3422) 5-2-70 (факс);

ombudsman_tal@mail.ru.

Чүй облусу:

Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү ,120, инд. 720040;

т.: 0 (312) 62-15-95, 0 (312) 62-15-95 (факс).

chuy@ombudsman.kg

**Кайрылсаңыздар болот direct INSTAGRAM ↓**

https://instagram.com/ombudsman.kg?utm_medium=copy_link

**FACEBOOK ↓**

https://www.facebook.com/ombudsmankr